# Мектепте билим берүү тутумунда Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун калыптандыруу

## Сабактар жыйнагы

**5 – 11 класстар**

ОРГАНИЗАЦИЯ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ

ОБЪЕДИНЕННЫЕ НАЦИИ
ПРАВА ЧЕЛОВЕКА
УПРАВЛЕНИЕ ВЕРХОВНОГО КОМИССАРА

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341-р тескемеси менен бекитилген 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жактырылган "Туруктуу тынчтык жана өнүгүү үчүн инклюзивдик башкаруу жана жалпы иденттүүлүк" долбоорунун алкагында КР Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кыргыз билим берүү академиясы менен кызматташуунун негизинде даярдалды жана БУУнун Тынчтык куруу фондунун финансылык колдоосу менен, БУУӨП жана ЮНИСЕФ менен биргеликте БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы тарабынан ишке ашырылат.

# Мектепте билим берүү тутумунда Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун калыптандыруу

# Сабактар жыйнагы

ЭКИ БӨЛҮКТӨН ТУРАТ

2 бөлүк

5 – 11 класстар

А. Р. Алишеванын редакциясы астында

Бишкек - 2024

УДК 372.83
ББК 74.266.0
М 46

**Автордук жамаат:**

**Адам жана коом**

А. Р. Алишева, тарых илим. канд. (автордук жамааттын жетекчиси) – Киришүү; 2, 6 –11-сабактар (2, 8-сабактар Б.У. Козубаева менен биргеликте).
Г. М. Абдулкасимова – 4 – 5-сабактар.
Б. У. Козубаева – 1, 3-сабактар.
Л.Ю. Марченко – 12 – 15-сабактар.

**Тарых**

Г. М. Абдулкасимова – 1-сабак.
З. А. Дубанаев – 2, 10-сабактар.
М.Л. Азимова, А.К. Доталиев – 3 – 9-сабактар.

**Көркөм сүрөт чыгармачылыгы**

Д.А. Акматов – 1– 2-сабактар.

**Кыргыз адабияты:**

Н. Б. Алибаева, А. Б. Батыркулова – 1 – 3-сабактар.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кыргыз Билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин чечими менен сунушталды.

Консультант: М. К. Иманкулов, педагогика илимдеринин кандидаты.

Басылмага жооптуу: Э. Р. Исакулов, БУУ АУЖКБ.

Переводческое агентство «ПРОФЛИДЕР». Бишкек. www.pltranslate.com

М 46 **Мектепте** билим берүү тутумунда Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун калыптандыруу. Сабактар жыйнагы. 2-б. 5–11 кл. / А. Р. Алишева, Б. У. Козубаева, М. Л. Азимова, А. К. Доталиев ж.б.; А.Р. Алишеванын редакторлугу астында – Б., 2024. – 208 б.

ISBN 978-9967-34-137-1

Жыйнак социалдык билим берүү жаатындагы предметтин мугалимдерине жардам катары иштелип чыккан сабактарды камтыйт. Сабактардын темалары кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун калыптандыруунун коюлган милдеттери менен байланышкан.

Бул жыйнакта чагылдырылган пикирлер БУУ АУЖКБнын же БУУнун Тынчтык куруу фондунун расмий пикири катары эсептелбейт.

УДК 372.83
ББК 74.266.0

ISBN 978-9967-34-137-1

© КР ББИМ караштуу Кыргыз билим берүү академиясы

# МАЗМУНУ

*Кириш сөз* ..... 5

*Киришүү* ..... 6

**Адам жана коом ..... 8**

1. Мен киммин? 5 класс ..... 9
2. Баланын укугу – менин укуктарым. 5 класс ..... 12
3. Биз түрдүүбүз жана тең укуктуубуз. 5 класс ..... 17
4. Көп тилдүүлүктүн баалуулугу: биздин достордун тили. 5 класс ..... 23
5. Менин Мекеним – Кыргызстан. Мен – Кыргыз жараны. 5 класс ..... 27
6. Ден соолук жана менин жоопкерчилигим. 6 - 7 класс ..... 30
7. Адам укугу: Кыргыз Республикасынын жаранынын милдеттери. 7 класс ..... 39
8. Адам укугу: Мамлекеттин милдети жана менин жоопкерчилигим. 8 класс ..... 50
9. Мен жана менин иденттүүлүгүм. 9 класс ..... 55
10. Жарандык жана жарандуулук. 9 класс ..... 61
11. Жарандык иденттүүлүк: Кыргыз жараны. 9 класс ..... 69
12. Чыгыш философтордун көз карашы боюнча идеалдуу жаран. 10 класс ..... 76
13. Азыркы коомдогу аялдар. 10 класс ..... 85
14. Мектептеги академиялык чынчылдык. 11 класс ..... 88
15. Дүйнө элеси. 11 класс ..... 93

**Тарых ..... 100**

1. Кыргызстандагы маданий көп түрдүүлүк. 5 класс ..... 101
2. Отурукташкан жана көчмөн цивилизация. 6 класс ..... 107
3. Улуу Кыргыз Державасынын доору. 7 класс ..... 116
4. Чыгыш менен Батышты бириктирген Улуу Жибек Жолу. 7 класс ..... 123
5. Карахандар мамлекети: кайталоочу-жалпылоочу сабак. 7 класс ..... 131
6. Сибир кыргыздары. 7 класс ..... 140
7. Түштүк Кыргызстанды Кокон хандыгынын басып алышы. 8 класс ..... 150
8. XIX кылымдын аягында – XX кылымдын башында Кыргызстандын маданиятындагы жаңы көрүнүш. 8 класс ..... 156
9. Калмактардын, дунгандардын жана уйгурлардын Жетисууга көчүп барышы. 8 класс ..... 161
10. Байыркы кыргыздар. 11 класс ..... 170

**Көркөм-сүрөт чыгармачылыгы ........................................................................ 179**
1. Эч ким, эч нерсе унутулбайт!  5 класс ........................................................................ 180
2. Нooруз – жазгы майрам. 6 класс ........................................................................ 184

**Кыргыз адабияты ........................................................................ 188**
1. Ч. Айтматов «Бугу-эне» жомогу. 5 класс ........................................................................ 189
2. Ж. Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек»  поэмасы. 6 класс ........................................ 194
3. «Курманжан датка» романы. 11 класс ........................................................................ 201

# КИРИШ СӨЗ

Бул китеп мугалимдер үчүн сабактар жыйнагынын экинчи бөлүгү болуп саналат. 1 бөлүгү “Мен жана аалам” предмети боюнча 1 – 4-класстар үчүн сабактардын үлгүсүн камтып турат, ал эми бул китепте берилген II бөлүк 5 – 11-класстарды камтып турат да, “Адам жана коом”, “Тарых”, “Адабият”, “Көркөм-сүрөт чыгармачылыгы” аталышындагы сабактардан турат.

Мугалимдер өлкөбүздөгү демократиялык баалуулуктарды илгерилетүүдө ири салым кошуп келе жатышат. Сабактардын бул сунушталган иштелмелери мектепте билим берүү тутумунун алдына коюлган башкы концептуалдык милдеттерге жооп болуп саналат: жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, Кыргызстандын демократиялуу жана жоопту жаранын тарбиялоо.

Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнү камсыз кылган маанилүү шарт болуп Кыргыз элининин ынтымагын жана биримдигин чыңдоо саналат. Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу – бул окуучуларга билим берүүнүн жана тарбиялоонун үзгүлтүксүз, ар күнү жүргүзүлүүчү процесси. Авторлор жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун негизги маселелерин ачып берген темаларга башкы көңүлдү бурган. Бул сабактар мугалимге сабактардын темаларын жаңыча ачып берүүгө, тарыхый окуялардын заманбап баалуулуктар жана коомдук көйгөлөр менен байланышына көңүл бурдурууга көмөк көрсөтүүгө багытталган.

Авторлор сунуштаган дидактикалык чечимдер мугалимге өзүнүн методикалык мамилесин тандоого же пайдаланууга мүмкүндүк берет. Бул сабактардын темасы жана мазмуну интерграцияланган окутууга басым жасайт. Мисалы, “Адам жана коом”, “Тарых”, “Адабият”, “Көркөм өнөр” предметтери боюнча сабактарда көп түрдүүлүк, жарандуулук жана жоопкерчилик тууралуу баалуулуктар камтылган.

Сабактардын аппробациясын жүргүзгөн жана баалуу сунуштамаларды берген мугалимдердин бардыгына терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

*Урматтуу Мугалимдер!*

Сиздер билим берүү, Кыргызстандын келечегин өзгөртүү жөндөмү үчүн ири жоопкерчилик жүктөлгөн, өз ишине берилген адамдардын өкүлдөрү болуп саналасыздар. Сиздердин педагогикалык ишиңиздерде, окуучуларды жогорку жарандуулук сапатында тарбиялооңуздарда зор ийгиликтерди каалап кетебиз.

Муратбек Иманкулов,
*консультант*

Атыркуль Алишева,
*редактор*

# КИРИШҮҮ

2021 – 2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун (иденттүүлүгүн) өнүктүрүү концепциясы – мамлекеттик актуалдуу демилге болуп саналат. Концепция Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын бириктирүүчү жарандык иденттүүлүгү катары курууга мамилени илгерилетет. Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү жана көп түрдүүлүктү сактоо концепциясынын идеяларын илгерилетүүдө мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун органдары, анын ичинде билим берүү тутумунун мекемелери өзгөчө роль ойношу керек.

*Концепциянын максаты:* Кыргыз жараны деп жарандарын өзүн таануусун (иденттүүлүгүн) өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрөнү өнүктүрүү.

**Кыргыз жараны** – Кыргыз Республикасынын этностук, диний, социалдык жана регионалдык таандыктыгына карабай, КР Конституциясына ылайык укуктарга жана милдеттерге ээ болгон жараны.



*Мамлекет жарандардын өзүн таануусун (иденттүүлүгүн) жарандардын катышуусусуз калыптандыра алабы?*

Албетте, жарандардын өзүн тануусун (иденттүүлүгүн) калыптандыруу – бул эки тараптуу процесс, ага мамлекет, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандар, мугалимдер, жарандык активисттер, ишкерлер ж.б.лар кирет.

*Жарандардын өзүн таануусун калыптандыруу процессинде мамлекетти эмне камсыз кылат?*

- Жарандардын иденттүүлүгүн: маданиятты, тилди, динди сактоо.
- Адам укугун коргоо, басмырлабоо жана натыйжалуу теңчилик.
- Коомдун ар түрдүүлүгүн таануу жана сыйлоо.
- Жарандарга маалымат жеткирүү жана агартуу.
- Башкарууга этностордун өкүлдөрүнөн киргизүү саясаты.

*Бул процессте жарандардын жоопкерчилиги кандай?*

- Жарандар ынтыкмактуу коомду курууга умтулушат.
- Ишенимдин жана өз ара сый-урматтын негизинде коомдор аралык байланыштарды өнүктүрөт.
- Жарандар адамдардын бирге жашоо жөндөмүн илгерилетүү менен, жалпы жарандык маданиятты калыптандырууга жигердүү катышат.

## Дүйнө маданияты: адамдардын бирге жашоо жөндөмү

Бирге жашоо жөндөмү көп түрдүүлүктү коомдун баалуулугу катары таанууну туюндурат. Бул, алды менен, маданият аралык толеранттуулук, дүйнө маданияты, плюрализм жана тилектештик; коомдук-саясий турмушка катышууга даяр болуу, кызматташтык жана ыктыярдуу (волонтердук) иш. Бирге жашоо жөндөмү коңшуларын ынтымакта болуу маданиятын дагы камтыйт.

**Кыргызстан – жарандардын бардыгын бириктирген мекенибиз!**

# АДАМ ЖАНА КООМ



БУУ, Женева, Швейцария. Улуттар сарайы (Palais des Nations).
Адам укуктары жана цивилизациялар альянс залы[1].

Залды заманбап испан сүрөтчүлөрүнүн бири Микел Барсело жасаган. Сталактиттер шыптан жаркыраган гүлдөрдүн арасында илинип турат.

[1] Жеткиликтүү: https://account.travel/place/united-nations-ceiling.html

*Б. У. Козубаева*

# 1 Мен киммин?

*5 класс*

**Сабактын күтүлүүчү натыйжалары.** *Окуучулар:*

1. Өздөрүнүн иденттүүлүгүнүн аспектилерин санап беришет; жарандык таануусун жана Кыргыз жаранына таандыктыгын аныкташат.
2. Салыштырып, талдоо жүргүзүшөт; өз пикирлерин туюнтушат.
3. Айланадагы адамдардын жарандык таандыктыгынын айырмасына жана түрүнө сый-урматын билдирет.

**Сабакта колдонулуучу методдор:** мээге чабуул, интерактивдүү маек, сүрөттөр менен иштөө, презентация.

**Сабактын тиби:** жаңы билимдерди өздөштүрүү.

**Жабдуулар:** көрсөтмө куралдар (сабактын темасы жазылган плакат, таблица, сүрөттөр), такта, бор, текст жазылга барак, мүмкүндүккө жараша техникаык каражаттар (слайд).

**Сабак өтүү боюнча методикалык сунуштамалар:**

- Мээге чабуул. Сабактын башталышында мугалим окуучуларга мээге чабуул ыкмасын колдонот да, окуучулардын жоопторун тактага жаза берет.

Мугалим үчүн эскертме

- Сабакты баштардын алдында мугалимдер Кыргызжараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү концепциясы менен таанышууга тийиш. Кыргызстандын жарандарынын бардыгы Кыргыз жараны экендигин окуучуларга түшүндүргүлө.
- Окуучулар өздөрүнүн диграммасын түзөрдөн мурун, аларга «Анара» деген иденттүүлүктүн толтурулган диаграммасын көрсөткүлө. Бул болсо алардын түшүнүүсүн жеңилдетет. (Тиркемени караныз).

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Теманы актуалдаштыруу.** Мээге чабуул.

Окуучуларга өзү жөнүндө ойлонуп, Мен киммин? деген суроого жооп беришин өтүнгүлө. Окуучулардын жоопторун мугалим тактага жазат:

**Мен:**

- Окуучу
- бала/кыз
- отличник
- ударник

- класстын тазалык секторуна жооптуу ж.б.

Окуучуларга сабактын темасын туюнтууну өтүнүңүз.

**Жаңы материалды окуп үйрөнүү.** Мугалим жаңы теманы түшүндүрөт.

Иденттүүлүк (англ. Identity – иденттүүлүк, окшоштук) – түрдүү чөйрөлөрдө адамдын өзүн таануусу, кайсы бир топко, урууга, улутка окшоштугу, өзүн инсан катары көрсөтүүсү.

Окуучуларга суроо бергиле: Өзүңөрдү эң алды менен кимге окшоштурасыңар?

Окуучулардын жооптору ата-энелерине, туугандарына, досторуна байланыштуу топтолот. Адамдын иденттүүлүгүн калыптандыруу айлана-чөйрө жана адамлын өзүнүн тандоосу менен байланышкандыгын баса белгилегиле. Окуучулардын ар бири үй-бүлөдө уулу же кызы, агасы же эжеси болорун, ал эми мектепте – досу же курбусу болорун мисал келтиргиле.

Баланын чоңоюшу менен анын статусу өзгөрөт, ал кесипке ээ болот, мисалы, врач, мугалим, курулушчу ж.б. болот. Ошентип иденттүүлүктүн калыптанышына үй-бүлө менен адамдардын биргелешип иштеши таасир этет.

**Теманы бышыктиоо**

*1-ИШ. Жекече иштөө*

Ар бир окуучу кагазды алып, "Мен-коллаж" (кластер) дегенди түзөт, анда өзүн чагылдырып, өзү жөнүндө: үй-бүлөдө, мектепте ким экендигин, мүнөздөмөсүн жазат (сын атоочтор).

*2-ИШ. Жуптарда иштөө*

Окуучулар жуптарда өздөрүнүн Мен-коллажын талкуулашат, өздөрүнүн "Мен-коллажы" аркылуу өздөрү тууралуу айтып беришет. Окшоштуктарын жана айырмачылыктарын белгилешет.

Окуучулар менен биргеликте алардын коллаждарын дубалга илгиле. Бир нече күн бою окуучулар классташтарынын "Мен-коллаждар" менен тааныша беришет – бул класссташы жөнүндө жаңы маалымат алууга сонун мүмкүнчүлүк, алардын биригүүсүнө жана ынтымактуу болуусуна түрткү берет.

*3-ИШ. Коллаждардын презентациясы*

Коллаждардын презентациясын жүргүзүп, талкуулагыла. Окуучуларга суроо бергиле:

- "Мен–коллажынын" кайсы окшоштугун көрдүңөр?
- "Мен-коллаждардан" өз ара кандай айырмачылыктарды байкадыңар?
- Мугалим үчүн белги: айырмачылыктар адамдын жекечилигин баса көрсөтөт).
- Силерди эмне бириктирип турат?

## Жыйынтыктар

*Окуучуларга суроолорду бергиле жана биргелешип жыйынтыктарды чыгаргыла:*

- Ар бириңердин жоопкерчилигиңер эмнеде?
- Кыргыз жараны катары менин жоопкерчилигим кандай?

*Мугалимге сунуштама:*

Окуучуларды биз бардыгыбыз Кыргыз жараны болуп саналарыбыз тууралуу жыйынтыкка алып келгиле. Жарандардын бардыгы этностук, диний таандыктыгына жана башка айырмаларына карабай, Кыргыз жараны болушат. Өзүнүн билим алуусуна, ден соолугуна ар бир жаран жоопкерчилик алат. Класстын ынтымагынын маанилүүлүгүн баса белгилегиле.

## Рефлексия

- Өзүң жөнүндө эмне жаңы нерсе билдиң?
- Классташтарың жөнүндө эмне жаңы нерсе билдиң?
- Сабакта мага эмне жакты?

**Үй тапшырма:** «Мен жана менин үй-бүлөм» коллажын түзгүлө (коллажда үй-бүлө мүчөлөрүнө окшоштуктарыңарды жазгыла).

Тиркеме

Үлгү «Мен-коллаж» (кластер)



*А. Р. Алишева, Б. У. Козубаева*

# 2 Баланын укугу – менин укуктарым

*5 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар:** *Окуучулар:*

1. Адам укуктарын санап беришет; адам укуктары боюнча негизги документтерди аташат.
2. Өз укуктарын аныктиашат жана милдеттенмелерин жана жоопкерчиликтерин баалашат.
3. Жүрүм-турумун баалашат; классташтарынын кадыр баркына укуктарын сыйлоону көрсөтүшөт.

**Сабакта колдонулуучу методдор:** топтордо иштөө, жуптарда иштөө, көркөм сүрөт искусствосчу, мээге чабуул, документтер менен иштөө, презентация.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү.

**Жабдылышы:** ватман, фломастерлер, техникалык каражаттар, Баланын укуктары жөнүндө Конвенция.

**План**

1. Теманы актуалдаштыруу.
2. Мугалимдин презентациясы. Баланын укуктары жөнүндө Конвенция.
3. Билимдерди бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.** Окуучуларга суроолорду бергиле:

- Баланын укуктары жөнүндө эмнелерди билесиңер?
- Балдардын кандай укуктары бар?
- Алар эмне үчүн маанилүү?
- Кандай ойлойсуңар, бүгүн сабактын темасы кандай?

**Мугалимдин презентациясы.** Баланын укуктары жөнүндө Конвенция баланын укуктарынын тизмесинен турат, аларды дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн өкмөттөрү коргоого милдеттенишкен. Дүйнө жүзүндөгү балдардын бардыгы бирдей укуктарга ээ.

### Теманы бышыктоо

*1-ИШ. Жуптарда иштөө*

*«Баланын укутарынын дарагы». 1-тапшырманы түшүндүргүлө:*

- Бакты жана анын мөмөлөрүн тарткыла. Бул мөмөлөр – адам укуктары, ал бардык адамдарга керек;
- ар бир мөмөгө адамдын укугунун бирин жазгыла;
- презентация даярдагыла жана класска өз сүрөтүңөр жөнүндө айтып бергиле.

*Мугалим презентация өткөрүп, кыскача талкуу жүргүзөт:*

- Эмне себептен дал ушул укукту тандап алдыңыз?
- Сиздин жашооңузда бул укуктар эмнеси менен маанилүү?

*2-ИШ. Чакан топтордо иштөө*

5 – 6 адамдан турган чакан топторду түзгүлө. Топторго БУУнун Балдар укуктары боюнча конвенцияны (балдар үчүн версия), флипчарттарды жана түрдүү фломастерлерди тараткыла.

### 1-топ. Ысымга жана жарандуулукка укук

**1-тапшырма.** Балдар укугу боюнча БУУнун Конвенциясынын 7-беренесинен текстти окугула:

«Бала туулгандан кийин дароо катталат жана туулган учурдан тартып ысым алууга жана граждандыкка ээ болууга, ошондой эле мүмкүн болушунча өз атаэнесин билүүгө жана алардын кам көрүшүнө укуктуу болот.».

*Беренени талкуулагыла жана төмөнкү суроолорго жооп бергиле:*

- Балага ысымды ким жана качан коет?
- Эмне себептен ысымга ээ болуу маанилүү? Адамдын ысымы кандай болуш керек.
- Сенин атың эмнени туюндурат?
- Бала төрөлгөндөн тартып кандай документтерге ээ болот? Бул документ эмнени туюндурат?

**2-тапшырма**

- Жыйынтык чыгаргыла.
- Презентация даярдагыла жана класстагылардын бардыгына айтып бергиле.

*Заметка для учителя*

- Проведите обсуждение презентации группы в классе.
- Обсудите выводы группы и вместе с учащимися составьте список:

### 2-топ. Билим алууга баланын укугу

**1- тапшырма.** Баланын укугу боюнча БУУнун Конвенциясынын 28-беренесинен текстти окугула:

«Бала билим алууга укуктуу, мамлекет бекер жана милдеттүү башталгыч билим алуусун камсыз кылууга, ар бир балага жеткиликтүү болгон орто билимдин түрдүү формаларын өбөлгөлөөгө, ар бир баланын жөндөмүнүн негизинде бардыгы үчүн жогорку билим алуунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

Мектеп тартибин кармоо баланын укутарын жана ар-намысын басынтпоого тийиш. Бул укукту жүзөгө ашыруу үчүн мамлекет эл аралык кызматташтыкты өнүктүрөт».

*Берененни талкуулап, суроолорго жооп бергиле:*

- Билим алуу укугуңарды кантип колдоносуңар?
- Эмне себептен билим алуу ар бир бала үчүн маанилүү?
- Өлкөнүн балдарынын билим алышына мамлекеттин кандай милдеттенмелери бар?
- Балдардын билим алуусуна Кыргызстанда кандай шарттар бар?
- Өз билим алууңар үчүн ар бириңердин жоопкерчилигиңер кандай?

**2-тапшырма**

- Жыйынтык чыгаргыла.
- Презентация даярдагыла жана класстагылардын бардыгына айтып бергиле.

*Мугалим үчүн эскертме*

**Презентация тууралуу класста талкуу жүргүзгүлө:**

1. Эгер силер окуганды билбесеңер, жашооңорго кандай таасир тийгизмек?
2. Иштин кайсы түрү менен алектене албай калмаксыңар же аны жасай албай калат элеңер?
3. Ар бир баланын билим алууга укугу бар. Мектепке барбаган балдарды билесиңерби? Алар да мектепке барышы үчүн эмне кылуу керек?
4. (Майыптыгы бар балдар билим алууга укуктуу жана мектепке баруулары керек.)
5. Силердин мектепте тартипти кантип сакташат? Окуучулардын укуктары менен бедели бааланабы? Окуучулар мектептеги эрежелерге кандай мамиле жасашат?

**Окуучулар менен бирге жыйынтык чыгаргыла:**

- ар бир адам билим алууга жана өнүгүүгө укуктуу;
- мамлекет балдардын мектепте билим алуусун камсыз кылат: мектептерди курат, эмерек менен, окуучулар, мугалимдер камсыздайт ж.б.;
- ар бир бала өзүнүн билимине жоопкерчилик алат жана мектепке дайыма барышы жана жакшы окушу керек.

### 3-топ. Ден соолукту коргоого баланын укугу

**1- тапшырма.** Балдар укугу боюнча БУУнун Конвенциясынын 24-беренесинен текстти окугула: “Балдар саламаттыкты сактоо системасынын мыкты кызмат көрсөтүүлөрүн алууга, ичүүчү таза сууну пайдлаланууга, туура тамактанууга жана таза жана коопсуз чөйрөдө жашоого укуктуу. Бардык чоңдор менен балдар коопсуздукта кандай болуу жана ден соолугу чың болуу жөнүндө маалыматка ээ болушу керек.”.

*Беренени талкуулап, суроолорго жооп бергиле:*

- Ден соолукту коргоого укугуңарды кантип пайдаланасыңар?
- Мамлекет жарандардын ден соолугу үчүн кандай чараларды көрүп жатат?
- Өз ден соолугуңарга жоопкерчилигиңер кандай?

**2- тапшырма.**

- Жыйынтык чыгаргыла.
- Презентация даярдагыла жана класстагы бардык окуучуларга айтып бергиле..

*Мугалим үчүн эскертме*

Презентацияны талкуулагыла да, окуучулар менен бирге жыйынтык чыгаргыла:

- ар бир адам дарыланууга жана дары алууга укуктуу;
- мамлекет чоңдорду да, балдарды да дарылоо үчүн шарттарды түзөт: ооруканаларды, бейтапканаларды курат, техникалык жабдуу, дарыгерлер, медайымдар, дары-дармектер менен жабдыйт;
- ар бир адам өз ден соолугуна өзү жоопкерчилик алат.

### 4-топ. Баланын эс алууга укугух

**1- тапшырма.** Балдар укугу боюнча БУУнун Конвенциясынын 31-беренесинен текстти окугула:

«Бала эс алууга жана көңүл ачууга, өзүнүн курагына ылайык келген оюндарга жана оюн-зоок иш-чараларына катышууга, маданий турмушка эркин катышууга жана искусствого катышууга болгон укуктуу».

*Беренени талкуулагыла жана суроолорго жооп бергиле:*

- Окуу жылынын кайсы мезгилинде силер окуудан эс аласыңар?
- Мектепте танапис эмне үчүн керек?
- Маданий турмушка катышууну силер кандай кабыл аласыңар?
- Адам эс албаса, анда ага эмне болот?

**2- тапшырма.** Жыйынтык чыгаргыла.

Презентация даярдагыла жана класстагы окуучулардын бардыгына айтып бергиле.

*Мугалим үчүн сунуш:*

- Презентацияны топтордун жыйынтыктарын талкуулоо менен аяктагыла.
- Жыйынтыктардын жалпы тизмесин түзгүлө.

*Суроолорду бергиле:*

- Силерде ойноого жана эс алууга укугуңар барбы? Ал эми жоопкерчилигиңер кандай? Мисалы, үйдө, мектепте? Жооптор: үй жыйноого жардам берүү; класста булгабоо ж.б.
- Силерде зыян келтирүүдөн, мисалы, коркутуудан коргонуу укугу бар. Ал эми жоопкерчилиги кандай? Жооп: башкаларга зыян келтирбөө.
- Баланын укуктарын коргоону камсыз кылууга ата-эне жоопкерчилик аларын окуучуларга түшүндүргүлө.
- Мамлекет баланын укуктарын камсыз кылат жана кепилдик берет: балдар окуусу жана дарылануусу, спорт менен алектенүүсү, эс алуусу үчүн мектептерди, ооруканаларды ж.б. курат.
- Ошол эле маалда ар бир бала өз билим алуусу, ден соолугу, классташтарына жана башка адамдарга мамилеси үчүн жоопкерчиликти алат.

## Жыйынтыктар

1. Окуучулар менен бирге жыйынтык чыгаргыла:

- ар бир адам эс алууга укуктуу;
- эс алуу адам баласынын ден соолугу үчүн маанилүү.

2. Окуучулар менен бирге жалпы тизме чыгаргыла. Окуучуларга суро бергиле: Бул тизмеге силер дагы эмне кошот элеңер?

## Рефлексия

- Сабактан эмне жаңы нерсе алдыңар?
- Сабакта өзүңөрдү кандай сездиңер?

## Үй тапшырма

Ойлонгула да, суроолорго жооп бергиле:

- Баланын укугу менин жашоомдо эмне себептен маанилүү?
- Башка адамдардын укугуна мен кантип мамиле жасоом керек?
- Баланын укугун камсыз кылуу үчүн мамлекет эмне кылат?

# 3 Биз ар түрдүүбүз жана тең укуктуубуз

*5 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Майыптуулугу бар адамдын укуктарын санап беришет.
2. Майыптуулугу бар адамдын укуктарын укуктарына талдоо жүргүзөт жана майыптуулугу бар адамга карата мамлекеттин милдеттерин жана коомдун жоопкерчилигин аныктайт.
3. Майыптуулугу бар адамдар кабылуучу кыйынчылыктарга баа берет.
4. Майыптуулугу бар балдарга сый-урматын көрсөтүшөт жана алар менен баарлашышат.

**Сабакта пайдаланылуучу методдор:** салттуу (түшүндүрүү, сүрөттөр менен иштөө) жана интержигердүү методдор (токтоп окуу, имитациялык оюн

**Сабактын түрү:** жаңы билимди өздөштүрүү, маектешүү.

**Сабакта падаланылуучу каражаттар:** көрсөтмө куралдар (сабактын темасы жазылган плакат, таблица, сүрөттөр), такта, бор, текст жазылган барак, техникалык каражаттар.

**Негизги терминдер жана түшүнүктөр:**

Майыптыгы бар адамдар туруктуу физикалык, психикалык, интеллектуалдык же сенсордук бузулуулары бар адамдар кирет, алар түрдүү тоскоолдуктарда дуушар болгон учурда башкалар менен бирдей деңгээлде коомдун жашоосуна толук жана натыйжалуу катышуусуна тоскоолдук кыла алат[1].

*Тең укуктуулук* – майыптыгы бар адамдардын жашоого, иштөөгө, эс алууга, үй-бүлө түзүүгө толук укугу.

*Паралимпиялык оюндар* – бул анда майып адамдар катыша турган Бүткүл дүйнөлүк оюндар. Анын Эмблемасы кызыл, көк, жашыл түстөрдүн жарым сызыгы катары берилген. Бул аң-сезимди, денени жана рухту туюндурат.

## Сабак өтүү боюнча усулдук сунуштамалар

Сабактын башталышында майып адамдар жөнүндө кыскача маалымат берилет, ошондой эле алардын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн имитациялык оюндар өткөрүлөт. Бул көнүгүүнүн жардамы менен окуучулар майып адамдар туш болуучу тоскоолдуктарды жана кыйынчылыктарды сезип билишет. Бул тууралуу окуучулар менен кыскача сүйлөшкөндөн кийин тыныгуу менен окуу боюнча көнүгүү аткарылат. Текстти окуурдун алдында мугалим «Адам укугу» деген аталыштагы таблицаны көрсөтөт жана адам укугу жөнүндө эскертет. Таблицада текстте кездешкен укуктар гана көрсөтүлгөн. Текстти мугалим балдарга

[1] Майыптыгы бар адамдар укуктары жөнүндө конвенция. 2006-жылдын 13-декабрында Башкы Ассамблеянын 61/106 резолюциясы менен кабыл алынган.

түшүнүктүү болгудай так, катуу окушу керек. Ар бир абзацтын аягында биз таблицага кайрылып, тийиштүү ячейкада «+» же «-» белгисин коебуз. Текстти окуган соң, кайсы белги көп болду жана эмне себептен ошондой болду деген суроого жооп берүү керек, кыскача талдоо жүргүзүлсүн.

Материалды бышыктоодо Кыргызстандын паралимпиядачылары жөнүндө кыскача маалымат берилет жана алар менен бирге «Бирдей мүмкүнчүлүктөр» аталышындагы сүрөткө талдоо жүргүзүлөт. Сабактын жыйынтыгын чыгарууда анда Кыргыз Республикасында жашап турган бардык жарандар дене бойлук жана маданий өзгөчөлөктөрүнө карабай, Кыргыз жараны болуп саналары айтылган теманын маңызы ачылып берилет. Текст менен таблица тиркемелерде берилген, кыргызстандык паралимпиядачылар жөнүндө маалымат жана таблицага болжолдуу жооп мугалим үчүн кошумча маалыматта берилген.

Мугалим сабак өтөрдүн алдында төмөнкү документтер менен таанышуусу керек:

- Майыптыгы бар адамдар жөнүндө Конвенция менен[2].
- «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 3-апрелиндеги Мыйзамы менен[3].

**План**

5. Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.
6. Жаңы теманы окуп үйрөнүү. Мугалимдин презентациясы:
7. Билимдерди бышыктоо.
8. Жыйынтыктар.
9. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Окуучунун тажрыйбасын актуалдаштыруу:

- Паралимплык оюндар деген эмне? Ага кимдер катышат?
- Кандай ойлойсуңар, бүгүнкү сабактын темасы эмне? Тема майыптыгы бар адамдарга арналганын тактагыла.

**Мугалимдин презентациясы** (1-тиркемени кара).

- Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясы.
- Паралимпиялык оюндар. Кыргызстандыктар – паралимпия оюндарынын катышуучулары. Көнүгүүлөр.



Майыптуулук – бул адамдын дене бөлүгүнүн өзгөчөлүгү. Майыптыгы бар адамдардын жөнүндө маалымат бизде канчалык көп болсо, биз аларды ошончолук жакшы түшүнөбүз. Майыптыгы бар адамдар өз турмушунда көптөгөн чектөөлөргө дуу-

[2] Жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/disability.l
[3] Жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/

шар болушат. Мисалы, буттарыбыз ооруп жатканда, тепкичтерден жогору көтөрүлүүгө оор болот, тамагыбыз ооруп жатса, сүйлөөгө оор болот, же болбосо нерсени көрүүбүз начар болгондуктан биз караңгы бөлмөдө эмерекке же отургучка карай чалынып, жыгылып кетишибиз мүмкүн. Бирок буттарыбыз же тамагыбыз оорубай калганда, бөлмөдө жарык күйгөндө – биз мурдагыдай эле көрүп калабыз, басабыз, сүйлөйбүз. Ал эми майып адамдар мындай тоскоолдуктарга жана чектөөлөргө дайыма дуушар келишет.

### Материалды бышыктоо

*1-ИШ. Көнүгүү.*

Мугалим тактага сүйлөмдү алдын ала жазып коет:

«Биз түрдүүбүз, бирок биз тең укуктуубуз! Биз – Кыргызстандын жарандарыбыз!».

*Окуучуларга тапшырма бергиле:*

- Бир көздү колуңар менен жаап, тактадагы сүйлөмдү окуп көргүлө:
- Бир көзүңөрдү жаап алып, тактадагы сөздөрдү окуганда, кандай көйгөй жаралды?
- Эми бири-бириңерге шыбырап бир нерсе айтып көргүлө. Окуучулар шыбырап сүйлөшүшөт да, бири-бирин түшүнүүгө аракет кылышат.
- Шыбырап сүйлөшкөндө, бири-бириңерди канчалык деңгээлде уктунар?

Окуучулардын жоопторунун негизинде майыптыгы бар адамдар мындай кыйынчылыкка күн сайын дуушар болорун жыйынтыктап билдиргиле. Коом аларга түшүнүү менен мамиле жасашы жана алардын укуктарын сыйлашы керек. Мамлекет майыптыгы бар адамдарга кам көрөт. Кыргыз Республикасы Майыптыгы бар адамдардын укугу жөнүндө Конвенцияга кошулган, өлкөбүздө майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө мыйзам кабыл алынган.

*2-ИШ. Текст менен иштөө:*

*1-чи этапта:*

- Слайддан «Адам укуктары» деген таблицаны ачкыла (1-тиркеме);
- адамдын негизги укуктарын кыскача талкуулагыла.

*2-чи этапта:* текстти токтот-токтоп окуйбуз жана таблицаны толтурабыз (2-тиркеме). Мисалы, белгиленген иш кайсы укукка таандык экендигин белгилейбиз да, эгер ал укук корголуп жатса, «+» белгисин, ал эми корголбосо «–» белгисин коебуз.

*3-чү этапта:* 3-слайд. Кыскача талдоо жүргүзүү. Таблицанын жообу.

Эскертүү: бир ячейкага бир нече сан жайгаштырылышы мүмкүн.

*3-ИШ. Кыргызстандыктар – паралимпия оюндарынын катышуучулары*

Дүйнө жүзүндө майып адамдар үчүн багытталган көптөгөн иш-чаралар бар. Алардын эң эле ириси – паралимпиада. Паралимпияда оюндары Бүткүл

дүйнөлүк олимпиададан кийин өткөрүлөт. Жайкы паралимпиада обндары 1960-жылдан баштап, ал эми кышкысы – 1976-жылдан баштап ойнотулуп келе жатат.

Биздин майыптыгы бар жаштарыбыздын арасында эл аралык мелдештерге жана Паралимпиада оюндарына катышып жүргөн күчтүү спортчуларыбыз бар экендигин окуучуларга айтып бергиле. Мисалы, Токио-20 Паралимпиада оюндарынын катышуучусу Арыстанбек Базаркулов, Хаетхон Хусан кызы талыкпаган эмгеги жана кажыбас кайраты менен ийгиликке жетишишкен.

СЛАЙДДАРДЫ КӨРСӨТҮҮ:

4-слайд. Паралимпиада оюндары жөнүндө маалыматты камтыйт.

5-слайд. 2-сүрөт.  Арыстанбек Базаркулов.

6-слайд. 3-сүрөт. Хаетхон Хусан кызы.

Мугалим паралимпида оюндарынын катышуучулары жөнүндө кыскача айтып берет.

7-слайд. 4-сүрөт. Бирдей мүмкүнчүлүктөр.

*4-ИШ. Окуучулар менен «Бирдей мүмкүнчүлүктөр» деген аталыштагы сүрөттү талкуулагыла*

- Бул сүрөттөн эмнени көрүп турасыңар?



Окуучулардын жоопторунда майып адамдар менен ден соолугу чыңадамдар бирдей мүмкүнчүлүктөргө, укуктарга ээ экендиги тууралуу идея камтылышы керек, себеби адамдардын бардыгы дене бөлүгүнүн кемтигине, тилине, динине, улутуна жана расасына карабай бирдей укукка ээ.

### Корутунду

Майыптыгы бар адамдар турмушунда кездешкен ар кандай кыйынчылыкка карабай, жашоо үчүн күрөшүп келишет. Азыркы учурда майып адамдардын укуктарына толук көңүл бурулбай келе жатканын коомчулук туура баамдап жатат. Алар мектепте, университетте билим алууга, спорт, искусство ж.б. менен машыгууга мүмкүнчүлүктөрү болушу керек. Майыптыгы бар адамдар каалаган жерине барышы, саякатташы үчүн коомдук транспортко түшүүсүнө алиге чейин мүмкүнчүлүк жок.

8-слайд. 5-сүрөт. «Биз – Кыргыз жараны».

### Рефлексия

- Сабактан мен жаңы эмнени билдим?
- Эмне мени таң калтырды? Ким менен сыймыктанам?

**Үй тапшырма.** Паралимпиада оюндарынын катышуучуларына кат жазгыла.

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

1-тиркеме.

Таблица: Адам укугу

| **Адам укугу** | **+** | **–** |
|---|---|---|
| Ысымга ээ болууга жана жарандык алууга | | |
| Жашоого, билим алууга, чыгармачылык менен алектенүүгө, эс алууга | | |
| Коопсуздукка, мамлекет жана үй-бүлө тарабынан камсыздалууга | | |
| Жакшы мамилеге, жакшы жашоого жана камкордукка алынууга | | |
| Өз пикирин эркин билдирүүгө жана бардык багыттарда өнүгүүгө | | |
| Медициналык текшерүүдөн өтүүгө, саламаттыгын чыңдоого | | |

*Мугалим үчүн.* Тапшырмага жооптор

| **Адам укугу** | **+** | **-** |
|---|---|---|
| Ысымга ээ болууга жана жарандык алууга | 5 | |
| Жашоого, билим алууга, чыгармачылык менен алектенүүгө, эс алууга | 4 | 1 |
| Коопсуздукка, мамлекет жана үй-бүлө тарабынан камсыздалууга | 3 | |
| Жакшы мамилеге, жакшы жашоого жана камкордукка алынууга | 2, 6 | |
| Өз пикирин эркин билдирүүгө жана бардык багыттарда өнүгүүгө | | 7 |
| Медициналык текшерүүдөн өтүүгө, саламаттыгын чыңдоого | 5 | |

2-тиркеме.

Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматы боюнча, Жер жүзүндөгү ар бир онунчу жашоочу майыптыгы бар адам. Алар коомдо ден соолугу чың адамдар менен бирге жашап, ошолордой эле укуктарга ээ. Бул болсо биз бардыгыбыз коомдо ар башка болгонубуз менен бирей укукка ээ экендигибизди билдирет. Майыптыгы бар адамдар дагы жашоого, иштөөгө, эс алууга, үй-бүлө күтүүгө жана башкаларга толук укуктуу.

2019-жылы Кыргыз Республикасы Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ратификациялаган, анда майыптыгы бар адамдар үчүн бирдей жана жеткиликтүү шарттарды түзүүгө мамлекет милдеттенме алган.

Бирок майыптыгы бар адамдардын Кыргызстанда толук кандуу жана бирдей укукта жашоосу үчүн тоскоолдук жаратуучу көптөгөн чечилбеген көйгөйлөр жана тоскоолдуктар бар. Бир топ жылдар бою коомдо майыптыгы бар адамдар үчүн шарттар түзүлбөй келген. Майыптыгы бар балдар мектепке бара албай, билим албай кала беришкен, пандустардын жоктугу сыртка чыгууга жана толук кандуу эс алуугу мүмкүндүк берген эмес. Бул көйгөйлөр дагы деле чечиле элек.

Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө майыптыгы бар адамдар үчүн алардын толук кандуу жашоосуна бирдей шарттар жана мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Биздин өлкөдө майыптыгы бар адамдар үчүн пандустар эми гана коюла баштады. Эгер тийиштүү шарттар болсо, майыптыгы бар адамдар өзүнө-өзү кам көрө алат.

Азыркы учурда майыптыгы бар адамдар кол өнөрчүлүк, чыгармачылык менен алектенип, өздөрүн материалдык жактан камсыздай алышат. Алар ден соолугу чың адамдар жасаган ишти да аткарууга жөндөмдүү болушат. Компаниялар менен ишканалар майыптыгы бар адамдар менен иштешүүгө даяр. Бул болсо коом адам укугун сыйлайт дегенди түшүндүрөт.

Майыптыгы бар адамдар – мамлекеттин өзгөчө камкордугунда турат. Себеби алар дагы мамлекеттин толук кандуу жарандары. Мамлекет тарабынан аларга жөлөк пулдар, дары-дармектерге, транспортто жүрүүгө ж.б. женилдиктер берилет.

Майыптыгы бар адамдардын толук кандуу жашоосу үчүн дагы көптөгөн нерселерди жасоо керек. Коомдук транспортко жана көп кабаттуу үйлөргө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн атайын шарттарды түзүү керек, аны менен бирге майыптыгы бар балдар мектептерге барып, башка балдар менен чогуу билим алуусу үчүн зарыл шарттар түзүлүүгө тийиш.

3-тиркеме.

**Паралимпияда оюндарынын катышуучулары тууралуу маалымат**

Кыргызстандык Арстанбек Базаркулов 2016-жылы Бразилияда өткөн Паралимпиада оюндарына катышып, ядро түртүү боюнча 9-орунду ээлеген. Ал – Паралимпиада оюндарына жолдомо алган биринчи кыргызстандык.



2021-жылдын 1-2-августунда Түркиянын Болу шаарында өткөн паражеңил атлетика боюнча эл аралык турнирде Арстанбек эки сыйлыкты – ядро түртүү боюнча (8 м 20см) бир алтын медалды жана найзаа ыргытуу боюнча коло (23 м) байгесинин ээси болуп жеңип алган.

Эл аралык турнир Паралимпиада оюндарына даярдык катары Токиодо өткөн. Анда Арстанбек Базаркулов 2021-жылдагы Токиодо өтүүчү XVI Паралимпиадалык оюндарга биринчи лиценщияны жеңип алган. Параспортчу жана башкы

машыктыруучу Алмазбек Абиров Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттигине караштуу Спорттун олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча дирекциясы тарабынан иш сапарга жиберилген.



Парадзюдоистчи Хаетхон Хусан кызы – Кыргызстандан чыккан азиз спортчу 48 кг га чейинки салмак категориясында Астанадагы Азия чемпионатына катышып, финалда Өзбекстандык атаандашын 10:0 эсебинде утуп, алтын байгеге ээ болуу менен бирге Азиянын чемпиону болгон.

Хаетхон Хусан кызы 2021-жылы Токиодогу Паралимпиада оюндарына лицензияны пара-дзюдо боюнча алган .

Хаетхон 27 жашта, эки жыл мурун спорттун ушул түрү менен алектене баштаган. Ошондой эле ал азиздер үчүн уюшулган «Башкача жашап башта» деген курстун бүтүрүүчүсү. Азыр болсо Хаятхон Кыргызстандагы башка азиз адамдарга бардык зарыл көндүмдөргө үйрөнүп, жашоосун жакшы жакка өзгөртүшүнө жардам берип келет.

Бул турнирде Кыргызстандын курама командасынын мүчөлөрү паралимпиада дзюдосунда беш медалдын ээси болушкан. «Колону» төрт спортчубуз жеңип алган. Алар: Регина Саламатова (48 кг), Маматибрагим Суранов (73 кг), Алихан Жумагулов жана Темирлан Абдукаримов (экөө тең 60 кг га чейин).

*Г. М. Абдулкасимова*

# 4 Көп тилдүүлүктүн баалуулугу: досторубуздун тилдери

*5 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Биздин өлкөдө/класста/шаарда/айылда сүйлөшкөн түрдүү тилдерди аташат.
2. Мамлекеттик жана расмий тилдердин маанилүүлүгүн түшүндүрүшөт.
3. Дүйнөдөгү тилдердин көп түрдүүлүгүн санап өтүшөт.
4. Эне тилдин баалуулугун түшүндүрүшөт.
5. Түрдүү тилдерди билүүнүн манилүүлүгүн мүнөздөшөт..
6. Айрым тилдерди салыштырышат жана алардын окшоштуктарын, башка тилди түшүнүшөрүн аныкташат.
7. Башка элдердин эне тилине болгон урмат-сыйын көрсөтүшөт.

**Сабактын түрү:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** мээге чабуул/суроолорду талкуулоо, оюн.

**Ресурстар:** макал-лакаптар, сүрөттөр, ватман, маркер.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу

**Оюн «Учурашуу».** Мугалим окуучулардан бири-бири менен катар-чынжырча боюнча, бирок бир сөздү кайра кайталабай, башкача, балким, окуучулардын ыктыяры боюнча  сөздөр менен, же мимика, жаңсоо аркылуу учурашууну өтүнөт.

Талкуулоо:

- Кимдир-бирөө силердин тилди билбегендиктен, силерди түшүнбөсө, өзүңөрдү кандай сезесинер? (Эгер окуучу ушундай абалга кабылган болсо, бул жагдайды сүрөттөп берүүсүн өтүнгүлө).
- Адам башка тилде сүйлөп жаткандыктан, аны түшүнбөй калсаңар, кандай абалда болосуңар?
- Чет өлкөлүктөр силердин эне тилиңерде сүйлөп жатса, кандай абалда болосунар? (Эгер окуучу жооп берсе, анын эмнеси жагымдуу болгонун түшүндүрүп берсин).
- Маектешүүчүңүздүн тилинде сүйлөй алсаңыз өзүңүздү кандай сезесиз?

### Мугалимдин презентациясы




**«Тилдердин көп түрдүүлүгү».**[4] Жер жүзүндө болжол менен 7 миңге жакын тил бар. Бирок күн өткөн сайын тилдердин саны азайып бара жатат. Азыркы учурда Австралияда, Африка өлкөлөрүндө аз элдер сүйлөгөн 400гө жакын тил жоголгон тил деп эсептелет.

Дүйнө жүзүндө эң эле кенен тараган тил болуп англис тили саналат. Англис тили дүнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө расмий тил болуп эсептелет. Ал тилдин жайылышына себеп ошол тилде сүйлөөчүлөрдүн санына гана жараша болбостон, аны чет тили катары бүткүл дүйнө жүзү боюнча окутулушуна байланыштуу. Англис тили – санариптик технологиянын тили, ал илимде, бизнесте, эл аралык баарлашууда жайылтылган.

Башка тилдер арасында колдонуучуларынын саны боюнча кийинки орунда кытай тили турат – дүйнө жүзү боюнча 1500 млрд. адам бул тилде сүйлөйт. Алардын негизги бөлүгүн кытайлар түзөт. Азыркы учурда кытай тили да белгилүү болуп калды. Сүйлөгөндөрүнүн жана колдонуучуларынын саны боюнча

[4] Сүр. Дүйнө тилдери. https://top10a.ru/samye-krasivye-yazyki-v-mire.html

башка тилдер төмөнкүдөй көрсөткүчтө: испан тилинде (550 млн), араб тилинде (420 млн), француз тилинде (270 млн), орус тилинде (260 млн), немец тилинде (200 млн).

Алты тил – англис, араб, испан, кытайи, орус жана француз тилдери – БУУнун расмий тили статусуна ээ. Тилдерди билүү башка элдер менен баарлашууга жардам берет. Башка тилдерди билүү менен, биз көптөгөн элдердин маданиятын билип, бүткүл дүйнө жүзү боюнча досторду таба алабыз.

### Билимди бышыктоо

**1-тапшырма.** Түрдүү тилдердеги фразалар.

Окуучуларды эне тилинде жана биздин өлкөдө сүйлөгөн башка чет тилдерде, же дагы бир башка чет тилинде фразаларды түзүүсүн өтүнгүлө. Мисалы: Саламатсызбы. Кутман таң. Саламатта болунуз. Рахмат. Кечирип коюңуз. Менин атым … Сиздин атыныз ким? Кайсы жактан болосуз? Мен кубанычтамын.

Окуучулар фразаларды катары менен, бирин-бири кайталабастан аташат. Сабактын максаты сабакты аны менен алмаштырбай, окуучуларды аймактарындагы түрдүү тилдер, досторунун жана коңшуларынын тилдери менен тааныштыруу, өлкөбүздөгү көп тилдүүлүктүн байлыгы менен тааныштыруу саналат.

*1-ИШ. Мээге чабуул*

Силерге белгилүү болгон өлкөлөрдүн мамлекеттик тилдерин атагыла:

- АКШда, Улуу Британияда, Россияда жана башка өлкөлөрдө кайсы тил мамлекеттик тилболуп саналат?
- Кыргызстанда кайсы тил мамлекеттик тил болуп саналат?
- Жарандар эмне себептен мамлекеттик тилин билүүсү керек?
- Өлкөбүздүн жарандары эмне себептен орус тилин билиши зарыл?
- Силер кайсы тилдерди түшүнөсүңөр? Силер эмне себептен башка тилдерди түшүнөсүңөр жана башка тилде сүйлөй аласыңар?
- Көп тилди билүү эмне себептен жакшы? Башка өлкөдө болуп калсаңыз, кайсы тил сизге жардам берет? (Окуучулардан мисал келтирүүнү сурагыла: Россияда, АКШда, Германияда жана башка дүйнө өлкөлөрүндө).
- Башка өлкөлөрдөн досторду кантип табасынар?

**2-тапшырма.** КР Конституциясынын беренелерин окугула/тактага жазгыла (13-беренеден):

1) Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили.

2) Кыргыз Республикасында расмий тил катары орус тили колдонулат.

3) Кыргыз Республикасынын элин түзгөн бардык этностордун өкүлдөрүнө эне тилин сактоо, окуп-үйрөнүү үчүн шарттарды түзүү укугу кепилденет.

4) Мамлекет Кыргызстандын жарандарына мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин бирин окуп-үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзөт (46-бер. 4-п.).

*Мугалим үчүн сунуш:*

Суроолорду талкуулагыла:

- Эмне себептен бизге мамлекеттик тилди билүү маанилүү?
- Кыргызстанда кайсы тил расмий тил болуп саналат? Эмне себептен биз орус тилин билишибиз керек?
- Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандарыбыздын эне тилин окуп-үйрөнүүсү үчүн укуктарын кепилдейт. Эмне себептен эне тилин билүү маанилүү?

## Жыйынтыктар

- Окуучулар Кыргызстанда кыргыз тили мамлекеттик тил экендигине жыйынтык чыгарышат. Өлкөбүздүн ар бир жараны мамлекеттик тилде сүйлөй, жаза билиши керек.
- Мындан тышкары, орус тилин да билүүбүз керек, себеби Кыргыз Республикасынын Конституциясында орус тили өлкөбүздүн расмий тили болуп саналат деп жазылган.
- Мамлекет эне тилди окуп-үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт.
- Өлкөбүздө сүйлөгөн башка тилдерди да билүү жакшы болот.
- Чет тилдерин да билүү маанилүү, себеби бул жаңы досторду табууга жардам берет.
- Мисалы, англис тилин билсең, ал башка элдер менен баарлашууга, билим алууга, иштөөгө жардам берет.

## Рефлексия

Мугалим балдарга эне тилинде жана башка тилдерде макалдарды эстөөсүн сунуштайт.

Макалдарды окугула жана окуучулардын аларды баяндап берүүсүн сурагыла: «Тил ойдун сандыгы»; «Өнөр алды – кызыл тил»; «Алсыздын тили алты кулач»; «Адамдын акыл качып кутулбайт»; «Илим-окуу булагы, билим-омур чырагы».

## Үй тапшырма

«Башка тилдерди билүү мага кандай жардам берет?» аталышындагы эссе жазгыла.

*Г. М. Абдулкасимова*

# 5 Менин мекеним – Кыргызстан. Мен Кыргыз жаранымын

*5 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар:** *Окуучулар:*

1. Коомдун этностук ар түрдүүлүгү, Кыргызстандын жаратылышы жана мамлекеттик символикасы жөнүндө айтып беришет; өздөрүнүн жарандык таандыктыгын аныкташат.
2. Карта менен иштешет;
3. Кыргыз Республикасынын гимнинин текстин тандашат.
4. Өлкөбүздүн бардык жарандары Кыргыз жараны экендигин түшүндүрүшөт.
5. Мекенге болгон сезимдерин билдиришет.
6. Көп түрдүүлүктүн баалуулуктарына сый-урматын көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Методдору:** жекече иштөө, талкуулоо, карта менен иштөө, кластер.

**Ресурстар:** фото, слайддар, карта, ТСО.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Жаны теманы окуп үйрөнүү

Саламатсыңарбы балдар, бүгүн биз ар бирибиз үчүн маанилүү, жакын, ыйык болгон жаран түшүнүгү жөнүндө жана анын Кыргызстандын жараны – Кыргыз Жараны катары коомдогу ролу тууралуу суйлөшөбүз.

1-ИШ. *Ребусту таап көргүлө:*

Р1А –? Бул эмне?

Ата Мекен – Ата Мекен деген эмне?

- Бул мен жашап турган, окуп жаткан жер.
- Менин үй-бүлөм, туугандарым, досторум.

Үй-бүлө, туугандар, мектеп, достор – биз Кыргызстандын жарандарыбыз – бул биздин Ата Мекенибиз.

2-ИШ. *Келгиле, ырды окуйлу да, андагы башкы сөздөрдү белгилейли, жана алардын маанисин түшүндүрүп берели:*

Биз туулуп өскөн, жашап жаткан Улуу Жерди, сүйүктүү Жерди,

жагымдуу Мекен, жарык Мекен, Ата Мекен деп атайбыз.

Окуучулар белгиленген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп беришет.




**Ата Мекен** – бул сен туулуп, өскөн жер, бул жакта сенин туугандарың, досторуң жашайт. Бул силер окуган мектеп, жашаган айыл жана шаар.

*3-ИШ. Карта боюнча иштөө – Кыргыз Республикасы.*

Кыргыз Республикасы Борбордук Азияда жайгашкан. Картаны карагыла – Кыргызстан кайсы өлкөлөр менен чектешет? (Кытай, Казакстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Тажикстан Республикасы). Кыргызстанда 7 облус бар, аларды атагыла жана картадан көрсөткүлө.

*4-ИШ. Кыргызстандын диаграммасын/кластерин түзгүлө*

**Кыргызстан** – бийик тоолуу өлкө, ал ак карлуу бийик мөңгүлөр менен курчалып, аны жапжашыл коооздук менен капталган жайыттар, туптунук дарыялар, көлдөр, жыш токойлор жана бакчалар көркүнө чыгарып турат. Бул – бакубатчылык түнөгөн биздин Ата Мекенибиз.

*Мугалимге сунуштама:* кластерди окуучулар менен бирге толтурабыз.

*Талкуулоо:* Өлкөбүздүн байлыгын санап бергиле.

- Бул байлыктарды сактап калуу үчүн биз эмне кылышыбыз керек?

Окуучулар бул баалуулуктарды көздүн карегиндей сактоо керектигин айтышат. Мугалим аларды шыктандырып, бул өлкөбүздүн ар бир жаранынын милдети экендигин айтат. Ар бир жаран өз Мекенинин өнүгүүсүнө жана коомдун гүлдөшүнө салымын кошушу керек. Өлкөбүздүн ар бир жараны Кыргыз Республикасынын Конституциясында жазылган мыйзамдарга баш ийүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы – бул өлкөбүздүн негизги Мыйзамы, анда адам укугу жана өлкөбүздүн жаранынын милдеттери жазылган. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган. Жарандар өз милдеттенмелерин аткарууга жана Ата Мекенибизди коргоодо өз милдеттерин аткарууга тийиш. Биздин өлкөдө эмгекти сүйгөн кужурмөн адамдар жашайт.

Окуучулардын жоопторунан кийин, өлкөбүздүн калкы анын биринчи кезектеги байлыгы экендигин жыйынтыктагыла. Өлкөбүздүн байлыгы болуп биздин уникалдуу жаратылышыбыз – тоолорубуз, көлдөрүбүз, дарыяларыбыз, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү, маданиятыбыз саналат.

Кыргыз Республикасынын символдору: туусу, герби, гимни бар.






Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни 1992-жылдын 18-декабрында бекитилген. Гимдин сөзүн Ж. Садыков, Ш. Кулуев, музыкасын – Насыр Давлесов, Калый Молдобасанов жазган. Өлкөбүздүн гимнинин сөзү менен музыкасы Кыргызстанда жашаган бардык элдер ортосундагы достукту даңазалап турат. Гимнде:

«Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине» деген саптар сыймык менен айтылат.

Ошентип Кыргыз Республикасынын гимнинде өлкө элинин биримдиги туюнтулган.

Кыргызстанда 80-гө жакын этнос жашайт. Аларды атап көрөлү: кыргыздар, өзбектер, тажиктер, орустар, уйгурлар, дунгандар чечендер, татарлар, корейлер жана башкалар (элдердин улуттук кийимчен сүрөттөрүн пайдаланууга болот). Этностордун ар биринин өз каада-салты, үрп-адаты, тили, маданияты, дини, улуттук кийими болот. Биз башка элдердин маданий баалуулуктарын сыйлашыбыз жана толеранттуу болушубуз керек.

Жарандардын бардыгы бирдей укукка жана милдеттерге ээ болуп, Кыргыз жараны болуп саналышат. Келгиле, аныктаманы окуп чыгалы:

«Кыргыз жараны – бул этностук, диний, социалдык жана регионалдык таандыктыгына карабай, КР Конституциясына ылайык укуктарга жана милдеттерге ээ болгон Кыргыз Республикасынын жараны».

### Рефлексия

*Вариант 1:*

- Сабактан биз эмне жаңы нерсени билдик?
- Ким Кыргыз жараны болуп саналат?
- Кыргызстандагы жашоону жакшыртуу үчүн биз эмне кыла алабыз?

*Вариант 2.*

- Окуучулар Ата Мекен түшүнүгү менен байланышкан ойлорун, сезимдерин бир стикерде, ал эми Кыргыз жараны менен байланышкан түшүнүгүн экинчи стикерге жазышат.

- Стикерлерди класстагы тактага чапташат.
- Аягында бул эки түшүнүктүн ортосундагы байланышты түшүндүрүп беришет.

Иштин бул түрү окуучулардын Кыргызстан жөнүндөгү билимин тереңдетип, Ата Мекенге сүйүүсүн жана анын алдындагы жоопкерчилигин тарбиялоого түрткү берет.

**Үй тапшырмасы:** «Менин Мекеним – Кыргызстан» (Эссе).

*А. Р. Алишева*

# 6 Ден соолук жана менин жоопкерчилигим

*6 – 7 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

7. Таза жана тобокелчиликтүү жүрүм-турумду, адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна коопту болгон зыяндуу адаттарды, көз карандуулуктун формаларын аныкташат.
8. Өз эмоцияларын тандашат.
9. Зыяндуу адаттардын жана тобокелдиктүү жүрүм-турумдун кесепеттерине баа беришет.
10. Теңтуштарынын таасирлерине баа беришет; көрсөтүлгөн кысымга ЖОК деп айтуу үчүн эркин көрсөтүшөт.
11. Өз ден соолугу үчүн жоопкерчиликтерин аныкташат.
12. Саламаттыкты чыңдоочу жүрүм турумду практикалашат.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Сабактын усулдары жана ыкмалары:** мээге чабуул, талкуулоо, чакан топтордо иштөө, чыгармачыл иш, театралдык сценкалар.

**Жабдуу:** сүрөттөр, флипчарттар, фломастерлер.

*Усулдук сунуштамалар.* Чакан топтордо иштин уюштурулушуна көңүл бургула:

- Талкуулагандан кийин окуучулар өз темалары боюнча жыйынтык чыгарышат;
- окуучуларды презентацияга даярдашат жана мугалимдин жардамы менен аны коюуга милдеттерди бөлүштүрүшөт. Эгер топ 4 – 5 адамдан турса, анда милдеттер топтун бардык мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлөт (бир эле презентаторду тандабаш керек!);
- презентация үчүн чыкпаган чакан топтун мүчөлөрү жазууларды жүргүзүп, жоопторду кошумчалап, суроолорго жооп бериши керек;
- презентация учурунда талкуу уюштургула: окуучуларга суроолорду берүүгө шыкактагыла; ар бир топтон 2 – 3төн суроо түшүшү керек.

**План**

1. Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.
2. Жаңы материалды үйрөнүү. Мугалимдин презентациясы.
3. Билимдерди бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу

Окуучуларга суроо бергиле:

- Чоңдор окуучуларга кандай накыл сөздөрдү көбүрөк айтат?

Жакшы оку…

- Чоңдор туулган күндөрдө же башка жагдайларда кандай каалоолорду айтышат?

Ден соолук каалайт.

- Тамеки чеккен адамдын тамекисинин жытынан дем алуу силерге жагабы? Эмне себептен?
- Кандай ойлойсунар, бүгүнкү сабактын темасы кандай аталат? Кайсы суроолорду талкуулашыбыз керек?

**Мугалимдин презентациясы** (Тиркемени кара).

- Ден соолугу чың адам: тамактануу, уйку, дене бойлук кыймыл жана коопсуз жүрүм-турум. Эмоционалдык ден соолук. Тамеки тартуу, алкоголь, баңги заттар жана көз каранды жүрүм-турум.

### Билимдерди бышыктоо

*1-ИШ: Чакан топтордо иштөө. 5 – 6 адамдан турган чакан топторду түзгүлө. Топторго флипчарттарды жана фломастерлерди таратып бергиле. Окуучуларга тапшырманы түшүндүргүлө.*

### 1-топ. «Ден соолугу чың адам»: тамактануу жана уйку

**1-тапшырма.**

- Флипчартта адамдын сүрөтүн тарткыла – бул «Ден соолугу чың адам», ал бизге жашташ.
- Талкуулагыла жана суроолорго жооп бергиле (же сүрөттөрүн тарткыла).

ТАМАКТАНУУ

- Адам баласынын жашоосунда тамак-аш менен суунун ролу кандай?

ТАЗА тамактануу деген эмне?

- Туура жана толук кандуу тамактануу эмнени камтыйт?
- Тамактануу режими деген эмне?
- Эмне себептен этең мененки тамакты ичүү маанилүү? Эгер эртең мененки тамакты ичпесеңер, мектепте өзүңөрдү кандай сезесиңер?

ТАЗА ЭМЕС тамактануу деген эмне?

- Эмне себептен картылдактарды бош калория деп аташат?
- Туура эмес тамактанууга кайсы азыктарды киргизет?

**2-тапшырма.** Туура тамактануунун жана туура ЭМЕС тамактануунун тизмесин түзгүлө.

| № | Туура тамактануу | Туура ЭМЕС тамактануу |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |

УЙКУ

- Канча саат укташыңар керек?
- Уйку режимине кайсы зыяндуу адат тоскоолдук жаратат? Силердин уктоо режимиңерге уюлдук телефон кандай таасир этет?
- Уйкуңар канбай калса, мектепте өзүңөрдү кандай сезесинер?

Уйку кандай мааниге ээ?

*Жыйынтык чыгаргыла:* Өз ден соолугума өзүмдүн жеке жоопкерчилигим кандай?

Презентация даярдагыла жана класска коюп бергиле.

*Мугалим үчүн сунуш*

Топтун жыйынтыктоолорун класста талкуулагыла жана окуучулар менен бирге алардын маанилүүрөгүн тандагыла. Топтун болжолдуу жыйынтыктары:

- Курамына этти, белокторду, жашылчаларды, жемиштерди, жаңгактарды ж.б. камтыган толук кандуу тамактануу зарыл;
- өспүрүмдүн уйкусу 10 сааттан кем эмес болууга тийиш;
- ар бир адам өз ден соолугуна кам көрүшү керек - бул алардын жеке жоопкерчилиги

### 2-топ. «Ден соолугу чың адам»: дене бойлук кыймылдар жана тобокелдүү жүрүм-турум

**1-тапшырма.** Флипчартта адамдын сүрөтүн тарткыла – бул «Ден соолугу чыңадам», ал биз менен куракташ.

Талкуулагыла жана суроолорго жооп бергиле (же сүрөтүн тарткыла):

- Ар түрдүү дене бойлук көнүгүүлөр эмне себептен керек?
- Бир күндө канча мүнөт алектенүү зарыл?
- Аз кыймылдуу, көп отурган жашоо образынын зыяны эмнеде?

Ден соолукка жана айлана-чөйрөгө коркунуч келтирген жүрүм-турумду тобокелдүү жүрүм турум деп аташат.

- Жол кыймылынын эрежелерин бузган адамдар кандай тобокелдиктерге дуушар болушат?

- Велосипедде, самокатта, скейтборддо, сноуборддо тез ылдамдыкта тебүү кандай тобокелдиктерге учуратат?
- Адамдын тобокелдүү жүрүм-турумy айлана-чөйрөгө – тоолордо, токойлордо – кандай зыян келтириши мүмкүн?

**2-тапшырма.**

**Жыйынтык чыгаргыла:**

- Өз ден соолугума менин өзүмдүн жеке жоопкерчилигим кандай?
- Презентация даярдагыла жана класска көрсоткүлө.

*Мугалим үчүн сунуш*

Топтун жыйынтыктарын талкуулагыла жана окуучулар менен бирге алардын маанилүүрөгүн тандагыла. Топтордун болжолдуу жыйынтыктары:

- Күн сайын дене бойго 60 мүнөттүк ар түрдүү кыймылдарды жасоо керек;
- ар бир адам өзүнө жана айлана-чөйрөгө зыян келтирбеши үчүн өзүнүн жүрүм-турумунун тобокелдиктерин баалоого тийиш, мисалы, токойдо же тоолордо өрт;
- ар бир адам ден соолугуна кам көрүүгө тийиш – бул анын жеке жоопкерчилиги.

### 3-топ. «Ден соолугу чың адам»: эмоционалдык ден соолук

**1-тапшырма.** Флипчартта адамдын сүрөтүн тарткыла – бул «Ден соолугу чыңадам», ал силерге курдаш.

*Адамдын оң эмоцияларын талкуулагыла:*

- Адамда кандай оң эмоциялар (сезимдер) бар?
- Оң эмоцияларын адамдар кантип туюнтушат?

*Терс сезимдерди талкуулагыла:*

- Терс сезимдер кандай болот?
- Терс сезимдерди адамдар кантип туюндурушат?

**2-тапшырма.** Театрдык сценка же пантомиманы даярдагыла. Аларды чагылдырып бергиле:

- Кубанычтуу эмоциялар жана жакшы маанай.
- Адамдар урушканда же таарынышканда терс эмоциялар.

*Суроолорго жооп бергиле жана жыйынтык чыгаргыла:*

- Өзүмдүн эмоцияларыма жана ден соолугума менин жеке өзүмдүн жоопкерчилигим
- Класска презентация жана театрлаштырылган сценка коюбп бергиле.

*Мугалим үчүн сунуш*

*Топтун презентация процессинде класстагы окуучулар менен төмөнкү суроолорду талкуулагыла:*

- Терс эмоциялар үй-бүлөдү, мектепте, достор арасында силердлин өз-ара мамилелңерге кандай таасир ббериши мүмкүн? Кайсы эмоцияларды контролдоо керек?
- Топтун жыйынтыктарын тандагыла жана окуучулар менен бирге алардын арасынан маанилүүсүн тандап алгыла.

*Топтун болжолдуу жыйынтыктары:*

- Эмоцияларды контролдоо керек;
- өзүнүн эмоционалдык джүрүм-турумуна талдоо жүргүзүү зарыл;
- ар бир адам өзүнүн эмоционаолдык ден-соолугуна жооптуу.

### 4-топ. Ашыкча пайдалануу жана көз каранды жүрүм-турум

**1-тапшырма.** Флипчартка «Ден соолугу чың адам» деген сүрөттү тарткыла, ал силер менен жашташ. Текстти окугула:

- Тамеки тартуу ракка, өпкөлөрдүн жана жүрөктүн оорусуна, жана башка ооруларга алып келет. Узак убакыт тамеки тартып жүргөндөр көп жөтөлөт, себеби түтүндүн ышы тамактын, трахеанын, өпкөлөрдүн былжырына топтолуп калат.
- Тамеки тарткандардын өпкөсү рентгендин сүрөтүнөн кара тактар менен капталганы көрүнүп турат. Тамеки тартуу адамдын өмүрүн 15 жылга кыскартат.
- Алкоголь ден соолуктун, психиканын бузулушуна алып келет.
- Баңги заттары жана химиялык каражаттар акыл-эс жөндөмүнүн бузулушуна жана эрте жаштагы өлүмгө дуушар кылат.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Тамеки тартуунун зыяны жөнүндө кандай ойлойсуңар?
- Эмне себептен мыйзам коомдук жайларда тамеки тартууга тыюу салат? Тамекиден чыккан түтүн айланадагы адамдарга, өзгөчө балдарга кандай зыян келтирет?
- Алкоголдун зыяны тууралуу кандай ойлойсуңар?
- Баңги заттар эмнеси менен коркунучтуу?
- Саналып өткөн кыянаттык менен пайдалануу үй-бүлөнүн бюджетине кандай таасир этет?

**2-тапшырма.** Суроолорго жооп бергиле жана жыйынтык чыгаргыла:

- Тамеки тарткан адамдын өпкөсү кандай болот? Тамеки тарткан адамдын өпкөсүн тарткыла.
- Өз ден соолугум үчүн менин жеке жоопкерчилигим кандай?

Презентация даярдагыла жана класска айтып бергиле.

*Мугалим үчүн белги*

- Топтун презентациялоо процессинде төмөнкү сурроону талкуулагыла:

- Силерди тамеки тартууга же башка дагы кыянаттык менен пайдаланууга үйрөткүсү келип жаткандарга эмне деп айтуу керек?
- Жооп: ЖОК деп сөзүнө бекем туруп алуу зарыл.
- Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда[5] балдарды баңгилик каражаттарды, анын ичинде тамекини жана химиялык заттарды колдонуудан коргоого укугун карарын окуучуларга эскерткиле. Балдарды пайдаланууга жана ага кысым көрсөтүүгө эч кимдин укугу жок
- Топтун жыйынтыктарын талкуулагыла жана окуучулар менен бирге алардын арасынан маанилүүлөрүн тандагыла.

*Топтун болжолдуу мисалдары:*

- Ден соолукту сактоо үчүн өзүң туралуу кам көрүшүң, режимди, тамактануу жана уктоо режимдерин сакташың керек;
- тамеки тартуу, алкоголь, токсикомания жана баңги заттар көз карандуулукка алып келет жана адамдын өмүрү үчүн коркунучтуу – алар ден соолукка зыян алып келип, өмүрдү кыскартат.

*2-ИШ: Жуптарда иштөө*

**Көз карандуулук таблицасы.** [6] Мисалдарды келтиргиле:

| № | Аракеттер | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. | Мобилдик телефон | |
| 2. | Интернет | |
| 3. | Виде оюндар | |
| 4. | Тамеки тартуу | |
| 5. | Алкоголь | |
| 6. | Баңги заттар | |

*Мугалим үчүн эскертүү*

Класста көз карандуулуктун мисалдарын талкуулагыла:

- Адамдар эмне себептен көз каранды болуп калышат?
- Аларга эмне таасир берген?

## Сабактын темасы боюнча жыйынтыктар:

- Окуучулар менен бирге жыйынтыктардын жалпы тизмесин түзүп чыккыла.
- Окуучуларга аларды тептерлерине жазууну сунуштагыла.

## Рефлексия

- Бул сабакта силер үчүн эң маанилүү эмне болду?
- Эмнени түшүндүңөр жана бул сабактан өзүңөргө кандай жыйынтык чыгардыңар?
- Баңги заттардан бир нерсесин "татып көрүүнү" силерге сунушташса, же силерге кысым жасап жатса, силер өзүңөрдү кантип коргошуңар керек?

[5] Баланын укуктары жөнүндө Конвенция. 33-бер

[6] Жеткиликтүү: https://kitep.edu.gov.kg/ru/view/1752

- Өз ден соолугуңар үчүн жоопкерчилигиңер тууралуу кандай ойдосуңар?

### Үй тапшырма

1. “Ден соолугу чың адам” аталышындда өзүңөрдүн күн тартибиңерди жана тамактануу тартибиңерди түзгүлө.
2. Мен кайсы зыяндуу адаттан арылышым керек деп ойлонуп, өзүңөргө жооп бергиле.
3. Текстти окуп чыккыла жана фразаларды түшүндүрүү менен бүтүргүлө:

«Жаштардын көбү – тамеки тартпайт, алардын тамекинин ден соолукка зыянын түшүнүшөт. Айрым өспүрүмдөр тамеки тартуу – укмуш нерсе деп ойлошот, ал эми айрымдары болсо бул ден соолукка зыяндуу көз карандылык деп эсептешет.».

Тамеки тартуу ... деп эсептейм. Себеби ... Мунун далили болуп ... саналат.

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

### Ден соолукутун адам өмүрүнө мааниси

Биздин жашоодогу башкы баалуулук болуп адам өмүрү, ден соолугу, эркиндиги жана ар намысы саналат. Бул баалуулуктар адамдын билим алууга жана ден соолугун коргоого конституциялык укуктары менен байланышкан.

Дүйнө элинин ден соолугу – дүйнөлүк өнүгүүнүн башкы максаттарынын бири. Ден соолук – оорунун жоктугу гана эмес, бул адам баласынын кубанычтуу, бактылуу жашоосунун шарттарынын бири.

*Ден соолук өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:*

- Дене бойдун саламаттыгы – бул адам баласынын денесинин абалы. Ден соолукту сактиоо үчүн адам баласы өзүнө кам көрүүгө, режимди сактоого, тамактануу, уктоо режимдерин сактоого тийиш.
- Психикалык жана эмоционалдык саламаттык – бул аң-сезимдин тазалыгы жана сезимдердин тунук туюнтулушу. Сезимдердин тунук туюнтулушу дене бойдун саламаттыгын сактап жүрүүгө жардам берет. Эмоционалдык кабатырлануудан адамдын дене бойлук абалы жабыр тартышы мүмкүн. Эмоциялар оң жана терс болушат. Эмоцияларды туюнтуу: кубануу, тынчтануу, агрессия ж.б.

### Тамактануу[7] жана анын мааниси




Тамактануу жашоо үчүн зарыл процесс –бул организм үчүн энергиянын булагы. Ал энергияны жана азыктандыруучу заттарды берет. Азыктандыруучу заттар – булар организмдин өсүүсүнө, ткандардын калыбына келишине жардам берүүчү жана организмдин тутумуна энергия берген витаминдер, минералдар.

[7] Сүрөт: https://abrakadabra.fun/6238-zdorovoe-pitanie-vektor.html

## Дене бойлук кыймылдар жана уйку



Дене бойлук көнүгүүлөр көптөгөн себептер боюнча маанилүү болуп саналат, ошондуктан өспүрүмдөр күнүнө дене бойлук активдүүлүккө 60 мүнөт бөлүүсү сунушталат. Дене бойлук көнүгүүлөрдүн артыкчылыктары өзүнө депрессиянын тобокелдигин төмөндөтүүнү, дене бойдун фомасын жакшыртууну жана сөөктөрдү чыңдоону камтыйт.

Уктап жаткан учурда адамдын дене бойлук күчү калыбына келет, себеби адам баласы бир күн ичинде чарчап калат: окуйт же иштейт. 11–12 жаштагы өспүрүмдөргө бир суткада 10 саат уктоосу сунушталат.

## Аң-сезимдүү жана тобокелдүү жүрүм-турум[8]



Адамдын ден соллугу анын жүрүм-турумуна да жараша болот. Жүрүм-турум – адам баласынын аракети же жагдайга карата иш-аракети саналат. Ден солуктун абалына жүрүм-турумдун эки түрү таасир этет: аң-сезимдүү жүрүм-турум жана тобокелдик менен байланышкан жүрүм-турум. Тобокелдүү жүрүм-турумга самокат, велосипед менен тез ылдамдыкта жүрүү, бийиктиктен секирүү, сноуборд тебүү ж.б. Эгер адам өзүнө, башка адамдарга же айлана-чөйрөгө зыян келтирбеши үчүн кандай кыймылдашы керектигин ойлонуп, тандап турса, анда бул аң-сезимдүү жүрүм-турум. Эгерде ал кесепеттери жөнүндө ойлонбой, өзү каалаган нерсесинин бардыгын жасай берсе – бул тобокелдүү жүрүм-турум.

## Психикалык жана эмоционалдык ден соолук[9]





Өз сезимдерин аң-сезимдүү туюнтуу ыкмалары дене бойдун саламаттыгын чың алып жүрүүгө жардам берет. Терс сезимдер: ачуулануу, таарынуу, жини келүү, иренжий берүү, коркуу, тынчсыздануу, кабатырлануу, уялуу, күнөөлүү сезүү жана башкалар.

[8] Сүрөт: тоодо эс алуу. Баллондо кантип сыйгаланып, тирүү калуу керек. Жеткиликтүү: 28-январь 2018, Бишкек - 24.kg,

[9] Сүрөт: https://kartinki.pibig

## КЫЯНАТТЫК МЕНЕН ПАЙДАЛАНУУ ЖАНА КӨЗ КАРАНДУУЛУК

Адамдын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирген адаттарды талкуулоону эрте этапта баштоо маанилүү.

**Тамеки тартуу** адамдын органдарына: мээсине, жүрөгүнө, өпкөлөрөнү, кан тамырларына зыян келтирип, рак ооруларынын өөрчүшүнө алып келет. никотин адамды көз карандуулукка дуушар кылып, анын негизинде тамекиден баш тартууга өтө оорр болуп калат. Бир жыл ичинде тамеки тарткан адамдын өпкөсү аркылуу болжол менен 1 килограммга жакын тамеки смоласы өтүп, дем алуу жолдорунда тунма пайда болот да, ал ооруга алып келет. Адам энтигип, жөтөлүп баштайт, андан сырткары көптөгөн оорулардын белгилери пайда болот.

**Алкоголь** адамдын так сүйлөө жөндөмүнө таасир этет, эмоционалдык тең салмактуулук - мас болгон адамдар көп учурларда урушуп кетип, мушташканга чейин барышат. Алкогол ичимдиктерин ичүү көнмүшү адатка алып келип. Ага көз каранды кылып коет, андан тышкары ашказандын, бөйрөктөрдүн ооруларына, баш ооруга жана ден соолуктун дагы башка бузулуусуна алып келет.

**Баңги заттар.** Заманбап синтетикалык баңг заттары бар, алар күл майда түрүндө же таблетка түрүндө болушат. Нерв тутумуна зор таасир этип, препарат тез эле өзүнө көз каранды кылып коет, андан өз алдынча арылуу татаал болот (дээрлик мүмкүн эмес). Баңги заттардын бардыгы өзүнүн табияты боюнча уу зат болуп саналат, ал адам баласынын органынын бардык тутумун жаралап кетет.

Токсикомания жана баңги заттарын ичке пайдалануу акыл-эс жөндөмүн жоготууга, психиканын бузулуусуна алып келерин жана өмүр жашты олуттуу кыскартаарын изилдөөлөр көрсөттү. Эреже катары, баңги аттарын адамдар контролсуз колдонгондон тартып, он жылдан ашпаган гана убакыт жашашат. Биздин өлкөдө баңги заттарга тыюу салынган. Аларды жайылтуу мыйзамсыз. Алкоголизмден жана баңги затын колдонуудан улам үй-бүлөдө да жаңжалдар болуп турат.

Азыркы учурда баңги заттардын бардыгы контаксысыз ыкма менен сатылып жатканына чоң адамдар көңүл буруулары керек. Анда барлашуу мессенжер аркылуу жүрүп, анонимдик төлөм тутуму аркылуу төлөнөт.

**Уулуу заттар. Токсикомания** – адамдын уулуу заттардан өтө оор көз карандуулугу. Токсикомандар баңги затын коолдонгондой натыйжа алуу үчүн бензиндин, химиялык түрдүү заттардын – эриткичтердин, лактардын, боёктордун, ацетондун, клейдин жыттары, буулары менен дем алышат. Көз карандуулуктуне бул түрү өтө кооптуу, кесепети абдан оор болот – эс тутуму начарлап, интеллекти төмөндөйт, мээнин иштеши бузулат жанеа психоневрозго алып келет. Мындай көз карандуулук өтө тез өөрчүйт.

**Көз карандуулук** – адам өзүнүн ден соолугуна жана өмүрүнө коркуну келерин түшүнүп турганына карабай, кандайдыр бир иш-аракетти жасоого муктаждыгы. Көз карандуулук төмөнкүдөй болот: а) физиологиялык – бул баңги заттарын колдонуу, алкоголь ичүү жана химиялык заттарды пайдалануу; б) жүрүм-турумдук – бул кумар оюндары, тобокелдүү жүрүм-турум ж.б.

**Жыйынтык:** тамеки тартуу, алкоголь, токсикомания жана баңги заттар адамды андан көз карандуулукка алып келет жана өмүрү үчүн коркунучтуу болуп саналат. Алар ден соолукка зыян келтирип, өмүр жашты кыскартат. Баңги заттарын колдонуу көптөгөн ооруларга, адамдын майып болуп калышына жана эрте өлүүсүнө себеп болот.

*А. Р. Алишева*

# 7 Адам укугу: Кыргыз Республикасынын жаранынын милдеттери

*7 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Адам укуктарын санап беришет, адам укуктары бекитилген документтерди аташат.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Адам укугунун жалпы декларациясынын беренелерин талдоого алышат.
3. Өз жоопкерчилигин аныкташат.
4. Адам укугуна сый-урматын көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы билимдерди өздөштүрүү, болгон билимин пайдалануу, мээге чабуул, талкуулоо, чакан топтордо иштөө, мини-сценкалар.

**Жабдуу:** таркатылуучу барактар, флипчарттар, маркерлер.

**Негизги түшүнүктөр жана терминдер:** адам укугу жана эркиндиги, ар-намыс, басмырлоо.

*Мугалимге сунуштама*

- Сабакта Адам укуктарынын жалпы декларациясынын жөнөкөйлөтүлгөн версиясын пайдаланууга болот (2-тиркеме). Керектүү материалдарды тиркемеден басып чыгарып алгыла. Тапшырманы аткаруу окуучулар адамдын укуктарынын идеясын сезүүсүнө жана укуктар алардын жашоосуна түздөн түз катышы бар экендигин түшүнүүсүнө багытталган;
- презентация учурунда талкуулоо уюштургула;
- окуучулардын суроо беришине шыктандыргыла, ар бир топтон 2-3төн суроо түшүшү керек.

**План**

1. Окучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.
2. Жаңы материалды үйрөнүү. Мугалимдин презентациясы.
3. Билимди бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу:**

- Адамдын кайсы укуктары силерге белгилүү?
- Адам укуктары кайсы документтерде бекитилген?
- Өзүңөрдүн жарандык укуктарыңарды кандайча түшүнөсүңөр?
- Өлкөбүздө ар бир жаран кайсы милдеттерди аткарууга тийиш?

**Мугалимдин презентациясы** (1-тиркемени кара).

Адам укугу деген эмне? Адам укугунун принциптери: ажырагыстык, бөлүнбөстүк жана универсалдуулук.

**Билимди бышыктоо**

*1-ИШ: Чакан топтордо иштөө.*

5 – 6 адамдан турган чакан топторду түзгүлө. Топторго флипчарттарды жана фломастерлерди тараткыла. Окуучуларга тапшырманы түшүндүргүлө.

### 1-топ. Адам укугу: Адам укуктарынын жалпы декларациясы

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыгып, талкуулагыла.

Силердин топ жашоо үчүн минималдуу гана шарттары бар аралга түшүп калды дейли. Ал аралда силер бир нече ай бою жашоого туура келди, андыктан аралда жашап турууну өз алдыңарча уюштуруу зарылдыгы пайда болду. Аралда биргелешип жашоо эрежелерин иштеп чыгуу керек: үй, жылуулук маселесин чечүү, тамак-аш жана коопсуздук менен камсыз кылуу.

**2-тапшырма.** Адам укуктарынын жалпы декларациясын окуп чыккыла, керектүү беренелерин талкуулап, тандап алгыла. Силердин аралда жашооңорго негиз боло турган адам укуктарынын тизмесин түзгүлө.

*Суроолорго жооп бергиле: Жообуңарды ырастагыла.*

- Эмне себептен дал ушул укуктарды тандап алдыңар?
- Силердин жашооңордо бул укуктар эмнеси менен баалуу?
- Бул укуктар силердин милдетиңер менен кандайча байланышкан?

Презентация даярдагыла жана класска көрсөткүлө.

### 2-топ. Адам укугу: Кыргыз Республикасынын Конституциясы

**1-тапшырма.** Текстти окуп, талкуулагыла.

Силердин топ жашоо үчүн минималдуу гана шарттары бар аралга түшүп калды дейли. Ал аралда силер бир нече ай бою жашоого туура келди, андыктан аралда жашап турууну өз алдыңарча уюштуруу зарылдыгы пайда болду. Аралда биргелешип жашоо эрежелерин иштеп чыгуу керек: үй, жылуулук маселесин чечүү, тамак-аш жана коопсуздук менен камсыз кылуу.

**2-тапшырма.** КР Конституциясын, "Жеке укуктар жана эркиндиктер" аталышындагы 2-главаны окуп чыккыла. КР Конституциясынан силердин оюңар боюнча аралда жашоо үчүн зарыл болгон адам укуктарын тандап алгыла. Адам

укуктарынын тизмесин түзгүлө (сүрөтүн тарткыла). Бул укуктар силердин аралда жашооңордун негизи болуп калат.

*Суроолорго жооп бергиле: Жообуңарды ырастагыла.*

- Эмне себептен дал ушул укуктарды тандадыңар?
- Силердин жашооңор үчүн бул укуктар эмнеси менен маанилүү?
- Бул укуктар кимдерге жайылтылбайт?
- Бул тизмеге дагы кайсы укуктарды кошкуңар келет?
- Бул укуктар силердин жоопкерчилигиңер менен кандайча байланышкан?

Презентация даярдап, класска көрсөткүлө.

### 3-топ. Жарандын милдеттери: Кыргыз Республикасынын Конституциясы

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыгып, талкуулагыла.

Силердин топ жашоо үчүн минималдуу гана шарттары бар аралга түшүп калды дейли. Ал аралда силер бир нече ай бою жашоого туура келди, андыктан аралда жашап турууну өз алдыңарча уюштуруу зарылдыгы пайда болду. Аралда биргелешип жашоо эрежелерин иштеп чыгуу керек: үй, жылуулук маселесин чечүү, тамак-аш жана коопсуздук менен камсыз кылуу.

**2-тапшырма.** Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен иштөө.

- КР Конституциясын «Жарандык. Жарандын укуктары жана милдеттери» аталышындагы 5-главаны окуп чыккыла.
- Силердин аралдагы жашооңорду уюштурууга жардам берүүчү жарандык милдеттерди талкуулагыла жана тандап алгыла.
- Жарандык милдеттердин тизмесин түзүгүлө.

*Суроолорго жооп бергиле: Жообуңарды ырастагыла.*

- Эмне себептен дал ушул жарандык милдеттерди тандап алдыңар?
- Бул укуктар эмнеси менен маанилүү?
- Бул милдеттенмелер кимдерге жайылтылбайт?
- Бул милдеттенмелер силердин укуктарыңар менен канлайча байланышкан?

Презентация даярдагыла жана класска көрсөткүлө.

### 4-топ. Табигый укуктар

**1-тапшырма.** Текстти окугула жана талкуулагыла.

Адам укуктарынын принциптеринин негизи болуп табигый укук саналат. Табигый укук түшүнүгү адам укугу мамлекет тарабынан түзүлбөстүгүн, аларга туулганынан эле таандык экендигин туюнтат. Ар бир адам кайсы бир мамлекеттин жараны болгондуктан эмес, ал адам уруусуна тиешелүү болгондукутан ал укуктарга ээ болот.

**Табигый укуктар** – адам Адам болгону үчүн ага төрөлгөнүнөн эле таандык болгон ажырагыс укуктар.

**2-тапшырма.** Суроолорго жооп бергиле. Жообуңарды ырастагыла.

- Адам укугун силерден кимдир-бирөө алып кое алабы? Мисалы, эркин ой жүгүртүү укугуңарды, ишенимдин эркин болушуна укугуңарды?
- Эгер кайсы бир укук мамлекеттин мыйзамында жазылбаса, анда адам ал укуктарга ээ эмес дегенди түшүндүрөбү?
- Айрым укуктар аларга жайылтылбаган айрым адамдар же топтор барбы?

Презентация даярдап, класска көрсөткүлө.

*2- ИШ: Жуптарда иштөө*

Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 1-беренесинде бардык адамдар бири-бирине боордош мамиледе болууга тийиш деп айтылат.

*Мугалим үчүн белги*

Окуучулардын жоопторун класста талкуулагыла. Жооптордун үлгүсү:

- Укуктар ар дайым жоопкерчиликти билдирет.
- Адам укуктары адамдардын бири-бирине карата жүрүм-турум эрежелерин аныктайт.
- АУЖДнын бул беренеси ар бир адамдын жеке жоопкерчилигине басым жасайт.
- Окуучулар менен адам укуктарынын жалпы тизмесин түзүп чыккыла; жарандын укуктарынын жана милдеттеринин тизмесин түзгүлө.

## Жыйынтыктар

Класста суроолорду жалпы талкуулагыла жана жыйынтык чыгаргыла. Сабактын жыйынтыгын чыгарууну аяктап жатып, төмөнкүлөрдү баса белгилегиле:

- Ар бир адам укуктарга жана эркиндиктерге ээ, ошондуктан бир адамдын укугу экинчи адамдын укугу башталган жерде аяктайт.
- КР Конституциясы адам укугун коомдун жогорку баалуулугу катары жарыялайт.
- Мамлекет адамдар адамдык ар-намыс менен жашай алгыдай шарттарды түзүүгө тийиш.
- Адам укугунун сакталышына мамлекет жоопкерчилик алат – анын милдети ар бир адамдын укуктарын коргоо.

## Рефлексия

Класста суроолорду жалпы талкуулагыла:

- Адамдын ажырагыс укуктары дегенди кандай түшүнөсүңөр?

*Жооп:* Ажырагыс укуктар адам Адам болгону үчүн төрөлөр менен ага таандык болорун туюнтат.

- Эгер кайсы бир укук мамлекеттин мыйзамында жазылбаса, анда адам ал укуктарга ээ эмес дегенди түшүндүрөбү? Мисалы, эркиндикке болгон укук.

*Жооп:* Мыйзамдары адамдын укуктарынын кайсы бирин карабаган мамлекеттин жарандары ал укуктарга төрөлөрү менен ээ болот.

- Айрым укуктар аларга жайылтылбаган айрым адамдар же топтор барбы?

*Жооп:* Адам укуктары адамдардын жашап турган өлкөсүнө карабай, бардыгына жайылтылат. Ошондуктан адам укуктары универсалдуу укуктар деп аталат.

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

1-тиркеме.

## АДАМ УКУКТАРЫ

«Ар бир адам эч кандай айырмачылыгына, расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук жана социалдык тегине, мүлктүк, тек-жайлык же башка абалына карабастан ушул Декларацияда жарыяланган бардык укуктарга жана бардык эркиндиктерге ээ болууга тийиш.» (Адам укуктарынын жалпы декларациясы, 2-берене).

Экинчи дүйнөлүк согуш учурундагы миллиондогон адамдардын өлүмү Жер жүзүндө коомду сактап калуу, жана тынчтык менен прогрессти камсыз кылуу адам укуктарын сактоо жана коргоо аркылуу гана мүмкүн болорун адамзат терең түшүндү. 1945-жылдын 24-октябры Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) түзүлгөн расмий дата катары эсептелет. 1992-жылдын 2-мартында биздин өлкө БУУга мүчөлүккө кабыл алынган. Нью-Йорктогу БУУнун имаратынын жанындагы асабалар илгичте Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусу салтанаттуу түрдө көтөрүлгөн. БУУнун ийгиликтеринин бири болуп 1948-жылдын 10-декабрында адам укуктары боюнча негиз салуучу эл аралык документтин – Адам укуктарынын жалпы декларациясын (АУЖД) кабыл алышы болуп калды. Көптөгөн мамлекеттер Адам укуктарынын жалпы декларациясына кол тамгаларын коюшкан, аны менен өз жарандарынын укуктарын коргоо милдеттерин кабыл алышкан. Адам укуктарынын жалпы декларациясынан кийин балдардын, аялдардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктарын коргогон же адамдын конкреттүү укугуна багытталган – мисалы кыйноолордон жана басмырлоолордон эркин болуу укугу сыяктуу дагы башка конвенциялар жана пактылар пайда болгон.

Адам укуктары жеке (аларды жарандык укуктар деп да аташат), саясий, социалдык, экономикалык, маданий болуп бөлүнөт. Адам укуктары мамлекет тарабынан түзүлбөйт, алар адамга төрөлөрү менен эле таандык болуп, ар бир адамдын сый-урматына жана баалуулугуна негизделген табигый укуктар болуп саналышат.

**Адам укуктары** – инсандын коомдо коопсуз, эркин жашоосунун элементтардык, маанилүү бакубатчылыктарды жана шарттарды пайдалана алуу мүмкүнчүлүгү. Адам укугун адам баласынын татыктуу жашоосу үчүн базалык ченемдерди аныктаган нерсе катары түшүнүүгө болот. Негизги эки баалуулук: адамдын ар-намысы жана теңдик адам укуктарынын концепциясынын негизин түзөт.

Адам укуктарынын принциптеринин негизи болуп табигый укук саналат. Табигый укук концепциясы Европада XVII-XVIII кылымдарда калыптанган. Табигый укук түшүнүгү адам укуктары мамлекет тарабынан түзүлбөстөн, ал төрөлөрү менен ага таандык экендигин туюнтат. Адам кайсы бир мамлекеттин жараны, этностун, диндин өкүлү ж.б. болгондуктан эмес, ал адам уруусуна таандык болгондугу үчүн ошол табигый укуктарга дароо ээ болот.

**Табигый укуктар** – адам баласы Адам болгону үчүн ага төрөлгөнүнөн эле таандык болгон ажырагыс укуктар.

Адам укуктары ажырагыс – өз укуктарынан эч ким ажыратылышы мүмкүн эмес, адам аларды жогото албайт. Адам укуктары универсалдуу, тактап айтканда, алар этностук, расалык, маданий, диний жана кандайдыр бир басмырлоосуз башка айырмачылыктарына карабай, бардык адамдарга бирдей колдонулат.

**Адам укуктары бөлүнгүс, бири-бири менен байланышкан жана бири-бирине көз каранды** – бул болсо адамдын ар түрдүү укуктары бири-бири менен байланышкандыгын жана өз-өзүнчө кароого мүкүн эместигин, бирдей мааниге ээ экендигин жана бардыгы маанилүү болгондугун туюнтат.

Адамдын бардык укуктары бирдей эле маанилүү жана баалуу. Мисалы, социалдык укуктар коомдун турмушуна катышуу үчүн керек. Билим алуу укугу, медициналык тейлөөгө укук, эмгекке укук, шайлоолорго катышуу укугу (өлкөнүн президентин, парламенттин депутаттарын ж.б. тандоо), дин тутуу эркиндигине укук, кыйноолордон эркин болуу ж.б. укуктар.

Ошентип, адамдын бардык укуктары бирдей эле маанилүү, алар бири-бири менен өз ара байланышкан, бири-бирине көз каранды жана бири-биринен ажырагыс. Эгер укуктардын бири бузулса, мисалы, билим алуу укугу бузулса, анда бул эмгекке болгон укукту ишке ашырууга таасирин тийгизет – билимсиз жакшы иш табуу, өлкөнүн саясий турмушуна катышуу ж.б. кыйынга турат. Тактап айтканда, адам укуктары бири-бири менен байланышкан, ажырагыс жана бири-биринен көз каранды.

**Адам укуктары** – бул болгон бардык эле укуктар эмес, ал адамдын бийлик (мамлекет) менен мамилелеринин катарында жүргөн укуктар, т.а., адамдын юридикалык укуктары козголгон мамилелер. Мисалы, адам менен мамлекеттик жарандык кызматкерлердин (же айыл өкмөтүнүн муниципалдык кызматкерлеринин, мэриянын, жергиликтүү кеңештин депутатынын), адам менен милициянын ортосундагы мамилелер.

**Мамлекеттин милдеттенмелери** адамга шарттарды, коопсуздукту камсыз кылууга жана укуктарды коргоого тийиштүү. Ал үчүн мамлекет адам укуктарын кепилдөөчү мыйзамдарды кабыл алат.

2-тиркеме.

## АДАМ УКУКТАРЫ

Адам укуктары жаатында Бириккен Улуттар Уюмунун уюшулушунун он жылдыгы (1995-2004-жылдар) № 4.

Адам укугун окутуу алиппеси. Баштапкы жана орто мектептерде практикалык иш, 2003-жыл май.

Адам укуктарынын жалпы декларациясы (1948-жыл)

Жөнөкөй тил менен баяндалган вариант багыт алуу үчүн гана келтирилет. Ар бир принциптин так туюнтулушун окуучулар түп нускадан алууга тийиш. Бул вариант 1978-жылы Мектепти тынчтыктын инструменти катары түзүү боюнча бүткүл дүйнөлүк ассоциация үчүн профессор Л.Массарентинин[10] жетекчилиги алдында Женева университетинин изилдөө тобу тарабынан даярдалган тексттин котормосуна жарым-жартылай негизделген.

## АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

| ЖӨНӨКӨЙЛӨТҮЛГӨН ВАРИАНТ | ТҮП НУСКА |
|---|---|
| *1-берене*<br>Адам төрөлгөндөн эркин болот, ар бир адамга бирдей мамиле жасоо керек. Алар аң-сезимдүү жана абийирдүү болушат жана бири-бирине карата боордош мамиледе болуга тийиш | Бардык адамдар эркин жана тең укуктар жана нарк-касиет менен жарык дүйнөгө келет. Алар аң-сезимдүү жана абийирдүү жана бири-бирине боордош мамиледе болууга тийиш. |
| *2-берене*<br>Ар бир адам төмөнкүлөргө карабай, укуктарга ээ боло алат:<br>- түрдүү жынысына<br>- терисинин түрдүү түсү<br>- сүйлөгөн тилиндеги айырмачылык<br>- көз карашындагы айырма<br>- башка динге ишенүү<br>- чоң же кичине нерсеге ээ болуу<br>- социалдык башка топто төрөлүү<br>- башка өлкөдөн чыккан.<br>Ошондой эле силердин мамлекет көз карандысыз болгону жана болбогону да мааниге ээ эмес | Ар бир адам эч кандай айырмачылыгына, расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук жана социалдык тегине, мүлктүк, тек-жайлык же башка абалына карабастан ушул Декларацияда жарыяланган бардык укуктарга жана бардык эркиндиктерге ээ болууга тийиш.<br>Мындан тышкары, адам таандык болгон өлкө же аймак көз карандысыз, көзөмөлдүк астында турган, өз алдынча башкарылбаган же суверенитети кандайдыр бир башкача чектелгендигине карабастан анын саясий, укуктук же эл аралык статусунун негизинде эч кандай айырмачылык болбогого тийиш |
| *3-берене*<br>Сиз жашоого, жана эркин жана коопсуз шартында жашоого укуктуусуз | Ар бир адам жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу. |
| *4-берене*<br>Эч ким сизге кул катары мамиле жасоого укуктуу эмес жана сиз эч кимди кул кылбашыңыз керек. | Эч ким кулчулукта же эрксиз абалда кармалууга тийиш эмес; кулчулукка жана кул сатуунун бардык түрлөрүнө тыюу салынат |
| *5-берене*<br>Сизди эч ким кыйноого укуктуу эмес. | Эч ким кыйноого же аеосуз, адамкерчиликсиз же анын ар-намысын басмырлоочу мамилеге жана жазага кириптер кылынбашы керек. |
| *6-берене*<br>Сиз башкалардай эле бардык жерде мыйзам менен бирлдей корголушуңуз керек. | Ар бир адам, кайда гана болбосун, ага укуктун субъектиси таандык экендигин талап кылууга укуктуу |

[10] Жеткиликтүү: https://www.ohchr.org/sites/default/files/Documents/Publications/ABCru.pdff

| | |
|---|---|
| *7-берене*<br>Закон – бардыгы үчүн бирөө эле; ал бардыгына бирдей колдонулушу керек. | Бардык адамдар мыйзам алдында бирдей жана эч айырмасыз мыйзам менен бирдей корголууга укуктуу. Бардык адамдар ушул Декларацияны бузуучу кандай гана болбосун кодулоодон жана андай кодулоого ар кандай шыкактоодон бирдей корголууга укуктуу |
| *8-берене*<br>Силердин өлкө силерге берип жаткан укуктарыңар сыйланбай жатса, силерде юридикалык жардамга кайрылууга мүмкүнчүлүгүңөр болууга тийиш | Ар бир адам конституциядагы же мыйзамдагы анын негизги укуктары бузулган учурда компоненттүү улуттук соттор аркылуу укуктары толук калыбына келтирилишине акылуу. |
| *9-берене*<br>Эч ким сизди түрмөгө жайгаштырып коюуга, ал жакта кармоого же өз өлкөңүздөн адилетсиз же жүйөсүз себептер менен чыгарып салууга укугу жок | Эч ким ээнбаштык менен камакка алынууга, кармалууга же куугунтукталууга тийиш эмес |
| *10-берене*<br>Эгер Сизди соттоо керек болсо, анда ал ачык өтүшү керек. Сизди соттоп жаткан адамдар башка адамдардын тасиринде болбошу керек | Ар бир адам өз укуктары менен милдеттерин аныктоо жана ага коюлган кылмыш күнөөсүнүн негиздүүлүгүн аныктоо үчүн толук теңчилик негизде анын иши ачык жана адилеттүүлүктүн бардык талаптарын сактоо менен көз карандысыз жана адилет сот тарабынан каралышына укуктуу |
| *11-берене*<br>Сиздин күнөөңүз далилденгенге чейин, сизди күнөөсүз деп эсептөөгө тийиш. Эгер сизди кылмышка айыптап жатса, сиз коргоо укугуна дайыма ээ болушуңуз керек. Сиз жасабаган нерсеге сизди эч ким соттоого же жазалоого укуктуу эмес | 1. Кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлөнгөн ар бир адам анын күнөөсү соттук ачык териштирүү жолу менен мыйзамдуу тартипте белгиленгенге чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу, мында ага коргонуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр камсыз кылынууга тийиш.<br>2. Эч ким кандайдыр-бир жосуну же аракетсиздиги үчүн ал улуттук мыйзам же эл аралык укук боюнча кылмыш болбосо аны жасагандыгынын негизинде соттолушу мүмкүн эмес. Ошондой эле кылмыш жасалган учурда колдонулушу мүмкүн болгон жазадан кыйла оор жазага да тартылбайт. |
| *12-берене*<br>Эгерде кимдир бирөө сиздин атыңызды булгоо, үйүңүзгө кирип баруу, каттарыңызды ачуу же сизди же сиздин үй-бүлөңүздү жүйөлүү себепсиз тынчын алуу аракетин көрүп жатса, Сиз коргоо жөнүндө суроого укуктуусуз | Эч ким анын жеке жана үй-бүлөлүк турмушуна ээнбаштык менен кийлигишүүгө, анын турак жайына, анын кат-кабарларынын купуялыгына же анын абийирине жана беделине ээнбаштык менен кол салууга кириптер болууга тийиш эмес. Ар бир адам андай кийлигишүүдөн же андай кол салуудан мыйзам менен коргонууга укуктуу. |
| *13-берене*<br>Сиз өз өлкөңүздүн ичинде эркин жүрүүгө укуктуусуз. Сиз үз өлкөңүздөн чыгып, башка өлкөгө барууга укуктуусуз; жана, эгерде сиз каалсаңыз, өз өлкөңүзгө кайтып келүүгө мүмкүнчүлүккө ээ болушуңуз керек | 1. Ар бир адам ары-бери эркин жүрүүгө жана ар бир мамлекеттин чегинде өзүнө жашаган жерди тандап алууга укуктуу.<br>2. Ар бир адам ар кандай өлкөдөн, анын ичинде өз өлкөсүнөн да чыгып кетүүгө жана өз өлкөсүнө кайтып келүүгө укуктуу. |

| | |
|---|---|
| *14-берене*<br>Эгерде кимдир бирөө сиздин абийириңизге шек келтирип жатса, сиз башка өлкөгө барып, ал жактан коргоо суранууга укуктуусуз. Эге сиз кимдир бирөөнүн өлтүрсөңүз жана бул жакта жазылгандарды өзүңүз сыйлабасаңыз, анда сиз бул укуктардан ажырайсыз | 1. Ар бир адам куугунтуктоодон башка өлкөлөрдөн башбаанек издөөгө жана андай башбаанектен пайдаланууга укуктуу.<br>2. Бул укук чындыгында саясий эмес кылмыш жасоого же Бириккен Улуттар Уюмунун максаттарына жана принциптерине карама-каршы келген жосундарга негизделген куугунтуктоо учурларында колдонулушу мүмкүн эмес. |
| *15-берене*<br>Сиз кайсы бир өлкөгө таандык болууга укуктуусуз, жана, эгерде сиз кааласаңыз, башка өлкөгө таандык болушуңузга эч ким жүйөлүү себепсиз тоскоолдук жарата албайт | 1. Ар бир адам граждандуулукка ээ болууга укуктуу.<br>2. Эч ким ээнбаштык менен граждандыгынан ажыратылышы же өз граждандыгын өзгөртүүгө укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес |
| *16-берене*<br>Мыйзамда белгиленген жаш куракка жеткенде, адам никеше туруп, үй-бүлө күтүүгө укуктуу. Мында сиздин териңиздин түсү, чыккан тегиңиздин жери, диниңиз буга тоскоолдук жаратпашы керек. Никеге туруп жатканда жана ажырашып жатканда эркектер менен аялдар бирдей эле укукка ээ. Адамды никеге турууга эч ким мажбурлабашы керек. Сиздин өлкөнүн өкмөтү сиздин үй-бүлөнү жана анын мүчөлөрүн коргоого тийиш | 1. Бойго жеткен эркектер жана аялдар расасы, улуту же дини боюнча эч кандай чектөөсүз никеге турууга жана үй-бүлө күтүүгө укуктуу. Алар никеге туруу, никеде болуу жана аны бузуу учурунда бирдей укуктардан пайдалана алышат.<br>2. Никеге туруп жаткан тараптар өз эрки менен ага өз ара толук макул болгондо гана нике кыйылат.<br>3. Үй-бүлө коомдун табигый жана негизги уюткусу болуп саналат жана коом менен мамлекет тарабынан коргоолууга укуктуу |
| *17-берене*<br>Сиз буюмдарга ээ болууга укуктуусуз жана ага сизден негизсиз алып коюуга эч кимдин укугу жок | 1. Ар бир адам мүлккө жеке өзү, ошондой эле башкалар менен бирдикте ээлик кылууга укуктуу.<br>2. Эч ким өз мүлкүнөн ээнбаштык менен ажыратылууга тийиш эмес |
| *18-берене*<br>Диниңиздин эркин тутууга, аны өзгөртүүгө жана анын үрп-адатын өз алдынча же башка адамдар менен бирге аткарууга укуктуусуз | Ар бир адам эркин ой жүгүртүүгө, адеп-ахлакка жана дин тутууга укуктуу; бул укук өз динин же ынанымын өзгөртүүнү жана өз динин же ынанымын жекече, ошондой эле башкалар менен бирдикте жүргүзүүнү, дин жана табынуу ырым-жырымдарын жалпы же жекече тартипте үйрөнүү, сыйынуу жана аны ишке ашырууну эркин жүргүзүүнү камтыйт. |
| *19-берене*<br>Сиз каалаган нерсени ойлонууга, жаккан нерсени сүйлөөгө укуктуусуз, жана буларды жасоого сизге эч ким тыюу сала албайт. Сиз өз ойлоруңуз менен, анын ичинде башка өлкөнүн адамдары менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүгүңүз болуш керек | Ар бир адам эркин ой-пикирге жана аны эркин билдирүүгө укуктуу; бул укук өз ой-пикирлерин тоскоолсуз жактоону жана маалыматтар менен идеяларды ар кандай каражаттар жана мамлекеттик чек араларга карабастан издөө, алуу жана таркатуу эркиндигин камтыйт |
| *20-берене*<br>Сиз тынчтык чогулуштарын уюштурууга жана тынчтык жолу менен чогулуштарга катышууга укуктуусуз. Кимдир-бирөөнү кайсы бир топко таандык кылууга мажбурлоо туура эмес | 1. Ар бир адам тынч жыйындарга жана ассоциацияларга катышуу эркиндигине укуктуу.<br>2. Эч ким кайсы бир ассоциацияга кирүүгө мажбурланышы мүмкүн эмес |

| | |
|---|---|
| *21-берене*<br>Сиз өлкөңүздүн саясий иштерине катышууга, же болбосо өкмөттүн өзүндө же, сиздикиндей эле идеяларга ээ болгон саясий ишмерлерди тандоо менен катышууга укуктуусуз. Өкмөт дайыма шайланып турушу керек, жана добуш берүү жашыруун болууга тийиш. Сиз добуш берүү укугуна ээ болушуңуз керек, жана бардык добуштар бирдей болуусу зарыл. Ошондой эле Сиз башкалардай эле мамлекеттик кызматка кирүүгө укуктуусуз | 1. Ар бир адам өз өлкөсүн түздөн-түз же эркин шайланган өкүлдөрү аркылуу башкарууга катышууга укуктуу.<br>2. Ар бир адам өз өлкөсүндө мамлекеттик кызматка кирүүгө бирдей укукка ээ.<br>3. Элдин эрки өкмөттүн бийлигинин негизи болууга тийиш; бул эрк мезгилдүү жана бурмаланбаган шайлоолордо билдирилүүгө тийиш, алар жалпы жана тең шайлоо укугу аркылуу, жашыруун добуш берүү жолу менен же добуш берүүнүн эркиндигин камсыз кылуучу башка ар кандай бирдей маанидеги формалар менен жүргүзүлүүгө тийиш |
| *22-берене*<br>Сиз жашап турган коом сиздин өсүүңүзгө жана өлкөбүздө бардык эркектерге жана аялдарга берилүүчү анын бардык артыкчылыктарын (маданияты, жумушу, социалдык камсыздоо) максималдуу пайдаланууга жардам берүүгө тийиш | Ар бир адам коомдун мүчөсү катары ар бир мамлекеттин структурасына жана колдо болгон ресурстарына ылайык улуттук күч-аракеттер жана эл аралык кызматташтык аркылуу өзүнүн кадыр-баркын сактоо үчүн жана өз инсанын эркин өстүрүү үчүн зарыл болгон социалдык камсыздалууга жана экономикалык, социалдык жана маданий жааттардагы укуктарын жүзөгө ашырууга укуктуу. |
| *23-берене*<br>Сиз иштөөгө, жумушту эркин тандоого жана сиз жашоого жана үй-бүлөнү багууга мүмкүндүк берген эмгек акы алууга укуктуусуз. Эгер эркек менен аял бирдей эле иш аткарса, алар бирдей эмгек акы алууга тийиш. Иштегендердин бардыгы өз кызыкчылыктары үчүн биригүүгө укуктуу | Ар бир адам эмгектенүүгө, ишти эркин тандап алууга, адилет жана жагымдуу эмгек шартына жана жумушсуздуктан корголууга укуктуу.<br>2. Ар бир адам эч кандай кемсинтүүсүз бирдей эмгеги үчүн бирдей эмгек акы алууга укуктуу.<br>3. Ар бир иштеген адам өзүн жана үй-бүлөсүнүн татыктуу жашоосун камсыз кылуучу жана зарыл учурда социалдык камсыздоонун башка каражаттары менен толукталып туруучу адилет жана канааттандырарлык эмгек акы алууга укуктуу.<br>4. Ар бир адам өз таламдарын коргоо үчүн кесиптик бирликтерди түзүүгө жана кесиптик бирликтерге кирүүгө укуктуу |
| *24-берене*<br>Ар бир адам эс алууга укуктуу болгондуктан, ар бир жумуш күнү өзгөчө узак болбошу керек жана акы төлөнүүчү мөөнөттүү өргүүгө чыгууга мүмкүндүгү болууга тийиш | Ар бир адам жумуш күнүн акыл-эстүү чектөөгө жана акы төлөнүүчү отпускага болгон укугун камтуу менен бош убакытка жана эс алууга укуктуу |

| | |
|---|---|
| *25-berene*<br>Сиз жана сиздин үй-бүлөңүз оорубашы, ачка калбашы, кийимге жана турак-үйгө ээ болушу үчүн жана сиз иштебей отурганда, эгер сиз оорулуу болсоңуз, эгер сиз карыган болсоңуз, эгер аялыңыз же күйөөңүз каза болсо, же сизге көз каранды болбогон кайсы-бир башка себептер боюнча жашоого акча иштеп таппасаңыз сизге жардам бериши үчүн, сизге керектүү бардык нерсеге ээ болууга укуктуусуз. Кош бойлуу аял жана анын баласы өзгөчө жардам алышы керек. Баланын энеси күйөөсү бар экенине же жоктугуна карабай, бардык балдар бирдей эле укуктарга ээ | 1. Ар бир адам тамак-аш, кийим-кечек, турак-жай, медициналык жана зарыл социалдык жактан тейлөөнү ичине камтыган татыктуу турмуш деңгээлине укуктуу, ал адамдын жана анын үй-бүлөсүнүн ден соолугун жана бакубаттыгын сактоо үчүн зарыл жана ал жумушсуз калганда, ооруганда, майып болгондо, жесир калганда, карыганда же ага байланыштуу болбогон жагдайлардан улам жашоо каражатынан ажыраган учурда камсыз кылынууга укуктуу.<br>2. Эне болуу жана балалык кез өзгөчө кам көрүүгө жана жардамга укуктуу. Никеден же никесиз төрөлгөн бардык балдар бирдей социалдык коргоодон пайдаланууга тийиш |
| *26-berene*<br>Сиз мектепке барууга укуктуусуз жана ар бир адам мектепке барууга укуктуу. Башталгыч билим бекер болушу керек. Сиз кесип алуу ө же канча каалансаңыз, ошончо окуу мүмкүнчүлүгүн ээ болушуңуз керек. Мектепте бардык жөндөмүңүздү өстүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга тийишсиз, сизди башка адамдар менен алардын расасына, динине жана жерлигине карабай жакшы мамиле болууга үйрөтүүгө тийиш. Сиздин ата-энеңиз сизди мектепте эмнеге жана кантип окутуу керектигин тандоого укуктуу | 1. Ар бир адам билим алууга укуктуу. Билим берүү, жок дегенде башталгыч жана жалпы билим берүү акысыз болууга тийиш. Башталгыч билим берүү милдеттүү болууга тийиш. Техникалык жана кесиптик билим берүү ал мүмкүнчүлүктөн пайдалана алгыдай жана жогорку билим берүү ар бир адамдын жөндөмдүүлүгүнүн негизинде бардык адамдар үчүн бирдей пайдалана алгыдай болууга тийиш.<br>2. Билим берүү адамдын инсандык касиеттерин толук өстүрүүгө жана адамдын укуктары менен негизги эркиндиктерин урматтоону арттырууга багытталууга тийиш. Билим берүү бардык элдердин, расалык жана диний топтордун ортосунда өз ара түшүнүшүүгө, сабырдуулукка жана достукка өбөлгө түзүүгө жана Бириккен Улуттар Уюмунун тынчтыкты сактоо боюнча иш-аракеттерине көмөк көрсөтүүгө тийиш.<br>3. Ата-эне өзүнүн жаш баласы үчүн билим берүү түрүн тандап алууда артыкчылыктуу укукка ээ |
| *27-berene*<br>Сиз өзүңүз жашап турган коомдун искусство жана илим жаатындагы турмушуна катышууга, андан пайда алууга укуктуусуз. Сиздин художник, жазуучу же илимпоз катары иштериңиз өз эмгегиңиздин жыйынтыктарын пайдаланууну мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек | 1. Ар бир адам коомдун маданий турмушуна эркин катышууга, искусстводон ыракат алууга, илимий прогресске катышууга жана анын натыйжаларынан пайдаланууга укуктуу.<br>2. Ар бир адам өзү автор катары жараткан илимий, адабий жана көркөм эмгектеринин натыйжасы болуп саналган өзүнүн материалдык жана моралдык кызыкчылыктарынын корголушуна укуктуу |
| *28-berene*<br>Сиздин укуктарыңыз сакталышы үчүн аларды коргоочу «тартип» иштеши керек. Бул «тартип» сиз жашап жаткан жерде да, жана дүйнө жүзүндө да болууга тийиш | Ар бир адам ушул Декларацияда баяндалган укуктары менен эркиндиктери толук ишке ашырыла турган социалдык жана эл аралык тартипке укуктуу. |

| | |
|---|---|
| *29-берене*<br>Сиз өзүңүз өсүүгө мүмкүн болгон коомго милдеттенмеңиз бар. Мыйзам адам укугуна кепилдик бериши керек. Ал ар бир адам башканы сыйлашын, башкалар ал адамды сыйлашын камсыз кылууга тийиш | 1. Адам инсаны коомдо гана эркин жана толук өсүп-өнүгүшү мүмкүн, андыктан ар бир адам коом алдында милдеттүү.<br>2. Өз укуктары менен эркиндиктерин иш жүзүнө ашырууда ар бир адам эң оболу башкалардын укуктары менен эркиндиктерин тийиштүү түрдө таанууну жана урматтоону камсыз кылуу жана демократиялык коомдо адеп-ахлактын, коомдук тартиптин жана жалпы бакубаттыктын акыйкат талаптарын канааттандыруу үчүн мыйзам тарабынан белгиленген чектөөлөргө гана дуушарланууга тийиш.<br>3. Бул укуктар менен эркиндиктерди иш жүзүнө ашыруу Бириккен Улуттар Уюмунун максаттары менен принциптерине эч кандай карама-каршы келүүгө тийиш эмес |
| *30-берене*<br>Дүйнөнүн бардык булуңунда бир дагы коом, бир да адам сиз азыр эле окуган укуктарды бузуучу аракеттерге жол бербеши керек | Бул Декларацияда эч нерсе кандайдыр бир мамлекетке, айрым топторго же айрым адамдарга ушул Декларацияда баяндалган укуктар менен эркиндиктерди жок кылууга багытталган иш-аракет жүргүзүү же андай аракеттерди жасоо укугун берүү катары чечмеленүүгө тийиш эмес |

*А. Р. Алишева, Б. У. Козубаева*

# 8 Адам укугу: мамлекеттин милдети жана менин жоопкерчилигим

*8 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Адам укуктарын санап өтүшөт жана аларды керектөөлөр менен салыштырышат.
2. Адам укуктарынын жалпы декларациясынын беренелерин талдоого алышат.
3. Адам укуктарынын баалуулуктарын түшүндүрүшөт.
4. Өз укуктарынын жана башка адамдардын укуктарынын сакталышына жоопкерчилигин аныкташат.
5. Адам укугуна сый-урматын көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы теманы өздөштүрүү.

**Усулдар:** чакан топтордо иштөө, талкуулоо, документтер менен иштөө, изилдөө (интервью).

**Сабактын жабдылышы:** таркатуучу материал, флипчарт, маркер, скотч, Адам укуктарынын жалпы декларациясы – жөнөкөйлөтүлгөн варианты (Сабакка тиркемени карагыла).

**Негизги түшүнүктөр:** адам укугу, жоопкерчилик.

*Мугалимге сунуштама:*

- Презентацияга окуучулардын бардык тобу катышат. Презентацияны талкуулоодо кошумча жана коштоочу суроолордон бергиле: “Эмне себептен? Силер макулсуңарбы? Кошумчалай аласыңарбы? Мисал келтиргиле”.
- «Адам укуктары жана Кыргыз Республикасынын жаранынын милдеттери” сабагынан 2-тиркемени пайдалангыла.
- Презентация учурунда талкуу уюштургула: окуучуларга суроо берүүгө шыктандыргыла; ар бир топтон 2 – 3 суроо түшүшү керек.

**План**

1. Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.
2. Жаңы материалды үйрөнүү. Мугалимдин презентациясы.
3. Билимди бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.** Мээге чабуул жүргүзүү:

- Адам укугу деген эмне?
- Адамдын кайсы укуктары силерге белгилүү?
- “Адам” түшүнүгүн туюндурган бир сөздү атагыла.

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү.** Мугалимдин презентациясы.

**Билимди бышыктоо**

*1-ИШ. Жуптарда талкуулоо*

Окуучуларга, алардын ою боюнча төмөнкү суроолорго жооп бере турган үч сөз жазууну сунуштагыла:

- «Адам болуу деген эмне»? (Мисалы, эркин, бирдей, жаран, укукка ээ, ж.б.).
- Бул сөздөр адамдын керектөөлөрү менен кандайча айкалышат?
- «Адам укугу» деген сөз сиз үчүн эмнени туюнтат?

Жазууну талкуулагыла, 4-5 идея түзгүлө жана аларды суроо белгилсин коюу менен тактага жазгыла, себеби кийинки иште силер адам укугун так аныктоо үчүн тапшырма бересиңер.

*2-ИШ. Мугалимдин презентациясы*

- Адам укуктарынын жалпы декларациясы.
- Жашоо укугу; кулчулуктан эркиндик; кыйноолордон эркиндик; адам укугуна сый урмат.

1948-жылы Адам укуктарынын жалпы декларациясын түзүү себебин айтып бергиле жана бул адам укуктарын, анын өмүрүн, эркиндигин жана ар-намысын коргоо максатында түзүлгөн эл аралык биринчи жолку макулдашуу болгонун баса белгилегиле (Тиркемедеги маалыматты караңыз). Декларацияда ар бир адам ээ болушу керек болгон бардык укуктар баяндалган.

*3-ИШ. Чакан топтордо иштөө. 5 – 7 адамдан турган чакан топторду түзгүлө.*

Топторго флипчарттарды, фломастерлерди тараткыла жана тапшырмаларды бергиле.

### 1-топ. Жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук

**1-тапшырма.** Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 3-беренесин талкуулагыла.

«Ар бир адам жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу».

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Бул укуктардын мааниси сиз үчүн эмнени туюндурат? Өз сөзүңөр менен туюнткула, флипчарка жазгыла же иллюстрация жасагыла.
- Бул укуктардын сакталышына ким жооп бериши керек?
- Бул берене талаптагыдай сакталбаса, бизге эмне болот? Биз өзүбүздү кандай сезебиз?
- Бул укуктар Кыргызстанда кандай корголот?
- Адамдын жана башка адамдардын жеке укуктарын коргоого биздин жоопкерчилик кандай?

**2-тапшырма.** Силердин укуктарыңар кандай күчкө ээ экендиги же бузулары боюнча мини-сценка же пантомима көрсөткүлө.

*Мугалим үчүн эскертүү.* Топтун жыйынтыктарын талкуулагыла жана окуучулар менен бирге алардын ичинен маанилүүлөрүн тандагыла.

*Топтун болжолдуу жыйынтыктары:*

- Ар бир адам жашоого укуктуу. Кыргызстанда өлүм жазасы колдонулбайт;
- Кыргызстанда жашоо жана эркиндик укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан корголгон;
- ар бир адам башкалардын ээзүүсүнөн эркин болушу жана өзүнүн каалоолоруна жана ишенимине ылайык жашоосу керек.

### 2-топ. Кулчулуктан жана эрксиз абалдан эркиндикке укук

**1-тапшырма.** Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 4-беренесин талкуулагыла.

«Эч ким кулчулукта же эрксиз абалда кармалууга тийиш эмес; кулчулукка жана кул сатуунун бардык түрлөрүнө тыюу салынат».

*Суроолорго жооп бергиле:*

1) Бул укуктар силер үчүн эмнени туюнтат? Өз сөзүңөр менен баяндап бергиле жана флипчартка жазгыла же иллюстрация жасагыла.

2) Бул укуктардын сакталышына ким жооп бериши керек?

3) Бүгүнкү күнү кулчулук көйгөйү актуалдуубу?

**Адам сатуу, өзгөчө аялдарды жана балдарды сатуу менен байланышкан глобалдуу көйгөйлөрдү атагыла.**

4) Азыркы заманбап учурда адамды каалабаган ишине мажбурлап иштетүү барбы? Мисал келтиргиле.

5) Бул укуктар Кыргызстанда кандай сакталат?

6) Эгер бул берене талаптагыдай сакталбаса, биз эмне болобуз? Өзүбүздү кандай сезебиз?

**2-тапшырма.** Бул укук кантип иштеп жатканы же бузулганы тууралуу мини-сценка же пантомимо даярдагыла.

Жыйынтык чыгаргыла жана презентация даярдагыла.

*Мугалим үчүн эскертүү*

Класста окуучулар менен мээге чабуул ыкмасын жүргүзгүлө:

- Өзүбүздүн жана башка адамдардын адам укугун коргоого биздин жоопкерчилик кандай?
- Башка адамдардын укуктарын коргоо үчүн эмне кылууга болот?

**Топтун жыйынтыктарын талкуулагыла жана окуучулар менен бирге тизме түзгүлө.**

*Топтун болжолдуу жыйынтыктары:*

- Эркиндик укугуна адам төрөлөрү менен ээ болот;
- мени эч ким кул кылууга укукту эмес. Мен эч кимди кулум кылууга укуктуу эмесмин;
- эрксиз жумуштун бардык формалары, анын ичинде карызы үчүн да, кулчулук категориясына кирет;
- биздин өлкөдө кулчулуктан жана мажбурлап иштетүүдөн эркиндик укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдар менен корголгон.

### 3-топ. Кыйноолордон жана адамдын ар-намысын басмырлоочу мамиледен эркиндик укугу

**1-тапшырма.** Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 5-беренесин талкуулагыла:

«Эч ким кыйноого же аеосуз, адамкерчиликсиз же анын ар-намысын басмырлоочу мамилеге жана жазага кириптер кылынбашы керек».

*Суроолорго жооп бергиле (жазуу жүзүндө жана сүрөттөр менен):*

- Бул укуктар силер үчүн эмнени туюнтат?
- Бул укуктарды сактоого ким жооп бериши керек?
- Бул берене талаптагыдай корголбосо, адамдар эмне болот?
- Кыргызстанда бул укуктардын бардыгы корголобу?
- Өз укуктарыбызды жана башка адамдардын укуктарын коргоого биздин жоопкерчилигибиз кандай?

Презентация даярдагыла.

**2-тапшырма.** Бул укуктар кантип иштеп жатканын же бузулганын чагылдырган мини-сценка же пантомимо көрсөткүлө.

Өз темаңар боюнча жыйынтык чыгаргыла.

*Мугалим үчүн белги*

Топтун жыйынтыгын талкуулагыла жана окуучулар менен бирге тизме түзгүлө.

*Топтун болжолдуу жыйынтыктары:*

- Мени эч ким кыйноого же коркутууга укугу жок;
- мага каардуу мамиле жасоого жана ар-намысымды басмырлоого эч ким укукиуу эмес;
- биздин өлкөдө кыйноолордон жана адамдын ар-намысын басмырлоочу каардуу мамиледен эркиндикке укук Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдар менен корголгон.

### 4-топ. Адам укугун сыйлоо

**1-тапшырма.** Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 29-беренесинен текстти талкуулагыла:

«1. Адам инсаны коомдо гана эркин жана толук өсүп-өнүгүшү мүмкүн, андыктан ар бир адам коом алдында милдеттүү.

2. Өз укуктары менен эркиндиктерин иш жүзүнө ашырууда ар бир адам эң оболу башкалардын укуктары менен эркиндиктерин тийиштүү түрдө таануну жана урматтоону камсыз кылуу жана демократиялык коомдо адеп-ахлактын, коомдук тартиптин жана жалпы бакубаттыктын акыйкат талаптарын канааттандыруу үчүн мыйзам тарабынан белгиленген чектөөлөргө гана дуушарланууга тийиш.

3. Бул укуктар менен эркиндиктерди иш жүзүнө ашыруу Бириккен Улуттар Уюмунун максаттары менен принциптерине эч кандай карама-каршы келүүгө тийиш эмес».

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин таануужана сыйлоо эмне себептен маанилүү?
- Эмне үчүн Декларацияда чектөөлөр көрсөтүлгөн?

- Коомдогу, этностук түрдүү топтордогу моралдын жана үрп-адаттардын талаптары адамды сыйлоого карата кандай жоболорду камтыган?

**2-тапшырма.** Биздин коомдогу салттарда башка адамдарга карата сый-урмат тууралуу мини-сценка же пантомимо крсөткүлө.

*Мугалим үчүн белги*

Топтун жыйынтыктарын талкуулагыла жана окуучулар менен бирге тизме түзгүлө:

- Ар бир адам өзүнө башкалар сый-урмат менен мамиле жасоосуна укуктуу;
- ар би радам башкалардын укуктарын таанышы керек;
- мамлекеттин мыйзамдары адамды сыйлабастыктан жана басмырлоодон коргоону кепилдеши керек.

### Жыйынтыктар

Топтор чыгарган жыйынтыктарды талкуулагыла, жана сабактын темасы боюнча жыйынтыктардын жалпы тизмесин түзгүлө.

*Окуучулар бул тизмени толукташы үчүн суроолорду бергиле:*

- Тизмеге дагы эмнени киргизүү керек деп эсептейсинер?
- Адам укуктарын колдоо үчүн ар бир адам эмне кылуу керек?
- Өзүбүздүн укуктарыбыз жана башка адамдардын укутары үчүн биз бардыгыбыз кандай жоопкерчилик алып жүрөбүз?

Балдарга жыйынтыктарды дептерлерине жазууну сунуштагыла

### Рефлексия

- Адам укуктары жөнүндө силер бүгүн эмне билдиңер?
- Башка адамдардын укуктарына силердин мамилеңер кандай өзгөрдү?
- Адам укуктарынын маданияты деген силер үчүн эмнени туюндурат?

*А. Р. Алишева*

# 9 Мен жана менин иденттүүлүгүм

*9 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Рассказывают о многообразии своей идентичности.
2. Өзүнүн иденттүүлүгүнүн көп түрдүүлүгү жөнүндө айтып беришет.
3. Өз иденттүүлүгүн кабыл алышат (кандай болсо ошондой), өздөрүн талдоого алышат.

4. Өз инсандыгын өнүктүрүү пайдасына жооптуу тандоо жасайт.
5. Өз инсандыгын калыптандырууга өз жоопкерчилигин баалайт.
6. Өзүн өнүктүрүү үчүн максат коюу жөндөмүн көрсөтүшөт.
7. Башка адамдарды алардын өзгөчөлүктөрү менен кабыл алат; ар түрдүүлүккө сый-урматын көрсөтүшөт.
8. Көп түрдүүлүккө мамилени коомдун баалуулугу катары көрсөтүүчү жүрүм турумду практикалайт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Сабактын усулдары жана ыкмалары:** мээге чабуул, жекече иш, топтоо иштөө жана чакан топто иштөө, талкуулоо/дискуссия.

**Жабдуу:** сүрөттөр/кагазбарактары/дептер, флипчарттар, фломастерлер, таркатуучу материал.

**План**

1. Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.
2. Мугалимдин презентациясы. Өзүн кантип тааныштыруу керек?
3. Билимди бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

*Мугалим үчүн сунуштама:*

«Иденттүүлүк» темасын окуп үйрөнүү окуучулардын жекече, социалдык, моралдык жана интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн маанилүү болуп саналат. Бул тема өзүнө-өзү талдоо жүргүзүү, активдүү уга билүү жана өз-ара окутуу жөндөмүн иштеп чыгат, маданият аралык толеранттуулукту жогорулатат;

«Мен-жылдызмын» деген коллажды же видеороликти даярдоого окуучуларга тапшырма бергиле.

Теманы окуп үйрөнүүгө 2 саат сунушталат, мындай мүмкүнчүлүк жок болсо «Мен- жылдызмын» деген темада диаграмма түзүүгө тапшырма бергиле. Андан сырткары класстан тышкаркы сабактарда иденттүүлүк маселесин талкуулоону улантуу керек;

«Мен жана менин иденттүүлүгүм» жана «Жарандуулук» темасын өздөштүрүү «Кыргыз жараны деп жарандыкты таанууну» түшүнүүгө жардам берет;

Презентация учурунда талкуу уюштургула: окуучуларды суроо бергенге шыктандыргыла; ар бир топтон 2-3 суроо түшүшү керек.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Окуучулардын таджрыйбасын актуалдаштыруу.** Мээге чабуул:

- Биринчи жолукканда адам жөнүндө эмнени билүү зарыл?

- Таанышканда кандай суроолорду бересиңер?
- Мен киммин? деген суроо менен мурда ойлонуп көрдүңөр беле? Башка адамддарга өзүңөр тууралуу кантип түшүндүрөсүңөр?

Сабактын темасы жана максаттары тууралуу окуучулар менен талкуулагыла.

### Жаңы билимдерди өздөштүрүү

Мээге чабуул жүргүзгүлө

- Адам менен биринчи жолу жолукканда ал тууралуу эмне билгиңер келет?

Окуучулардын болжолдуу жооптору: Аты, жарандыгы (кайсы өлкөдөн экендиги), этностук таандыктыгы (улуту) кайсы региондон экендиги, ал аны менен машыккан спорттун түрү ж.б.

- Окуучулар менен «Мен киммин» деген кыскача ассоциация жүргүзгүлө.
- Мугалимдин презентациясы (Тиркемени кара).

### Жаңы теманы бышыктоо


*1-ИШ. Жекече иштөө. «Мен-жылдызмын».*

**1-тапшырма.** Мен киммин? Менде канча иденттүүлүк бар?

- «Мен-жылдызмын» деген графикалык сүрөттүн негизинде өзүңөрдүн иденттүүлүгүңөрдү туюндургула.
- Жылдызыңардын нурларында өзүңөрдүн инсандыгыңардын түрдүү аспектилерин жазгыла.
- Өзүмөрдүн иденттүүлүгүңөрдүн маанилүү делген 8-10 белгисин тандагыла. Мисалы: жынысы, жаш курагы, этостук таандыктыгы, үй-бүлөлүк статусу (үй-бүлөдө кимсиз: уулу/кызы, эже-сиңдиси/ага-иниси), машыккан спортунун түрү, мектепте жакшы көргөн сабагы, жакшы көргөн/жаман көргөн сабактары, жакшы көргөн ыры\музыкасы ж.б.

*Мугалим үчүн сунуштама:*

- Окуучулар өздөрүнүн диграммасын түзөрдөн мурун, аларга «Мен-жылдызмын» деген иденттүүлүктүн толтурулган диаграммасын көрсөткүлө. Бул болсо алардын түшүнүүсүн жеңилдетет. (1-тиркемени караныз).
- Окуучуларга алдын ала тапшырма берүүгө болот: «Мен-жылдызмын» аталышында класстер түзүү же видеоролик тартуу.



## ОКШОШТУКТАР ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

*2-ИШ. Чакан топтордо иштөө*

5 – 6 адамдан турган чакан топторду түзгүлө. Топторго флипчарттарды жана фломастерлерди тараткыла.

*Мугалим үчүн сунуштама:*

- Чакан топтордо «Мен-жылдызмын» деген кластерди талкуулоо аркылуу окшоштуктарды жана айырмачылыктарды ажыратуу;
- иденттүүлүгүнүн диаграммасын көрсөтүүнү каалабаган окуучу кайсы бир аспектилерин же өзүнүн айырмачылыгын айтып бере алары тууралуу окучуларга алдын ала эскерткиле.

**Топторго тапшырма:**

1) Топто «Мен-жылдызмын» деген кластериңердин аспектилерин салыштыргыла жана окшоштуктары менен айырмачылыктарын тапкыла.

2) Иденттүүлүктүн кайсы аспектилери көбүрөөк болду – жалпылары көп болдубу же айырмасы көп болдубу? Бул силер күткөндөй болдубу?

3) Топтук «Биз-жылдыздарбыз» деген коллаж түзгүлө.

4) Презентация даярдагыла жана класска көрсөткүлө.

*3-ИШ. Төмөнкү суроолорду класста жалпы такуулагыла:*

- Айырмачылыктар жөнүндө эмне ойлойсуңар?
- Биздин айырмачылыктарыбыз бирөө силерден жакшыраак же жаманыраак дегенди туюнтабы?
- Биздин айырмачылыктарыбыз силердин этнос башкалардан жакшыраак же жаманыраак дегенди туюнтабы?
- Силер өз ата-эненерден, бир туугандарынардан эмнеңер менен айырмаланасынар?
- Айырмачылык деген эмне? Өз туюнтмаңарды сунуштагыла.

Айырмачылыктар бизди башкаларга окшоштурбастыгы – жана бул ар бир адамдын индивидуалдуулугу – жекечилиги экендиги жөнүндө окуучулар менен жыйынтык чыгаргыла.

*4-ИШ. Талкуулоонун жыйынтыктары*

*Жыйынтыктарды чыгаруу үчүн окуучуларга суроолорду бергиле:*

- Биздин дискуссиянын жыйынтыгы катары эмнени жазсак болот?
- Айырмачылыктар эмнени туюнтат?
- Айырмачылыктар – бул адамдын индивидуалдуулугун – жекелигин же социалдык жалпылыгын түзүүчү жөн эле сапат.
- Айырмачылыктар кимдир бирөө башкалардан мыкты же начар дегенди туюндурбайт.

- Айырмачылыктар – бул биздин жеке өзүбүздүн же этностук, тилдик, маданий жана диний топтун уникалдуулугун баса белгилөөчү сапаттар.

*5-ИШ. Мээге чабуул жүргүзгүлө*

**Иденттүүлүктүн туруктуулугу же өзгөрүлмөлүүлүгү:**

- Иденттүүлүктүн кайсы аспектилери өмүр бою өзгөрбөс болуп саналат, кайсылары өзгөрөт?

*Жооптор:* жынысы, этностук таандыктыгы. Өзгөрүүгө дуушар болушат: жаш курагы, сырткы келбети, кесиби, үй-бүлөлүк статусу, жарандыгы, дини, маданияты.

- Акыркы 2 жыл аралыгында силерде кайсы жаңы иденттүүлүк пайда болду?
- Силердин иденттүүлүгүңөр келечекте кандай өзгөрүшү мүмкүн?
- Силер топторда баарлашып жүргөн адамдар сиздин иденттүүлүгүңүзгө кандай таасир этет?
- Алардын терс таасирин сезсеңиз, эмне кылат элеңиз?

*Мугалим үчүн белги*

- Ар бир адам социалдык топко – этностук, диний, спорттук ж.б. топко таандык. Баарлашуу процессинде айлана чөйрөдөгү адамдар бири-бирине таасир этишет, иденттүүлүк өзгөрөт. Таасир пайдалуу болушу мүмкүн, анын негизинде инсан өнүгөт. Терс таасир инсанга зыян келтириши мүмкүн;
- окучуларды өз иденттүүлүгү жөнүндө ой жүгүртүүгө багыттагыла (мезгил-мезгили менен, мисалы, бир чейректе бир жолу иденттүүлүккө байланыштуу маселелерди талкуулагыла). Муну менен силер окуучулар өзүн баалай алышына жана иденттүүлүгүн калыптандыруу процессинде жоопкерчиликти арттыруусуна жардам бере аласыңар.

## Сабактын темасы боюнча жыйынтыктар

- Биздин дискуссиянын жыйынтыгы катары эмнени жазсак болот? Окуучулар өз алдынча жыйынтык чыгара алышы үчүн суроолорду бергиле.

*Жыйынтыктардын болжолдуу тизмеси:*

1. Ар бир адам көптөгөн иденттүүлүккө ээ.
2. Иденттүүлүк туруктуу болот, бирок көпчүлүгү өзгөрүлмө жана өмүр бою өзгөрүп жүрүп отурат.
3. Биздин иденттүүлүгүбүздүн көп түрдүүлүгү коомдун көп түрдүүлүгүндө чагылдырылат.
4. Биздин ортобузда айырмачылыктар аз эмес жана окшоштуктар көп.
5. Биздин ортобуздагы айырмачылыктар ар бирибиздин индивидуалдуулугубузду баса белгилеп турат. Биз кызыкчылыктарыбыз, кызыгууларыбыз, таланттарыбыз, идеяларыбыз боюнча айырмаланабыз, жана инсандын индивидуалдуулугу дал ушулар менен көрүнөт.

## Рефлексия

- Окшоштуктарыңардын жана айырмачылыктарыңардын эмнеси силерди таң калтырды?
- Ар түрдүүлүккө жана көп түрдүүлүккө силердин мамилеңер кандай өзгөрдү?
- Сабактан алган сезимиңер жөнүндө классташтарынарга санариптик билдирүү же комплимент жибергиле.

## Үй тапшырмасы

«Бардыгы мен жөнүндө» деген темада өзүңөрдүң жекече иденттүүлүгүңөр жөнүндө эссе жазгыла.

*Силердин эссе үчүн болжолдуу суроолор:*

1) Силердин индивидуалдуулугуңар эмнеде?

2) Силердин күчтүү жагыңар кайсы?

3) Силердин алсыз жагынар кайсы? Силердин алсыз жагынар күчтүү болушу үчүн эмне кыласыңар?

4) Өз инсандыгыңарды калыптандырууда силердин жоопкерчилик кандай?

## МУГАЛИМ ҮЧУН МААЛЫМАТ

ИДЕНТТҮҮЛҮК

Иденттүүлүк термини (лат. тилинен idem — ошол эле) бирдейликти, окшоштукту, дал келүүнү туюндурат.

**Идентүүлүк** – индивиддин тигил же бул социалдык топко таандыктыгын сезүүсү.

*Иденттүүлүктүн түрлөрү:*

1. Индивидуалдуу
2. Социалдык
3. Жарандык

Индивидуалдуу иденттүүлүк инсандын уникалдуулугун: кызыкчылыгын, кызыгуусун, талантын, адамдар менен мамилелерин, жаратылышка, музыкага, спортко ж.б. мамилелерин баса көрсөткөн мүнөздөмөлөрдү камтыйт.

**Социалдык иденттүүлүк** – социалдык түрдүү топтордон айлана чөйрөсүндөгү адамдардын инсанга таасир этүүсүнүн жана окшоштугунун натыйжасы.

**Социалдык иденттүүлүктүн түрдүү типтери:**

- этностук (кыргыз, өзбек, орус, татар ж.б.);
- регионалдык (сибирликтер, түндүктүктөр, тоолуктар, бишкектиктер, баткендиктер ж.б.);
- кесиптик (врач, мугалим, учкуч ж.б.);

- саясий (демократ, коммунист ж.б.);
- диний (мусульман, христиан, буддист ж.б.);
- спорттук;
- жана башка.

**Социалдык иденттүүлүк өзгөрүлмө болот.**

Иденттүүлүктүн айрым аспектилери өзгөрбөйт, ал эми айрымдары өзгөрүлмө. Баарлашуу жана түрдүү социалдык топтордо өз ара иштешүү процессинде ар бир индивид өз иденттүүлүгүн өзгөртүү жана толуктоо менен, өзүн калыптандыра алат. Тактап айтканда, социалдык иденттүүлүк өзгөрмө, мисалы, адам жаңы кесипке ээ болуу менен кесиптик иденттүүлүктү, ошондой эле диний, жарандык ж.б. иденттүүлүктөрдү өзгөртө алат.

**Этностук иденттүүлүк** – бул өзүнүн аныкталган бир этностук коомчулукка таандыктыгынын жекече сезими.

**Жарандык иденттүүлүк** – бул конкреттүү мамлекеттин жарандарынын коомдоштугуна таандыктыгынын жекече сезими.

*А. Р. Алишева*

# 10 Жарандык жана жарандуулук

*9 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктарын жана милдеттерин жана мамлекеттин милдеттерин аныкташат.
2. Жарандык укуктардын жана милдеттердин маанилүүлүгүн түшүндүрүшөт.
3. Өзүнүн жарандык жоопкерчилигин жана турмуштук позициясын баалашат.
4. Коомдук турмушка активдүү катышуусун, өзүнө жана айлана-чөйрөгө жоопту мамилени көрсөтөт.

**Сабактын тиби:** жаңы теманы өздөштүрүү.

**Усулдар:** чакан топтордо иштөө, документтер менен иштөө, изилдөө (интервью).

**Сабактын жабдылышы:** таркатуучу материал, флипчарт, маркер, скотч, КР Конституциясынан үзүндүлөр (сабакка Тиркемени кара).

**Негизги түшүнүктөр:** жарандык, жаран, укуктар, милдеттер жана жоопкерчилик.

**Мугалимге сунуштама:**

- Презентацияга окуучулардын бардык топтору катышат.
- Презентацияны талкуулоодо кошумча же коштоочу суроолорду бергиле:

Эмне себептен? Силер макулсунарбы? Толуктай аласыңарбы?

Мисал келтиргиле.

**План**

1. Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.
2. Жаңы теманы окуп үйрөнүү. Мугалимдин презентациясы.
3. Билимдерди бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Окуучулардын билимин актуалдаштыруу.** Мээге чабуул жүргүзгүлө:

- Силердин өздүгүңөрдү кайсы документ ырастайт? (Жооптор – Туулгандыгы тууралуу күбөлүк, айрым окуучуларда паспорт болушу мүмкүн).
- Адамда паспорттун болушу эмнени туюндурат? (жооптор: адамдын мамлекет менен байланышы, мамлекетке таандыктыгы, паспорт берген өлкөнүн жараны болушу).
- Кандай ойлойсуңар, биз бүгүн кайсы теманы үйрөнөбүз?

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү.** Мугалимдин презентациясы:

- Жарандык, жарандуулук.
- Глобалдуу жарандуулук.
- Волонтерлор.

**Билимдерди бышыктоо**

*1-ИШ. Чакан топтордо иштөө*

5 – 6 окуучудан турган чакан топ түзгүлө. Топторго тапшырмаларды, тиркемеден тийиштүү материалдарды, флипчарттарды жана фломастерлерди таратып бергиле.

**1-топ. Жарандык деген эмне?**

**1-тапшырма.** «КР жарандыгы» аныктамасын талкуулагыла:

**Кыргыз Республикасынын жарандыгы** – бул адамдын мамлекет менен болгон туруктуу укуктук байланышы, ал алардын өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысында туюнтулат.

Жарандыкты ырастоочу документ болуп паспорт саналат.

Жарандык аныкталган укуктарды жана коргоону берет, ошондой эле милдеттерди жүктөйт.

**2-тапшырма:**

- КР Конституциясынын 51-беренесин жана Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 15-беренесин (1-тиркеме) окуп чыккыла.
- Жарандын жана мамлекеттин жарандык чөйрөсүндөгү өз ара укуктардын жана милдеттенмелердин тизмесин түзгүлө.

**3-тапшырма:**

- «Жарандык» – КР Конституциясы – Адам укуктарынын жалпы декларациясы аталышындагы Венна диаграммасын түзгүлө.
- Топтун темасы боюнча жыйынтык чыгаргыла.
- Презентация даярдагыла. Презентацияны топтун мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүргүлө.

*Мугалим үчүн белги*

1) Презентация учурунда топтор төмөнкү маселелерди талкуулашат

- Жарандык деген эмне?
- Жарандыкка кантип ээ болот?
- КР Конституциясынын 51-беренесинин жана Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 15-беренесинин окшоштуктары эмнеде?

2) Класстын окуучулары менен топтун жыйынтыктарын талкуулагыла:

- Силер дагы эмнени кошкуңар келет?
- Инсандыгыңардын жана демократиялык жарандуулугуңардын аспектилеринин калыптанышына силердин жеке жоопкерчилигиңер кандай?

### 2-топ. Жарандуулук деген эмне?

**1-тапшырма.** Аныктамаларды окуп чыккыла жана талкуулагыла:

- *Жарандуулук* – бул эркиндикке, көз карандысыздыкка жана жоопкерчиликке негизделген инсандык сапаттар. Бул демократиялык көз караштар, ишенимдер жана коомдун баалуулуктарына болгон мамиле.
- Жарандуулук жооптуу жүрүм-турум түрүндө туюнтулат, социалдык тилектештикте жана коомдун турмушуна жигердүү катышууда көрүнөт.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Мектептеги жарандуулук эмне менен туюнтулат?
- Жарандуулук кандай көрүнөт, жекечеби же биргелешкен иш-аракеттер аркылуубу? Мектептеги жигердүүлүгүңөрдүн мисалдарын келтиргиле.
- Жарандын статусу жарандын укуктарын жана милдеттерин туюндурат, бирок муну менен эле чектелип калбайт. Демократиялык жарандуулук үчүн инсандын кандай сапаттары мүнөздүү?

**2-тапшырма.** «Мектептеги жарандуулук – бул…» деген аныктама бергиле.

- Өз тобунардын темасы боюнча жыйынтык чыгаргыла.

- Презентация даярдагыла. Презентацияны топтун мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүргүлө.

*Мугалим үчүн белги*

Презентацияга класста талкуу жүргүзгүлө.

1) «Жарандуулук» сөзүнө туюнтууну талкуулагыла.

- Жарандуулукту көрсөтүүнүн негизги мүнөздөмөсү кандай?
- Жогорку жарандуулук деген эмне? Кайсы аракеттерди, жосундарды жогорку жарандуулуктун көрүнүшү деп атоого болот?

2) Топко сунуштагыла «Мектептеги жарандуулук – бул…» деген туюнтманы талкуулагыла.

3) Топтун жыйынтыктарын талкуулагыла:

- Силер эмнени кошумчалагынар келет?
- Өз инсандыгыныздын жана демократиялык жарандуулугунуздун аспектилеринин калыптанышына жеке өзүңүздүн жоопкерчилигиңиз кандай?

## 3-топ. Глобалдык жарандуулук

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыккыла:

**Жарандуулук** – бул инсандык сапат: өз жосундарына жооптуу мамиле жасоо; башка адамдар менен мамиле; жарандык позиция.

**Жарандуулук** – адам өз кызыкчылыгында гана эмес, коомдун жана өз өлкөсүнүн кызыкчылыгы үчүн иш-аракет жасайт.

**Глобалдык жарандуулук** – бул өз мекенинде гана эмес, дүйнөнүн кайсы гана болбосун өлкөсүндө мамилеси, көйгөйлөрдү чечилиши. Глобалдык жаран адамзаттын кызыкчылыгындагы көйгөйдү чечүү жана бүткүл Жер жүзүндөгү айлана-чөйрөнү коргоо үчүн иш-аракет жасайт.

Глобалдык түрдүү уюмдар бар. Мисалы, «Гринпис» эл аралык коомдук экологиялык уюму дүйнө жүзү боюнча 40тан ашык өлкөдө иштейт. Анын максаты – глобалдык экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө жетишүү саналат.

«Гринпис» төмөнкүлөр боюнча күрөшөт:

- Токойлорду жок кылууга, балыктарды зулумдук менен улоого жана киттерди кармоого каршы;
- ядерлик арсеналдарды кыскартуу жана ядердик сынамдарды жүргүзүүгө тыюу салуу, ядердик энергетиканы өнүктүрүүнүн кооптуу программаларын жоюу үчүн.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Эмне себептен глобалдык көйгөйлөрдү чечүү маанилүү? Биздин өлкөнүн глобалдык көйгөйлөр менен байланышы кандай?
- Глобалдык жарандуулуктун адамы кандай иш-аракет жасайт? Глобалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн силер эмне кылат элеңер?

- Жарандуулук глобалдык жарандуулуктан эмнеси менен айырмаланат?

**2-тапшырма.** Топтун темасы боюнча жыйынтык чыгаргыла.

Презентация даярдагыла. Спикерлердин милдеттенмелерин топтун мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүргүлө.

*Мугалим үчүн белги*

**Класста топтун презентациясын талкуулагыла:**

- Кайсы көйгөйлөр глобалдуу болуп саналат?
- Бүткүл дүйнө жүзүндөгү жигерчилер адамзаттын глобалдуу көйгөйлөрүн чечүүгө кантип аракеттенет? Эмне себептен бул маанилүү?

**Топтун жыйынтыктарын талкуулагыла:**

- Эмнени кошкунуз келет?
- Өз инсандыгыңыздын жана демократиялык жарандуулугунуздун аспектилеринин калыптанышына сиздин өзүңүздүн жеке жоопкерчилигиңиз кандай?

## 4-топ. Иш-аракет жаса! Волонтерлор көйгөйлөрдү чечет

**1-тапшырма.** Волонтерлор – алар кимдер?

- Эмне себептен волонтердун иши маанилүү?
- Өлкөбүздөгү волонтерлор көйгөйлөрдү кандай чечишет?



Маалыматты окугула жана суроолорду талкуулагыла: Жалпы республикалык ишембилик[11]:

Бишкекте жалпы республикалык ишембиликте 34 миңден ашык адам катышты. Шаардын көчөлөрүнөн жана парктардан 290 тонна таштанды чыгарылды! Ишембиликте бардык райондордун тургундары, мэриянын кызматкерлери, жождун студенттери, ошондой эле уюмдардын, ишканалардын жана чарбакер субъектилердин кызматкерлери жигердүү катышышты.

Шаардыктардын бул ишембиликтеги ынтымагын эмне туюнтуп турат? Коомдук көйгөйлөрдү чечүүгө ынтымак кандай жардам берет?

**2-тапшырма.** Долбоордук демилге

Шаарыңардагы же жергиликтүү коомчулугуңардагы көйгөйлүү жагдайды талкуулагыла. Көйгөйлөр тизмесин түзгүлө (айлана чөйрөнүн булганышы, майыптуулугу бар адамдарга социалдык жардам көрсөтүү ж.б. тизмеге кириши мүмкүн).

[11] https://24.kg/obschestvo/267789_obscherespublikanskiy_subbotnik_pochti_300_tonn_musora_vyivezli_sulits_bishkeka/

Бир көйгөйдү тандап алгыла да, аны чечүү боюнча иш-аракеттер планын түзгүлө.

- Алдын ала кандай чечимдерди кабыл алышынар керек?
- Демилгеңизди ишке ашырууда силерге биримдик менен тилектештик кандай жардам берет?
- Жыйынтык чыгаргыла.
- Презентация даярдагыла. Спикерлердин милдеттенмелерин мүчөлөрдүн ортосунда бөлүштүргүлө.

*Мугалим үчүн белги*

**Топтун презентациясын класста талкуулагыла:**

- Волонтерлор кимдер?
- Кайсы көйгөйлөрдү жана кантип чечишет? Эмне себептен алардын жумушу маанилүү?

**Топтун планынын долбоорун талкуулагыла:**

- Бул долбоорго класс кантип катыша алат?
- Дагы кимди тартууга болот?

**Топтун жыйынтыктарын талкуулагыла:**

- Силер дагы эмнени кошумчалагынар келет?
- Өз инсандыгынардынн жана демократиялык жарандуулугунардын аспектилерин калыптандыруу үчүн силердин жеке өзүңөрдүн жоопкерчилигиңер кандай?

*2-ИШ. Жуптар менен иштөө*

**Тапшырма:** Жарандуулук – Глобалдык жарандуулук темасында Венн диаграммасын түзгүлө.
Мугалим үчүн белги: Диаграмманы кыскача талкуулагыла.

## Сабактын темасы боюнча жыйынтыктар

**Топтор жасаган жыйынтыктардын жалпы тизмесин түзгүлө.**
Талкуулагыла жана алардын маанилүүсүн тандагыла:

- Бир да жаран өзүнүн жарандыгынан ажыратылбоого тийиш. Кыргыз Республикасынын жараны болгон адамдардын жарандыкка таандык тыгы таанылат.
- Жарандуулук – бул жарандардын өзүнө, өз жүрүм-турумуна, коомго жана өлкөгө жоопту мамилеси.
- Класстын девизин ойлоп табууга окуучуларга сунуш бергиле. Девиздин мисалдары: «Чоңду ойлосоң – кичинеден башта!»
- «Глобалдуу аракет – дүйнө жүзү үчүн!»

## Рефлексия

*Төмөнку туюнтмаларды класста талкуулагыла:*

«Колунардан келген нерсени, колунарда болгон нерсе менен, турган жериңерде жасагыла» (элдик накыл сөз).

- Бул накыл сөз жигердүү жарандуулук менен кандай байланышта?
- Бул накыл сөздө глобалдуу жарандуулукту эмне көрсөтүп турат?
- Жарандуулуктун кайсы сапаттарын Кыргызстандын жараны катары өзүңөр үчүн маанилүү деп эсептейсиңер?

### Үй тапшырма

«Мен – волонтер» темасына эссе жазгыла.

Эссе үчүн суроолор:

1) Волонтерлор жана жогорку жарандуулук.

2) Эмне себептен волонтерлук маанилүү? Волонтерлор чечкен көйгөйлөргө мисал келтиргиле.

3) Волонтер болсом, кандай тажрыйба алам?

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

1-тиркеме.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

(Үзүндү)

V ГЛАВА. ЖАРАНДЫК. ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

51-берене

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгы – адам менен мамлекеттин өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысынан турган туруктуу укуктук байланышы.

2. Бир дагы жаран өз жарандыгынан ажыратылышы мүмкүн эмес. Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган адамдардын башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгы мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык таанылат.

3. Өзүнүн Кыргызстан элине таандыктыгын далилдеген ар бир адам Кыргыз Республикасынын жарандыгын жөнөкөйлөтүлгөн тартипте алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган кыргыздар башка мамлекеттин жараны болгондугуна карабастан, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жөнөкөйлөтүлгөн тартипте алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу тартиби жана шарты мыйзам менен аныкталат.

4. Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту мамлекеттин менчиги болуп саналат.

5. Кыргыз Республикасынын жараны республиканын чегинен сыртка чыгарып салынбайт же башка мамлекетке өткөрүп берилбейт.

6. Кыргыз Республикасы өз чегинен сырткары жүргөн жарандарын коргоого жана колдоого кепилдик берет.

7. Мурда Кыргыз Республикасынын жарандыгында турган чет өлкөлүк жарандар же жарандыгы жок адамдар жашап туруу мүмкүндүгүн жөнөкөйлөтүлгөн тартипте алууга укуктуу.

2-тиркеме.

АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ 15-берене:

1. «Ар бир адам граждандуулукка ээ болууга укуктуу.
2. Эч ким ээнбаштык менен граждандыгынан ажыратылышы же өз граждандыгын өзгөртүүгө укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес».

3-тиркеме.

Жарандык деген эмне?

*«Кыргыз Республикасынын жарандыгы* – адам менен мамлекеттин өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысынан турган туруктуу укуктук байланыш» [12].

Тактап айтканда, жарандык – адамдын тигил же бул мамлекетке таандыктыгы жана милдеттенмелерди - мамлекет алдында жаран милдеттенмесин, ал эми жарандар алдында мамлекет милдеттенмесин өз ара сактоодо туюнтулат. Жаран мыйзамдарды сактоого жана жарандык милдеттерди аткарууга милдеттүү, ал эми мамлекет ар бир жаранга укуктарды жана эркиндикти кепилдейт.

Бирок жарандык – бул жарандын жөн эле укуктук статусу эмес. Жарандык адам укуктарына жана эркиндигине, жарандык милдеттерге жана жарандык жоопкерчиликке таянат.

*Жарандуулук деген эмне?*

Адам башка адамдар менен мамиле курганда жана өз кызыкчылыгы үчүн гана эмес, коомдун же айлана чөйрөнүн кызыкчылыгында иш-аракет жасаганда – ал жогорку жарандуулукту көрсөтөт.

Аймактарды, дарыя-сууларды, көлдөрдү тазалоо боюнча волонтердук иш айлана чөйрөнү коргоого багытталган – бул болсо жарандуулуктун көрүнүшүнүн мисалы болуп саналат.

*Глобалдык жарандуулук* бул дүйнөлүк масштабда ой жүгүрткөн адамдардын же топтордун мамилелери жана иш-аракеттери. Алар саясий, социалдык, экономикалык жана экологиялык чөйрөлөрдө бузууларга таасир этет.

Глобалдык жарандуулукту көрсөтүп жүргөн адамдар бакубат жашоону түзүү жана Жер жүзү боюнча айлана чөйрөнү коргоо үчүн адамзаттын жана планетанын кызыкчылыгы үчүн социалдык жоопкерчиликти өзүнө алган.

[12] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 51-берене.

*А.Р. Алишева*

# 11 Жарандык иденттүүлүк: Кыргыз жараны

*9 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Жарандык жалпылыкты, жарандык жоопкерчиликти жана жарандык милдетти аныкташат.
2. Жарандык маданияттын белгилерин санап беришет.
3. Жалпы жарандык иденттүүлүктү куруу жолунда тоскоолдуктарга талдоо жүргүзөт.
4. Жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда коомдун ынтымагынын жана кыргызстан элинин биримдигинин маанисин баалашат.
5. Ар түрдүүлүккө жана көп түрдүүлүктүн баалуулуктарына сый мамилесин тундурушат.
6. Тилектештикти жана кошо кабатырланууну көрсөтүшөт.
7. Өзүнө, өз мамилелерине, жүрүм-турумуна жана мектептеги милдеттерине жоопту мамилесин көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Жабдуу:** чагылдырылган сүрөт, кагаз барактары\дептер, таркатуучу материал, флипчарттар, фломастерлер.

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** Мээге чабуул, текст менен иштөө, жуптарда талкуулоо, чакан топто иштөө (мугалимдин тандоосу боюнча: чакан топтордун кадимки иши же «чат-станциялар» методу).

«Чат-станция» методу – бул чакан топтордо иштөөнүн бир түрү. Бул метод кыска убакыттын ичинде бул топтордо бардык чаттарды талкуулоого мүмкүндүк берүүчү суроолор берилгендиги менен айырмаланат. Окуучулар үчүн тапшырма жагымдуу, себеби алар сабак бою партада отурбай, кыймылда болушат.

**План**

1. Окуучулардын тажрыйабасын актуалдаштыруу.
2. Жаны материалды окуп үйронүү.
3. Билимди бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Окуучулардын билимин актуалдаштыруу.** Мээге чабуул:

- Силерге суроо берилгенде, кантип жооп бересинер: Сен кимсиң? Кай жактан болосуң?

- Өзүңөрдү эң алды менен ким деп сезесиңер?
- Мамлекетке тиешеси бар иденттүүлүктү атагыла.

Сабакта Кыргыз жараны жалпы жарандык иденттүүлүк караларын түшүндүргүлө.

**Жаны материалды окуп үйронүү.** Мугалимдин презентациясы.

Кыргыз жараны деген эмнени туюндурат?

- Жарандык маданият.
- Элдин биримдиги. Ынтымак.

Мугалим 2021 – 2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн Концепциясы жөнүндө маалымат берет. Кыргыз жараны деген эмне? Жарандык маданият деген эмне? экендигин түшүндүрөт. Биримдик, ынтымак, элдин тилектештиги («Мугалим үчүн маалымат» тиркемесин караныз).

*1-ИШ. Класстагы окуучулар менен Кыргыз жараны деген аныктаманы талкуулагыла:*

**Кыргыз жараны** – бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны.

- Кыргыз жараны деген тукюнтмада кайсы сөз негизги сөз болуп саналат?

*Жооп:* Кыргыз жараны деген аныктамада негизги сөз – жаран.

- Кыргыз жараны деген туюнтмада кайсы сөздөр басмырлабоону жана кыргыз элинин биримдигин көрсөтүп турат?

*Жооп:* Кыргыз жаранына таандыктык улуттан, динден, социалдык жана региондук таандыктыктан көз каранды эмес, ал Кыргызстандын жарандыгы менен байланыштуу.

- Элдин биримдиги эмне себептен маанилүү? Коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсүнө элдин биримдиги кандай таасир этет?

Ынтымак тууралуу элдик макалдардан келтиргиле.

**Билимди бышыктоо**

*2-ИШ. Топтор менен иштөө*

- Топторго «чаттар» тапшырмаларын тараткыла;
- иштөө үчүн убакыт бөлгүлө;
- окуучулар менен бирге топтун мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттенмелерди бөлүштүргүлө.
- Топтордун презентациясын өткөргүлө.

**1-чат. Жарандык маданият**

**1-тапшырма.** Төмөнкү тизмени эки тилкеге бөлүштүргүлө: жарандык милдет жана жоопкерчилик. Өз тандооңорду түшүндүргүлө.

1) Өз жүрүм-турумун мыйзамдын талаптарына шайкеш келтирүү.

2) Чынчыл жана адилет болуу.

3) Жоопту болуу.

4) Жарандык милдеттерди аткаруу.

5) КР Конституциясын жана мыйзамдарды сактоо.

6) Башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин, ар-намысын жана кадырын сыйлоо.

7) Мыйзамга ылайык салыктарды төлөө.

8) Мекенди коргоо.

9) Коомдун коомдук турмушунда жигердүү катышуу.

10) Көп түрдүүлүккө коомдун баалуулугу катары мамиле жасоо.

11) Маданият аралык толеранттуулукту көрсөтүү.

12) Айлана чөйрөгө аяр мамиле жасоо.

| | Жарандык милдет | Жоопкерчилик |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

**2-тапшырма.** Топтун темасы боюнча жыйынтык чыгаргыла.

Презентация даярдагыла жана класска көрсөткүлө. Спикерлердин милдеттерин топтун мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүргүлө.

### 2-чат. Социалдык жана жарандык иденттүүлүк

**1-тапшырма.** Аныктаманы окуп чыккыла:

- Социалдык иденттүүлүк социалдык топко таандык болууга негизделет.
- Жарандык иденттүүлүк жарандык коомго таандык болууга негизделет.
- Кыргыз жараны жарандык коомдоштукка жана элдин биримдигине негизделет.
- Бул иденттүүлүктөрдүн окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктагыла.

**2-тапшырма.** Венн диаграммасын түзгүлө: социалдык иденттүүлүк – жарандык иденттүүлүк Кыргыз жараны.

**3-тапшырма.** Топтун темасы боюнча жыйынтык чыгаргыла.

*Презентация даярдагыла.* Спикерлердин милдеттерин топтун мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүргүлө.

### 3-чат. Элдин биримдиги

**1-тапшырма.** Туюнтманы окуп чыккыла:

- Башка этносторго жана башка адамдардын динине чыдамсыздык коомдо бөлүнүүгө алып келет.
- Улуттук биримдикти сезүү мекенге болгон сүйүү менен байланышкан.

- Мекенге болгон сүйүү мамлекеттин символдоруна  - өлкөнүн гимнине, гербине жана туусуна карата сый мамиледе көрүнөт.
- Улуттук биримдиктин күчү мекенди коргоодо көрүнөт.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Этностук жана диний айырмачылыктары боюнча адамдардын бөлүнүшүнө кантип жол бербөө керек?
- Кыргызстан элинин биримдигин кандай түшүнөсүңөр? Өлкө үчүн анын мааниси эмнеде? Жарандардын биримдигинин күчү эмнеде?
- Жарандык биримдик коомдун өнүгүшүнө кандай таасир этет?

**2-тапшырма.** Топтун темасы боюнча жыйынтык чыгаргыла.

- Презентация даярдагыла. Спикерлердин милдеттерин топтун мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүргүлө.

### 4-чат. Мамлекеттин жана жарандардын жоопкерчилиги

**1-тапшырма.** Туюнтманы окуп чыккыла.

*Мамлекет камсыз кылат:*

- көп түрдүүлүктү коомдун баалуулугу катары таануу;
- этностук иденттүүлүктү, маданиятты, тилди, динди сактоо жана урматтоо;
- адам укугун коргоо, басмырлабоо жана натыйжалуу теңчилдик.

*Суроолорду талкуулагыла:*

- Бул аспектилерде жарандардын жоопкерчилиги кандай?
- Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүктүн мааниси кандай?

**3-тапшырма.** Топтун темасы боюнча жыйынтык чыгаргыла.

- Презентация даярдагыла. Спикерлердин милдеттерин топтун мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүргүлө.

*Мугалим үчүн эскертүү*

Топтордо чыгарылган жыйынтыктарды класста талкуулагыла. Окуучулар менен бирге жалпы тизме түзгүлө.

*3-ИШ. Текст менен жуптарда иштөө*

**Лев Успенскийдин “Өзүңдү өзүң жарат” деген макаласынан үзүндү окугула**

«Ар бир адам өзүн  өзү түзүшү керектиги жөнүндө силер менен сүйлөшкүм келип турат. Өзүңөрдү Адам катары калыптандыргыла. Тактап айтканда, ойлоно алган адам катары эле эмес, адеп-ахлагы бай адам катары калыптандыргыла.

Адам болуу үчүн, биринчиден, ар бир башка адамдан өзүн көрө билүүгө үйрөнүү керек. Адам болуу үчүн, ошондой эле, өзүндөн башка адамды көрө

билүүгө үйрөнүү зарыл. Бирөөнүн азабын өз азабындай түшүнө алган адам гана – ошол азапты башка бирөөнүн башына салбайт.

Өз кубанычын башка адамдын кубанычы катары кабыл алган адам башка адамга кубаныч тартуулоо үчүн колунан келген нерсенин бардыгын жасайт.

Ар бир адам муну каалоосу керек. Эгерде каалаган болсоңуз, анда адамгерчиликке үйрөнүүгө Сизде эң кенен мүмкүнчүлүктөр табыла берет...».

**Тапшырма:**

- текстten жеке жоопкерчиликти көрсөтүүчү туюнтманы тандагыла;
- толеранттуулукту көрсөткөн туюнтманы тандагыла;
- бул текстте силер үчүн эң маанилүү болгону кайсы болду?


*4-ИШ. Окуп чыккан текстти класста жалпы талкуулагыла:*

- Тексттеги “адам өзүн өзү түзүшү керек..., ойлоно алган адам катары эле эмес, адеп-ахлагы бай адам катары” деген саптар, силердин оюңарча, эмнени түшүндүрөт?
- Башка адамдын ийгилигине же жетишкендигине кубанууга жөндөмдүүсүңөрбү?
- Ушу тууралуу ойлонуп көргүлөчү. Мисалы, кимдир бирөө силерге караганда ийгиликтүү болуп калса же анын жөн эле жолу болсо, силер аларды куттуктайт белеңер?
- Кыргыз жараны – жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу үчүн бизге кандай сапаттар керек?

*5-ИШ. Суроону талкуулагыла:*

- Кыргыз жараны – жалпы жарандык иденттүүлүктүн мааниси кандай?

1-сүрөт. Кыргыз жараны – жалпы жарандык иденттүүлүктүн мааниси



### Сабактын темасы боюнча жыйынтыктар

*Окуучулар жыйынтыктарды туюнта алышы үчүн суроолорду бергиле:*

- Биздин дискуссиябыздын жыйынтыгы катары биз эмнени жазып кое алабыз?
- Кыргыз жараны болууга негизги шарт кайсы?

*Окуучуларды жыйынтык чыгарууга жеткиргиле:*

- Кыргыз жараны жалпы жарандык иденттүүлүк катары Кыргызстандын жарандарынын жалпылыгына таандыктыгына негизделген.
- Кыргыз жаранынын жалпы жарандык иденттүүлүк катары калыптанышынын башкы шарты – бул Кыргыз Республикасынын жарандыгы.
- Кыргыз жараны – биздин өлкөнүн жооптуу жараны.
- Ар бир адам ар түдүүлүктү сыйлоого жана көп түрдүүлүккө баалуу мамиле жасоого, жарандык милдеттерди аткарууга милдеттүү.

### Рефлексия

- Коомдун биримдиги үчүн жарандардын жоопкерчилиги кандай болот?
- Кыргызстан үчүн элдин биримдиги жана жалпы жарандык иденттүүлүк эмне себептен маанилүү?
- Сабактан силерге эң эле маанилүү болуп эмне саналды?

Сабакты слайд менен аяктагыла. 2-сүрөт. Кыргыз жараны




### Үй тапшырмасы

1. Мен – Кыргыз жаранымын аталышындагы эссе жазгыла.

Эссе үчүн суроолор:

- Өзүң жөнүндө маалымат бер (атыңыз, жаш курагыңыз, сиз бөлүшө ала турган башка аспектилер).
- Коомдун көп түрдүүлүгүнө өзүңүздүн пикириңизди жана мамилеңизди баяндап бериңиз. Коомдун көп түрдүүлүгү эмне себепен баалуулук болуп
- Жарандык кайсы сапаттарды маанилүү деп эсептейсиңер? Кайсынысына силер ээ болгуңар келет, кайсы сапатты өзүңөргө калыптандырууну каалайсыңар?
- Жеке девизиңиз кандай?

2. Мен – Кыргыз жаранымын кластерин түзгүлө.

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

1-тиркеме.

Үлгү «Мен – Кыргыз жаранымын»




2-тиркеме.

**“2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы**[13] (мындан ары – Концепция) 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясынын логикалык уландысы болуп саналат. Концепция Кыргыз жараны деп өзүн таанууну Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын бириктирүүчү жана элдин биримдигин бекемдөөчү өзүн таануу катары карайт.

**Кыргыз жараны** – бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны.

[13] Жеткиликтүү: https://president.kg/news/all/24167

Кыргыз жараны өлкөнүн аталышы болгон – “Кыргыз Республикасы” аталышынан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий бирдейлигин сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат».

*Концепциянын негизги принциптери:*

- Кыргыз Республикасынын бардык бекитилген конституциялык ченемдерин жана мыйзамдарын сактоого багыт алуу;
- Кыргыз Республикасынын жарандарынын этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан, тең укуктуулугун кепилдөө менен басмырлоого жол бербөө;
- ыктыярдуулук, көп түрдүүлүктү урматтоо жана таануу, жарандардын укуктары менен милдеттеринин, ар түрдүү көз караштагы ар кандай топтордун ортосундагы тең салмактуулукту камсыздоо;
- Кыргыз жаранын жана мамлекетти өнүктүрүүгө кызыкдар болгон бардык тараптардын өз ара аракеттенүүсү жана өнөктөштүгү.

*Концепциянын максаты:* Кыргыз жараны деп өзүн таанууну өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрө түзүү” .

Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүк: негизги жыйынтыктар

- Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүк жарандык коомдоштукка таандыктыкка жана жарандардын ынтымагына негизделет.
- Кыргыз жараны өлкөнүн жараны жарандык иденттүүлүк жарандык коомдоштукка таандыктыкка жана жарандардын ынтымагына негизделет. рматты сактоонун бардык жарандарын бириктирүүчү Кыргыз жараны жараны жарандык иденттүүлүк этностук бардык коомдоштуктарды бириктирет.

*Л. Ю. Марченко*

# 12 Чыгыш философторунун ой толгоосундагы идеалдуу жаран

*10 класс. Тарых 7 класс. Дин таануу 9 класс.*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окучулар:*

1. Чыгыш философторунун көз караштарына таянуу менен идеалдуу жаран жана идеалдуу коом түшүнүгүн калыптандырышат.
2. Тексттин мазмунуна талдоо жүргүзүшөт жана түрдүү ойчулдардын идеалдуу коом жөнүндө пикирлерин салыштырышат, алардын көз карашындагы жалпылыктарды жана өзгөчөлөрдү бөлүп көрсөтүшөт.

3. Заманбап жашоодо бул көз караштардын маанилүүлүгү жөнүндө өз пикирлерин билдиришет жана аргументтерди келтиришет.
4. Адилеттик жана жарандык идеал түшүнүгүн баалашат.

**Сабактын тиби:** жаңы билимдерди билдирүү сабагы.

**Жабдуу:** таркатуучу барактар жана философтордун сүрөттөрү. Каалоолор боюнча – философтордун кыска өмүр баяндары менен презентация.

**Негизги түшүнүктөр жана терминдер:** философия; Адилеттүү шаар; Ак көңүл шаар; коом; идеал; Мусульман ренессансы.

| САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ | |
|---|---|
| **Чакырык таштоо баскычы** | Айтымдарды окуп чыккыла. Ага комментарий бергиле (3-5 адам).<br>«Ынтымак болбой, ырыс турбайт. Ынтымак бар үйгө ырыс түнөйт».<br>Ойлонуп көрсөңүз, бүгүн биз силер менен кайсы көйгөй жөнүндө сүйлөшөбүз? |
| **Жаңы материалды окуп үйрөнүү** (ой жүгүртүү баскычы) | Окуучулар 5 топко бөлүнөт. Ар бир топ маалымат баракчасын алып, аны менен 15-20 мүнөт бою иштейт.<br>Анан презентация жасалат (ар бир топ 3-5 мүнөттөн), алар философтун төмөнкү темалар боюнча негизги идеясын ачып берүүсү керек:<br>• идеянын автору;<br>• автордун өмүр баянынын идеалдуу коом идеясын иштеп чыгууга таасир этиши мүмкүн болгон маанилүү учурлары<br>• идеалдуу коом жана идеалдуу жаран авторго кандай көрүнөт;<br>• автордун бүгүнкү күнү идеалдуу жаранды тарбиялоо үчүн талап кылынышы мүмкүн болгон идеялары барбы? |
| **Сабактын жыйынтыгын чыгаруу. Рефлексия** | Рюкзак<br>Тактага рюкзактын сүрөтүн тиркеп, окуучулардан алар ушу сабактан билген, жана өздөрүнө жашоосуна алууну каалаган идеалдуу жарандын бирден сапатын атоону (каалоосу боюнча) сураңыз |
| **Үй тапшырмасы жөнүндө маалымат:** | Эссе-ой жүгүртүү: «Жарандын кайсы сапатын мен өзүмдө өнүктүрүүм керек?» |

№ 1 маалымат барагы

## АЛЬ-ФАРАБИ

### Өмүр баяны

Арабдардын таасирине кабылган өлкөлөр IX кылымда гүлдөп-өсүү дооруна туш келишкен. Мусулман дүйнөсүнүн окумуштуулары антикалык философтор-

дун, биринчи кезекте – Платондун жана Аристотелдин мурастары менен таанышышып, натыйжада философиялык кубаттуу агым – Чыгыш перепатетизми деген агым пайда болот. Ошол маалда окумуштуулардын көңүлүн адамдын өзүнүн жашашына жана коомдун иштеп турушуна багытталган маселелер кызыктырып турган, аны менен бирге идеалдуу коом түзүү мүмкүндүгүн жана зарылдыгын негиздеген философиялык концепциялар түзүлгөн.

Мындай коомдун – Изги шаардын концепциясын түзгөн мусулман философторунун бири болуп – Аль Фараби саналат.

Аль-Фараби Фараба шаарынын районунда, Арысь дарыясынын Сыр-Дарыяга куйган жеринде, артыкчылык берилген түрк үй-бүлөсүндө 870-жылы жарык дүйнөгө келген. VII кылымда бул жерлер Араб халифатынын курамына кирген, бул жерде ислам жайылтылып, медреселер пайда болгон. А бирок чынында эле жакшы билим алуу үчүн таанылган илимий чордондун борборуна баруу керек болгон. Ошентип, Фараби туулган жерин таштап, Араб халифатына кирген бардык жерлерге сапар алат, Багдад, Харран, Каир, Дамаск жана башка шаарларына билим издеп жөнөйт.

Аль-Фараби бир топ билимди окуп-үйрөнгөн: өзүнүн билимдүүлүгү үчүн – экинчи мугалим (Чыгыш окумуштуулары өздөрүнүн биринчи мугалими катары Аристотелди эсептешкен) деген ардактуу атка ээ болгон. Ал тилдерди окуп үйрөнүүгө көп убактысын короткон, өмүрүнүн акырына чейин 70ке жакын тилди билген. Аль Фараби 950-жылы каза болгон.

*Идеалдуу коом*

Ал өзү жашап турган коомду тереңден изилдеген, адам инсандыгын жакшыртуу, ал эми инсан аркылуу коомду да жакшыртуу жөнүндө көп ойлонгон. Адамдар анда Жер бетинде ошо үчүн жашап жаткан негизги нерсеге - бакытка жете алуучу Изги шаарды дал ушундай жол менен гана түзүүгө мүмкүн болот деп эсептеген философ. Адам табияты жөнүндө терең ой жүгүртүп, аль-Фараби мындай тыянакка келген: “Адам баласы табиятынан өзүнүн жашап туруусу жана жогорку мыкты чекке жетүү үчүн көптөгөн нерселерге муктаж болот, ал нерселерге өзү жалгыз жете албайт, андыктан ага жетүү үчүн ал муктаж болгон жыйынды нерседен ар бири өз-өзүнчө кайсы бир буюмду ага берип туруучу айрым адамдар коомуна муктаж болгудай түзүлгөн. Адам ишинде керектүү нерселерге жетиши жана бир жерде жашап турган адамдардын биригиши аркылуу жогорку өркүндөөгө дуушар болушу мүмкүн”.

Мындай жер катары Изги шаар болушу мүмкүн деп эсептеген аль-Фараби. Чынында, окумуштуу анын ордуна көптөгөн сабатсыз, адеп-ахлаксыз, адашкан шаарларды да көргөн. Бирок ошол сабатсыз шаарда адамдар мыйзам-намысты сактап, аткара баштаса, ал жакта деле келечекте Изги шаар пайда болушу мүмкүн деп эсептеген философ. Изги шаар - бул “анда чыныгы бакыт табылган иштерге өз ара көмөк көрсөтүү максатында адамдар бириккен” шаар деп жазган аль-Фараби. Изги шаар пайда болушу үчүн алгач башкаруучу пайда болушу керек: ал ошол шаардын жүрөгү болот.

Аль-Фараби адамды башкаруучу кыла турган тубаса жана өздөштүрүлгөн сапаттарды санап өтөт:

- Мыкты түзүлүштөгү дене-бой;
- чечен;
- чынчылдыкты сүйө билүү;
- байлыкты жек көрүү;
- акылмандык жана философияны сүйүү.

Дав ушул шаар башкаруучу менен ага жакын адамдар бакыт бар экендигин адамдарга үйрөтүүгө жана жакшы иштерди жасоого аларга түрткү берүүгө тийиш.

*Шаардын бүткүл калкын аль-Фараби беш бөлүккө бөлгөн:*

*биринчилери* – татыктуу адамдар: акылмандар, ой-жүгүртө билген жана кадыр-баркка ээ адамдар;

*экинчилери* – чечендер, дин жайылтуучулар, риторлор, акындар, музыканттар, жазуучулар ж.б.;

*үчүнчүлөр* – өлчөгүчтөр: эсептегичтер, врачтар, астрологдор ж.б.;

*төртүнчүлөр* – аскер-ратниктер, күзөтүүчүлөр;

*бешинчилер* – чарба жүргүзүүчүлөр: дыйкандар, соодагерлер, пастырлар.

Бул адамдардын арасында байлар да, кедейлер да, боорукерлер жана акмактар да, акылдуулар жана акылсыздар да, эркиндер жана кулдар да болушу керек.

Бирок Аль-Фараби социалдык тепкичтеги төмөн турган абал бакытка жетүүгө тоскоолдук жаратарын эсептеген эмес: шаардын катмарларга бөлүнүшү, анын ою боюнча, буга түрткү гана берет болчу. Ал ар бир адамдын өз өнөрүндө мыкты гана сапаттарын көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, а бул болсо сүйүү менен достукту жарата турган теңдик деп эсептеген. Изги шаарда ар бир адам бул дүйнөдө жашоосунун максаты жогорку бакытка жетүү экендигин билет.

Бул билимдин негизинде жасалуучу аракеттерди жана бакыттын кандай экенин билүү шаардын тургундарынын көпчүлүгүнүн жан дүйнөсү менен таза болуусуна мүмкүндүк берет, жок дегенде, аларды бакытка алып келе турган ак ниет гана иш жасоого түрткү кылат деп эсептеген аль-Фараби.

Идеалдуу коомду куруу маселеси тууралуу ойлонуу менен, аль-Фараби ал дуушар боло турган коркунучтарды да көрө билген. Алардын башкысы – окумуштуу “өнүм” деп атаган адамдар тобу. Алар буудайдын саманы, айдоолордогу тикенектер же көчөттөрдөгү отоо чөптөр деп жазат аль-Фараби. Булар бакытка карай жолду түшүнүүсүнүн тууралыгына кайсы бир себептер боюнча шектенген же өз кемчиликтерин актоо үчүн, же бийликке, байлыкка жетүү үчүн Шаардын мыйзамдарын пайдаланган адамдар. Шаардын башчысы аларга дайыма байкоо жүргүзүп турушу, алардын каталарын түшүндүрүп, жазалап, же болбосо жокко чыгарып турушу керек.

Аль-Фараби мусулман дүйнөсүнүн өкүлү болуп туруп, исламдын жоболорун Изги шаардын негизи катары эч бир жерде айтпагандыгын белгилеп кетүү кызыктуу. Андан сырткары, Шаар башчысынын тубаса жана окуп-үйрөнүүнүн жардамы менен өздөштүргөн 12 сапатты санап өтөт, аль-Фараби башкаруучунун ишеним маселесин козгобойт.

Ишенимдин күчү менен эмес, далилдөө аркылуу алынуучу билимдин тарапташы болуп туруп, окумуштуу динди философиянын өгөй кызы деп атоо менен, динди философияга баш ийдирип койгон. " Философия ушулардын бардыгын – тактап айтканда, акыл-эс жеткен маңыздар же түшүнүктөр түрүндөгү билимди - бере турган болсо, анда диндин негизги эрежелеринин жыйындысы аны эс-тутумда элестетүү түрүндө берет. Натыйжада философия булардын бардыгын далилдейт, ал эми диндин негизги эрежелеринин жыйындысы ага ишендирет. Философия биринчи себептерди жана жыйынтыктоочу принциптер болуп саналган денелик эмес башталыштар болгон экинчилерди көрсөтөт, ал эми диндик окуу дененин башталышынан алынган аларга окшоштор аркылуу аларды элестетүүгө берет" – деп жазган.

Аль-Фарабинин пикири боюнча, чындыкка жетүүнүн философиялык ыкмалары тандалмаларга гана жеткиликтүү болгон: калгандардын бардыгы динди поэтикалык жана риторикалык талкуулоо аркылуу жакшы жашоого түрткү алгандар болушу керек. Бул көз караш араб-мусулман философиясында калыптанып калган. Идеалдуу коом жөнүндө өз ой-толгоолорунда Ибн Сина, Беруни, ибн Рушт жана башкалар ушуга таянышкан.

№ 2 маалымат баракчасы

## ИБН СИНА

### Өмүр баяны

Арабдардын таасирине кабылган өлкөлөр IX кылымда гүлдөп-өсүү дооруна туш келишкен. Мусулман дүйнөсүнүн окумуштуулары антикалык философтордун, биринчи кезекте – Платондун жана Аристотелдин мурастары менен таанышышып, натыйжада философиялык кубаттуу агым – Чыгыш перепатетизми деген агым пайда болот. Ошол маалда окумуштуулардын көңүлүн адамдын өзүнүн жашашына жана коомдун иштеп турушуна багытталган маселелер кызыктырып турган, аны менен бирге идеалдуу коом түзүү мүмкүндүгүн жана зарылдыгын негиздеген философиялык концепциялар түзүлгөн.

Абу Али аль-Хусейн ибн Абдаллах Ибн Сина 980-жылы Бахарага жакын жерде төрөлгөн. 10 жаш курагында Куранды жана ага карата жазылган комментарийлердин бир нечесин жатка билген, ал эми 18 жаш курагында белгилүү врач катары аты чыккан. Андан соң Хорезмдин борбору Үргөнч шарына көчүп барат. Үргөнчтө ал белгилүү окумуштуулардын – Мамун академиясында чогулуп туруучу Абу Райхан Беруни жана башкалар сыяктуу окумуштуулардын кружогуна кирет. Ал жактан диспуттарга ийгиликтүү катыша баштайт, анын натыйжасында медицина  боюнча такшалып, китептерди жазат. Кийинчерээк ибн Сина үчүн жер кыдырган жылдары башталат: Рей, Хамадан, Исфаханга ба-

рат. Ага карабай ал дайыма иш үстүндө болот. Үргөнчтө ибн Сина “Медицина канону” китебин, Хамаданда “Айыгуу китебин”, “Билимдер китебин”, “Адилет териштирүү китебин” жана башка чыгармаларын жазат.

Чыгармаларынын көпчүлүгүндө ал коомдун жана бийликтин маселелерин козгогон. Бул маселелер аны  теориялык жактан гана эмес, практикалык жагынан да кызыктырган: алсак, 1015-1024-жылдары Хамадандын Эмири ибн Синаны өзүнүн увазири кылып алган, ага чейин  ибн Сина Эмирди оор кармаган оорудан айыктырып чыккан эле. Бирок анын бул кызмат орунда аткарган иш-ракеттери аскерлердин наарazычылыгын жараткан. Бул ишинде жаңычылдыктарды жаңы эле киргизип баштаган философ куугунтукка алынган. Эмирдин оорусунун кезектеги кармап калышы, аны бул куугунтуктоодон сактап калган.

Ибн Сина өмүрүнүн жарымын жер кыдырып жүрүп өткөргөн. Ал анын колдоочусу Исфаганинин эмири Хамаданга каршы колдонгон аскердик жүрүштүн убагында 1037-жылдын 18-июнунда каза болгон.

### *Идеалдуу коом*

Коомдун көйгөйлөрү тууралуу ойлонуу менен, Ибн Сина анын адамдын социалдык табияты тарабынан пайда болорун түшүндүргөн: “Адам жалгыздыкта туруп, муктаж болгон нерсесинин бардыгын өз алдынча ала албайт; ага коомдун жардамы менен гана жете алат, мисалы, кимдир бирөө дагы бирөө үчүн нан бышырат, кездеме токуйт, кимдин бирөө кайсы бир өлкөдөн башка бир өлкөгө кимдир бирөө үчүн буюм жеткирет, а дагы кимдир бирөө бир нерсесин бирөөнө алмашып берет” – деп жазган ал.

Ибн Сина  адамдар коомун жер планетасында жашаган башка коомдоштуктардан эмне айырмалап турарын түшүнүү аракетин көргөн. Ал маанилүү болгон эки айырманы тапкан: биринчиси – тил белгилер тутуму катары болгондугу, алар аркылуу  адамзаттын социалдык тажрыйбасы берилет, экинчиси – жүрүм-турум ченеминин болушу. Адамдарда адамдын жүрүм-турумундагы уят нерселер, сонун көрүнүштөр жана уруксат берилген нерселер жөнүндө түшүнүгү болот.

Ибн Сина мыкты акын болуу менен бирге эле, жүрүм-турум ченемдери жөнүндө философиялык дилбаяндарында гана эмес, ырларында да айтып келген:

Благородный муж не зря почитать привык закон  
И не должен приступать десяти запретов он.  
А из этих десяти шесть запретов говорят,  
Не нарушит, хоть убей, истинный аристократ:  
Черный завистью себя не унизь перед людьми,  
Честен будь, чтоб о тебе не сказали – плутоват.  
Хоть нагрянула нужда, не взывай к другим с мольбой,  
А когда в достатке сам, будь на помощь тороват.  
Богом с тоном боль не выдавай,

Если даже ликом стал от недуга желтоват.
Знаю точно – не стоит этот мир и вопроса одного
тяжкие один конец в нём, исполненном утрат
Круг каабы свод небес
Сквозь него пройдёт лишь тот,
Кто пред Богом и людьми
Не был в жизни виноват.

Айлана-чөйрөсүндөгүлөрдөн бир нече жолу көңүлү калса да, Ибн Сина адилеттик өкүм сүрө турган коомдо жаңы тартипти түзүү жөнүндө кыялын токтотпой келген. Ошондуктан ал өзүнүн Шаарын Адилет шаар деп атаган.

Ибн Синанын ою боюнча, Адилет шаарынын иштеп жана жашап турушу алардын тургундарын үч бөлүккө бөлүү менен камсыз кылынышы керек болчу: жайгаштыруучулар, кол өнөрчүлөр жана күзөтчүлөр. Төртүнчү топ – кулдар. Башка адамдарга кызмат өтөй турган адамдар да керек, мындай адамдарды Адилет шаардын тургундарына кызмат кылууга мажбурлоо зарыл деп, Ибн Сина алардын болушун актаган. Буларга жакшылык кылуучулар түшүнүгүнөн алыс адамдар кирет. Булар “ түрктөр жана негрлер сыяктуу, тактап айтканда, жагымсыз климаттан чыккандар сыяктуу” табиятынан кулдар болот – деп билдирген.

Бирок бул шаарда бардыгы иштеш керек. Анын тургундарынын бардыгы өз ара кызматташуу жана алмашуу мамилелерин байланыштырышат. Ошондуктан алган бардык жакшылыктар үчүн Шаардын тургуну башка тургунга кандайдыр бир эквиваленттин бериши керек, ал буюм болобу, пайдалуу нерсе болобу, же жөн эле жакшы эскерүү болобу, баары бир бир нерсе берүүгө тийиш. Шаарда бир да адам ишсиз жана аныкталган орунсуз жүрүүгө болбойт. Ар бир тургун пайда алып келиши керек – деп белгилеген жазуучу.

№ 3 маалымат барагы

## АЛЬ-БИРУНИ

### Өмүр баяны

Арабдардын таасирине кабылган өлкөлөр IX кылымда гүлдөп-өсүү дооруна туш келишкен. Мусулман дүйнөсүнүн окумуштуулары антикалык философтордун, биринчи кезекте – Платондун жана Аристотелдин мурастары менен таанышышып, натыйжада философиялык кубаттуу агым – Чыгыш перепатетизми деген агым пайда болот. Ошол маалда окумуштуулардын көңүлүн адамдын өзүнүн жашашына жана коомдун иштеп турушуна багытталган маселелер кызыктырып турган, аны менен бирге идеалдуу коом түзүү мүмкүндүгүн жана зарылдыгын негиздеген философиялык концепциялар түзүлгөн.

Абу Райхан Мухаммад ибн Ахмад аль-Бируни – көрүнүктүү - окумуштуу энциклопедист. Ал ошо өзү жашап турган доордогу билимдин дээрлик бардык жатында өз изин калтырган. Албетте, түрдүү элдердин, анын ичинде Индиянын, Грециянын, Римдин, арабдардын тарыхын, маданиятын, илимин изилдөө,

Маздакдын, Муканнан,  Абу Муслимдин жана башкалардын окуулары жана дыйканчыл кыймылдары жөнүндөмаалыматтарды чогултуу менен, аль-Бируни адилеттүү коомдук түзүлүш маселеси тууралуу ойлонбой коё алган эмес. Анын үстүнө ошол өзү жашап турган учурдагы чындык мында ойлонууга көп жолу түрткү берген.

Аль-Бируни 973-жылдын сентябрында Өзбекстандын Каракалпакстанындагы Кят шаарында – азыркы Беруни шаарында төрөлгөн.

Ал эрте жетим калган, бирок зээндүүлүгү жана биринчи мугалими Абу Наср Мансурдун таасири менен бала кезинде эле бир топ нерселерди окуп үйрөнүп калат. Баштапкы билимди Кят шаарындагы диний мектептен алган, андан кийин өз алдынча окуган. 16 жашка чыкканда Бируни мыкты табигый-илимий жана тарыхый билимге ээ болуп калган, ал эми 21 жашында тегиздиктин экваторго жантайыңкысынын чоңдугун аныктай билгендиктен улам ири астроном катары таанылган.

Хорезмшах Мамун аны илим боюнча башкы кеңешчиси катары дайындаган жана Мамун Академиясы катары тарыхта аты калган Мамун Акылмандар үйүн жетектөөнү тапшырган учурда ал 26 гана жашта болчу. Ал Академия 1009-жылдан тартып 1017-жылга чейин иштеп турган.

1017-жылы Хорезмди газневик султаны Махмуд басы алган. Аль-Бируни жана башка окумуштуулар Газнага көчүп барууга аргасыз болушкан. Ошентип өмүрүнүн акырына чейин ал мекенине кайтып келе алган эмес. 1048-жылы 11-декабрда Газнада каза болгон.

*Коом кандай болуш керек*

Аль-Бируни коомдун жашоосунун көйгөйлөрүнө арналган  атайын трактат калтырып кеткен эмес, бирок түрдүү өлкөлөрдөгү адамдардын жашоосу жөнүндөгү айрым айтымдарынан аль-Бируни өзү кыялданган идеалдуу коомдук түзүлдүштүн чагылдырылышы  көрүнүп турат.

Андан сырткары аль-Бируни өзүнүн кыялдарын тарых барактарынан табат. Ирандагы Пишадиоддор династиясы дал ушундай коомду түзө алган: бул династиянын өкүлдөрү шаарларды куруп, кен жатактарын иштетип, бардык мезгилдердин негизин иштеп чыгышкан жана жер бетине адилеттикти орнотушкан  деп эсептейт.

Аль-Бируни адамзат коомго эки себеп менен: түрдүү коркунучтарды чагылдыруу үчүн бири-бирин коргоо максатында жана коомдук-пайдалуу ишти бөлүштүрүү максатында бириккен деп эсептейт.

Бирок адамдардын аң-сезимдүү макулдугуна негизделген коом акырындык менен зомбулукту, мажбурлоону жана адилетсиздикти негиз кылган коомго айланып бара жатат. Ал коомдогу байлык уурулук, үстөмдүк жүргүзүү, сүткорлук менен топтолгон учурда пайда болот.

*Адамдар ортосундагы теңсиздикти ал төмөнкүдөй түшүндүрөт:*

«Адамдардын максаттары менен ниеттери ар башка боло баштаганда, искусство менен кол өнөрчүлүк да ар түрдүү боло баштаган. Ошентип, бир адам экинчи адамды жумушка ала баштаган, тактап айтканда, ал тиийштүү сыйакыга адилет келишим боюнча ага дайыма иштеп турган». Бирок зомбулук жана жалдоо аркылуу жүзөгө ашырылуучу мажбурлоо жумушу туруктуу эмес болгон жана дайыма эле боло берген эмес. Аль-Бируни алтын менен күмүштүн соода-сатык, алмашуу үчүн маанисин, анан айрым адамдардын бул металлдарды чогултууга кызыгусу артканын, ошентип ал акыр аягы каардуулуктун – тактап айтканда, теңсиздиктин булагы болуп каларын баяндаган.

Адилет түзүлгөн коомдо байлар да, кедейлер да жашашы мүмкүн, бирок анда адамдар байлык үчүн байлыкка умтулушпайт деп эсептеген аль-Бируни. Мындай адилет коомдун негизин алардын эмгеги байлык топтоого эмес, коомдун мүчөлөрүнүн аң-сезимдүү керектөөлөрүн канаттандырууга багытталган дыйкандар, жер иштеткендер жана кол өнөрчүлөр түзөт. Аль-Бирунинин ою боюнча,  адилет түзүлгөн коом бардык адамдарга кам көрүүгө мүмкүндүк берет: жогору тургандар менен төмөн тургандардын  ортосунда адилеттик, жана күчтүүлөр менен алсыздардын ортосунда теңдик болушу керек.

Буга жетүү үчүн элди башкаруу белгилүүлөрдүн жана жер ээлеринин чөйрөсүндө кезек боюнча өтүп турууга тийиш. Кезек жеткен ар бир адам үч ай бою башкаруучу милдетин аткарат. Анан мөөнөтү бүткөндө, алар башкаруудан ыктыярдуу түрдө кетет да, ыраазычылык катары садака беришет. Идеалдуу башкаруучу үчүн башкаруунун жана жетектөөнүн маңызы – кысуучулар тарабынан зомбулук көрсөтүүдөн жабыр тарткандардын укуктарын калыбына келтирүүдө өзү башкарып турган элдин тынчтыгы үчүн өз тынчтыгынан ажыроо.

Идеалдуу башкаруучу илимдерди жана кол алдындагыларды илим менен алектенүүгө шыкактаган философторду да сүйүүсү керек; билимдин жааты өтө көп, алар “Чыгып келе жаткан өнүгүү доорунун” акылмандары ага үзгүлтүксүз кезек менен кайрыла баштаганда, алар да көбөйө баштайт; мунун белгиси адамдардын илимге болгон умтулуусу, аларга болгон жана алардын өкүлдөрүнө болгон сый-урматы саналат. «Бул алды менен адамдарды башкаргандардын милдети, себеби  жердеги жашоо үчүн бардык керектүүлөргө кам көрүүдөн жүрөктөрдү бошотуу жана мактоолор менен жактырууларга алардын рухун түшүрүү  – дал ошолордун иши. Анкени жүрөк дал ушуларды сүйүүгө жана ага карама-каршылыктарды жек көрүүгө  багытталган.».

*Л. Ю. Марченко*

# 13 Заманбап коомдогу аял

*10 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Өлкөбүздөгү коомдун ар түрдүүлүгү жөнүндө айтып беришет.
2. Аялдын үй-бүлөдөгү, коомдогу жана мамлекеттеги ролун аныкташат, мисал келтиришет.
3. Аялдын үй-бүлөдө жана коомдо ролун жогорулатуу жолдоруна тоскоолдуктарга талдо жүргүүшөт.
4. Коомдун коомдук-саясий турмушунда заманбап аялдын ролуна баа беришет.
5. Гендердик ар түрдүүлүккө сый-урмат мамиле жасашат.
6. Аялдар лидерлигин түзүүдө жана өнүктүрүүдө кошо кабатырланууну жана тилектештикти көрсөтүшөт.
7. Заманбап коомдо аялдардын ролуна баалуу мамиле жасоону көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** алдын ала тапшырма, аңтарылган класс; «Кар бүртүгү» көнүгүүсү, топтор менен иштөө, суроолорду талкуулоо.

**Жабдуу:** окуучуларга тапшырма, кагаз, флипчарттар, фломастерлер.

**Методикалык сунуштамалар:**

Аңтарылган класс» методу үй тапшырмасын аткаруу күндөгүдөн сырткары төмөнкүлөрдү камтыган окууу моделин туюндурат:

- видеоматериалдарды көрүп чыгуу;
- окуу тексттерин жана башка материалдарды окуп чыгуу;

Класстык иш үй тапшырмаларын аткарып жаткан учурда окуучуларда пайда болгон суроолорду жана татаал теориялык бөлүгүн талдоого арналат.

Сабактын алдында сабак үчүн маалымат тандоо боюнча иш жүргүзүлөт. Бул маалымат окуучулар менен иштөө үчүн базалык болуп саналат. Мында маалымат сабак өтүп жаткан учурда актуалдуу (ага жакын) болууга тийиш.

Аны менен бирге бул сабакка чейин бир жума (же андан көп) мурун окуучулар мугалимдин материалын толуктай жана аларга бул тапшырманы аткарууга мүмкүндүк бере турган материалды чогултушу керек.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Теманы актуалдаштыруу

- Аялдын коомдогу ролу жөнүндө эмне ойлойсуз?

- Аял өлкөнүн коомдук жана саясий турмушунда активдүү болушу канчалык деңгээлде маанилүү?
- Бүгүнкү сабактын темасы жөнүндө оюңар кандай?

**Жаңы материалды окуп үйрөнүү.**

**Окуучулардын билимин бышыктоо.**

*1-ИШ. «Кар бүртүгү» көнүгүүсү*

Окуучуларга кагаз кол аарчыны же барактарды таратуу. Бардыгы өйдө туруп, айланага арты менен бурулуп туруусун жана мугалимди көңүл коюуп угуусун, ага ырааттуу эле силер керек деп эсептегендей тапшырманы аткаруусун сунуштагыла.

1) Кагаз кол аарчыны жайгыла.

2) Кагаз кол аарчыны экиге бүктөгүлө, жогорку сол жактагы бурчун айрып алгыла.

3) Экиге бүктөп, оң тараптагы төмөнкү бурчун айрып алгыла.

4) Экиге бүктөп, сол тараптагы төмөнкү бурчун айрып алгыла.

5) Экиге бүктөп, оң тараптагы жогорку бурчун айрып алгыла.

6) Экиге бүктөп, сол тараптагы жогорку бурчун айрып алгыла.

Анан бардыгы бири-бирине бет маңдай бурулушат, отуруп, пайда болгон “кар бүртүктөрүн” бири-бирине көрсөтүшөт.

*Маселелерди талкуулоо:*

- «Кар бүртүктөрүнүн» кайсынысы «туура»? Эмне себептен?
- Көнүгү туура же туура эмес аткарылгандыгы жөнүндө суроону коюуга болобу? Эмне себептен?
- Силер кандай ойлойсуңар, бул көнүгүү эмне себептен жүргүзүлдү?

Окуучуларды дүйнөнүн ар түрдүүлүгү, жана ар бир адам же ар бир топ Кыргызстан коомун курууга өз салымын кошору жөнүндө ойго түрткүлө.

2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн Концепциясында көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын сыйлоо зарылдыгы баса көрсөтүлөт.

*2-ИШ. Топтор менен иштөө. 3 топ түзгүлө жана тапшырманы түшүндүргүлө.*

**«Экономисттер» тобу**

**Тапшырма:**

- ишкер-аялдар, фермер-аялдар, окумуштуулар ж.б. жөнүндөгү материалдарды пайдалануу менен, Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнө аялдардын салымын баалагыла.
- Өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө аялдардын катышуусу жана ролдору жөнүндө жыйынтык чыгаргыла.

### «Социологдор» тобу

**Тапшырма:** Статистиканы, аналитиалык материалдарды пайдалангыла же өзүңөрдүн мини-социологиялык сурамжылооңорду жүргүзгүлө:

- Акыркы жылдары Кыргызстанда аялдардын абалы кандай өзгөрдү (мисалы 5-10 жыл ичинде)?
- Билим алуу, иштөө, үй-бүлөдө жашоо ж.б. мүмкүнчүлүктөрүн баалагыла. Ийгиликтүү аялдардын мисалдарын келтиргиле.
- Биздин өлкөдө жана дүйнө жүзүндө аялдардын өзгөрүүсү жана жетишкендиктери жөнүндө жыйынтык чыгаргыла.

### «Политологдор» тобу

**Тапшырма:** Аялдардын коомдогу коомдук-саясий турмуштагы ролун баалагыла.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Бийлик органдарындагы аялдар өкүлчүлүгү кандай өзгөрдү?
- Мамлекеттик мекемелерде жана жергиликтүү өз алдынча башкару органдарында чечимдерди кабыл алуу процессинде аялдардын ролу кандай?

Өлкөбүздөгү коомдук жана саясий турмушта аялдардын ролу жөнүндө жыйынтык чыгаргыла жана дүйнөлүк тенденция менен салыштыргыла.

*Топтун ишин презентациялоо:*

- ар бир топ өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын презентациялоого 5-7 мүнөт алышат;
- суроолорду жана топтордун жыйынтыктарын талкуулагыла;
- класстын окуучуларын презентаторлорго суроо берүүгө түрткү кылгыла.

### Жыйынтыктар

- Жыйынтыктардын жалпы тизмегин түзгүлө.
- Бул тизмеге эмнени кошкусу келгенин окуучулардан сурагыла жана алар менен талкуулагыла;
- Прессаны, расмий булактардын маалыматтарын жана «социологдор» жүргүзгөн (эгер ал жүргүзүлгөн болсо) маалыматтарды пайдаланып, окуучулар сабактын аягында заманбап коомдогу аялдын ролу тууралуу түшүнүк алууга тийиш.

### Рефлексия

*Суроолорду талкуулагыла:*

- Бул сабакта силерге эмне жаңы болду?
- Коомдун турмушунда аялдардын ролуна мамилеңер кандай өзгөрдү?
- Өлкөнүн саясий жашоосуна аялдардын ролун жогорулатуу үчүн, силердин оюңарча, эмне керек?

**Үй тапшырма:** топто аткарылган иштен улам коомдун жана мамлекеттин жашоосунун түрдүү чөйрөлөрүндө аялдардын ролун жогорулатуу үчүн 5 – 6 пункттан турган «программа» түзгүлө.

*Л. Ю. Марченко*

# 14 Мектептеги академиялык чынчылдык

*11 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Академиялык чынчылдыктын принциптерин санап беришет.
2. Аныктамаларды түзүшөт.
3. Чынчылдыкты жана адилеттүүлүктү баалашат.
4. Академиялык чындыктын, өз билимине сый-урматтын жана жоопкерчиликтин ортосунда байланышты орнотушат.
5. Түшүнүктөрдүн аныктамаларын туюнтушат жана алардын мазмунун түшүндүрүшөт;
6. Академиялык чынчылдыкты көрсөтүшөт.

*Сабактын эпиграфы:*

*Жеке кызыкчылыктарга жана каалоолорго карабай, чындыкка баш ийүү –чынчылдыктын, адеп-ахлактын бардыгы дал мына ушунда турат.*

*Н.П. Огарев, орус ойчулу*

**Мугалимдин кириш сөзү** *(5 мүнөт):*

Балдар, силер сабактан «Кыргыз жараны» түшүнүгүн талдоого алдыңар. Бул түшүнүк коомдун коомдук жана саясий турмушуна катышуу, элдин биримдиги жана ынтымагы менен байланышкан. Чынында, ар бир адам үчүн жарандуулуктун калыптанышы кичине кадамдан, кийин мүнөзгө, ал эми мүнөз - тагдырга өөрчүп айлануучу аныкталган бир адаттарды иштеп чыгуудан башталат.

Бириккен Улуттар Уюму биз үчүн бүгүнкү күнү камертон болуп калган «Глобалдуу ойлон, локалдуу кадам ташта» деген аталыштагы лозунгду алып чыкты. Бүгүн биз академиялык чынчылдык тууралуу сүйлөшөбүз, академиялык чынчылдыкка биз күн сайын кездешебиз. Академиялык чынчылдык жооптуу жарандын калыптанышынын кадамдарынын бири болуп саналат.

*Мугалим үчүн белги.* Академиялык чынчылдыктын принциптерин тактага жазгыла же слайддан ачкыла:

*Академиялык чынчылдык беш принципке топтолот:*

1. Чынчылдык.
2. Ишеним.
3. Адилеттүүлүк.
4. Сый-урмат.
5. Жоопкерчилик.

Чакан 5 топ түзгүлө. Ар бир топ тапшырма алат: принциптердин бири үчүн аныктама түзгүлө жана бул принциптин мектепте окууда көрүнүшүн көсөткүлө (5-7 мүнөт). Мисалы, чынчылдык – жооп берип жатканда шпаргалканын жоктугу; үй тапшырмасын күн сайын даярдоо; контролдук жана өз алдынча иштерде шыбырап айтып берүүлөрдүн жоктугу; окуучулар жана мугалимдер менен өз ара мамилелерде чынчылдык ж.б. Жоопкерчилик – өз билими/компетенттүүлүгү, өз жүрүм-туруму, мектептин имиджи, мектептин коомдук иштерине катышуу ж.б. үчүн жооп берүү милдеттенмеси.

Топтордун иштерин презентациялоо (15-20 мүнөт) бир нече окшош жоопторду камтышы мүмкүн. Бул ченемдеги көрүнүш.

Бул иштен кийин окуучуларга окууда академиялык чынчылдык деген эмне экендигине аныктама түзүү сунушталат (4-5 мүнөт).

**Академиялык чынчылдык** – окуучулардын этностук ченемдерге жана заманбап билим берүү топтолгон принциптерге шайкеш келген жүрүм-турум формасы;ал окуучуларлын билиминин жогорку сапатын жана компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышын камсыз кылат.

Академиялык чынчыл болуу кандай болорун окуучулар билгендиктен, академиялык чынчылдык ЭМЕС - т.а., андан качуу болгон жүрүм-турум эмне экендигин мээге чабуул ыкмасы  аркылуу аныкташат (5-7 мүнөт).

*1-таблица. Академиялык чынчылдык ЭМЕС (болжолдуу жооптор):*

| Академиялык чынчылдык эмес | Мазмуну |
|---|---|
| Плагиат (лат. Plagiatus – уурдалган) | Бөтөн адамдын идеяларын, айтымдарын, иштерин, тексттерин, графикалык элементтерин иш жүзүндөгү авторго шилтеме бербестен, өзүнүкү катары берүү |
| Компиляция (лат. Compilation – уурдоо) | Жарыяланган бир нече чыгармалардыпайдаланууга негизделген өз алдынча эмесиш (реферат, баяндама ж.б.). |
| Көчүрүп Алуу | Жазуу ишин (контролдук/өз алдынча иш,  сынак, зачет) аткарып жатканда башкалардын басма же электрондук түрдөгү материалдарын жашыруун же ачык пайдалануу. |
| Жүктөп алуу | Интернет ресурстарын плагиат максатында пайдалануу |

| | |
|---|---|
| Окуу документтерин жана маалыматтарды Жасалмалоо | Рефераттардын, баяндамалардын титулдук барактарын алмаштыруу, журналдарда жана күндөлүктөрдө бааларды оңдоо |
| Коррупция | Жеке байланыштарды же акча каражаттарын андан да жогору баа алуу үчүн пайдалануу |
| Алдоо, Сыйлабоо (мугалимге/окуучуга карата) | Мугалимдер, классташтар, жаш окуучулар ж.б. менен катышканда адеп ченемдерин сактабоо. |
| Системалык түрдө кечигүү | Окуу сабагынын бөлүгүнөн дайыма, негизсиз жана акталбаган кала берүү |
| Сабактардан калуу | Окуу сабак тарын жүйөлүү себепсиз атайын жана негизсиз калтыруу (бөлүгүн). |
| Зыян келтирүү (класстын/мектептин мүлкүнө) | Мектептин мүлкүнө, китепкана фондунун китептерине ж.б. зыян келтирүү |

## Билимдерди бышыктоо

Академиялык чынчылдыктын туюнтулган аныктамасынан кийин материалды бышыктоо үчүн төмөнкү схеманы колдонууга болот:




## Жыйынтык жана рефлексия (3 мүн.)

Мугалим жазылган биринчи фразалар (окуучулардын өз пикирлерин айтууга мүмкүндүк берүүчү) менен бир нече карточканы алдын ала даярдайт, бул фразаларды – 3-5 айтымды слайдга чыгарат. Мисалы: «бул суроодо эң негизгиси … деп ойлойм» же «Бул суроо жөнөкөй эмес окшойт, себеби …».

Окуучулар фразаларды өз ыктыярлары менен улантышат, академиялык чынчылдык деген эмне экендиги жөнүндө жана сабакта ал академиялык чынчылдык тууралуу кандай түшүнүк калыптангандыгын айтып беришет.

Мугалим сабактын башына кайтып келип, окуучулар менен чогуу жакшы окуу – бул адаммдын жарандык жоопкерчилигинин бөлүгү экендиги, алар академиялык чынчылдыктын принциптерине таянып жасаган кичинекей эле кадам алардын өздөрүнө, коомго мамилелеринин негиздеринин бири болуп калары тууралуу жыйынтык чыгарууга тийиш.

**Үй тапшырма**

Академиялык чынчылдык жана Кыргыз жараны бири-бири менен кандайча байлаышкандыгы тууралуу мини эссе жазуу (же РАФТ технологиясын пайдалануу).

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

Академичялык чынчылдык заманбап билим берүүдөгү негизги аракеттердин бири болуп саналат. Академиялык чынчылдыктын дал ушул ченемдерин сактоо окуучуларды жана студенттерди өз окуулары жана анын жыйынтыктары үчүн жоопкерчиликке үйрөтөт.

Кыргыз Республикасынын жождорунда студенттер жана окутуучулар менен иштөө аркылуу академиялык чынчылдыкты - академиялык чынчылдык эмес учурларын караган Ар намыс Кеңештерин илгерилетүүчү уюмдар 2003-жылы эле пайда болгон; Ар бир жождо Ар намыс кодекси – тактап айтканда, студенттердин(окутуучуларлын) академиялык чынчыл жүрүм-турумунун ченемдери жана эрежелери каралган, коомдоштук менен кабыл алынган документ бар. Ошол эле маалда менктептерде академиялык чынчылдыкка жетиштүү көңүл бурулбай келет. Окуучулапр анын принциптери менен канчалык эжрте таанышса - алар өз билим алуусуна ошончолук эрте жооптуу мамиле жасай баштайт. Ошондуктан окуучулар/бүтүрүүчүлөр академичялык чынчылдыктын ченемдерин жана эрежелерин билүүсү, алардын кайсы болбосун билим берүү мекемесиндеги билим алуусунун сапаты академиялык чынчыл жүрүм-турумдан көз каранды экендигин да билүүсү маанилүү.

Эгер мектепте академиялык чынчыл жана чынчыл эмес жосундар талкуулангандан киийн убакыт бар болсо, төмөндө сабак үчүн сунушталган материалдарды колдонууга болот.

1. Мээге чабуул ыкмасы аркылуу окуучулар академиялык чынчылдык эместин кайсы формаларына туш болгону тууралуу, же басылма же электрондук ЖМКлардан жана башка булактардан алынган материалдардан/аңгемелерден академиялык чынчылдык эместин кайсы формалары аларга белгилүү экендиги тууралуу талкуу жүргүзүүгө болот.

Академиялык чынчылдык эместин кайсы болбосун көрүнүшүнүн негизинде алар толук кандуу сапаттуу билим жана комптенцияларды ала албай калышы, ал болсо алардын келечегине таасир этээри – мисалы, ЖРТны тапшыра албай калышы, анын негизинде суроолорго жооп бере албагандыктан ЖОЖго

өтө албай калышы  туралуу жыйынтыкты окуучуларга жеткирүү зарыл, себеби билим алып жүргөн мезгилде алар материалды окуп үйрөнүп ой жүгүртүүнүн ордуна, аны жөн эле бирөөнөн көчүрүп, же интернет булактарынан жүктөп алып  өзүнүн иши катары берип жүргөндүгү тууралуу түшүндүрүү зарыл; академиялык чынчылдык эмес адамдын жарандык компетенттүүлүгүнө да таасир этет, себеби мектепте сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанбаса, анда коомдук турмушка жоопкердик менен катышуусуна да мүмкүн болбойт .

2. Академиялык чынчыл жана академиялык чынчыл эмес жосундарды талкуулоону улантуунун дагы бир варианты – бул белгилүү адамдардын адамдын чынчылдыгына жана жоопкерчилигине арналган накыл кептерин окуучулар менен талкуулоо.

*Мисалы:*

«Ката кетирсе да, аны мойнуна ала билүү – акуылмандыктын белгиси. Ката кетиргениңди сезип, аны жашырбоо – мына ушул чындык болуп саналат».

*Цзи Юнь, кытай жазуучусу, XVIII к.*

«Өзү ойлоп тапкан жүйөлөр аны башка адамдардын мээсине келген жүйөлөргө караганда көбүрөөк ишендирет».

*Б. Паскаль*

«Адамдын адеп ахлак сапаттарын анын айрым аракеттери аркылуу эмес, анын күнүмдүк турмушу аркылуу баалоого болот».

*Б. Паскаль*

«Бирөөнүн эмгеги менен жашаган адам башканын акылы менен жашай баштайт, себеби адамдын акылы өзүнүн карандай эмгегинин жардамы менен иштелип чыгат».

*В.О. Ключевский*

«Тагдыр биздин жосундарыбыздын жарымын башкарат, ал эми калган жарымын өзүбүзгө башкаруубузга берип коет деген чын окшойт».

*Н. Макиавелли*

«Эгер мен менин жалпы жыйынтыктарыма каршы келген жаңы байкоого, же жаңы ойго туш келсем, анда ал тууралуу дароо жазып алчумун, болбосо ушу сымал фактылар же ойлор эстен дароо эле чыгып кетерин тажрыйбамда ынандым».

*Ч. Дарвин*

«Көптөгөн окуучулардын жана чоң адамдардын акылынын кемдиги жана (көңүл буруңуз) мүнөзүнүн алсыздыгы ал бардыгын эптеп билгендигине жана эч нерсе билбегендигине жараша болот».

*А. Дистервег*

«Жалган илимпоздук наадандыктан да жаман. Наадандык – аны бөлүп, үрөн отургузуп кое турган бош талаа; жалгын окумуштуулук – бул отоп салууга мүмкүн болбогон тарак баш каптап кеткен талаа».

*Ч. Канту*

«Башка бирөөнүн көргөнү сокурга пайда алып келбеген сыяктуу эле, бардык адамдын бириктирилген акыл эси, акылы жокко жардам бере албайт».

*Ж. Лабрюйер*

*Л. Ю. Марченко*

# 15 Дүйнө жүзүнүн элеси

*11 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Кыргызстандын эгемендиги жылдарында болгон маанилүү окуялар жөнүндө айтып беришет.
2. Өздөрүнүн жарандык позициясын аныкташат.
3. Маалыматка сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн көрсөтүшөт.
4. Өз көз караштарын туюнтушат.
5. Диалог жүргүзө билишет жана өз пикирлерин талаша алышат.

**Сабактын материалдары жана жабдуулары:** флипчарттар (ватман барактары), маркерлер.

Сабак «Дүйнө жүзүнүн элеси»[14] комитетинин отуруму" ишкер оюну формасында өткөрүлөт.

Тиркемеде ЮНЕСКОнун бул программасы жөнүндө кыска маалыматтар берилген, мугалим аларды сабакта кириш сөз катары пайдалана алат (2-тиркеме). Дүйнө жүзүндө иштеп турган реалдуу программанын контекстин пайдалануу менен окуучуларга жүргүзүлүүчү иштин маанилүүлүгүн сезүү мүмкүндүгүн берүү керек.

Бул программа бардык доорлордогу документалдык мурастардын шедеврлерин сактоого багытталгандыгына карабай, класста Кыргызстандын тарыхы үчүн маанилүү болгон, документтерде, сүрөттөрдө, баяндамаларда, тасмаларда, адабий чыгармаларда же интернет материалдарында ж.б. чагылдырылган окуяларды тандап алууга болорлугун белгилеп кетүү керек.

**План**

1. Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу.
2. «Комитеттин» тандоосу жана окуучуларды топторго бөлүү.
3. Топтордо иштөө.
4. Долбоорлорду коргоо.

[14] Улуттук комитет Кыргызстанда 2002-жылдан тартып иштеп келе жатат.

Сабак “комитеттин отурумунун” модели болушу мүмкүн, ал отурумда “Дүйнө жүзүнүн элесинде” татыктуу сакталып турган окуялар тандалышы керек.

Сабактын биринчи этабы – “комитеттин” тандоосу. “Комитеттин” милдети окуучулар сунуштагандардын ичинен 5-7 маанилүү окуяларды көз карандысыз Кыргызстандын жыл баяндарына тандоо саналат. “Комитеттин” мүчөлөрү “иштөө үчүн эскертме” катары программанын үзүндүсүн алышат, анда программанын алкагында сактоо объектиси эмне саналары аныкталган (3-тиркеме).

Иштин жыйынтыгы боюнча “комитет” отурумдун “протоколун” тариздейт (1-тиркеме), ал окуучулардын Кыргызстандын тарыхындагы маанилүү окуяларды белгилеген документ болуп калат.

“Комитет” тандагандан кийин иш жүргүзүү үчүн класс топторго бөлүнөт.

**Топтордун иштеринин тематикасы мугалим тарабынан түзүлөт.**

Мүмкүн болуучу варианттардын бири – 3 топту түзүү:

**1-топ.** 1991-2023-жылдары өлкөдө болгон саясий окуялар.

**2-топ.** Коомдук-маанилүү окуялар.

**3-топ.** Маданият жаатындагы окуялар.

*Бир нече “реестрлерди” түзүү үчүн окуучуларды топторго бөлүштүрүү башка вариант болушу мүмкүн, ал реестрлердин ар биринде мамлекет көз карандысыздыкка ээ болгон жылдары башынан өткөргөн маанилүү окуялар белгиленет:*

- Өлкөдө;
- окучулар жашаган облуста/райондо/шаарда;
- мектепте.

Ар бир топ “Дүйнө жүзүнүн элеси” жыл баяндарына кире турган 5 тен 10го чейинки окуяны атоону сунуштоого болот.

Ишти аткаруу үчүн окуучулар телефон/интернет пайдаланса болот.

Программа болуп өткөн, документтерде камтылган окуяларды белгилеши керек болгондуктан, тигил же бул окуя кайсы жакта жазылгандыгын (мисалы, конституция – ченемдик укуктук документ, окулардын бир нечеси ЖМКларда – басылма же электрондук ЖМКларда, илимий монографияларда, көркөм чыгармаларда, сүрөттөрдө, картналарда ж.б. чагылдырылган болуш керек) окуучулар белгилеши керектиги өтө маанилүү. Мугалим мисал катары келтире турган окуялардлын бири – Кыргызстанга улуттук валютанын (сомдун) киргизилиши. Сом – бул акча белгиси, ошону менен бирге ал маданияттын белгилүү ишкерлеринин, саясий жана коомдук ишкерлердин, кыргызстандын тарыхынын жана маданиятынын эстеликтеринин портреттик галереясы.

Окуучулар атап өткөн эстеликтердин түрлөрүн кантип жана каякта (архивдер, китепканалар, картина галереясы ж.б.) сактоого болорун ойлонуп көрүүсүн окуучуларга сунуштоо керек.

Мисалы, Кыргызстанда Улуттук банкта өлкөнүн аймагында төлөм каражаттарынын эволюциясы көрсөтүлгөн музей ачылган.

Окуучулардын иштеринин жыйынтыктары флипчарттарга белгиленет.

15-20 мүнөт иштегенден кийин, топтор өз жоопторун презентациялашат. Тандоонун аргументтештирилгенине жана далилдердин логикалык курулушуна көңүл буруу зарыл.

Андан кийин “комитет” 5-7 мүнөттүн ичинде сунушталган окуяларды тандоону жүргшүзөт жана өз чечимин Протоколго киргизет.

“Комитет” өз иши менен алек болгончо, окуучулар менен алардын жарандык иденттүүлүк (кыргыз жараны) сезимин калыптандырууга багытталган маек жүргүзүү керек.

2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясына ылайык (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 жарлыгы менен бекитилген) Кыргыз жараны – бул өздөрүнүн этномаданий бирдейлигин сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейлик.

*Концепцияда иштин 5 артыкчылыктуу багыты белгиленген:*

1. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну аң-сезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу.
2. Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн урматтоону сактоо.
3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү.
4. Башкаруу жана чечим кабыл алуу процесстерине катышууга бирдей шарттарды түзүү.
5. Саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу.

Баарлашуунун жүрүшүндө окуучулар топтордо тандаган мисалдар (адамдардын, мамлекеттик жана коомдук институттардын иштери) жалпы жарандык иденттүүлүктүн максаттарына кандай шайкеш келерин айтып берүүсүн суроого болот.

Сабактын аягында “комитет” алар тандаган Кыргызстандын тарыхындагы маанилүү окуяларды атайт, өз позициясын кыскача негиздейт (эгер убакыт болсо).

Протокол окуучулар андан ары талкуулоосу үчүн жана/же тарых сабагында жана “Адам жана коом” предметинде пайдаланышы үчүн тарых кабинетинде жайгаштырылышы мүмкүн.

1-тиркеме.

МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

«ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНҮН ЭЛЕСИ» КОМИТЕТИНИН ОТУРУМУНУН №1 ПРОТОКОЛУ

________________ № мектептин____________________________________________

«» ________________202-ж.

КҮН ТАРТИБИ:

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

КАТЫШКАНДАР:

«__» класстын окуучулары

УГУЛДУ:

1. "Дүйнө жүзүнүн элеси" реестрине киргизүүнү сунуштаган ____________ 1-топ

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

2. ______________________________________________________________________

________________________________________________________________________

3. ______________________________________________________________________

________________________________________________________________________

……

**ЧЕЧИМ:**

Түшкөн сунуштарды талкуулап, ______"___" классынын комитети

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын эгемен жылдарында болуп өткөн төмөнкү окуялар «Тынчтывк элеси» реестрине киргизилсин:____________________________

________________________________________________________________________

Комитеттин төрагасы:

Комитеттин мүчөлөрү:

....

2-тиркеме.

**ЮНЕСКО ЖАНА «ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНҮН ЭЛЕСИ» ПРОГРАММАСЫ**

ЮНЕСКО – Билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча Бириккен Улуттук Уюму 1945-жылы 16-ноябрда түзүлгөн, анын штаб-батири Францияда Парижде жайгашкан. Уюмдун курамына дүйнөнүн ар кайсы булуң-бурчунда жайгашкан 67 бюро жана бөлүм кирет. Азыркы учурда Уюмда 192 мүчө-мамлекет жана 6 мүчө-кызматкер бар, 173 мүчө-мамлекеттин Париждеги Уюмда туруктуу өкүлчүлүгү бар.

ЮНЕСКО 193 иштеп турган жана 6 ассоциаланган мамлекеттер менен билим берүү , илим, маданият жана коммуникация маселесинде эл аралык кызматташтыктын өнүгүүсүнө көмөк берип турат. Универсалдуу адамдык баалуулуктарды жана ар бир цивилизациянын жана маданияттын суверендүүлүгүн сыйлоого негизделген чыныгы эл аралык диалог үчүн шарттарды түзүүнүн үстүндө иштейт.

ЮНЕСКОнун негизги Максаты – жалпы сый-урматты, адам укугунун жана мыйзамдуулуктун, ошондой эле бардык элдер үчүн жынысын, расасын, тилин же динин айырмалабастан, Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында жарыяланган негизги эркиндиктердин сакталышынын адилеттүүлүгүн камсыз кылуу максатында элдердин билим берүү, илим жана маданият жаатында кызматташуусун кеңейтүү аркылуу тынчтыкты жана коопсуздукту чыңдоого көмөк көрсөтүү.

ЮНЕСКО тарабынан иштелип чыккан жана жүзөгө ашырылган программалардын бири – “Дүйнө жүзүнүн элеси”.

ЮНЕСКО тарабынан 1992-жылы уюмдаштырылган “Дүйнө жүзүнүн элеси” программасы документалдык мурастардын – олуттуу жана өтпөс баалуулуктарга ээ болгон, кагаз түрүндөгү, аудиовизуалдык, санариптик же башка кандай бобосун форматтагы документтердин же документтер коллекциясынын кайтарымсыз жоголуп кетүүсүн болтурбоого багытталган. Программа бул мурастарды сактоого, жана аны кенен коомчулукка жеткиликтүү кылууга багытталган.

**Документалдык мурас коркунуч алдында**

Дүйнөнүн көптөгөн жерлеринде, өзгөчө өнүккөн өлкөлөрдө документалдык архивдер коркунуч алдында турат. Көп жылдар аралыгында суу ташкындары жана чыккан өрттөр кагаз түрүндөгү миңдеген документтерди жок кылды, бирок аудиовизуалдык жпазуулар да өтө борпоң экени белгилүү. Магниттик тасмалар жараксыз болуп калат, ал эми аларды көрсөтүүгө пайдаланылуучу аппараттар сейрек тартып бара жатат. Бул материалдарды сактап калуу жана санариптештирүү үчүн жамааттык аракеттер талап кылынат, антпесе алар дайынсыз жок болуп кетиши мүмкүн.

Документалдык мурастарды санариптештирүү жана Интернет беттерине жайгаштыруу документтердин түпнускасын бузуп алуу тобокелдигисиз, бардыгы үчүн жеткиликтүү кылып коет. Санариптештирүү ири чыгымдарды талап кылгандыктан, ЮНЕСКО китепканаларга, архивдерге жана музейлерге, өзгөчө Африкада, Кот-д’Ивуар, Мали жана Судан сыяктуу өлкөлөрдө колдоо көрсөтүп келет.

Акыркы отуз жыл аралыгында ЮНЕСКО 94 өлкөдө “Дүйнө жүзүнүн элеси” улуттук комитеттерин түздү. Өткөн жылдын башынан тартып Уюм документалдык мурастарга инвентаризация жүргүзүүнү жана аны кайтарууну жана ага жалпы жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана дараметти өстүрүүгө дээрлик 40 өлкөгө жардам көрсөттү.

*Программанын максаттары:*

- Бүткүл дүйнөлүк документалдык мурастарды коргоо;
- колдонуучуларды документалдык мураска тең укукта жетүүсүн камсыз кылуу;
- документалдык мурастардын бар экендиги жана маанилүүлүгү жөнүндө жалпы элдин маалымат алуусун жайылтуу;
- Программаны жана анын чыгармаларын жалпы коомчулуктун чөйрөсүнө илгерилетүү.

3-тиркеме.

Программадан кыска көчүрмө

2.6.1. "Дүйнө жүзүнүн элеси" программасы адамзаттын документалдык мурасын камтып турат.

Кайсы бир маалымат максаттуу багытталган инеттелектуалдык аракеттердин жардамы менен "документтештирген" же "каттаган" нерселердин бардыгы документ болуп саналат.

1.6.2. "Дүйнө жүзүнүн элеси" программасынын максаттары үчүн документалдык мурас төмөнкүдөй аныкталат:

- кыймылдуу (эске алуу менен, бирок, төмөндө баяндалган);
- белгилерден/коддордон, тыбыштардан жана/же сүрөттөрдөн турган;
- сакталуучу (маалымат алып жүрүүчүлөр тирүү объектилер болуп саналбайт);
- кайра угулуучу жана бир алып жүрүүчүдөн экинчи алып жүрүүчүгө өткөрүүгө жаткан.

2.6.3. Документ эки компонентке ээ деп эсептелет: маалыматтык мазмуну жана ал жайгашкан алып жүрүүчү. Бул эки компоненти тең ар түрдүү болушу мүмкүн, алар экөө тең эс тутум элементтеринин сапатында бирдей маанилүү. Аларга, мисалы, төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

- Кол жазмалар, китептер, гезиттер, афишалар сыяктуу тексттик материалдарды. Тексттик мазмун тушь, сыя, карандаш, боёк ж.б. менен жазылышы мүмкүн. Алып жүрүүчү катары кагаз, пластик, папирус, пергамент, пальма жалбырактары, кабыгы, текстиль кездемеси, таш же текст жазылган башка нерсе болушу мүмкүн;
- сүрөттөр, көчүрмөлөр, карталар, ноталар ж.б. сыякуу теккстик эмес материалдар бирдей деңгээлде болушу мүмкүн;
- механикалык, электрондук жана анда мазмуну жайгаштырылган маалыматты алып жүрүүчүнүн катмары жабылган материалдык негизи бар башка каражаттардын жардамы менен аналогдук же санариптик форматтарда берилген тасмалар, дисктер, магнитофон пленкалары жана сүрөттөр сыяктуу аудиовизуалдык материалдар;
- серверлерге жайгаштырылган веб-сайттар сыяктуу виртуалдык документтер, аларды алып жүрүүчү катары катуу диск же магнитофондун пленкасы болушу мүмкүн, ал эми ичиндеги мазмуну электрондук маалымат түрүндө болот.

*Булак: www.unesco.org/webworld/mdm*

## Адам жана коом сабагына адабияттар


1. Азбука преподавания прав человека. Практическая деятельность в начальной и средней школе. Женева, май 2003 г.
2. А. Р. Алишева Человек в государстве. Пособие для учащихся 10 кл. – Бишкек. 2000 г.
3. Десятилетие образования в области прав человека Организации Объединенных Наций (1995-2004 годы)№ 4.
4. Марченко Л.Ю., Э.К. Осмонбетов ж.б. Жалпы билим берүүчү мектептердин 9-класс окуучулары үчүн «Адам жана коом» курсу боюнча иш китеби. Бишкек, 2004 г.
5. Осмонбетов Э.К., Л. Ю. Марченко, З. А. Дубанаев ж.б. «Адам жана коом» курсу боюнча мугалимдер учун методикалык колдонмо. 9 класс окучулары үчүн. Бишкек, 2004 г.
6. Компас. Пособие по образованию в области прав человека с участием молодежи. http://www.coe.int\hre
7. Как мои привычки влияют на здоровье? Пособие для учащихся / авт. -сост.: Н. О. Казакова, Г. К. Умаралиева, И. А. Низовская; под ред. И. А. Низовской. – Бишкек, 2021. Доступно: https://kitep.edu.gov.kg/ru/view/1752
8. Как мы связаны с сообществом и миром? Пособие для учащихся / авт.-сост.: А. Ж. Тентиева, Г. Э. Артыкбаева, И. А. Низовская; под ред. И. А. Низовской. – Бишкек. 2021. Доступно: https://kitep.edu.gov.kg/ru/view/1752
9. Образование в области прав человека в школьной системе Европы, Центральной Азии и Северной Америки: сборник примеров успешных практик. http://www.coe.int
10. Осмонбетов Э.К., Марченко Л.Ю., Джунушева Ч.М. Академическая честность в высшем образовании Кыргызстана. – Бишкек, 2011 г.
11. Ресурсная книга для учителя по курсу «Граждановедение» для 9-11 классов: Метод. пособие для учителя по преподаванию курса «Граждановедение» в сред. шк. КР. – Б.: МФИС 2014. Доступно: https://www.kao.kg/images/stories/doc/245_015.pdf

# ТАРЫХ





Саймалуу Таш. Фото Влад Ушаков[1].

Саймалуу Таш дүйнөлүк маданий мурастар тизмесине киргизилип, ЮНЕСКО-нун коргоосунда турат.

[1] Жеткиликтүү: https://ru.sputnik.kg/20150801/1017111938.htm

*Г. М. Абдулкасимова*

# 1 Кыргызстандагы маданий көп түрдүүлүк

*5 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Кыргызстанда жашаган этностук түрдүү коомдоштуктардын маданияты жөнүндө айтып беришет.
2. Көп түрдүүлүк – коомдун баалуулугу экендигин түшүндүрүшөт.
3. Маданияттардын айырмачылыгын баалашат.
4. Коомдун көп түрдүүлүгүнүн баалуулугуна сый-урмат мамилени көрсөтүшөт (этностук, диний, тилдик, маданий).

**Методдор жана ыкмалар:** мээге чабуул, жекече жана топтук иш, презентация, талкуулоо.

**Ресурстар:** таркатма материал, ватман, фломастерлер.

**Негизги түшүнүктөр:** этностор, көп түрдүүлүк.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү.

**План**

1. Сабактын темасын актуалдаштыруу.
2. Кыргызстанда жашаган этностордун маданияты.
3. Материалды бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Сабактын темасын актуалдаштыруу.** Мээге чабуул:

- Кыргызстанда жашаган этностук коомдоштуктарды атагыла.
- Биздин өлкөдө жашаган эностордун маданияты жөнүндө силерге эмне белгилүү?
- Алар эмнеси менен айырмаланышат? Алардын улуттук кийимдери, ырлары, музыкалары кандай?

**Мугалимдин билдирүүсү.** Кыргызстандагы коомдун этностук жана маданий көп түрдүүлүгү жөнүндө. Кыргызстанда 80ден ашык түрдүү этностор жашайт, алардын өз маданияты, тили, каада-салты бар. Бул маданий көп түрдүүлүк биздин коомдун баалуулугу болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы “маданий турмушка катышуу жана маданият баалуулуктарына жеткиликтүүлүккө укукту” (48-берене) жана элдин маданиятын, салттарын жана үрп-адаттарын сактоону: “Мамлекет адам укугун жана эркиндигин кемсинтпе-

ген наркты, үрп-адаттарды жана салттарды сактоо менен Кыргызстан элинин маданиятынын өнүгүүсүнө камкордук көрөрүн" (21-берене) кепилдейт.

Биз силер менен көмөкчү тарыхый дисциплианаларды: археологияны, антропологияны, нумизматиканы, генеалогияны өттүк. Бүгүн биз дагы бир тарыхый дисциплина – этнология менен таанышабыз. Этнология этносторду жана алардын маданиятын, тилин, динин, жашаган жерин, салт-санаасын жана үрп-адаттарын окутат.

### Материалды бышыктоо

*1-вариант. Чакан топтордо иштөө.*

5–6 адамдан турган чакан топторду түзгүлө (таркатуучу материалдардын санын эске алып). Окуучуларга топтордо иштөө үчүн материалдарды таркатып бергиле. (Тиркемени кар).

*Окуучуларга тапшырманы түшүндүргүлө:*

- силерге таркатылган материалдарды окуп чыккыла, этностук топтор, алардын маданияты, тили, дини, саль-санаасы, үрп-адаты жана белгилүү инсандары жөнүндө билдирүү даярдагыла.
- Прензентация даярдагыла жана класска көрсөткүлө.

*Мугалим презентацияны талкуулоону өткөрөт (топко суроо, жооптор).*

### 1-топ. Кыргыздар

Кыргыздар Кыргызстанда, Өзбекстанда, Казахстанда, Тажикистанда жана башка көптөгөн өлкөлөрдө, анын ичинде Россияда, АКШда, Түркияда жашап турушат.



Кыргыз тили түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак тобуна кирет. Кыргыздын маданияты көчмөн жашоо образын чагылдырып турат. Кыргыздардын турак үйү – Боз үй көчмөн жашоо образына ылайыкташтырылган. Кыргыздар – колдонмо искусствонун чеберлери, алардын кийизден жана териден жасалган буюмдары дүйнө жүзүндө таанылган.

*Кийими.* Кыргыздардын кийими ат үстүнө жүргөндө кийүүгө ыңгайлуу жана өзгөчө болуп турат, ал сайма менен орундуу коздолгон.

*Кыргыздын салттуу өнөрү* – бул *Ак калпак* баш кийимин даярдоо. Аны ак кийизден – табигый жүндөн тигет, ошондуктан ал ысыкта күндөн сактап салкындатып, суукта жылытып турат, жамгыр учурунда суу өткөрбөйт. Ак калпакты даярдоо чеберчилиги адамзаттын материалдык эмес маданий мурасынын тизмесине Кыргызстандын маданий мурасынын элементи катары киргизилген. «Ак калпак анын төрт тарабы төрт стихияны: сууну, абаны, отту жана жер-

ди туюндурган ак карлуу чокунун элесин берип турат ». Кыргызстанда ар жылы 5-мартта Калпак күнү расмий түрдө белгиленет.



*Музыкалык инструменттери*: байыркы кыргыз инструменти – бул комуз, темир-комуз, Кыл-кыяк – эки кылдуу чертчү инструмент, флейта ж.б.

Кыргыздын миң жылдык тарыхты камтыган «Манас» эпосу Манас-Семетей-Сейтек үчилтигинен турат. 2014-жылы «Манас» адамзаттын руханий мурасынын объектилеринин дүйнөлүк тизмесине киргизилген. Ар жыл сайын 4-декабрда биздин өлкөдө «Манас» эпосунун күнү белгиленет.

*Саякбай Каралаев – улуу айтуучу – манасчы.*

*Чингиз Айтматов* – белгилүү кыргыз жазуучусу, академик. «Кызыл жоолук жалжалым», «Биринчи мугалим», «Ак кеме» жана башка чыгармалардын автору. Анын чыгармалары дүйнөнүн 170 тилине которулган, анын чыгармалары боюнча көркөм тасмалар тартылган.

### 2-топ. Орустар

*Орустар* – саны Россияда жана Европада эң көп болгон чыгыш славян эли. Орустардын коомдоштуктары дүйнөнү бардык өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда да бар. Орус элинин маданияты байыркы салттарга ээ жана бүткүл Россиянын заманбап маданиятынын пайдубалы болуп саналат. Эне тили жана улуттук тили – орус тили.



*Кийими.* Орустардын улуттук кийими суuктан да, ысыктан да коргоп турган. Кийиминин формасынын негизи кооз сайма сайылган кенен көйнөк болуп, анын үстүнөн сарафан кийишкен. Кийимдерин шурулар, берметтер, сөйкөлөр менен кооздошкон. Орустардын жарым ай түрүндөгү байыркы баш кийими – Кокошник, аны дарыянын бермети, алтын жана күмүш жиптер менен кооздошкон. Орус чеберлери ювелир буюмдары, жыгачка жана таш бетине оюбп тартуу же жазуу иштери, жыгач скульптурасы жана тигүү иштери менен таанымал болушкан.

Орус элинин *музыкалык инструменттери* ар түрдүүлүгү жана молдугу менен айырмаланып турат Балалайка, гармонь, гусли – орус музыкалык маданиятынын символу болуп калышты. Ошондой эле: ышкырык, трещотка сыяктуу аспаптары белгилүү, музыкалык инструмент катары жыгач кашыктарды да колдонушкан.



*Орус маданияты* орустун улуу жазуучулары жана акындары: Александр Пушкин, Лев Толстой, Федор Достоевский ж.б.лапр менен сыймыктанып турат. Пушкин А.С. Жашаган жылдары – 1799-жылдын 26-майы – 1837-жылдын 29-январы). Белгилүү чыгармалары: «Падыша Салтан жөнүндө жомок», «Евгений Онегин», «Дубровский», «Кавказ туткуну», «Көрөгөч Олег жөнүндө ыр». Пушкинди бүткүл элдин жана мезгилдин улу жазуучусу деп аташат. Ал өзүнүн биринчи ырын15 жашында жазган. Александ Сергеевич Пушкиндин өмүрү кыска болгон, бирок ошол кыска мөөнөттүн ичинде бир топ ырларды, балдар үчүн жомокторду, пьесаларды, прозаларды жазууга жетишкен.

### 3-топ. Өзбектер

Узбектер[15] Кыргызстанда, Өзбекстанда, Казахстанда, Тажикистанда жана башка көптөгөн өлкөлөрдө, анын ичинде Россияда, АКШда, Түркияда жашап турушат. *Өзбек тили* – түрк тили. Өзбек элинин салттары жана үрп-адаттары кылымдар бою калыптанып, түрдүү доорлорго барып такалат.


*Музыкалык инструменттери:* Элдик музыкасы көп учурларда дутар менен коштолот. Дутар – бул эки кылдуу жөнөкөй инструмент. Өзбектердин майрамдык музыкасы карнайда (үйлөмө инструмент), сурнайда (флейта) жана дойрада (бубен) аткарылат, алардын үнү жүз метр аралыктан угулуп турат. [16]



*Кийими.* Өзбектер – колдонмо искусствосунун, зер буюмдарынын, ганчуну оюп жасоонун, карапа жасоонун, майда шуру менен тигүүнүн жана башка ушу сыяктуу кол өнөрчүлүктүн мыкты чеберлери. Өзбек кийимин башкалардан айырмалап турган белиси алардын алтын жана майда шурулар менен чебер саймаланышы саналат. Мындай саюулардын жардамы менен кийимдерди, баш кийимдерди жана бут кийимдерди коохдошкон.

«Лазги» аталышындагы хорезм бийи адамзаттын материалдык эмес маданий мурасынын тизмесине Өзбекстандын маданий мурасынын элементи катары киргизилген.

[15] https://www.google.com/
[16] https://www.advantour.com/rus/uzbekistan/culture/music.htm#:



*Алишер Навои*[17] (1441-1501) – улуу акын жана ойчул, мамлекеттик ишмер. Анын толук аты – Низамиддин Мир Алишер. Чагатай тилинде (эски өзбек тили) жана фарсы тилинде (персия чыгармаларында) чыгармаларда Навои деген каймана ат менен ырларын жазган.

Алишер бала кезинен эле поэзияга кызыгып, 15 жаш курагында эки тилде: перс жана өзүнүн эне тилинде эски өзбек тилинде мыкты ырларды жазган. 1466 – 1469-жылдары Алишер Мешхеддин жана Самарканддын медресесинен билим алган, философияны, логиканы, математиканы жана башка илимдерди окуган. Алишер эки тилди тең бирдей даражада жакшы билген: Навои ("мелодиялуу") каймана аты менен түрк тилинде жазса, Фани ("опасыз" – түбөлүктүү эмес) деген каймана ат менен перс тилинде жазган.

Алишер Навоинин эң белгилүү чыгармасы болуп "Хамса" саналат – ал 5 поэмадан: «Адилеттүүлөрдүн баш аламандыгы», «Лейли менен Мажнун», «Фархад менен Ширин», «Жети планета», «Искендердин дубалы» – турган топтом.

## 4-топ. Дунгандар

Дунгандар (хуэйцзу) 1862 – 1877-жылдардагы түндүк-батыш Кытайда мусулмандардын көтөрүлүшү басылгандан кийин, ошол жактан көчүп келишкен. Азыркы учурга чейин Кытайда, Кыргызстанда, Казакстанда, Өзбекстанда жана башка өлкөлөрдө жашашат. Дунгандар кытай тилинде сүйлөшөт, алардын тили тилдердин сино-тибет тобуна кирет. Кыргызстандын аймагында Чүй, Ысык-Көл жана Ош облустарында жашашат, дыйканчылык, соода-сатык менен алектенишет жана маданияты, сал-санаасы менен үрп-адаты бай келет.



*Дунгандардын улуттук кийими*[18] ачык түстө болуп, өздөрүнө ыңгайлуу. Аялдарынын кийимдеринде этникалык элементтердин түрлөрү сакталып калган. Дунган аялдары чачын өтө кооз жасалгалашып, гүлдөр жана күмүштөн тарактар менен коздоп коюшкан. Азыркы учурда дунган маданиятынын айрым элементтерин үйлөнүү үлпөт тойлорунан же майрамдарынан көрүүгө болот.



Ысык-Көл облусунун Каракол шаарында 19-кылымда дунгандар салган мечит азыркы учурга чейин турат. Бул мечит дунган маданиятынын архитектурасынын эстелиги болуп саналат – ал кытай архитектурасынын стилинде салынган. Анын уникалдуулугу – бир да мык колдонулбай, кооз салынган имарат.

---

[17] https://obrazovaka.ru/alisher-navoi-biografiya-kratko.html
[18] https://www.advantou

### 5-топ. Уйгурлар

Уйгурлар Борбор Азиядагы эң байыркы түрк тилдүү элдердин бири деп эсептелишет. Уйгурлар – Чыгыш Түркстандын, азыркы КЭРдин Синьцзян-Уйгур автоном районунун түпкүлүктүү түрк калкы. Алардын көпчүлүгү Кытайдын алыскы батышында Синьцзян аймагында жашап турушат. Кыргызстанда уйгурлар Бишкек шаарында, Чүй облусунда, Ош облусунун Кашкар-Кыштак айылында жашап турушат. Синьцзяндан Кыргызстандын аймагына биринчи жолу 19-кылымда көчүп келишкен, экинчи толкуну 1960-1960-жылдары болгон. Уйгурлардын салттуу иши – дыйканчылык, соода-сатык, кол өнөрчүлүктүн ар кайсы түрлөрү.



*Кийими.* Уйгур кийими кооз жасалгалары, кыюулар салынганы менен айырмаланып турат. Аялдар көйнөктүн үстүнөн узун жеңсиз чапан кийишет, алнын чекесине кыюу түшүрүлгөн болот.

*Музыкалык инструменттер:* Кенен жайылтылган музыкалык инструмент катары дутар саналат, анда эркектер да, аялдары да кол ойнотушат, тэмбур – кылдуу инструмент жана башка.

*2-ИШ (2-вариант). Офографиялык эстафета жүргүзүү:*

- Кыргызстанда жашаган этностук коомдоштуктар жөнүндө материалды тактага илүү;
- окуучуларга ал матриалдарды окуп үйрөнүүнү сунуштоо
- дептерлерле төмөнкү таблицаны толтуруу:

| Этнос | Тил | Маданият, музыка, инструменттер, каада-салттар ж.б. | Кийим | Белгилүү инсандар |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

### Жыйынтыктар

Сабактын аягында мугалим маданияттардын көп түрдүүлүгү биздин өлкөдө коомдун баалуулугу болуп саналары тууралуу окуучулар жыйынтыкка келишине түрткү берет. Кыргызстандын жарандарынын бардыгы улутуна, маданиятына, динийи таандыктыгына жана башка айырмаларына карабай кыргыз жараны болуп саналышат жана бирдей укуктарга жана жарандык милдеттерге ээ.

### Рефлексия

- Бүгүн сабактан эмне кызыктуу жана жаңы нерсе билдиңер?
- Эмне себептен маданияттардын көп түрдүүлүгү коомдун баалуулугу болуп саналат?

- Өлкөбүздүн маданияттарынын кайсы түрү адамзаттын дүйнөлүк мурастарынын тизмесине кирген?

**Үй тапшырма**

Айлана-чөйрөңүздөгү этностук коомдоштуктун маданияты жөнүндө билдирүү даярдагыла (туугандар, кошуналар, үй-бүлөлүк достор жөнүндө).

*З. А. Дубанаев*

# 2 Отурукташкан жана көчмөн цивилизация

*6 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Көчмөн жана отурукташкан цивилизация жөнүндө айтып беришет. Чарбасын жана көчмөн жана отурукташкан жашоонун маданий түрлөрүн, отурукташкан жана көчмөн калктын ортосундагы соода-сатык алмашууну мүнөздөп айтышат.
2. Артефактыларды салыштырып, аларга талдоо жүргүзүшөт.
3. Сүрөттөр жана диаграммаларды куруу аркылуу аналитикалык көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.
4. Түрдүү маданияттардын  өз ара аракттениши жана өз ара таасирлери заманбап коомдо коомдун өнүгүшүнө жана жарандык ынтымакка (кыргыз жараны) көмөк көрсөтөрүн түшүндүрүшөт.
5. Шайлоо иштери аркылуу эстетикалык көндүмдөрүн крсөтүшөт; көчмөн жана отурукташкан маданияттын өзгөчөлүктөрүнө сый-урматын көсөтүшөт; өздөрүнүн социалдык маданиятка таандыктыгын жактырышат.

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү.

**Сабактын методу:** мээге чабуул, чакан топтордо иштөө, талкуулоо, эстетикалык иш.

**Сабак үчүн жабдуу:** такта, бор, флипчарт, скотч, маркерлер, интерактивдүү такта, кагаз/дептер, окуу китеби, слайддар.

**Мугалимге сунуштамалар:** слайддарды даярдагыла; окуучуларга алдын ала тапшырма бергиле: көчмөн жана отурукташкан элдер боюнча презентация даярдагыла.

**План**

1. Теманы актуалдаштыруу.
2. Мугалимдин презентациясы. Көчмөн жана отурукташкан элдердин жашоосу.

3. Билимдерди бышыктоо.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ


**Сабактын темасын актуалдаштыруу.** *Мээге чабуул:*

- Отурукташкан элдер жөнүндө ойлонгондо, аларды кандай элестетесиңер?
- Көчмөн элдер кандай жашашкан?

Окуучулардын жоопторуна жараша мугалим тактоочу жана кайчы суроолорду берет.

*Мугалимдин интерактивдүү мини-дарсы.* Көчмөн жана отурукташкан калктар.

*Сунуштама:* Слайддарды даярдагыла (Тиркемени караңыз).




Байыркы доордо эле азыркы Кыргызстандын аймагында чарбакер-маданий эки типтин пайда болушу жана өнүгүшү үчүн шарттар жаралган.

1) Азыркы кыргызстанды кошо, Борбордук-азиа регионунун аймагында дыйканчылык маданиятынын очогу.

2) Малчылардын/көчмөн маданияттын дүйнөсү. Алардын ортосунда соода-чарбалык мамилелер калыптанган.

*Класстагы окуучулар менен төмөнкү суроолорду талкуулагыла:*

- Көчмөндөр отурукташкан элден кайсы товарларды сатып алып турушкан?

*Жооп:* Дыйканчылыктын азыктарын, кол өнөрчүлүк буюмдарын: байлык предметтерин, карапа буюмдарын, илиш-аяктарды, курал-жарактарды, кездемелерди ж.б.

- Отурукташкан тургундар көчмөндөрдөн эмне сатып алып турушкан?

*Жооп:* Отурукташкан тургундар жылкыларды, териден жана жүндөн буюмдарды, алгыр куштарды, эт азыктарын ж.б. өтө жогору баалашкан

*Жаңы теманы бышыктоо*

*1-ИШ. Чакан топтордо иштөө: отурукташкан жана көчмөн калктын турмушу*

Окуучулдарды 3 топко бөлгүлө. Тапшырмаларды бергиле, флипчарттарды, фломастерлерди тараткыла.

### 1-топ. Отурукташкан элдердин жашоосу. Чуст маданияты

**1-тапшырма:** Текстти окуп чыккыла:

**Чуст маданияты**

Фергана өрөөнүндө байыркы дыйкандардын кыштагы пайда болот. Алардын маданиятын окумуштуулар чуст маданияты деп аташкан, ал Өзбекстандын Наманган облусундагы Чуст шаарында биринчи эстелик ачылгандыктан ушундай аталган

Оштогу кыштак. Археологдор Кыргызстандын аймагында Өзгөн, Куршаб жана Ноокат, Ош заманбап шаарларынын жанында байыркы кыштакты табышкан. Оштогу бул кыштакка үч миң жылдан ашык убакыт болгон. Ал аймакка элдер биздин доорго чейинки 2-миң жылдыктын аягында – 1-миң жылдыктын башында жайгашкан. Оштогу кышмат Сулайман-тоосунун тоолуу террасаларында жайгашкан. Андан кийин Сулайман-Тоонун айланасына чакан поселоктор салына баштаган да, акырындык менен Ош шаары калыптанган. Чуст кыштактарынын тургундары дыйканчылык жана малчылык менен алектенишкен, коло эритишип, эмгек куралдарын, курал-жарак жана кооз жасалгаларды куюшкан, кооз идиштерди жасашкан, кездеме токушкан, ташты иштеткенди билишкен.

*Чуст коому.* Биздин доорго чейинки 2-миң жылдыктын аягында – 1-миң жылдыктын башында Ферганада алгачкы коомдук түзүлүштүн ажыроо жана жаңы коомдун түзүлүү процесси жүргөн. Аскерлердин, жрецтердин жана дыйкандардын катмары түзүлгөн, белгилүү адамдар, бай адамдар катардагы коом мүчөлөрү менен бирге эле бөлүнүп чыга баштаган. Бирок уруктук бөлүнүү али сакталып турган: уруу өзүнчө кыштактарда жашаган; бир оазистеги кыштактардын тобу урууну түзгөн, кыштактардын бардыгы – уруулардын биримдиги болгон.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Байыркы дыйкандардын кыштактары эмне себептен Чуст маданияты деп аталат?
- Чуст маданиятынын элинин байыркы кыштактарын атагыла.

**2-тапшырма:**

- Чуст маданиятынын байыркы калкынын жайгашкан жери жана турмушу жөнүндө сүрөт тарткыла.
- Презентация даярдагыла. Өз сүрөттөрүңөрдү көрсөтүп, алардын жашоосу туралуу класска айтып бергиле.
- Жыйынтык чыгаргыла.

## 2-топ. Көчмөн элдердин жашоосу

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыккыла.

**Андрон маданияты**

Андроновчулар малчылык жана дыйканчылык менен алектенишкен. Мындай чарба комплекстүү деп аталат. Бирок негизинен алар малчылык менен алектенишкен: ири мүйүздүү мал, койлорду, эки өркөчтүү төөлөрдү жана жылкыларды багышкан. Аларда кичинекей, үпсүйгөн жылкылар жана тез чуркоочу бийик аттар болгон. Үйүрлөр кыштактардын четтеринде жайылган. Жердеги чөптүн катмарын жылкылар тебелеп салгандан кийин, адамдар жаңы жерге көчүүгө аргасыз болушкан.

Убакытын өтүшү менен андроновчу малчылар чарба жүргүзүүнүн жаңы формасына өтүшкөн. Жазында малды алыскы жайыттарга айдап кетип, күздө артка кайтып келип турушкан. Коло доорунун аягында мал чарбасында жылкылардын жана койлордун башы көбөйгөн, демек жаңы жерлер керектелген. Ошентип, биздин доорго чейинки 12 – 9-кылымдарда тоолуу жана талаа жериндеги калктын бөлүгү көчмөн малчылыкка өтүшөт.

Андроновчулардын турак үйү көчкөнгө ыңгайлуу болгон. Өз үйлөрүн алар торчолору бар вертикалдуу бакандардан курушкан, ал эми төбөсүнөн түтүн чыгып турган.

Токтогулда андроновчулардын үйү – дубалдары менен шыбы чырпыктардан өрүлүп курулуп, чопо менен шыбалган тик бурчтуу жер үй ачылган. Үйдүн бир бурчунда очок жайгашкан, анда тамак-аш бышырган.

Андроновдор сүттөн туздалган, көпкө сакталуучу тоголок азыкты – курутту жасоону үйрөнүшкөн. Аны кышында сууга эритип жешкен. Сүттүн ашыкчасын кайра иштетүүнүн бул байыркы технологиясын кыргыздын көчмөн калкы азыркы күнгө чейин сактап келишкен. Кымызды жасоону андроновчулар биринчилерден болуп үйрөнгөн деп эсептөөгө негиздер бар.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Эмне себептен малчылардын байыркы маданияты Андроновдук деп аталган?
- Андроновчулар кандай чарба жүргүзгөн? Андроновчулар эмне себептен көчмөн турмушка өтүшкөн?

**2-тапшырма**

- Андроновдук маданияттын адамдарынын турмушунан сүрөттөрдү тарткыла.
- Презентация даярдагыла. Өз сүрөттөрүңөрдү көрсөтүп, алардын жашоосу жөнүндө класска айтып бергиле.
- Жыйынтыктарды чыгаргыла.

## 3-топ. Андроновчулардын курал-жарактары

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыккыла:

Уралын, Казакстандын жана Кыргызстандын аймагында металл кендеринин ири запасы, металл куючулардын жана темир усталардын бийик чеберчилиги андроновчуларга ошол учурда эң жгорку сапаттагы курал жарактарды жасоого мүмкүндүк берген.

Аскердердин курал жарактарынын топтомуна жакындан согушуу куралдары кирген: найзалар, согуштук балталар жана секирлер, узун кинжалдар, таштан же колодон учталган төөнөгүчтөр. Алыстан согушуунун куралдарына жебеси менен жаалар, ыргытып саюучу бычактар жана кыска найзалар (жебелер) кирген. Окторунун учтары колодон куюлган, жалбырак формасында учтуу же таштан учталып жасалган.

Андроновчулардын маанилүү ойлоп табуусу согуштук араба – коло доорунун аскердик ойлоп табуусунун чокусу болгон. Андроновчулар тез чуркоочу, ичке шыйрактуу, бойлору бийик, сулуу жылкыларды багышкан, аларды согуштук арабаларга чегишкен.

Арабачан жоокерлер душмандардын катарын бузуп, талкалап өтүшкөн, аттарынын туяктары менен тебелешкен, арабынын дөңгөлөктөрү менен кысып, найзалары, төөнөгүчтөрү менен сайышкан, жаанын огун жаадырышкан. Негизинен арабачандардын чабуулу согуштун жыйынтыгына таасир берген. Жөө аскерлер алардын артынан гана жүрүп, качкан душмандарды талкалоону аяктоого гана туура келген.

Биздин доорго чейинки II миң жылдыктын ортосунда андроновчулардын бөлүгү Казакстандын талаасынан жана Ала-Тоонун борунан түштүккө багыт алып, Иранды жана Индиянын түндүк бөлүгүн басып алышкан. Экинчи бөлүгү болсо мекенинде калган. Алардын мураскорлору менен урпактары Ала-Тоодо көчмөн калк болуп калышкан, аларды сактар деп аташкан.

*Суроолорду талкуулагыла:*

- Саймалы Таштын боорундагы сүрөттөр эмнени айтып турушат?
- Арабаларды ойлоп табуу кандай мааниге ээ болгон?
- Андроновдук аскерлерди алардын курал жарактары боюнча кандай сүрөттөөгө болот?

*Андроновчулардын куралданышынын сүрөтүн тарткыла.*

**2-тапшырма**

- Андроновтук жоокерлерлдин куралданышын тарткыла.
- Жыйынтык чыгнаргыла
- Презентация даярдагыла. Өз сүрөттөрүңөрдү көрсөтүп, класска айтып бергиле.

*2-ИШ. Жуптарда иштөө*

Андроновдук жана кыргыз маданияты: окшоштуктары жана айырмалары

*Суроолорго жоop бергиле:*

- Андроновчулардын үйүнүн жана кыргыздын боз үйүнүн окшоштугу эмнеде?

- Териден буюмдарынын, идиш аяктарынын окшоштуктары эмнеде?
- Тамак аштарында эмне жалпылык бар?

**Тапшырма:** Венн диаграммасын таркыла: Андроновдук жана кыргыз маданияты.

*Мугалим үчүн белги:* Венн диаграммасына Презентация өткөргүлө жана талкуулагыла.

## Жыйынтыктар

*Класттын окуучулары жыйынтык чыгаруусу үчүн алар менен суроолорду талкуулагыла:*

- Кайсы маданияттын өкүлдөрү жаратылыш ресурстарынан көбүрөөк көз каранды болгон?

*Жооп:* Жаратылыш ресурстарынан андроновчулар көбүрөөк көз каранды болгон.

Малдын башынын көбөйүшү андроновчуларга улам жаңы жайыт издөөгө аргасыз кылган.

- Көмөн жана отурукташкан калк бири-бири менен кандай иштешкен?
- Эмне себептен көчмөндөр үчүн да жана отурукташканкалк үчүн да соода-сатык мамилелери керек болгон?
- Андроновдук жана кыргыз маданиятынын окшоштугу жана айырмасы эмнеде?
- Отурукташкан элдер менен көчмөндөр тынчтыкта жашашкан – көчмөндөр негизинен малчылык менен алектенишсе, отурукташкандар – дыйканчылык менен алектенишкен. Алардын ортосунда соода-сатык мамилелери өөрчүгөн.

*Маданияттарынын:* тилинин, дининин, тиричилигинин, искусствосунун өз ара таасир этүүсү жүргөн.

- Аралаш никелер. Ошол учурларда аралаш никеге отуруу негизинен саясий максатта, тактап айтканда, эл башкарган чөйрөдө ишке ашырылган.
- Саякатчылар адамдардын жашосун сүрөттөп жазышкан, ошонун негизинде башка элдердин жашоосу жана маданияты жөнүндө ой-жүгүртүүлөр жайылтылган.

*3-ИШ. Заманбап Кыргызстан*

Кыргызстанда 80 ден ашык этностук топ жашайт.

- Эмне себептен көп түрдүүлүк биздин коомдун баалуулугу болуп саналат?
- Биздин коомдун өнүгүшүнүн себеби эмнеде?

Көптөгөн кылымдар бою адам баласы түрдүү элдердин бирге жашашынын мыйзамченемдүүлүгүн иштеп чыккан. Тынч жашоо жана бири-бири менен жагымдуу мамиле түзүү түрдүү улуттагы, диний көз караштагы элдерди биригүүгө жана биргелешкен эмгек, волонтердук иш, өз ара жардамдашуу аркылуу коомдун көйгөйлөрүн биргелешип чечүүгө түрткү берет.

## Рефлексия

- Көчмөндөрдүн жана отурукташкан тургундардын чарбасы бири-биринен эмнеси менен айырмаланган?
- Андроновдук жана кыргыз маданиятынын окшоштугу эмнеде?
- Чуст кыштактары Ош шаарынын пайда болушуна кандай роль ойногон?
- Адамдар ортосундагы жакшы мамилелер жана тынч жашоо коомдун өнүгүшүнө кандай таасир этет?

## Үй тапшырма

*Суроолорго жооп бергиле*

- Чуст жана андронов маданияттарынын окшоштуктары жана айрымачылыктары эмнеде?
- Чарбалык иштердеги айырмачылыктар түрдүү маданияттагы адамдардын өз ара мамилелерине кандай таасир эткен?

### МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

(Маалымат булагы: «Биздин Кыргызстан. Популярдуу тарыхый энциклопедия (байыркы мезгилден XIX  кылымдын аягына чейин) / Автор – акад. В.М. Плоских. – Бишкек: Илим, 2004. 10–22 б.).

АНДРОН МАДАНИЯТЫ

Коло доорунда ( б.з.ч. II-I миң жылдыктар) Кыргызстандын аймагында эки чоң маданияттын өкүлдөрү жашаган. Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Кетмен-Төбөдө, Ысык-Көлдө жана Борбордук Ала-Тоодо казак талааларынын жана Түштүк Сибирдин калкы менен тыгыз байланышкан койчу-дыйкан урууларынын маданияты орногон. Аталган уруулар тууралуу Сибирдеги Ачинск шаарына караштуу Андроново айылында алгачкы маалыматтар (эстеликтер) табылгандыктан, алар андрон уруулары деп аталып калган. Андрон маданияты б.з.ч. XVII – XVI кк. чейин, дээрлик миң жыл бою өнүккөн.

**Саймалы-Таш таштa жазуу галереясы**




Кыргызстандагы коло дооруна таандык аска сүрөттөрү негизинен Саймалы-Ташта (Көгарт дарыясынын жогорку агымы, Нарын облусу), Чолпон-Ата ша-


арынын (Ысык-Көл) айланасында жана Кетмен-Төбө өрөөнүндө бар. Арабалар жана соко тарткан топоздордун сүрөттөрү эң байыркылардан болуп эсептелет.



Канжарлар. Б.з.ч. IIк. Исык Көл өрөөнү

Көптөгөн табылгалар, конуштардын орду, көрүстөндөр, казыналар жана аскадагы сүрөттөр Кыргызстандагы андроновчулардын жашоосун элестетүүгө мүмкүнчүлүк берет. Чүй өрөөнүндөгү коло доорунун эң байыркы конушу – Беловодское айылы. Ал б.з.ч. XV-XIII кылымдарга таандык. Кийинчерээк Аламүдүн, Александровка, Жайылма жана Кайыңды конуштары пайда болгон. Эреже катары, алар дөңсөөлөрдө жана саздак жерлерде жайгашкан.

Андроновчулар мал чарбасы жана дыйканчылык менен алектенишкен. Мындай экономика комплекстүү деп аталат. Бирок алардын алдыңкы тармагы мал чарбасы болгон. Алар бодо мал, кой, эки өркөчтүү төө багышкан. Жылкыга өзгөчө кам көрүшкөн. Алар негизинен азык-түлүк үчүн эт, кийим-кечеге тери, аркан өрүү үчүн чач берген, согуш арабаларына кошулуучу күлүк, буттары ичке, чыдамкай, сымбаттуу жылкыларды багышкан. Кымыз жасоону биринчилерден болуп андроновдуктар үйрөнгөн деп айтууга негиз бар.



Сүр. Үй-жайы: Андронов маданияты



Сүр. Андронов маданияты: керамика

Алардын малдары айыл-кыштактарга жакын жерлерде багылган. Эртең менен малды жайытка айдап, кечинде кайра айдап келишкен. Жайытты мал те-

белеп же чөп түгөнсө, малчылар жаңы жерге көчүп турушкан. Мал кармоонун мындай жолу малдын санын көбөйтүүгө мүмкүндүк берген эмес.

Токтогулда андроновдуктардын турак-жайы (аянты 70 чарчы метр келген, тереңдиги 1метрдей тик бурчтуу жарым жер төлө) табылган. Дубалдары жана шыптары бутактан токулуп, ылай менен шыбалган. Дубалдын сырт жагын чоң таштар тиреп турган.

Бөлмөнүн бир бурчунда «ашкана» орун алган. Таштан жасалган очок, тамак бышыруучу чоң идиштер болгон. Кыязы, жарым жер төлөдө ата-энелерди, балдарды жана неберелерди бириктирген чоң үй-бүлө 25ке чейин адам жарым жашаган.

Убакыттын өтүшү менен андроновдук койчулар чарба жүргүзүүнүн жаңы формасына өтүштү. Аялдар, кары-картаңдар, балдар жыл бою айылда жашап, дыйканчылык менен алектенишкен. Эркектер жазында аларга малдын бир азын калтырып, анын көбүн алыскы жайыттарга айдап кетишкен. Жайыттарды мезгилге жараша алыскы (жайкы) жана айылдын айланасындагы жакынкы (жазгы, күзгү) жайыттарга бөлүштүрүп, мал багуунун мындай жолу жайыттуу же жарым көчмөн деп аталат.

Андроновдуктар сүттөн туздалган, узакка сакталуучу курут жасаганды үйрөнүшкөн. Кышында аларды сууга жибитип жешчү. Ашкан сүттү кайра иштетүүнүн бул байыркы технологиясы кыргыз көчмөндөрүндө бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Коло доорунун соңунда мал чарбачылыгында узак жолго жүрүүгө жөндөмдүү жылкынын жана койдун саны көбөйгөн (ал эми бодо малдын саны азайган).

Малдын санынын көбөйүшү жайыттарды кеңейтүүнү талап кылды. Ошентип, б.з.ч. XII – IX к.к. тоо жана талаа калкынын бир бөлүгү көчмөн малчылыкка өтөт.

Андроновчулардын маанилүү ойлоп табуусу коло доорундагы аскердик ой жүгүртүүнүн туу чокусу болуп эсептелген согуш арабасы болгон. Арабачан жоокерлер душмандын катарын талкалап, аларды аттарынын туягы менен тебелеген. Дөңгөлөктөр менен басып, найза, чокмор менен жаралап, жебелерди мөндүрдөй жаадырышкан.


Тянь-Шандын андрон уруулары индоевропалык тил үй-бүлөсүнө кирген, алардан индо-иран (арий), славян, герман, роман, балтика жана башка тил бутактары бөлүнүн чыккан.

## ЧУСТ КОНУШТАРЫ

Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө Борбор Азиянын башка аймактарынын байыркы дыйканчылык жамааттары менен тыгыз байланышта болгон байыркы дыйкандардын конуштары пайда болгон. Наманган облусунун Чуст шаарынын жанынан биринчи эстелик табылган жердин атынан, окумуштуулар алардын маданиятын Чуст маданияты деп аташкан.



Сүр. Чуст маданияты: Жар боорундагы сүрөттөр (Сулайман-Тоо, Ош ш.)



Сүр. Чуст маданияты: керамика

Кыргызстандын аймагында чуст конуштары Өзгөн, Куршаб жана Ноокатка жакын жерлерден табылган. Ош шаарынын борборунда жайгашкан Ош аймагы тыкыр изилденген. Коло доорунун Чуст маданияты бул аймакта үч миң жыл мурда жайылган. Бул жерде б.з.ч. II миң жылдыктын аягында – I миң жылдыктын башында калк отурукташа баштаган. Ош аймагы Сулайман-Тоонун тоо тектирлеринде жайгашкандыгы менен да айырмаланат. Аймактын экономикалык негизин дыйканчылык жана мал чарбачылыгы түзгөн. Кийинчерээк Сулайман-Тоонун айланасында чакан конуштар пайда болуп, акыры Ош шаары түптөлгөн.

Чусттун тургундары мал багып, коло эритип, эмгек шаймандарын куюшкан. Курал-жарактарды, зер буюмдарын, кооз идиштерди жасаган. Жип ийрип, токуу менен алектенишкен, ташты иштеткенди да билишкен. Алар Ташкент оазисинин дыйкандары, Согд, Бактрия, Парфия, Чыгыш Түркстандын калкы жана түндүктөгү кошуналары – андроновчулар менен карым-катыш түзүшкөн. Байыркы оштуктардын диний ишенимдери зороастризмдин бир варианты катары саналып, алар жаратылыш күчтөрүнө, отко, күнгө сыйынышкан.

*М. Л. Азимова, А. К. Доталиев*

# 3 Улуу Кыргыз державасынын доору

*7 й класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Коомдун ар түрдүүлүгү, этностук түрдүү топтор жөнүндө айтып беришет.
2. Ички реформаларга жана империянын негизи болгон идеологияга талдоо жүргүзүшөт.
3. Коомдун ар түрдүүлүгүнө баалуу мамилелерин көрсөтүшөт.

**Индикаторлор:**

- IX кылымда Борборук Азияда жайгашкан этносторду санап беришет, картадан алар жашаган жерлерди көрсөтүшөт;
- империя түзүү зарылдыгын табышат;
- кыргыздардын ролун жана держава түзүлүү процессинде Борбордук Азияда жайгашкан этностук топтордун шериктештигин аныкташат;
- Ажонун саясий жана аскерий реформаларынын маңызын ачышат;
- Этностук түрдүү топторду бириктирүүчү негиззги идеяны табышат;
- элдин биримдиги жана маданият аралык толеранттуулук мамлекеттин калыптанышында жана өнүгүшүндө, анын туруктуулугунда зарыл шарт болуп чыгарын түшүндүрүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** мээге чабуул, интерактивдүү дарс, карта менен иштөө, топтордо иштөө, жуптарда иштөө.

**Жабдылышы:** окуу китеби, карта «Улуу  Кыргыз державасы».

**Негизги түшүнүктөр жана терминдер:** держава, аскердик реформа, административдик башкаруу, курултай, этнос.

**Негизги даталар:**

758 -жыл Уйгур каганатынын кыргыздарды басып алышы.

820-840-жылдар  Кыргыз – уйгур согушу.

840 -жыл Улуу Кыргыз державасынын түзүлүшү.

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү планы**

1. Борбордук Азияны басып алуу боюнча саясий, экономикалык, аскердик даярдык.
2. Улуу Кыргыз державасынын түзүлүшүнө  себептер.
3. Кыргыз державасынын административдик-аймактык башкаруу тутуму.
4. Кыргыздардын аскердик кубаттуулугунун маңызы.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Болгон билимдерди актуалдаштыруу.** Мээге чабуул:

- VI-VIII кылымдарда Түштүк Сибирде кайсы этнос үстөмдүк кылган?
- Уйгурлар менен кыргыздардын ортосундагы мамилелерди аныктагыла (саясий, диний, экономикалык, маданий).
- Орто кылым», «көчмөн цивилизация» деген түшүнүктөрдү кандай түшүнөсүңөр?

*Жаңы теманы окуп үйрөнүү*

**Борбордук Азияны басып алуу боюнча саясий, экономикалык, аскердик даярдык**

VIII кылымдын аягындагы IX кылымдын башындагы Борбордук Азиядагы саясий, экономикалык, этностук, маданий кыймылдарга чакан мүнөздөмө бергиле.

758-жылы Борбордук Азияда үстөмдүк кылуучу Уйгур каганаты (анын курамына кайсы этностор кирген?) Кыргыз мамлекетин басып алган. Кыргыздардын 759-жылдагы көтөрүлүшү басылган. Кийинки 25 жыл аралыгында алар өз оз карандысыздыгын калыбына келтирүү үчүн даярдык көрүшкөн.

*1-ИШ. Чакан топтордо иш алып барууну жүргүзгүлө.*

*Чакан топтун милдеттерин түшүндүргүлө:*

- Кыргыз мамлекетинде болуп турган өзгөрүүлөрдү өз алдынча окуп билгиле;
- алардын кесепеттерин аныктагыла;
- таблицаны толтургула;
- Презентация даярдагыла.

**1-топ.** Борборлоштурулган мамлекеттик бийлик орнотуу – бардыгы Ажого баш ийишкен (саясий).

**2-топ.** Уйгурлар менен кастык мамиледе болгон арабдар менен, карлуктар менен, Тибет менен байланыштарды түзүү (эл аралык байланыштар).

**3-топ.** Кыргыздардан көз карандысыз элдердин эсебинен аймактарды кеңейтүү Кыштымдар Ажонун армиясына өз аскерлерин берип турган. (экономикалык, социалдык).

**4-топ.** Ондук, жүздүк, миңдик жана он миң жоокерден турган туруктуу армия түзүү; армия эки чоң бөлүккө бөлүнгөн: оор куралданган кавалерия жана женил куралданган кавалерия (туруктуу армия).

*Топтун презентациясы:*

| Өзгөртүүлөр | Кесепеттери |
|---|---|
| | |

**1-тапшырма.** Окуучулардын жоокерлерди жана алардын укурал жарактарын салыштыруусу. *Суроолорду бергиле:*

- Кандай ойлойсунар, мындай армия түзүүнүн артыкчылыгы эмнеде болду?
- Этникалык курамы кандай болгон?





**2. Улуу Кыргыз державасынын пайда болушуна негиздер**


Кыргыздардын жана уйгурлардын ортосундагы аскердик аракеттерди сүрөттөп бергиле.

Бир нече этностордун башын кошкон кыргыздар ыңгайлуу учурду күтүп туруп, 820-жылы уйгурларга согуш жарыялаган. Алардын ортосундагы кармашуу азыркы Туванын жеринде болгон. Жеңиш акырындык менен кыргыздар тарапка ооп баштаган.

Жеңишине сыймыктанган Ажо уйгур каганатына мындай деп кайрылган:

«Ушуну менен сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду басып алам, анын алдына минген атымды коюп, туумду саям. Мени менен кармашууга чыга алсаң, анда тез кел; эгер анте албасаң, анда тезирээк кетип кал».

**2-тапшырма.** Окуучуларга бул схеманы толтурууну сунуштаңыз:




Уйгурлардын жеңилип калышынын себебин окуучулар менен бирге талдагыла

Уйгурларлдын жеңилген себеби (саясий, экономикалык):

1) Уйгур каганатында бийлик үчүн күрөштүн күчөшү, тибеттиктер менен согушуу.

2) Согуштардагы ийгиликсиздер каганатта бийликтин туруксузданышына алып келген.

3) Мамлекеттин экономикасын ачарчылык, оорулар, каардуу кыш мезгили алсыздандырып койгон.

4) Уйгур армиясынын командирлеринин бири Гюйлу Мохэнин кыргыздар тарапка өтүшү кыргыз аскерлерине уйгурлардын борбору Ордо Балыкка жол ачкан.

*Педагогдун сөзү*

840-жылы Улуу Кыргыз державасы болгон. Державанын негизделишине этностук түрдүү коомдоштуктардын консолидациясы зор роль ойногон. Империяны түзүүдө Биримдик чечүүчү фактор болуп калган. Мамлекетте саясий биримдик чыңдалып, мамлекеттик аппарат жогорку деңгээлде иштеп турган, экономика, калктын социалдык абалы жакшырган.

*Окуучуларга суроо:*

- Орто Азияда күчтүү Улуу Кыргыз державасын түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн кандай шарттары, себептери болгон?

*Окуучулардын болжолдуу жооптору:*

- бирдиктүү идеология;
- башка этностордун ассимиляциясы;

- туура саясат жүргүзүү;
- мамлекеттин курамына кирген этностук баардык коомдоштуктарга бирдей мамиле;
- империянын чыңдоого бардыгы бир үй-бүлөдөй бекем турушкан.

*Окуучуларга суроо:* Кандай ойлойсуңар, Кыргыз державасы жашап турган тарыхында уруулардын жана элдердин ири көтөрүлүшү тууралу маалыматтар эмне үчүн жок? Өз оюңарды айткыла.

### 3. Кыргыз державасынын административдик-аймактык башкаруу тутуму

**3-тапгырма.** Карта менен иш жүргүзгүлө.




*Окуучуларга суроолор::*

- Улуу Кыргыз державасына кайсы этностук коомдоштуктар киргенин аныктагыла.
- Алардын биримдиги эмнеде туюндурулган?

Кайра түзүлгөн мамлекетти колдоо үчүн бийлик күчөтүлгөн жана административдик тутум чыңдалган.

*2-ИШ. Жуптар менен иштөөнү уюштургула.*

*Окуучуларга сунуштагыла:*

- Кыргыз державасын башкаруу схемасын окуп үйрөнгүлө;
- Кыргыз каганатынын мамлекеттик жана административдик башкаруу тутумун азыркы учурдагы башкаруу тутуму менен салыштырма талдоо жүргүзгүлө;
- Жалпылыктарын жана айырмачылыктарын тапкыла.




*Педагогдун сөзү*

Курултай – бийликтин жогорку органы болгон, анда ички жана тышкы саясаттын бардык маанилүү маселелери чечилген. Кыргыз каганатында мамлекеттик бекем тартип орнотулган.

*Курултай* – жалпы чогулуш, монгол жана түрк элдериндеги съезд.

**4. Кыргыздардын аскердик кубаттуулугу**

**5-тапшырма.** Окуучулардын окуу китептери менен ишин уюштургула.

*Окуу китебиндеги «Кыргыздардын аскердик тактикасы» аталышындагы схемага таянышып, окуучулар суроолорго жооп беришет.*

- Жоокердер кандай куралдарды пайдаланышкан?
- Кыргыз армиясынын согуштук стратегиясы эмнеде болгон?
- Кандай ойлойсуңар, армияда этностук тең укуктуулук болгонбу?

*Кыргыз армиясынын аскердик тактикасы:*

- Оор жана жеңил атчандардын кезектүү чабуулу.
- Жеңил атчандар душмандарды карай жаалардан мээлеп атуу менен, кармашууга биринчи чыгышчу.
- Баш аламандыктан пайдаланып, душмандарынын көңүлүн бурдурууга аракеттенишип, чабуул коюшкан.

- Душмандары баш аламандыкка түшүп, чачырап, айласын таппай кача баштаганда, оор кавалерия бири-бирине тыгыз жабышкан катар менен чабуулга өтчү.
- Чабуул найзалардын соккусунун кубаттуулугун жогорулатуу менен чоң ылдамдыкта жүрчү, анда кылычтар, айбалталар колдонулган.
- Душман чыдабай калып, качуга багыт алганда, алардын артынан түшүп, толук жок кылууга аракеттенишчү.

*Окуучуларга суроо:*

- Улуу Кыргыз державасынын дээрлик жүз жыл турушунун себеби эмнеде болгон?

*Окуучулардын болжолдуу жооптору:*

- Ички жана тышкы саясатты туура жүргүзүү;
- экономикалык жетишкендиктерге умтулуу;
- өзүнүн этностук коомдоштугун сактоо менен бирге интеграция;
- идея: мамлекеттин бекемделиши – үй-бүлөнүн бекемделиши.

**Материалды бышыктоо**

1) Сүйлөмдөрдү аягына чыгаргыла.

- Кыргыздардын 795-жылдагы көтөрүлүшү ... карпшы болгон.
- Кыргызармиясы … бөлүнгөн
- Уйгур каганатынын борбору … шаары болгон.
- Кыргыздар уйгурларга согушту … жарыялаган.

2) Кыргыздардын уйгурларды жеңген себептерин аныктагыла.

*2-ИШ. Тарыхый булактар менен иштөө*

**Тарыхый табылгалар!**

*Суджин жазуулары* – кыргыз жазуусунун эстелиги. Эпитафия 1900-жылы Монголияда Сужин-Дабан жергесинде түркolog Г.Рамстедт (1873—1950) тарабынан табылган. Бул рун жазуулары кыргыздар тарабынан аткарылган. Эстелик кыргыз-уйгур согушуна арналып, кыргыздардын тарыхы боюнча өтө баалуу маалыматты калтырган.

*«(Мен) Йаглакар-ханды сүрүп чыгарып, уйгур жерине келдим.*

*Мен – кыргыздын уулумун.*

*Мен – адилет өкүм чыгарган Бойламын (мен судьямын).*

*Мен – Кудай сүйгөн биринчи министр Баг-Таркандын буйруктарын атайын аткаруучумун. Менин атак-даңкым чыгышка да, батышка да тараган.*

*Мен бай болчумун. Менде малым үчүн он кашаам бар болчу, ал ээми жылкыларым - сан жеткис. Уулдарымды үйлөнттүм, кызымды болсо калың албастан турмушка узаттым. Мен өз жээндеримди жана неберелеримди, улдарымды жана кыздарымды көрдүм. Эми мен өлдүм.*

*Менин уулум, эркектердин арасында менин мураскорум катары бол. Ханга кызмат кыл! Эр жүрөк бол. Менин улуу уулум походго кеткен, аны мен көргөн жокмун. Уулум…»*

**Маалыматка талдоо жүргүзүү:**

- Борбордук Азияда этностук кайсы топ үстөмдүк кылган?
- Мамлекеттик бийлик тутумун кайсы сунуш чыңдайт?
- Мамлекетке кызмат өтөө зарылдыгын далилдеген сунушту тапкыла?
- Бул булак социалдык теңсиздик жөнүндө маалыматты камтыйбы?

**Жыйынтыктар**

Орто кылымдар доорунун IX-X кылымдары кыргыздардын тарыхында өзгөчө орун алган доор. Бул мезгилди В.В.Бартольд «Улуу Кыргыз державасы» деп туура атаган. Кыргыздар башка этносторду да бириктирип, мамлекет түзүүгө жетишкен. Чынында эле, бул алардын бактылуу доору болгон: кыргыз армиясы уйгурлар менен созулган согушта укмуштуудай жеңишке жетишкен. Биздин ата бабаларыбыз биздин күнгө чейин жеткен эстеликтерде ошол ийгиликтүү күндөрдү даңазалоо менен, тарыхта өчпөс из калтырган.

**Рефлексия**

- Мага … белгилүү болду.
- Мени … кызыктырды.
- …. мага түшүнүктүү болду.

**Үй тапшырмасы жөнүндө маалымат**

- Кошумча адабиятты пайдаланып, оор куралданган кыргыз жоокерлеринин мүнөздүк белгилерин орто кылымдагы Европадагы рыцарлардын жана япон самурайларынын мүнөздөрү менен салыштыргыла жана аларды талдоого алгыла.
- IX кылымда Кыргыз этносун чыңдоо үчүн кайсы саясий, социалдык, маданий, диний, этностук шарттар түзүлгөн?

*М. Л. Азимова, А. К. Доталиев*

# 4 Чыгыш менен Батышты бириктирген Улуу Жибек Жолу

*7 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Улуу Жибек жолунун тарыхын айтып беришет, жазма булактардан жана археологиялык табылгалардан мисалдарды келтиришет;

2. тарыхый-цивилизациялык кубулуштарды, этностордун өз ара аракеттерин талдоого алышат;
3. Улу Жибек жолунун Борбордук Азия элдеринин маданиятына таасирин баалашат;
4. Дүйнө элдеринин маданиятынын баалуулуктарына сый-урматын көрсөтөт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** мээге чабуул, тарыхый булактар менен иштөө, карта менен иштөө, текст менен иштөө, топтордо иштөө.

**Жабдылышы:** оку китеби, «Улуу Жибек жолу» картасы, тарыхый булак.

Негизги т**үшүнүктөр жана терминдер:** Улуу Жибек жолу, диндерди жайылтуу, шаарларды куруу, Чыгыш менен Батыштын карым катышы

**Негизги даталар:**

Б.д.ч. II кылым – Улуу Жибек жолунун негизделиши;

Б.д.ч. 138-жыл. – Чжан Цзянь дипломатиялык миссия менен батыш өлкөлөрүнө жиберилген.

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү планы:**

1. Улуу Жибек жолунун жаралыш тарыхы.
2. Улуу Жибек жолунун Борбордук Азия элдеринин турмушуна таасири.
3. Улуу Жибек жолу бүгүнкү күнү.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Окуучулардын тажрыйбаларын актуалдаштыруу

*Мээге чабуул жүргүзгүлө:*

- Кыргызстандын шаарларында Жибек Жолу көчөсү бар. Бул аталыш эмне менен байланышкан, кандай ойлойсуңар?

*Мугалимдин презентациясы* (Тиркемени кара)

### Материалды бышыктоо

*1-ИШ. Жазуу булактар менен иштөөнү уюштургула.*
*Окуучулар текстти окушат.*

*«Батыш крайды сүрөттөө» тарыхый булагынан үзүндү:*



«Дуньхуандан Батыш деңизге үч жол барат, ар бир жолдун өзүнөн бутак сымал тараган жолдору бар. Хамиден Түндүк жолу Баркүл көлүнө жакын жерден теле уруусу жашаган аймактан түрк каганынын ордосу (Ысык-Көлгө жакын) аркылуу, Люхэшуй аркылуу өтүп Византияга чейин жетет да, Батыш деңизге барат. Ортоңку жол Турфандан Кашкар, Кучу, Тэле ар-

кылуу өтүп, андан ары Памир аркылуу Кабудандан, Ура-Төбөдөн, Бухарадан, Самарканддан жана Мервден өтүп, Иранга чейин жетет да, Батыш деңизге барат. Лобнор аймагынан Түштүк жолу Хотан, Каргадык, Ташкурган, Памир аркылуу, андан ары Вахан, Тохаристан, эфталитов, Бамиан, Газни аркылуу өтүп, Түндүк-Батыш Индияга жетет да, Батыш деңизге барат. Ар бир өлкөдөн да түштүктөн жана түндүктөн кесилишкен өзүнчө жолдор кетет. Ошентип, бул жолдор менен жүрүп, каалаган жерге жетүүгө болот. Ошондуктан Хами, Турфан жана Лобнор Батыштын дарбазасы болуп саналат».

**Окуучуларга тапшырма:**

1. Улуу Жибек жолу Борбордук Азиянын азыркы мамлекеттеринин жана Кыргызстандын аймагы аркылуу өткөндүгүн далилдеген сүйлөмдү тексттен тапкыла.

2. Элдин экономикасына жана маданиятына ал жактардан өтүүчү соода кербендери кандай таасир эткен?

*2-ИШ. Иллюстрацияларга талкуу жүргүзгүлө:*

Батыш Кытайдагы Дуньхуан оазисине жакын жайгашкан Миң Будда (Могао үңкүрү) үңкүрүндөгү Тан (б.д. 8-кылым) доорундагы сүрөт.

1) Эмне себептен бул сүрөт тарыхый булак болуп саналат? Бул сүрөт кандай маалымат берет?

2) Автор эмнени бергиси келгенин болжолдогула.

*Могао* – Кытайдагы храм комплексинин ири үңкүрү, 353-366-жылдары тургузулган. Аны «Миң Юудданын үңкүрү» деп да аташат. Үңкүр 492 ыйык жайды бириктирип турат, алар IV кылымдан тартып XIV кылымга чейин фрескттер, жазуулар жана скульптуралар менен коздолгон.



Могаодо б.д.ч. 138-жылы Батыш крайды изилдлөөгө жөнөгөн жана Улуу Жибек жолун ачуучу болгон Чжан Цяндын миссиясына арналган жазуу бар.

Тарыхый табылгалар. Краснореченск шаары, VII к. Кыргызстан

*Класста суроолорду талкуулагыла:*

- Кандай ойлойсуңар, иллюстрацияда эмне чагылдырылган?
- Бул предметтер бизге кайсы бир маалыматты жеткире алабы? (Керамика буюмдары. Археологиялык табылгалар буюмдук булактар болуп саналат)
- Табылган шаар калдыктары, көчмөндөр жашаган аймактардагы кол өнөрчүлүк буюмдар эмнелер жөнүндө айтат? (маданияттардын алакасы, УЖЖнын (Улуу Жибек жолу) таасири).

*Оссуарий* – каза болгон адамдардын сөөктөрү сакталган чоподон же таштан жасалган идиш – бул салт зороастризмде жашап келген.

*3-ИШ. Топтордо иштөө*

Ар бир топ берилген суроолорго жооп берет жана презентация даярдайт.

**1-топ. Улуу Жибек жолунун жаралыш тарыхы**

- Улуу Жибек жолу жаралыш себептерин атагыла
- Чжан Цзяндын изилдөөлөрү кандай мааниге ээ болгон?
- «Миң Будданын үңкүрү» тарыхый кандай маалыматтарды камтып турат?


**2-топ. Улуу Жибек жолунун Борбордук Азия элдеринин турмушуна таасири**

- Улуу Жибек жолу азыркы Кыргызстандын аймагы аркылуу өткөнүн далилдеп бергиле.
- Улуу Жибек жолу Борбор Азия элдеринин маданиятына жана экономикага кандай таасир эткен?
- Көчмөн жана отурукташкан цивилизациялардын алака катышы элдердин өнүгүшүнө кандай таасир эткенин аныктагыла.
- Картаны пайдаланып, азыркы Кыргызстан аркылуу өткөн соода-сатык жолунун маршрутун түзгүлө.




**3-топ. Улуу Жибек жолу азыркы дүйндө**

- Эмне себептен Улуу Жибек жолунун көптөгөн маданий объектилери ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастарынын тизмегине киргизилген.
- Бүгүнкү күнү Улуу Жибек жолунун кайра жаралышына эмне себеп болду?
- Картаны пайдаланып, Улуу Жибек жолунун жаңы долбоорун иштеп чыккыла.
- Байыркы кербен жолдорун силер кандай өзгөртөт элеңер?




*Презентацияны баалоону төмөнкү критерийлер боюнча жүргүзгүлө:*

| Баалоо критерийлери | 1-топ | 2-топ | 3-топ |
|---|---|---|---|
| Мазмуну жана түзүлүшү | | | |
| Теманы кыска жана түшүнүктүү ачып берпе алышы | | | |
| Материалды эркин билүүсү | | | |
| Презентацияны композициялык аяктоо: кириш сөз, негизги бөлүгү, корутунду | | | |
| Презентациянын формасы | | | |
| Ишти жактап жатканда өзүн туура кармсай ала билүү | | | |
| Көрсөтмө куралдарды пайдалануу (схемалар, иллюстрациялар, таблицалар ж.б.) | | | |

## Материалды бышыктоо

**Ролдук чакан оюн уштургула.** Окуучуларды Улуу Жибек жолунун иштешине катышкан калктын үч категориясына бөлгүлө:

**1. Мамлекет башчылары, посолдор.**

**2. Саякатчылар, миссионерлер, посолдор.**

**3. Соодагерлер, кол өнөрчүлөр.**

Алардын жашоосуна Улуу Жибек жолунун ролу жөнүндө айтып берүүнү сунуштагыла.

Улуу Жибек жолу Чыгыш менен Батышты кантип бириктиргени тууралуу жыйынтык чыгаргыла.

## Жыйынтыктар

Окуучуларга суроолорду бергиле жана алар менен бирге жыйынтыктарды чыгаргыла (Тиркемени кара).

## Рефлексия

- Сабактан мага … белгилүү болду.
- Мага … кызыктуу болду.
- Мага … түшүнүктүү болду.

## Үй тапшырма жөнүндө маалымат

Археологдор Улуу Жибек жолунда тапкан тарыхый булактарды пайдаланып, түрдүү элдерин маданиятынын өз ара катнашы жана бирин-бири байытышы эмнеден көрүнгөнүн болжолдогула.

Көчмөн жана отурукташкан цивилизациянын калыптанышын ырастагыла.




Будда храмы. Ак-Бешим шаарчасы, VI к.




Будданын статуясы. Краснореченское шаарчасы, VIII к.



Таш эстеликтер–балбалдар, байыркы түрктөр.



Чоподон хумдун фрагменти. Ысык-Көл Музей КРСУ.



Археологиялык табылга. Ысык-Көл.

### МУГАЛИМ ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

«Улуу Жибек жолу» хунндар мамлекети аркылуу[19] (Беренеден кыскача үзүндү)

Автор: Тынчтыкбек Чоротегин[20]

(Байыркы хунн мамлекети: 2-бөлүк)

(1-бөлүк)

*Айрым окурмандар «Улуу Жибек жолу» кытайлардын аракети менен гана түзүлгөн деп эсептешет. А чындыгында, бул жолдун айрым бөлүктөрү аркылуу ар кайсы өлкөлөрдүн жана этностордун бир эле маалда дипломаттар да, ошондой эле саякатчылар да боло ала турган соодагерлери өтүп турган. Алар Жакынкы жана Алыскы Чыгыш региондорун жолдордун ар кайсы түйүндөрү менен байланыштырып турушкан, б.э.ч. 2-кылымда гана бул түйүндөр Рим империясына жана Жер ортолук деңиздин аймактарынын башка жактары менен дагы кошулган бирдиктүү трансазиялык сооданын жана маданий өз ара алаканын жолуна айланган.*

*Тынчтыкбек Чоротегиндин байыркы хунндардын доору жөнүндөгү кезектеги макаласы «Улуу Жибек жолунун» тарыхынын көйгөйлөрүн жана Ички жана Борбордук Азиянын көчмөн калктарынын ага тиешелүүлүгүн козгогон.*

[19] Жеткиликтүү: https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:1514/?from=mnenie&place=authors
[20] Тынчтыкбек Чоротегин, тарых илимдеринин доктору, профессор.

*Чалгынчы Чжан Цяндын саякаты*

140-187-жылдары Хань династиясынын кытай императору У-ди (Вути) Кытайдагы борборлоштурулган кубаттуу мамлекеттин алыбына келтирилишине кайрадан жетишкен. Ал башкарып турган доордо Кытайдын түндүк-батыш тарабындагы коңшусу хунн мамлекетинин кубаттуулугу олуттуу алсырайт. У-ди «Варварларды башка варларлардын колу менен жок кылуучу» («и и чжи и») эски ыкмасын колдонот, ошондуктан сарайындагы күзөт бөлүмүнүн офицери Чжан Цянды (б.д.ч. 138-ж.) чалгынга жиберет, анын алдына кытайларга белгисиз батыштын аймактарынан юечжи деген этносту таап, аларды хунндарга каршы согушка түрткү кылуу милдетин койгон.

Он жылга жакын убакыт Чжан Цзянь хунндардын колундагы ардактуу туткун катары жүрөт, ал эми б.д.ч. 128-жылы ал качып кетип, Түндүк Казакстандын азыркы Жети-Суу (Семиречья) аймагын жана Чыгыш Туркестандын айрым бөлүгүн ээлеген усундардын мамлекетине келет.

*Борбордук Азиянын батышынын белгисиз цивилизацияларынын ачылышы*

Андан соң Чжан Цзянь Давань (Даюань, т.а. Паркана, Фергана өрөөнүндөгү мамлекет), Кангюй (Канглы, түндүк-батыш Тенир-Тоодогу жана түштүк Казахстандагы мамлекет) сыякуу өлкөлөргө жана Кушан падышачылыгына барган. Чжан Цзянь б.д.ч. 138-жылы имперпатор У-динин буйругу боюнча Батыш аймактарына жөнөп кетет. Ал тизмедеги акыркы мамлекет – Кушан падышачылыгы (кыт. 貴霜王朝, Гуйшуан, б.д.ч. I-III кылымдар) азыркы постсоветтик Борбордук Азиянын, Афганистандын, Пакистандын, Түндүк Индиянын ири аймагынын кесилишинде пайда болгон. Ал б.д. 1-3-кылымдарында гүлдөп өнүгүп турган.

Б.д.ч. 126-жылы Чжан Цзян Кытайга кайтып келет. Анын посолдук аракеттери саясий мааниден алганда ийгилике жетишпесе да, анын саякаты илимий-географиялык жана соода-сатык-экономикалык жактан Кытай үчүн батыш дарбазасын ачканга тете болгон.

*Хунндар аркылуу соода жолу*

Тарыхчылар Цзян Цяндын саякаттары «Улуу Жибек жолу» үчүн Чыгыштын жана Батыштын туруктуу соода-сатык-маданий байланыштарын орнотууда башат болуп калды деп шарттуу жалпылап айтып жүрүшөт. Бул Кытайдан батышка ташылып чыгуучу башкы товардын биринин аты менен шарттуу аталган эл аралык соода жолу Чыгыш, Ички, Борбордук, Түштүк жана Алдыңкы Азияда жана Түштүк Европанын жана Түндүк Африканын айрым бөлүктөрүндө түрдүү согуштук кагылышууларга жана башка атаандаштыкка карабай, ушул жерлердеги бир нече династиялардын, державалардын жана империялардын басып өткөн жолу болгон.

Ички жана Борбордук Азиядагы локалдуу жана регионалдык соода-сатык мамилелери Чжан Цзяндын саякатына чейин эле болуп келгенин да белгилеп кетүү керек. Эл аралык соодагерлер ар түрдүү согуштардын аралыгындагы тыныгууларда жөнөкөй адамдары үчүн белгисиз болгон аймактарга жана жерлерге барып келүүлөрү үчүн ыңгайлуу учурларды жөн кетиришкен эмес.

*Цивилизациялардын диалогу*

Улуу Жибек жолун бойлото ар бир мамлекеттин өздөрүнүн регионалдык бутактары жана жолдору болгон. Мисалы, Енисейдеги Кыргыз каганатын Чыгыш Теңир-Тоо, Тарим оазиси, Тибет, Иран ж.б. менен бириктирген өзгөчө Кыргыз жолу салынган. Ушул байланыштардан улам улуу Ибн Сина (авицена) медицина боюнча өз эмгегинде кыргыз мускусун Халифатка импорттолгон жапайы товарлардын бири катары белгилеген. Батыш менен Чыгыштын ортосундагы маданий байланыштардын чынжыры укмушуудай окуяларды камтыган, алардын арасынан биз кытай тилдүү улуттун арасында дунгандардын (хуэй) мусулман этносунун пайда болушун белгилеп кетсек болот.

*Соңку сөз ордуна*

Азыркы учурда байыркы Улуу Жибек жолунан көптөгөн нерселерди калыбына келтирүүнү каалаган деңгээлге чейин келип жетти, бул Кыргызстан жана регионубуздун башка постсоветтик өлкөлөрү аркылуу трансазиялык темир жолун куруу менен байланыштуу. Европа - Кавказ – Азия «ТРАСЕКА» (англ.: «TRACECA») эл аралык транспорт коридорунун бүтүндөй бир программасы пайда болду. Бул долбоорду айрым учурларда «Жаңы Жибек жолу» деп да аташат. АКШнын колдоосу менен Кавказдын 12 өлкөсү, Причерноморье жана постсоветтик Борбордук Азия 1998-жылы Кытайдан жана Монголиядан Европага темир жол, деңиз, аба жана автомобиль коридорун түзүү боюнча макулдашууга жетишишкен.

*ЮНЕСКОнун «Улуу Жибек жолу» программасы*

Улуу Жибек жолу тарыхый жана социалдык-маданий олуттуу мааниге ээ болгон. Бирок анын географиялык жактан камтыган даражасы азыркыга чейин белгисиз. Бул жол Азиянын, Африканын жана Еропанын аймактарында созулуп жаткан жер үстүндөгү жана деңиздеги маршруттардын түйүнүн камтып турат.

Улуу Жибек жолунун маршруттары Чыгыш, Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиядан башталып, россиянын талааларын, Орто Азияны, Индиянын субконтинентин, Ирандын жана Анатолий платосун жана Аравия жарым аралын кесип өтөт. Ошондой эле азыркы Танзания менен Марокконун ортосундагы региондорду камтып, Чыгыш жана Түндүк Африкада созулуп жатат. Андан кийин Чыгыш жана Түштүк Европаны кесип өтүп, Пиреней жарым аралына жетет.

Улуу Жибек жолунун маршруттарынын түйүнү эки миң жылдан ашык убакыт бою түрдүү адамдардын жана маданияттардын ортосундагы көптөгөн алака-катыштарга көмөк көрсөткөн. Соода-сатык жана товар алмашуу алмашуулар үчүн негизги шыктандыруучу жагдай болгон, аны менен бирге алар маалыматтын, илим-билимдин жана идеялардын алмашышына жол ачкан. Соода-сатыктын өнүгүшү, илимий билимдерджин жайылышы жана диний идеялардын жайылтылышы жер үстүндөгү да, деңиз аркылуу да жолдор менен жүрүүчү соода-сатык маршруттары боюнча ишке ашкан. Ошентип, миссионерлер бөтөн жерлерге өз ишенимдерин «алып келип турушкан». Буддизм

Индиядан келип, Чыгыш аркылуу Борбордук Азияга, Кытайга жана анын чегинен сырткары жерлерге жайылтылган болсо, христин дини менен андан кийин ислам дини азыркы Түркиядан, Сириядан, Ирандан жана Аравия жарым аралдарынан жана башка региондордон жайылган.

Чындыгына келгенде плюралисттик жана бири-биринен көз каранды мүнөзгө ээ болгон биздин азыркы коом түрдүү маданияттардын жана калктын топторунун ортосундагы алмашуулардын натыйжасы болуп саналат. Алар Улуу Жибек жолундагы саякатчылар, соодагерлер, окумуштуулар, миссионерлер, зыяратчылар жана мамлекеттик чиновниктер болгон.

Бүгүнкү күнү түрдүү элдер ортосундагы көп жолку өз ара аракеттерде Улуу Жибек жолу ар түрдүү маданияттар, коомдор жана цивилизациялар ортосундагы узак мөөнөттүү өз ара тынч аракеттенүүнүн укмуштуудай моделин камсыз кылуучу новатордук соода-сатык маршруту бойдон калууда.

*М. Л. Азимова, А. К. Доталиев*

# 5 Карахандар мамлекети

## (Кайталоо – жалпылоо сабагы)

*7 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Түрк тилдүү уруулардын биригиши Карахан каганатынын негизделишине башат болгонун аныкташат.
2. Мамлекеттин уюшулушуна өбөлгөлөрдү жана жыйынтыктарын атап беришет.
3. Ислам караханиддердин иденттүүлүгүнүн бири болуп калганын аныкташат.
4. Караханиддердин маданий мурасына баа беришет; маданий мурасты кантип сактоо керектиги тууралуу өз сунуштарын айтышат.
5. Түрдүү этностордун, диндердин, чарбачыл үрп-адаттардын (көчмөндөрдүн жана отурукташкандардын) өз ара катышы маданияттардын өөрчүп-өнүгүшүнө алып келерин түшүндүрүшөт.
6. Коомдун маданий көп түрдүүлүгүнө сый-урматын көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** кайталоо-жалпылоочу.

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** мээге чабуул, текст менен иштөө, карта менен иштөө, Блумдун кубиги.

**Жабдылышы:** учокуу китеби, карта, иллюстрации, таркатуучу материал.

**Негизги түшүнүктөр жана термины:** карлуктар, ягма, чигилдер, Караханиддер, каганат, ислам, суфизм, маданий мурас, түрк иденттүүлүгү.

**Негизги даталар:**

940-жыл – Баласагынды алуу жана Карахан каганатынын негизделиши.

999-жыл –Бухараны алуу жана бүткүл Мавераннахрды бириктирүү.

1041-1042-жылдар – мамлекеттин эки бөлүккө бөлүнүшү.

940-1212-жылдар – Карахан кагандыгынын жашап турган убагы.

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү планы**

1. Карахан каганатынын жаралышы.
2. Караханиддердин исламды кабыл алышы.
3. Караханиддердин маданий мурасы.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Болгон билимдерди актуалдаштыруу.** Мээге чабуул.

- Карлуктар мамлекети кайсы аймакта жайгашкан?
- 893-жылы Жетисууга жүрүшкө барып, Тараз шаарын басып алган өкүмдарды атагыла.
- Түрк мамлекеттеринин кайсынысынын тарыхын силер мурда окудуңар эле?

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү**

**Карахандар каганатынын пайда болушу**

Борбордук Азияда жайгашкан жана биздин өлкөнүн аймагын камтыган Орто кылымдагы ири Карахандар мамлекетинин тарыхынын негизги учурларын кайталагыла.

*1-ИШ. Текст менен иштөө*

*Окуучулар текстти өз алдынча окуп чыгышат:*

Х кылымда жаңы түрк мамлекетинин – Карахандар каганатынын түзүлүшүнө негизги роль ойногон карлук, чигил, ягма уруулары Борбордук Тянь-Шанда жана Жетисууда жашаган. Уйгур каганаты урагандан кийин бул уруулар биригип, Исфиджаб шаарынын өкүмдары Бильге Кюль Кадыр-ханды өздөрүнүн каганы кылып көтөрүшкөн. Карахандар династиясынын келип чыгышы тууралуу маалымат тарыхчыларда өтө эле аз.

Карахандар коому көп түрдүүлүгү менен айырмаланган. Анын курамына түрк жана башка элдердин өкүлдөрү кирген. Ошондуктан мамлекетти бир эле этностук топтун аты менен атоо калгандардын каршы болуусун жаратмак.

Карахандар өздөрүн Ашин уруусу менен байланыштырышкан. Бул урууга Батыш жана Чыгыш Түрк каганатынын башкарып турган династиясы таандык болгон. Алар өздөрүн Түрк каганатынын мураскорлору деп эсептешкен, ал эми өздөрүнүн санжырасын легендарлуу Афрасиаб, Турандын легендарлуу өкүмдары менен байланыштырышкан. Афрасиаб бардык түрктөрдүн жалпы түпкү теги деп эсептелген.

*Окуучуларга текст боюнча суроолор:*

- Карахандар каганатынын өзгөчөлүгү эмнеде болгон?
- Эмне себептен мамлекет өз курамына кирген этностук топтордун биринин атын алып жүргөн эмес?
- Карахандар каганатынын калкынын түрк иденттүүлүгү эмнеде көрүнгөн?




*Каганаттын 1006-жылга карата аймагы. Окуучулар Карахандар каганатынын картасын окуп үйрөнүшөт. Окуучуларга суроолор:*

- Картадан Карахандар каганатынын маанилүү шаарларын тапкыла.
- Алар азыркы учурдагы кайсы мамлекеттердин аймагында жайгашканын аныкагыла.
- Мамлекеттин калкынын этностук курамы жөнүндө кандай жыйынтык чыгарууга болот?

## Жыйынтыктар

*Окуучуларга суроолорду бергиле жана алар менен бирге жыйынтыктарды чыгаргыла:*


- Карахандардын ээликтери түрдүү уруулар менен калктар жашаган Бухарадан жана батышта Сырдарыянын төмөнкү агымынан тартып чыгышта Жетисууга жана Кашкарга чейин созулуп жаткан.
- Өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен Борбордук Азиянын региондорун багындыруу жеңип алгандардын жашоого көз карашын өзгөрткөн.
- Карахандар доору коомдун бардык чөйрөлөрүндө сапаттуу жаңы этап болуп калган. Алар шаарларды талкалап бузган эмес, маданий салттарды жок кылган эмес, коомдук прогрессти өздөрү колдоп турушкан.

**Карахандардын исламды кабыл алышы**

«Исламдаштыруу» түшүнүгүнө аныктама бергиле.

*Исламдаштыруу* – мамлекеттик саясатта жана коомдук жашоодо исламдлын таасирин күчөтүү, белгилүү бир аймактарда жана өлкөдө исламды туткан адамдардын санынын өсүү процесси.

«Кубик Блум» ыкмасын колдонгула. Ал окуучуларда тема боюнча белгилүү бир түшүнүк болгондо жалпылоочу сабактарда көбүрөөк натыйжалуу. Бул материалдын графикалык уюштурулушу. Кубиктин кырларына тапшырма жазгыла. Кубикти ыргыткыла, түшкөн кыры окуучулар аткаруусу керек болгон тапшырманы көрсөтөт.




*Педагог үчүн комментарий:*

1. «Исламдаштыруу термини», аныктама берилет.

2. Инсан – Сатук Кара-хан түрк кагандарынын ичинен биринчилерден болуп ислам динин кабыл алган. Анан анын жанына исламга ишенгендер чогула баштаган. Алар менен ал болжол менен Ички Тянь-Шанда жайгашкан Жыгач-Балык чебине жөнөйт да, аны басып алат. Үч ай аралыгында Сатуктун жоокерлери согуштук даярдык көрүшөт, аларга Кашгардан жана анын чет жакаларынан келген жоокерлер кошулушат. Көп өтпөй ал агасы Огулчакты тактан кулатып, Кашгардагы бийликти басып алат да, ысымын мусулман Абд аль-Карим деп өзгөртүп, Богра-хан деген титулду алып жүрөт. Анын уулу Байташ 960-жылы исламды мамлекеттин расмий дини катары жарыялайт да, мусулманча Муса деген атты алат.

3. Ички саясат – Карахандар көчмөн калк арасында жаңы динди жайылта баштошат, ал эми кагандын өздөрү диний бардык ибадаттарды аткарууга аракеттенишкен. Исламдаштыруу процесси негизинен тынч мүнөзгө ээ болгон.

4. Тышкы саясат – Карахандар исламдын туусу менен чыгышка карай жүрүш салган. Негизинен алар буддизм жана манихей динин тутушкан уйгурларга

каршыбагыт алышат. Карахан мамлекетинде түрк урууларын массалык түрдө исламдаштыруу Мавераннахрдан жана Ираандан диний үгүттөөчүлөрдүн маданияттуу таасири аркылуу жүргөн. Алар династиянын өкүмдарларынын зор колдоолоруна ээ болушкан.

5. Окуучулардан суроо: Исламды кабыл алуу Карахандар каганатынын маданий жактан өсүшүн эмне себептен тездетти?

**Педагогдон тапшырма:** Ислам Карахандардын иденттүүлүгүнүн бири болуп калды. Бул аныктаманы негиздеме бергиле.

**Карахандардын маданий мурасы**

*Педагогдун сөзү*

Карахандар иран-мусулман цивилизациясынын мыкты салттарын улашып, көчмөн түрк жана отурукташкан иран маданиятынын өз ара күчтүү таасирлеринин процесси жүргөн. Өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен Борбордук Азия региондорун багындыруу жеңип алгандардын жашоо шартын өзгөрткөн. Карахандар доору коомдун бардык чөйрөлөрүндө сапаттуу жаңы жтап болгон. Алар шаарларды талкалап, бузган эмес, маданий салттарды жоготкон эмес, өздөрү коомдук прогрессти колдоого алышкан. X-XII кылымдар шаар куруунун жана шаардык маданияттын өнүгүп өскөн доору болгон. Курулушта бышкан кирпич менен шыбак пайдаланылып, орнаменттер жана боёктор менен декорлор кенен жайыла баштаган.

Бизге динге өтө берилгендиги менен айырмаланган Ибрагим Тамгач-хандын (998-1068) башкаруусу жонүндө маалымат жеткен. Ал өз ээлигинде толук тартипти жана коопсуздукту орнотуу жөнүндө кам көргөн. Дал ушул хандын тушунда Карахандар маданиятынын өнүгүүсү башталган. Ибрагим бекер ооруканаларды, медреселерди, кербен – сарайларды курган. Ибрагимдин саясатын анын уулу Шемс аль-мульк (?-1080) улаган. Ал көчмөн турмуш жүргүзүп, кышты гана Бухаранын чет жакасында өз аскерлери менен өткөргөн. Шемс аль-мульк жоокерлер өз шатраларында калышын, тургундарды кыспашын көзөмөлдөп турган. Күн киргенден кийин жоокерлер шаар чекесинде калышкан эмес.

Карахандар династиясынын көптөгөн кагандары өздөрүнүн башкарган мезгилдеринде адилет өкүмдарлар катары даңкталышкан.

Билим берүү кенен жайылтылган. Ар бир ири мечитте китепканалар менен баштапкы билим берүү мектептери ачылган. Медреседе дин таануу менен бирге математиканы, философияны, адабиятты окушкан.

*Окуучулар кейс окушат:*

Ибрахим Тамгач-хан дайыма карапайым калктын таламын талашкан. Бир жолу этчилер этке бааны жогорулатууга мүмкүндүк берүүсүн өтүнүп кайрылышкан. Ал үчүн алар казынага 1000 динар салууга убада беришет. Хан макул болуп, этчилер акчаны казынага салышат да, бааны көтөрүп коюшат. Ошондо хан тургундарга эт сатып алууга тыюу салат, аткарбагандар өлүм жазасына тартыларын жарыялайт.  Этчилер ири зыянга учурашат. Ар бир квар-


талда беш же алты адам биригип бир кой сатып алып, өз ара бөлүп алышчу. Ошентип, эт саткандар этке мурдагы баасын калыбына келтирүү үчүн казынага кайрадан акча салууга туура келген. Ошого байланыштуу хан: «мен өзүмдүн жарандарымды 1000 динарга сатып жиберсем, жаман болмок» деген экен.

Силердин алдыңарда Ибрахим Тамгач-хандын иши менен байланышкан жагдай турат. Кагандын иш-аракетин силер кандай түшүндүрөсүңөр?

Кыргызстандын, Казакстандын, Өзбекстандын аймактарында жайгашкан архитектуралык эстеликтердин сүрөтүн экранга алып чыккыла же сүрөттөрүн көрсөткүлө.


***Бурана мунарасы.*** X-XI кк. Кыргызстан.


**Өзгөн минарети.** XI к. Кыргызстан.


***Кара-хандын Мавзолейи.*** XI к. Тараз, Казахстан.


***Калян Минарети.*** XII к. Бухара, **Өзбекстан.**


***Магоки-Аттари мечити.*** XII к. Бухара, Өзбекстан.

*Окуучуларга суроолор:*

- Архитектура эстеликтери боюнча адамдардын турмушундагы кандай өзгөрүүлөрдү көрүүгө болот?
- Архитектуралык эстеликтердин кайсы деталдары аркылуу Карахандар мамлекетинде исламдын жайылышын көрө жана тастыктай алабыз?

*Окуучулардын болжолдуу жооптору:*

- Исламдын маданиятка таасири тийип турган, анын негизинде шаар архитектурасынын өзгөрүшүнө жол ачылган. Минареттер курулуп, андан динге ишенгендерди намазга чакырып турушкан, куполдуу мечиттер, мавзолейлер салынган.
- Араб тилиндеги жазуулар (Кара-хандын мавзолейи; диний тексттер – Калян минарети; «Аллах улук» – Магокки-Аттари мечити).

*Педагогдун сөзү*

Каганатта түзүлгөн жагымдуу шарттар Карахандар доорундагы руханий маданияттын белгилүү эстеликтеринин пайда болушуна түрткү берген. Кеп

мында түрк тилдүү адабият: Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиги» (Кут алчу билим») жана Махмуд Кашгаринин «Дивани лугати ат-тюрк» түрк сөздөр жыйнагы жөнүндө болуп жатат.

«Кутадгу билиг» поэмасынан чакан үзүндү окугула:

Кут бир келет - бакпасаң кетип калат,

Бак бир конот - үйлөсөң өчүп калат.

Билимдүүгө окуу жолдош, бир тууган,

Түркөй айдайт кулагынын сыртынан,

Билимдүүгө окуу - кийим, аш болот,

Билимсиздер ушак менен дос болот

*Окуучуларга суроо:*

- Карахандар мамлекетинде түрк иденттүүлүгү калыптанган фактысын бул белгилүү эки чыгарма кантип далилдейт?

*Окуучуларга таблица толтурууну сунуштагыла.*

Таблица толтуруу боюнча нускама:

- Окуу китебинен бардыгын көчүрүп АЛБАЙБЫЗ, сүйлөмдөрдү кыскартабыз жана негизги гана идеяларды жазабыз. Мисалы, түрк маданиятын, түрктөр жашаган жерди жана тилдин өзгөчөлүктөрүн сүрөттөшөт. Жана башка ушул сыяктуу.
- Эгер биз автордун каза болгонун жана анын китебинин тагдыры тууралуу билбесек, анда акыркы пункт толтурулбайт.
- Чыгарманын аталышын жана датасын толук сүйлөм менен эмес, конкреттүү гана жазабыз.

| № | Салыштыруу үчүн суроолор | Жусуп (Юсуф) Баласагун | Махмуд Кашгари |
|---|---|---|---|
| 1 | Окумуштуу төрөлүп, өскөн шаар | | |
| 2 | Кайсы династиядан же теги кандай | | |
| 3 | Анын чыгармасынын аталышы | | |
| 4 | Чыгарма жарыкка чыккан жата | | |
| 5 | Бул чыгарма кимге арналган? | | |
| 6 | Чыгарманын негизги мазмуну (6 пункттан кем эмес) | | |
| 7 | Автордун же анын чыгармасынын тагдыры кандай? (эгер анын каза болгондугу же анын китептери жөнүндө бир нерсе белгилүү болсо) | | |

*Педагог үчүн комментарий:*

| № | Салыштыруу үчүн суроолор | Жусуп (Юсуф) Баласагун | Махмуд Кашгари |
|---|---|---|---|
| 1 | Окумуштуу төрөлүп, өскөн шаар. | Баласагун (Кыз-Орда) шаарында. | Ысык-Көлдүн жээгиндеги Барскоон шаарында |
| 2 | Кайсы династи-ядан же теги кандай. | Интеллектуал болгон, атактуулар чөйрөсүнөн чыккан. | Ак сөөктөр тукумунан, Карахандар каганатын негиздөөчүлөрдүн жана өкүмдарларынын тукуму. |
| 3 | Анын чыгарма-сынын ата-лышы. | «Кутадгу Билиг» («Благо-датное знание») | «Диуани лугати ат-тюрк» («Түрк накылдарынын сөздүгү») |
| 4 | Чыгарма жарык-ка чыккан жата. | 1069—107-жж. | 1072—1074-жж. |
| 5 | Бул чыгарма кимге арналган? | Чыгыш Карахандарынын Өкүмдары Тавгач Буу-ра-ханга. | аль-Муктади халифке |
| 6 | Чыгарманын не-гизги мазмуну (6 пункттан кем эмес) | 1. Саясий жагдай.<br>2. Башкаруу искусствосу.<br>3.Орто кылымдын или-мин жана маданиятын камтыйт.<br>4. Адам жашоосунун мааниси, тагдыры, бул ааламдагы орду жана ролу жонүндө маселени көтөрөт.<br>5. Аңчылык өнөр жана көчмөндөрдүн жашоо образы.<br>6. Өз ойлорун туюндур-ган. | 1. Тарыхый -маданий, этнографтык жана линг-вистикалык материал жалпыланган.<br>2. Фонетикалык жана морфологиялык ку-булуштар жана диалект формаларын специфи-касы жөнүндө маалымат берет.<br>3. Түрк урууларынын оо-зеки-поэтикалык чыгар-маларынын тексттерин камтып турат.<br>4. «Дүйнөнүн тоголок картасы»<br>5. Борбордук азия түрк элдеринин эл аралык мамилелери.<br>6. Географиялык, диалек-тилик, фольклордук, этнографиялык ж.б. ко-шумча маалыматтар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | Автордун же анын чыгармасынын тагдыры кандай? | Жусуп Баласагуни 1075-жылы Кашгар шаарындагы мавзолейде коюлган, акынга Улуг Хасс Хаджиб (Ак Сарайдын министри) наамы ыйгарылган. Тексттин сакталып калган, уйгур жазуусу менен жазылган жана XV кылымда Гератта табылган биринчи варианты Венадагы Австрия улуттук китепканасында сакталуу. Араб жазуусу менен жазылган экинчи варианты Каир улуттук китепканасында сакталуу. Үчүнчү варианты Өзбекстанда Наманганда табылган. | 70 жаш курагында 1101-жылы каза болгон. Кашгарга жакын жердеги Опал айылында көмүлгөн. «Сөздүктүн» жалгыз эле көчүрмөсү биздин күнгө жеткен. Стамбулдагы Миллен Генель китепканасында сакталуу. |

**Рефлексия**

- Сабактан мага …белгилүү болду.
- Мага … кызыктуу болду.
- Мен…. жөнүндө түшүндүм.

**Үй тапшырма жөнүндө маалымат**

«Карахандардын маданий жетишкендиктери мага кандай таасир калтырды?» деген темага эссе жазгыла.

*Баалоо критерийлери:*

1) Теманын ачылышы.
2) Тексттин көлөмү.
3) Мисалдарды келтире билүү.
4) Баяндоонун (киришүү, негизги бөлүк, жыйынтык) логикалуулугу.
5) Сабаттуулук жана жол-жоболоштурулушу.

# 6 Сибир кыргыздары

*7 класс. 2 саат*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. XVI-XVII кылымдардагы сибир кыргыздары жана алардын мамлекеттүүлүгү жөнүндө айтып беришет;
2. Ссбир урууларынын кыргыздардын эгидасы алдындагы саясий, чарбалык биримдигин аныкташат; коомдук мамилелерди мүнөздөшөт;
3. Сибир кыргыздарынын жунгар жана орус элдери менен өз ара мамилеринин оң жана терс кесепеттерин аташат;
4. Сиюир кыргыздарынын татаал тарыхый жолундагы майтарылбас эрдиги н мүнөздөшөт;
5. Кыргыздардын тарыхый өтмүштөрүнө кызыгууларын жана сый-урматын көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

Тема эки саатка эсептелген. Авторлор сабакты болжолдуу бөлүштүрүүнү сунушташат. Бирок ар бир педагог анын мазмунун өзү каалагандай бөлүштүрө алат.

Сабактын методдору жана ыкмалары: мээге чабуул, карта менен иштөө, окуу китебинин тексти жана тарыхый булактар, иллюстрация менен иштөө, инфографика, ЗХУ таблицасы, эки бөлүктүү күндөлүк, топтордо жана жуптарда иштөө.

**Жабдылышы:** окуу китеби, «Кыргыз улустары жана алардын XVII кылымдагы кыштымдык өзөндөрү» картасы, стикерлер, таркатма материал.

**Негизги түшүнүктөр жана терминдер:** Алтысар, Алтыр, Исар, Туба, малчылык, кол өнөрчүлүк, дыйканчылык, коомдун социалдык катмары, көз карандысыздык үчүн күрөш, калмак-кыргыздар, Фуюй, хакастар, алтайлыктар, тувиндер ассимиляция.

**Негизги даталар:**

1635-жыл – Жунгар хандыгынын пайда болушу.

1666-1682-жылдар – Эренек-бектин орус жерине жүрүштөрү.

1703-жыл – кыргыздардын Жунгарияга көчүп барышы.

1727-жыл – Түштүк Сибирдин Россия империясына кошулушу.

1755-1757-жылдар –кыргыздардын Маньчжурияга көчүп барышы.

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү планы:**

1-сабак. Сибирдеги кыргыз усулдары.

2-сабак. Сибир кыргыздары жана коңшу мамлекеттер: Россия империясы жана Жунгар хандыгы.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Болгон тажрыйбаны актуалдаштыруу

- Түштүк Сибирди монголдор кайсы жылы багындырып алган?
- Чыңгысхандын мураскорлору башкарып турган учурда кыргыз урууларынын абалы кандай болгон?

### 1-сабак: Сибирдеги кыргыз усулдары

### Жаңы теманы окуп үйрөнүү

*Педагогдун сөзү*

XVI-XVII кылымдарда Енисей дарыясынын өрөөнүндө мамлекеттик түзүлүш жашап турган, аны кыргыз уруусу жетектеген. Орус жазуу булактарында ал «Кыргыз жери» деп белгилүү жана төрт хандык-улусту бириктирип турган.

Окуу китебиндеги текстти окуучуларга өз алдынча окуп чыгуусуна тапшырма бергиле. Кыргыз усулдарынын аталыштарын стикерлерге жазып, аларды картага бекитип коюуну сунуштагыла.

**КЫРГЫЗ УЛУСТАРЫ**

**Алтыр** *Абакан дарыясынын сол жээгиндеги* өрөөндө жайгашкан. Алтырлыктарды "жогору жактагы кыргыздар" деп аташкан, себеби алар Енисейдин агымы боюнча башкалардан жогору жагында жашашкан

**Алтысар** Енисейдин төмөнкү агымында жайгашкан. Улуста белгилүү княздардын резиденциясы болгон. Алтысарларды "төмөн жактагы кыргыздар" деп аташкан

Исар калган улустардын курчоосунда жайгашкан. Исарларды «ички кыргыздар» деп аташкан

**Туба** Енисейдин оң жак жээгинде жайгашкан. Кыргыздарга туугаи болгон туба жана модар уруулары жашашкан «бир адамдар, уруусу да, уругу да»

### Теманы бышыктоо

*1-ИШ. Окуучулар окуу китебинин текстин окушат. Аларды стикерлерге Кыргыз улустарынын аттарын жазып, картага бекитүүнү сунуштаңыз.*



*Окучуларга тапшырма.* Кыргыздардын улустарынын жана алардын сүрөттөлүшүнүн окшоштуктарын белгилегиле.

| | Улустар | | Сүрөттөлүшү | Жооптор |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Алтыр | А | Исар калган улустардын курчоосунда жайгашкан. Исарларды «ички кыргыздар» деп аташкан | |
| 2 | Алтысар | Б | Енисейдин оң жак жээгинде жайгашкан. Кыгыздарга тууган уруктар жашашкан | |
| 3 | Исар | В | Енисейдин төмөнкү агымында жайгашкан. Улуста белгилүү княздардын резиденциясы болгон. Калкын "жогору жактагы кыргыздар" деп аташкан | |
| 4 | Туба | Г | Абакан дарыясынын сол жээгиндеги өрөөндө жайгашкан. Калкын "жогору жактагы кыргыздар" деп аташкан | |

*2-ИШ. Сибир кыргыздарынын чарбасы жана коомдук мамилелери*

- Суроо боюнча талкуулагыла: Географиялык чөйрө адамдардын чарбакер ишине кандай таасир эте алат?
- Тарыхый булакты экранга алып чыккыла же аны басып чыгарып, таркаткыла.
- Окуучуларгна анын текстин окуп, аны менен катар эле дептерлерине инфографика түзүүнү сунуштагыла.

## ОКУЧУЛАР ҮЧҮН ТАРКАТМА МАТЕРИАЛ

Сибир элдерин сүрөттөө Г.Ф. Миллер

*Аңчылык жөнүндө*

Алар 300-400 адам болуп чогулат, алардын арасында аялдар да, балдар да болушат. Бардыгы ат үстүндө болот. Алгач алар бири-биринен 100 саржан арылыкта туруп, сызыкты пайда кылышат. Анан эки канаты улам бири-бирине жакындап, атчандар тынбай алга жыла бергендиктен айлана пайда болот. Мергендердин тобу шайлап алган башчысы ортосунда алдыга кете берет. Ага улук эки аңчы баш ийет, алар оң жана сол канаттарды тескейт.

…Эки канат биригер замат, бардык тарабынан мергенчилердин катуу үндөрү чыга баштайт. Ошондо илбээсиндер ары бери кача башташат, бирок бардык тарабынан мергенчилер тосуп тургандыктар, кайра артка келе беришет да, чарчап калышат… Мергенчиликтин башчысы мыкты көзгө атарлары менен айлананын ортосунда болот да, илбээсиндерди улам ата беришет… Мындай айлана менен алар айрым учурларда 100 даана илбээсин чаап келишет, себеби маралдар менен эликтер ар бири 50 жана андан ашык башты камтыган үйүрү менен жүрүшөт… Бир тегеректе алар эки канаты бири-бирине кошулганча, 10 чакырымга чейин алга барышат. Өлтүрүлгөн илбээсиндердин бардыгы бир жерге топтолуп, бардыгынын ортосунда тең бөлүнөт.

*Тарыхый булактар боюнча окуучуларга суроолор жана тапшырмалар*

- Булактардан кыргыздардын турмушу жөнүндө эмне биле алдыңар?
- Эмне себептен аңчылык сибир кыргыздарынын иш-аракеттеринин бири болгон.
- Сибир кыргыздарынын коомдук мамилелериндеги социалдык теңдик жөнүдө айтылгнандарды тектте таап, окуп чыккыла.

*3-ИШ. Текст менен иштөө*

Сибир кыргыздарынын чарбасы жөнүндө оку китебинин тексти менен окуучулардын ишин уюштургула жана аларга ЗХУ таблицасын толтурууну сунуштагыла.

*ЗХУ таблицасы*


| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

*Педагогдун сөзү*

Улустардын бардыгы бирдиктүү саясий мейкиндикти түзгөн. Улустардын башында «бек» титулун алып жүргөн өкүмдалар турган. Бектер бири-бири менен туугандык бьайланыштарлда болгон жана алардын ар биринин өз туусу болгон. Маанилүү маселелерди чечүү үчүн төрт усулдун өкүлү чогулган.

**Тапшырма**

Окуучулар «Социалдык класстар» схемасы менен иштешет, жана андан таяныч сөздөрдү пайдаланып сибир кыргыздарынын коомдук мамилелери жөнүдө чакан аңгеме түзүшөт.




*Окууучаларга суроо:* Сибир кыргыздары кимдерди кыштымдар деп атаганын эстегиле.

**2-сабак: Сибир кыргыздары жана коңшу мамлекеттер: россия империясы жана жунгар хандыгы**

XVII кылым жана XVIII кылымдын башталышы түштүк-сибир кыргыздарга көз карандысыздык үчүн күрөшкөн мезгил болду. Кыргыз улустары Орус мам-

лекети, Жунгар хандыгы жана Алтын-хан мамлекети тарабынан кол салууга дуушар болгон.

Жунгар хандыгы – 1635-жылы чачырап кеткен монгол уруулары тарабынан түзүлгөн мамлекет.

Алтын-хандар мамлекети – азыркы Монголиянын аймагында XVI-XVII кылымдарда жашап турган мамлекет.

*1-ИШ. Окуу китептерин пайдаланып таблицаны толтурууну окуучуларга сунуштагыла.*

| Кыргыз урууларынын коңшу мамлекеттер менен өз ара мамилелери | |
|---|---|
| Кесепеттери | |
| Он | Терс |
| | |

*2-ИШ. Иллюстрация менен иштөө.*



Сүрөт. Енисей губерниясында ясак (салык түрү) чогултуу. Белгисиз сүрөтчү. XIX к.

*Суроолор:*

- Кандай ойлойсуңар, иллюстрацияда ким тартылган?
- Адамдар ортосунда кандай сөздөр болорун болжолдоп көргүлө.
- Жуптар менен бул сүйлөшүүнүн диалогун түзгүлө. Элдин көз карандысыздык үчүн күрөштү жетектеген жана орус баскынчыларын Түштүк Сибирге жылышын токтоткон Эренек-бектин ишине токтолгула.

*3-ИШ. Цитатаны окуп чыккыла жана ага комментарий жазгыла.*

«Эренек – күч-кубаты ташыган, демилгечи мыкты инсан». Н.Н. Козьмин

*4-ИШ. Текст боюнча кыргыздардын көчүп конушу жөнүндө окуучулар менен маек жүргүзгүлө.*

*Кыргыздардын көчүп конушу*

1703-жылы жунгар ханы Цэван Рабдан (1663-1727) кыргыздарды Жунгарияга көчүрүүнү чечкен. Өз планын жүзөгө ашыруу үчүн кыргыз улустарын

үч миңдик аскерге жиберген. Калкы конвойлордун көзөмөлү менен Абакан өрөөнүнө чогулган. Ар бир көчмөн кечикисин бирден саналып, текшерилип турган. Адамдар бирден ташты бир жерге топтоп коё беришкен.Эртең менен ар бири ошол таштарга келип, ташты алып, аны кайра башка жакка коюшкан. Канча таш калып калса, ошончо адам качып кеткенин билишкен

Улустардын тургундары жунгар жоокерлеринин кайтаруусунда үч жол менен барган. Алар үй-бүлөлөрү, малы жана мүлкү менен бирге көчүп жүрүшкөн. Жунгарияга кыргыздардын үч миң боз үйү жеткирилген.

Калктын негизги массасынын көчүп конушу кыргыздын төрт усулунун жоголушуна алып келген. Калган кыргыздардын бир аз бөлүгү өздөрүнүн саясий өз алдынчалуулугун сактап калууга мүмкүнчүлүгү болбогон. Түштүк Сиберде миң жылдан ашык убакыт жашап турган Енисей кыргыздарынын мамлекеттүүлүгү, ошентип, ураган.

*Текстке суроолор:*

- Жунгар ханы эмне себептен кыргыздарды көчүрүүнү чечимин кабыл алган?
- Бул көчүрүүнүн кесепети кандай болгон?

Кыргыздардын чакан топторунун тарыхый тагдыры: калмак-кыргыздар, фуюй кыргыздары, хакастар, алтайлар, тувиндер.

*5-ИШ. Топтордо иштөө*

Окуучуларды 5 топко бириктиргиле:

**1-топ.** Калмак-кыргыздар.

**2-топ.** Фуюй кыргыздары.

**3-топ.** Хакастар.

**4-топ.** Алтайлар.

**5-топ.** Тувиндер.

**Чакан топтор үчүн тапшырма:**

1. Кыргыздардын чакан топтору жөнүндө маалыматты окуп чыккыла.
2. Презентация даярдагыла.
3. Класска презентацияны көүрсөткүлө.

*Презентацияны баалоо*

| Баалоо критерийлери | 1-топ | 2-топ | 3-топ | 4-топ | 5-топ |
|---|---|---|---|---|---|
| *Мазмуну жана түзүлүшү* | | | | | |
| 1.Теманы кыска жана түшүнүктүү ачып берүү | | | | | |
| 2. Материалды эркин билүү | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3.Презентацияны композициялык аяктоо: киришүү, негизги бөлүгү, корутунду | | | | | |
| *Презентациянын формасы* | | | | | |
| 1.Ишти жактап жатканда өзүн туура кармай билүү | | | | | |
| 2.Көрсөтмө куралдарды пайдалануу (схемалар, иллюстрациялар, таблицалар ж.б.) | | | | | |

ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН ТАРКАТМА МАТЕРИАЛДАР

**1-топ. Калмак-кыргыздар**

Көчүп баргандан кийин енисей кыргыздары Или дарыясынын жээгинде жайгашкан Жунгар өкүмдарынын ээлигине жайгаштырылган. Көчүп барган кыргыздардын Жунгариядагы жашоосу жеңил болгон эмес. Алардын көпчүлүгү өз жерине кайтып келүүгө аракеттенишкен. 1746-жылдын жай мезгилинде кыргыздардын бир чоң тобу Усть-Каменогорскиге келип, орус жарандыгын сурашкан. Кыргыздардын калган бөлүгү Жунгариянын аймагында калган да, калмак-кыргыздар деп аталып калган. Бул тууралуу советик тарыхчы С.В.Бахрушин: «Чулым дарыясында өздөрүн «кыргыз-калмыктар» деп атаган эки адам кармалган. Алар ата-бабалары Кузнецкинин жана Ерасноярскинин ортосундагы сагай талаасында көчүп-конуп жүрүшкөнүн, ал жакта азыркы учурда да алардын орус жарандыгында турган тукумдары көчүп конуп жашарын, жана алар өздөрү «Зенгор ээлигинде», тактап айтканда, Или дарыясындагы жунгардык ээликте» жашагандарын көрсөтүшкөн» - деп жазган

1755-жылы Цинь империясын негиздеген маньчжурлар Жунгар хандыгына кол салышкан. Тарыхый маалыматтарга ылайык, кыргыздар жунгарлардын өкүмдары Давацинин (? -1759) тарабында болушкан. Бирок Жунгар хандыгы катуу жеңилип калган. Кыргыздардын укум-тукумдары азыркы учурга чейин Кытайдагы Эмель-Голь монгол автономдук районунун Эмель дарыясынын өрөөнүндө жашап турушат. Алар, негизинен, будда динин тутушат.

**2-топ. Маньчжуриядагы кыргыздар**

Жунгар хандыгы кулагандан кийин енисей кыргыздары цин императору Цяньлундун (1736-1795) буйругу менен Маньчжурияга Фуюйга көчүрүлгөн.

Бул көчүрүнүн максаты душмандарды борбордон алыстатуу жана чек арадагы орустардын коркутуусунан улам түндүк-чыгыштагы аскердик бөлүмдөрдү күчөтүү болгон. Фуюй кыргыздарында бул көчүү тууралуу баяндар сакталып калган: «Цин офицери кыргыздар күчтүү жана баатыр эл экенин түшүндү. Ошондуктан ал цинк аскерлери тарабынан кармалган кыргыздарды башка жакка көчүрүп, беш облуска таратып жиберген».

Көчүп барган кыргыздаржаңы жерге жайгашышып, аңчылык жана малчылык менен алектенишкен, жылкыларды, койлорду, уйларды багышкан. Сүт азыктарын, анын ичинде кымыз, курутту да даярдашкан.

Фуюй кыргыздарынын турак үйү боз үй болгон. Алар туткан бутпарастык дин ламаизмдин таасирине кабылган.

*Ламаизм* – орто кылымдагы Тибетте калыптанган буддизмдин багыттарынын бири. Фуюй кыргыздары – енисей кыргыздарынын тукуму дүйнө жүзүндөгү эң эле байыркы чыгыш түрк тилдүү элдерден болуп саналат.

### 3-топ. Хакастар

Енисей кыргыздары өздөрүнүн тарыхый жолунда көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, тышкы соккуларга кабылып турган. Бирок, буга карабай, алар туруктуулугун көрсөтүшүп, этностук көптөгөн процесстердин негизи болуп калышты. Алар хакасс этносунун түзүлүшүнө катышып, анын негизги компоненттеринин бири болуп саналышат.

Хакастар боз үйлөрдө жашаган, алар каркастан тегерк жана мобилдүү куралган. Аларды жайкысын кайыңдын кабыгы менен, ал эми кышкысын кийиз менен жаап коюшчу. Орус көчмөндөрүнүн таасири алдында көп бурчтуу көтөрмө-боз үйлөр пайда болгон. Адам канчалык бай болсо – бурчтары ошончолук көп болгон. Салттуу алектенген иши малчылык болуп, койлорду, жылкыларды, ири мүйүздүү малды багышкан. Ошондой эле чогултуу менен алектенишкен. Жергиликтүү тайга козу карындарга, мөмөлөргө, дары чөптөргө бай болгон. Орус көчмөндөрү дыйканчылыкты өздөштүрүүгө таасир этишкен. XVIII кылымдын ортосунда хакастар кара буудай, сулуу, арпа, буудай, маш, сабиз, капуста, шалгам, сарымсак жана бадыраң өстүрүшкөн. Дини – шаманизм болгон.

### 4-топ. Алтайлар

Алтайлар кыргыздарга жакыныраак этнос. Алар дарыялардын өрөөндөрүндө жайгашкан чакан поселоктордо жашаган. Турак үйүнүн тышкы түрү жаратылыш шарттарына, экономикалык абалына жараша болгон. Шатр түрүндөгү курулмалар, кийизден-кайың кабыгынан жабылган боз үйлөр, карагайлардан, тактайлардан квадрат формасындагы үйлөр, устундан көп бурчтуу боз үйлөр кенен жайылтылган.

Алтайлар салттуу түрдө эт жана сүт азыктарын абдан көп колодонгон.

Алтайлар түндүктүк жана түштүктүк деп бөлүнгөн. Түндүктүк алтайлар малчылык менен, кол менен жер иштетүү менен, балык уулоо, аңчылык, чогултуучулук менен да алектенишкен. Түштүктүктөр болсо – жарым көчмөн мал багуу, тоолуу тайгаларда жана талаа-түздөрдө аңчылык, кол менен жер иштетүү менен алектенишкен.

*Кол менен жер иштетүү* – жер кыртышын иштеп чыгууда колдогу куралдарды – казуучу таякты, кичине кетменди жана башкаларды пайдаланууга негизделген дыйканчылыктын түрү.

## 5-топ. Тувалыктар

Тувалыктардын тарыхый маданияты – бул көчмөндөрдүн, шаманизмди жана теңирчиликти туткандардын маданияты.  Шамандардын салту муундан муунга өтүп турган. Ошентсе да кылымдын ортосунда тувалыктардын диний көз карашына буддизм өтө зор таасир эткен.

Тувалыктар аймактык бөлүнүшү жана иштеген түрү боюнча бөлүнүп турушкан. Батыш тувалыктар тегиз жана тоо этегиндеги райондорду ээлеп турушкан. Алар көчмөн малчылыкта жашаган, топоздорду, төөлөрдү, жылкыларды жана койлорду багышкан. Жайкысын дыйканчылык менен алектенишкен, арпа, таруу эгишкен, жасалма талааларды сугаруу үчүн каналдарды казышкан. Чыгыш тувалыктар бугу багышкан жана чыгыш Саян тоолуу жерлеринде көчүп конуп жүргөн аңчылар болушкан. Жүндүү жана туяктуу жандыктарга аңчылыкка чыгышкан.

Аялда тамырдарды, жаңгактарды чөптөрдү чогултуп, тери иштетишкен, кайыңдын кабыгынан буюмдарды жазаган. Жүндөн буюмдар: кийимдер, бут кийимдер, килемдер, боз үй жабуулары кенен жайылган, темир усталык, жыгач усталык, зергерлик иштери өнүккөн.

*Теңирчилик* – түрк-монгол көчмөндөрүнүн байыркы ишеними.

Окуучуларга кыргыздардын белгиленген топторунун социалдык-маданий иденттүүлүгүн жана ар бир топтун өзгөчөлүгүн табууну сунуштагыла.

*Окуучулардын болжолдуу жооптору (жалпы):*

- Көчмөн чарба;
- аңчылык жана малчылык;
- жылкыларды, уйларды, койлорду багышкан;
- курут, кымыз даярдашкан;
- боз үй;
- шаманизм жана теңирчилик.

*Окуучуларлын болжолдуу жооптору (өзгөчө):*

- Фуюй кыргыздардагы ламаизм;
- калмак-кыргыздардагы буддизм;
- хакастардагы шаманизм;
- орус көчмөндорүнүн таасири алдында хакастардын дыйканчылыгы;
- алтайлардагы карагайлардан жана тактайлардан төрт бурчтуу үйлөр ;
- алтайлыктардагы ламаизм элементтери менен шаманизм;
- тувалыктардагы буддизм;
- тувалыктардагы бугу багуучулук.

### Жыйынтыктар

Енисейдеги кыргыздардын тарыхы эсте каларлык жакшы жана драмалык окуяларга бай. Анда жеңүүчүлөрдүн бут алдына Борбордук Азиянын бүткүл мейкиндигин жайып койгон согуштук укмуштуудай жеңиштер да болуп өткөн. Кыргыздар өз эгемендигинен ажырап калган, маданияттагы көптөгөн ийгиликтерин жоготуп койгон жеңилип калуулар да болгон. Бирок бардык кыйынчылыктарга карабай, кыргыз этносу Енисейде бир жарым миң жыл бою жашап турган. 1703-жыл кыргыздардын Енисейдеги көп кылымдык тарыхынын акыркы барагын жапкан. XVIII кылымда болуп өткөн окуялар бирине көп кылымдык лидерликти жана тарыхый процесске таасир берүүсүн ыйгарып, ал эми башкаларга жок болуу жана басынлуу тагдырды буюруп, евразия континентиндеги көптөгөн элдердин тагдырларын түп тамырынан өзгөрткөн.

### Сабактын темасын бекитүү

Суроолор:

1. XV-XVI кылымдарда Түштүк Сибирде пайда болгон кыргыз усулдарын атагыла.
2. Кыргыз коому социалдык кандай катмарларга бөлүнгөн?
3. Эренек-бекатин ишине баа бергиле.
4. Кыргыздардын Жунгарияга көчүп барышы эмне себептен калкы үчүн кырсык болуп калды?
5. Кандай ойлойсунар, Фуюй кыргыздары өз этностук тамырын сактап калуу үчүн кандай кыйынчылыктарга туш болгон?
6. Чакан топтор өздөрүнүн этностук иденттүүлүгүң сактап кала алыштыбы же ассимиляцияга дуушар болуштубу?

### Рефлексия

- Сабактан мага … белгилүү болду.
- Мага … кызыктуу болду.
- Мага … түшүнүктүү болду.

### Үй иапшырма жөнүндө маалымат

Хакастардын, алтайлыктардын жана тувалыктардын ортосундагы жалпы мүнөздү жана айырмачылыктарды тапкыла. Венн диаграммасын түзгүлө.

# 7 Түштүк Кыргызстанды Кокон хандыгынын басып алышы

*8 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Кокон хандыгынын саясий, экономикалык жана социалдык абалы жөнүндө материалды айтып беришет.
2. Түштүк Кыргызстандын Кокон хандыгына кошулганга чейинки жана кошулгандан кийинки абалына талдоо жүргүзүшөт; Түштүк Кыргызстандын саясий, экономикалык жана социалдык абалында болгон өзкыргыздардын уруу башчыларынын саясий ишмер катары ролун түшүндүрүшөт.
3. элдин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн ата-бабаларыбыз үчүн сыймыктануу чезимин баалашат.

**Сабактын тиби:** жаны материалды окуп үйрөнүү.

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** мээге чабуул, мини-лекция, инфографика.

**жабдылышы:** окуу куралы, Кокон хандыгынын картасы, Кыргызстандын картасы.

**Негизги түшүнүктөр жана термины:** Кокон хандыгы, басып алуу жүрүштөрү, саясий турмуш.

**Негизги даталар:**

1762-жыл – Ошту жана Өзгөнду басып алуу

1821-жыл – Кетмен-Төбөнү каратуу

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү планы**

1. Кокон хандыгы.
2. Түштүк Кыргызстанды басып алуу.
3. Хандыктын саясий турмушу.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Болгон билимдерди актуалдаштыруу.

*Мээге чабуул жүргүзгүлө:*

- XVIII кылымда Кококн хандыгынын жана кыргыздардын ортосунда кандай өз ара мамиле калыптанган?
- Бул региондогу кыргыздардын чарба жүргүзүүсүндө, маданиятында жалпы кандай окшоштуктар болгон?

### Жаңы теманы окуп үйрөнүү

*КОКОН ХАНДЫГЫ*

*1-ИШ. Кокон хандыгын экранга чыгаргыла же картаны көрсөткүлө.*

*Окуучуларга тапшырма:* хандыктын калкына чакан мүнөздөмө бергиле, коңшу мамлекеттерди атагыла.

*2-ИШ. Мугалимдин презентациясы* (Тиркемени кар.)

Түштүк Кыргызстанды басып алуу.

*3-ИШ. Инфографика түзүү*

«Түштүк Кыргызстанды басып алуу» картасын экранга чыгаргыла же көрсөткүлө.

Инфографика түзүү менен, параграфтын бул пунктун өз алдынча окуп үйрөнүүсүн окуучуларга сунуштагыла. Иштеп жатканда Түштүк Кыргызстанды Кокон хандыгы каратып алууга алып келген себептерге көңүл буруу керек.

Инфографиканы аткарып бүткөн соң, окуучулар менен биргеликте XVIII кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгынын курамына кирген аймактарды аныктагыла.

*Мугалим үчүн маалымат*

Инфографика или информационная графика – это подборка изображений и днфографика же маалыматтык графика – бул чагылдырылуучу теманын маңызын дароо түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү коштоочу тексттин минимуму менен диаграммалардын жана сүрөттөрдүн тандалышы, татаал маалыматты берүүнүн графикалык ыкмасы. Аны түзүүдө милдетке жараша, сүрөттөр, иконкалар, графиктер, диаграммалар, блок-схемалар, таблицалар, карталар, темалар пайдаланылат. Инфографика хронологиялык, салыштырма, географиялык, тарыхый, социалдык ж.б. болушу мүмкүн. Сабактарда ал жалпылоого, системалаштырууга, эске тутуп калууга жардам берип, окуучулардын чыгармачыл ишин өстүрөт.

Мыкты аткарыдган инфографика маселени тез жана жөнөкөй түшүнүүгө, ьапшырманы системдүү түрдө жана комплекстүү кароого мүмкүндүк берет. Сабактарда инфографика түзүү ыкмасын колдонуу менен, окуучулар аны андан ары графикалык сүрөттө кайра чагылдыруу үчүн маалыматты тандоого жана талдоого үйрөнө алышат (балдар түзүлүшүң ойлонушу, негизги түшүнүктөрдү, фактыларды бөлүп кароо ж.б. керек).

*Сабактарда инфографика технологиясын пайдалануунун артыкчылыгы:*

- көп сандагы маалымат;
- маалыматты жеңил кабыл алуу;
- көптөгөн сандагы мисалдарды чечүү;
- окуучулардын визуалдык сабатынын өөрчүшү;
- балдарды маалымат булактарына сынчыл мамиле жасоого үйрөтүү.

*Сүрөт* – бул идеялардын презентацияларында маанилүү роль ойноочу коммуникациянын бир түрү. Сабатту бир сүрөт 1000 сөздүн ордун басат. Ал маанини жөнөкөйлөтүп, ошол эле маалда зарыл маалыматты бере алуу жөндөмүнө ээ. Сүрөт маалыматты жагымдуу жана ишенимдүү көрсөтөт. Болжолдуу инфографика (1-тиркеме).

**Хандыктын саясий турмушу**

Ак Бото бийдин, Кубат бийдин, Ажы бийдн сүрөттөрүн көрсөткүлө. Алар тууралуу кыскача маалымат бергиле.

*Окуучуларга суроо:*

- Кыргыз ак сөөктөрүнүн хандыктын саясий турмушуна катышуу себебин атагыда.
- Кокон хандыгында бийликте өзбектердин, кыргыздардын, кыпчактардын башчыларынан болушу мамлекеттеги саясий кырдаалга кандай таасир этти?

Талкуулардын жыйынтыгы боюнча калмактардын жана Цинь империясынын кол салуусуна каршы күрөштө кокондуктардын жана кыргыздардын биримдигин чыңдоого окуучулардын көңүлүн буруу керек.

*Мугалим үчүн маалымат*



**Акбото бий** – кыргыз бийи, XVIII кылымдын 20-жылдарында Ходженттин өкүмдары. Ал келечек Кокон хандыгын негиздөөчү Шахрух-бийдин кызына үйлөнгөн. Анын карамагында 500 жоокер кызмат кылган, алар Фергана оөрөөнүнүн түштүк-чыгыш бөлүгүн калмак баскынчыларынан коргошкон. Бирок Акбото бий менен Рахим бийдин (кайнагасы) ортосундагы мамиле начарлап кеткен. Анын натыйжасында Акбото бий өлтүрүлгөн.



**Кубат бий** – саясий ишмер, Фергана өрөөнүндө XVIII кылымдын экинчи жарымында жашаган кушчу уруусунан кыргыздардын башчысы. Ал жунгар жана кокон баскынчыларынан өз калкынын көз карандысыздыгын жана эркиндигин коргогон. Кубат -бий Кокондун өкүмдары Абд-ал-Керим менен биригип, Фергана өрөөнүнөн жунгардарды кууп чыгышкан. Кубат-бий душмандар менен кармашууда баатыр жана чечкиндүү гана болбостон, адилеттүү да, таза жүрөк адам болгон, аны замандаштары өтө сыйлашкан. «Рахим хандын тарыхы» аталышындагы баянда Кубат бий «кыргыздардын падишахы» катары эскертилет. Ал: «өз уруусунун кызыкчылыгында өз алдынча башкарган инсан, башка өкүмдарлар менен достук мамилени орното алган же токтото алган» мыкты инсан болгон деп жазылган.



**Аджи бий** – саясий ишмер, XVIII кылымдын экинчи жарымында кокон баскынчыларына каршы көз карандысыздык үчүн күрөштө кыргыз элин жетектеген. Ал адыгыне уруусунан чыккан, Бухаранын чыгыш тарабынан кенен жерди элеп турган, анын кол алдында 200 миң кыргыз болгон. Бирок түрдүү тарыхый жагдайлардан улам Кокон хандыгын таануга аргасыз болгон. 1758-жылы Кокондун башчысы Ирдана бий менен Ажы бий тышкы душмандар менен күрөшүүдө бириккен. Кыргыз-кокон аскерлери кытай армиясынын басып киришин чагылдырган. Ажы бий акылдуу башкаруучу, күчтүү жана эо жүрөк баатыр, таланттуу дипломат болгон. Ажы бийдин тарыхый тагдырында Чыгыш Түркстандын саясий окуялары менен байланышкан окуялар абдан көп. 1759-жылы Цинь сарайы Ажы бийдин элчилерин кабыл алган.

1758-жылы Кубат бий менен Ажы бий башында турган кокондордун жана кыргыздардын бириккен армиясы Ферганага кирип келген кытай аскерлеринин мизин кайтарып, Цинь империясынын 7000ден ашууну жоокерин жок кылган. Ошентип, Цинь империясынын Орто Азияга болгон аскердик экспансиясы токтотулган.

### Сабактын темасын бекитүү

Суроолорду талкуулагыла жана окуучулар менен бирге жыйынтык чыгаргыла:

- Түштүк Кыргызстанды Кокон хандыгына каратып алуу кандай жүргөн?
- Өз көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн кыргыз бийлерин атагыла (1-деңгээл).
- Кандай ойлойсунар, эмне себептен кыргыз бийлери тышкы душмандарга биргелешкен каршылыкты көрсөтө алган эмес?
- Силердин оюңар боюнча, кокон хандары өз сарайына кыргыз бийлерин жана манаптарын тартып турушкан? (2-деңгээл).

### Жыйынтыктар

XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгы Түштүк Кыргызстанды каратып алган. Кокон хандыгынын ийгилигине кыргыздардын бөлүнүп-жарылышы жана уруулар арасында бөлүнүүлөр себеп болгон. Бирок убакыттын өтүшү менен кыргыз феодалдары хандыктын саясий турмушунда олуттуу роль ойной баштаган. Эрдене бий кыргыздын айрым байлары менен мамилени чыңдоого умтулган.

### Рефлексия

- Мага … белгилүү болду.
- Мага … кызыктуу болду.
- Мага … түшүнүктүү болду.

### Үй тапшырма жөнүндө маалымат

Кошумча маалыматтарды пайдаланып, кыргыз урууларынын көрүнүктүү башчысы Ажы-бий тууралуу чакан билдирүү даярдагыла. (3-деңгээл).

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

1-тиркеме.

164 жылга жакын өкүм сүрүп турган Кокон хандыгы Борбордук Азиядагы аймагы боюнча эң чоң жана калкынын курамы боюнча полиэтностук болгон хандык. Ал өзбектердин минг уруусунан чыккан Шахрух-бий тарабынан 1709-жылы негизделген.


Кокон хандыгынын аймагында өзбектерден, тажиктерден, кыргыздардан, кыпчактардан, казактардан жана башка этностордон турган көчмөн жана отурукташкан калк жашаган. Алар негизинен түрк тилинин диалектилери боюнча айырмаланышкан. Бирок калктын бир аз бөлүгү тажик тилинде сүйлөшкөн.

Үстөмдүк кылуучу катмарлардан – хандардан, уруулардын башчыларынан, атка минерлерден, аскер кызматчылпрынан, диний өкүлдөрдөн жана төмөн турган катмарлардан турган калктын социалдык курамы да бирдей эмес болду.

Негизги харадж жана зекет деген негизги эки салыктан сырткары түрдүү пошлиналардын жана милдеттердин бүткүл тутуму болгон.

Фергана өрөөнүнүн тургундары дыйканчылык менен алектенишкен жана жасалма сугат тутумун кенен колдонушкан. Мында пахтачылык негизги орунду ээлеп турган.

Мамлекетте бир тарабынан бири-бирисиз жашай албаган, ошол эле маалда бирин-бири толуктап турган түрдүү элдерден, экинчи тарабынан, шаардык жана айылдык калктан турган коомдун этносаясий жана социалдык-экономикалык балансы калыптанган.


Кеңейүүнүн эсебинен Кокондун күчүнүн көбөйүшү
Кыргыз окумдарларында биримдиктин жоктугу
Хандыкта кыргыз окумдарларын ардактуу кызмат орундарына дайындоо
СЕБЕПТЕР
Коокон хандарынын кыргыздын урууларын ортосунда чабыштыруусу
Эрдене-бий – Ошко жана Өзгөнгө жүрүш
Түштүк Кыргызстанды каратуу
Сатыке-батыр Кетмен-Төбөнү кыргыздарынын согушун жетектеген.
Умар-хан –Кетмен-Төбөнү каратып алуу
1762
1764
1821
XIX кылымдын биринчи чейреги
Ажы-бий – Ошту каратып алуу.
Түштүк Кыргызстанды каратып алуунун аяктоосу .
Баткен облусундагы Кудаяр-хандын чеби
Өз таасирин жаңы жерлерде чыңдоо, чек араларды, соода жолдорун коргоо үчүн коокондуктар чептерди кура баштаган
Чоң-Алай районундагы Доорот-Курган чеби

*М. Л. Азимова, А. К. Доталиев*

# 8 XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында Кыргызстандын маданиятындагы жаңы көрүнүштөр

*8 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Европа жана Борбордук Азиялык цивилизациянын өз ара байланышы жана өзгөрүүлөрдүн коомдун жашоосуна таасири жөнүндө айтып беришет.
2. XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Кыргызстанда болуп турган жаңы кубулуштарды аныкташат.
3. Илимий изилдөөлөрдүн Кыргызстан үчүн таасирин талдашат; орус жана европа окумуштууларынын илимий-изилдөө ишинин маанисин түшүндүрүшөт.
4. Түрдүү этностордун биримдикте жашоосун баалашат; көп түрдүүлүктү сактоо зарылдыгын түшүндүрүшөт.
5. Көп түрдүүлүккө сый-урматын көрсөтөт.

**Сабактын тиби:** жаңы теманы окуп өздөштүрүү

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** мээге чабуул, токтоп окуу, топтордо иштөө, интерактивдүү дарс.

**Жабдуу:** окуу китеби, таркатма материал, окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн, Теңир-Тоо тоо тутумунун, Хан-Тенгри чокусунун сүрөттөрү.

**Негизги түшүнүктөр жана термины:** медресе, жаны методдук мектептер, орус-тузем мектептери, секулярдык мектептер, чиркөө мектептери, чатыр үй- китеп окуу жайлары, маданияттардын өз ара аракеттери, илимий изилдөөлөр.

**Негизги даталар:** XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башталышы.

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү планы**

1. Билим берүү жана саламаттыкты сактоо.
2. Чарба.
3. Кыргызстандын илимий изилдөөлөрү.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Болгон билимдерди активдештирүү.** Мээге чабуул жүргүзгүлө:

- XIX кылымда Кыргызстанга кайсы элдер көчүп келишкен?
- XIX кылымдын аягында – XX кылымдын башында, силердин оюнарча, кыргыз маданиятынын өнүгүүсүндө кандай өзгөрүүлөр болушу мүмкүн эле

### Жаңы теманы окуп үйрөнүү

*Педагогдун сөзү*

Кыргызстан XIX кылымдын аягында –XX кылымдын башында, борбордук азиялык жана европа цивилизациясынын бири-бирине таасири күчтүү болгон учурунда өзүнүн маданий өнүгүүсүндө бурулуш этапты башынан өткөргөн.

### БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО

### Жаңы теманы бышыктоо

*1-ИШ. Токтоп, окуу*

Окуучуларга билим берүү жөнүндө параграфтын биринчи пунктун «Токтоп окуу» ыкмасын пайдалануу менен, кезек кезеги менен окуусун сунуштагыла. Ыкманын башкы функциясы – ой жүгүртүп окуу көндүмүн өнүктүрүү. Иштин алгоритми: текстти чакан абзацтарга бөлүү менен окуп, ар бир абзацтын мазмунун талкуу.

Окуучулардын дептеринде мектептин аталышын жана алардын мүнөздөмөсүн жазышат.

*Медресе* – мусулмандык жогорку окуу жайы.

*Жаңы методдук мектептер* – жадидис мектептери, орус тилин, арифметиканы, география боюнча баштапкы маалыматтарды, жарандык жана саясий тарыхты, табият таанууну киргизүү менен, окутуу эне тилинде жүргүзүлгөн мусулмандык баштапкы жана орто окуу жайлары.

*Орус-тузем мектептери* – XIX кылымда орус эмес улуттагы жергиликтүү калктын балдарын окутуу үчүн Түркстан крайынын орус администрациясы тарабынан ачылган, баштапкы билим берүү мектептери.

*Секулярдык мектептер* – светтик мектептер.

*Чиркөөлүк мектептер* – баштапкы окуу жайлары.

Окуп жаткан учурда мектептердеги этностук түрдүүлүккө: кыргыздар, татарлар, өзбектер, дунгандар, уйгурлагаржана гендердик курамга балдардын көңүл буруусуна басым койгула. Мектепке кыздар дагы барышкан.

### ЧАРБА

*Интерактивдүү дарс жүргүзгүлө.* Окуучуларга суроо бергиле:

- Көчмөндөр жергиликтүү калкка кандай таасир эткен?
- Көчмөндөр отурукташкан элдерден эмнени өздөштүргөн?
- Түрдүү маданияттардын өз ара алакасы эмнеге алып келет?
- Көп түрдүүлүктүн баалуулугу эмнеде?

*Окуучулар менен бирге таблицаны толтургула:*

**ӨЗГӨРҮҮЛӨР**

| | |
|---|---|
| Жергиликтүү калк | |
| Көчмөндөр | |

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ

- Кыргызстандын изилдөөчү окумуштууларын экрандан же сүрөттөн көрсөткүлө.
- Бул пунктуну окуп үйрөнүүдө топтордо иштөөнү уюштургула. Окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн Кыргызстандын өнүгүүсүнө салымын аныктагыла.

*2-ИШ. Топтордо иштөө*

**Топтун милдеттери:**

- текстти окуп чыгуу;
- окумуштуулардын изилдөө чөйрөсүн аныктоо;
- бл окумуштуулардын ачылыштары кыргыз эли жана кыргызстан үчүн кандай мааниси бар экенин табуу;
- презентация даярдоо.

**1-топ.** Чокан Валиханов

**2-топ.** Петр Петрович Семенов-Тянь-Шаньский

**3-топ.** Николай Михайлович Пржевальский

**4-топ.** Николай Александрович Аристов

ТОП ҮЧҮН ТАРКАТМА МАТЕРИАЛ



**Чокан Валиханов (1835-1865)** – казак окумуштуусу, тарыхчы, этнограф, саякатчы, чыгыш таануучу. Аскердик чалгындоо департаментинде офицерлик кызмат өтөгөн. Ал кыргызстандын геоярафиясын, табиятын, этнографиясын, тарыхын изилдөөдө баалуу салым кошкон. 1856-жылы Ч.Валихановаскердик-илимий экспедициянын курамы менен чогуу Ысык-Көлгө келген.

Ал Ысык-Көлдүн флорасы менен фаунасын, архитектура эстеликтерин изилдеп, кыргыз айылдарына барган, бугу, сарыбагыш жана солто урууларынын жашоосуна жана тиричилигине кызыккан, элдик легендаларды, генеологиялык баяндарды, жомокторду, кыргыздардын эпикалык поэмаларын жазып, кагазга түшүргөн. Анын эмгектеринде кыргыз эли тууралу көптөгөн маалыматтар бар. Ал кыргыз уруусунун 100 этнонимин белгилеген. Түштүк Кыргызстандагы Кокон хандыгынын бийлиги энчилүү болгон, негизги жана башкы иши болуп малчылык саналган, бирок чарба ишинде дыйканчылык менен да алектенишкен. Кыргыз малчылары Чыгыш Түркстандын шаарларына малды дайыма жеткирип турушкан. Валиханов улуу кыргыз «Манас» эпосунун бөлүгүн эн биринчи жолу кагазга түшүрүп жа-

зып чыккан, Чатыр-Көл көлүн сүрөттөп, картага түшүргөн, Борбордук Азиянын картасын түзүүгө активдүү катышкан.



**Петр Петрович Семенов-Тянь-Шаньский (1827-1914)** – атактуу изилдөөчү, Теңир – Тоого (Тянь-Шань) жана Ысык-Көлгө бир нече жолу илимий саякатка барган. Окумуштуунун эмгеги ушунчалык жогор болгон, ошондуктан 1906-жылы Асман тиреген тоолор («Тянь-Шань» кытай тилинен ушундай которулат) дүйнөсүнө саякаттын 50 жылдыгына карата анын фамилиясына императордун жарлыгы менен «Тянь-Шаьский» деген титул кошулган.

Семенов-Тянь-Шанский Ысык-Көлдүн жана Теңир-Тоонун орфографиялык схемасын түзгөн, бул аймактардын жаратылыш объектилеринин географиялык жайгашышы жөнүндө так маалыматтарды берген, Сырдарыянын башталышын ачкан, европа окумуштууларынын Ысык-Көлдөн дарыя агып чыгат жана Теңир-Тоо тоо системасынын вулкандын теги деген пикирин жокко чыгарган.

Теңир-Тоо байыркы катмардык-чыгынды тоолордон турарын далилдеген, Сары-Жазга жана Хан-Тегринин этегине биринчилерден болуп барган.

1982-жылы Балыкчы шаарына батыштан кире беришинде П.П. Семенов-Тянь-Шанскийге эстелик орнотулган, Борбордук Азиянын географиялык объектилери, өсүмдүктөрдүң 27 түрү жана жаныбарлардын 70 түрү анын ысымы менен аталган.



*Хан-Тенгри чокусу*

Орографиялык схема ошол жер жөнүндөгү маалыматты алып жүрүүчүлөрдүн бири болуп саналат. Бул тоо кыркалардын жана дарыялардын тартылышы менен сүрөт.



**Николай Михайлович Пржевальский (1839-1888)** – белгилүү саякатчы жана Борбордук Азияны изилдөөчү, чалгындоо-географиялык төрт экспедициянын жетекчиси. Ал комлекстүү изиллдөө жүргүзгөн. Анын жетекчилиги алдында өсүмдүктөрдүн болжол менен 16 миң экземпляры чогултулуп, 7 миңден ашуун жаныбарлар изилденген, алардын арасында жапайы төө, Пржевальскинин жылкысы, тибет аюусу бар. Пржевальский Алтынтак тоосун ачкан, Лобнор көлүн жана ага куючу дарыяларды биринчи болуп сүрөттөгөн, Хуанхэнин башатын изилдеген, Борбордук Азиянын картасын толуктаган жана ага мурда белгисиз болгон тоо кыркаларын жана ири жана чакан көлдөрдү киргизген.



*Пржевальскинин кескелдиригио*



*Пржевальскинин аты*



*Пржевальскинин поползени*



*Жапайы* төө

1888-жылы Ысык-Көлдүң чыгыш жээгине жакын турган Каракол поселогуна жеткен. Алтайдагы мөңгү, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын көптөгөн түрлөрү окумуштуунун аты менен аталган. 1891-жылы Николай Пржевальск атындагы атайын сыйлык жана күмүш медаль, ал эми 1946-жылы алтын медаль чыккан.



**Николай Александрович Аристов (1847-1910)** – орус тарыхчы-чыгыш таануучусу жана этнографы. Ал Орто Азия жана Афганистан элдеринин этнографиясы, Жетисуунун, Орто Азиянын тарыхый географиясы боюнча эмгектердин автору. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча эң маанилүү изилдөө анын «Усундар жана кыргыздар же кара-кыргыздар: Батыш Тянь-Шань элинин тарыхынын жана тирчилигинин очерктери жана анын тарыхый географиясы боюнча изилдөөлөр» аталышындагы эмгегинде камтылган.

Н.А. Аристов кыргыз мамлекеттигинин баштапкы датасын биринчилерден болуп белгилеген: б.д.ч. 201-жыл, кыргыздардын түздөн-түз ата-бабалары деп эсептеген усундардан тартып, Тянь-Шандын эки миң жылдык тарыхын көзөмөлдөгөн, кыргыз элинин этногенезиси тууралуу өз версиясын айткан. Окумуштуу түрк урууларынын этностук курамы, алардын жашоосу жана тирчилиги тууралуу кенен материал берген «Түрктөр тарыхый кыртышына патриархалдык же уруулук тиричилиги менен көчмөн-малчылар болуп киришкен. Алар тууралуу байыркы маалыматтар «Шы-цзиде», «Тарыхый жазмаларда» кездешет.

## Жыйынтыктар

1. Эмне себептен эркек балдар жана кыздар үчүн өзүнчө мектептер ачылган?

2. Колониалдык бийлик эмне учун жергиликтүү калктын сабатын көтөргөн?

3. Айыл чарбасында, соода-сатыкта, жол курулушунда, транспорт чөйрөсүндө кандай өзгөрүүлөр болгон?

4. Маданиятта болгон өзгөрүүлөрдүн себебин атагыла.

5. Жергиликтүү калк менен көчмөн калкты бул учурда эмне бириктирип турган?

6. XIX кылымдагы  XX кылымдын башындагы окумуштуу-изилддөөчүлөрдүн эмгеетери кандай мааниге ээ.

Кыргызстан XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында өзүнүн маданий өсүүсүндө бурулуш учурду башынан өткөргөн. Мында европа жана борбордук азия цивилизациясы бириккен. Билим берүү, саламаттыкты сактоо жаатында ири өзгөрүүлөр болгон, олуттуу илимий-изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

### Рефлексия

- Сабакта мага … белгилүү болду.
- Мага … кызыктуу болду.
- Мага …. түшүнүктүү болду.

### Үй тапшырма жөнүндө маалымат

Кошумча адабиятты пайдаланып, Кыргызстандын окумуштуу-изилдөөчүлөрүнүн бири тууралуу маалымат даярдагыла (3-деңгээл).

*Иштөө критерийлери:*
1. Инсандын биографиясынан кыскча маалымат.
2. Илимий иштин натыйжалары.
3. Жергиликтүү калкка мамилени аныктоо.

*М. Л. Азимова, А. К. Доталиев*

## 9 Калмактардын, дунгандардын жана уйгурлардын Жетисууга көчүп барышы

*8 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. XIX кылымдын аягындагы Чыгыш Түркстандагы саясий кырдаалды жана анын Жетисуудагы абалга таасирин аныкташат.
2. калмактардын, дунгандардын жана уйгурлардын Жетисууга көчүү себептерин талдашат;
3. көчмөндөрдүн жана жергиликтүү калктын чарба ишине жана маданиятка, жарандык макулдуктун калыптанышына өз ара таасирин түшүндүрүшөт;
4. этнстук көп түрдүүлүктүн калыптануусунун тарыхый процессин жана этностук коомдоштуктардын Кыргызстандын өнүгүүсүнө салымын баалашат;
5. Азыркы Кыргызстандын этностук көп түрдүүлүгү коомдун баалуулугу экендигин түшүндүрүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп үйрөнүү.

**Сабактын методдору жана ыкмалары:** мээге чабуул, топтор менен иштөө, текст менен иштөө, Венн диаграммасы.

**Жабдылышы:** окуу китеби, карта, таркатма материал.

**Негизги түшүнүктөр жана термины:** Жетисуу, Жети шаар (Семиградье), элдик-боштондук күрөшү, көчүү.

**Негизги даталар:**

1862-жыл – Кытайда Дунган көтөрүлүшүнүн башталышы.

1866-жыл – Калмактардын көчүп барышы.

1877-1884 -жылдар – Дунгандардын жана уйгурлардын көчүп барышы.

**Жаңы теманы окуп үйрөнүү планы**

1. Жетисуу жана XIX кылымдагы Чыгыш Түркстан.
2. Калмактардын, дунгандардын жана уйгурлардын Жетисууга көчүп барышы.
3. Кыргызстандагы этникалык көп түрдүүлүк

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Болгон билимди актуалдаштыруу.** Мээге чабуул:

- Азыркы Кыргызстанда кайсы элдин өкүлдөрү жашайт?
- Силердин шаарда/айылда кайсы элдин өкүлдөрү жашайт?
- XIX кылымдын ортосунда азыркы Кыргызстандын аймагы кайсы мамлекеттин курамына кирген?
- Мурда окуп үйронгон кайсы тарыхы окуялар Чыгыш Түркстан менен байланышкан?


**1-тапшырма.** Өз шаарынардын/айылынардын этностук курамы тууралуу статистикалык маалымат даярдагыла жана аны окуучуларга тааныштыргыла.

*Мугалим үчүн эскертүү*

Окуучулардын көңүлүн Кыргызстан этникалык көп түрдүүлүк өлкө экенине жана биз бардыгы менен тынчтыкта жана макулдукта жашашыбыз керектигене, себеби бизде бир Атамекен бар экендигине бөлгүлө.




Административная карта
Семиреченской области



**Жаңы теманы окуп үйрөнүү.** *Педагогдун сөзү*

*Жетисуу (Жетысу)* – Борбордук Азиядагы тарыхый-географиялык регион. 1867-жылы Жетисуу облусу Россия Империясынын тутумундагы административдик-аймактык бирдик катары уюшулган. Облус Казакстандын түштүк-чыгыш жерлерин жана түндүк Кыргызстанды камыган, алты уездден турат (Пишпек жана Пржевальск уезддери).

*Чыгыш Түркстан* – Борбордук Азиядагы регион, Тарим бассейнин жана азыркы Тянь-Шандан тартып Монгол Алтайына чейинки аймакты камтыган.

Биз бүгүн Жетисуунун жана Чыгыш Түркстандын социалдык-саясий абалын карайбыз.

## ЖЕТИСУУ ЖАНА XIX КЫЛЫМДАГЫ ЧЫГЫШ ТҮРКСТАН

*1-ИШ. Топтордо иштөө. Окуучулар тексттерди окушат.*

**1-топ. Кыргызстандагы абал** (1-тиркеме)

**2-топ. Чыгыш Түркстандагы абал** (2-тиркеме).

Ар бир топ текстти окуп чыгат да, Кыргызстандын жана Чыгыш Түркстандын саясий, экономикалык жана социалдык абалын аныктайт.

Топтор презентация даярдашат. Презентациянын маалыматтарын пайдаланып, бул региондордун саясий, экономикалык жана социалдык абалдарына жалпы класста салыштырма талдоо жүргүзгүлө жана Венн диаграммасын түзгүлө.

## КАЛМАКТАРДЫН, ДУНГАНДАРДЫН ЖАНА УЙГУРЛАРДЫН ЖЕТИСУУГА КӨЧҮП БАРЫШЫ

Окуу китебинин материалын өз алдынча окуп чыгууну жана калмактардын, дунгандардын жана уйгурлардын Жетисууга көчүп баруу себептерин аныктоону окуучуларга сунуштагыла. Андан ары окуучулар төмөнкү таблицаны толтурушат.

| Этностор | Көчкөн жылдары | Көчүп барган жери | Жергиликтүү маданиятка кандай таасир эткен |
|---|---|---|---|
| Калмактар | | | |
| Дунгандар | | | |
| Уйгурлар | | | |

*Мугилимдин презентациясы*

**Калмаки** – ойрот тегиндеги калк, батыш монголдордун олет уруусунун тукумдары болуп саналат.

Калмактардын чакан топтору Чыгыш Түркстанда уйгур-дунган көтөрүлүшү башталганга чеийн жашаган. Көтөрүлүш женилүүгө учурагандан кийин бир нече жүздөгөн калмак үй бүлөсү азыркы Кыргызстандын жана Казакстандын

аймагына көчүп барган. XIX кылымдын экинчи жарымында сарт-калмыктар вертикалдуу ойрот жазуусун пайдаланышкан, суннит багытындагы исламды тутушкан.

Көчүп барган уйгурлардын жана дунгандардын чарбасында дыйканчылык салттуу түрдө үстөмдүк кылган. Жетишип жашаган уйгур байлары гана малчылык менен алектенген. Уйгурлардын жана дунгандардын көпчүлүгү чарбасын жумушчу мал менен камсыздоо максатында гана малчылык менен алектенишкен. Уйгурлар ири мүйүздүү малды күч катары жана сүт азыктарынын булагы катары кармашкан.

Уйгурлар менен дунгандарды кыргыздарга, казактарга, орустарга, украиндерге коңшу жайгаштыруу чарба ишин жана маданиятты өз ара байытуу жана өз ара иштетшүү үчүн шарттарды түзгөн. Уйгурлар менен дунгандар түрдүү жашылчаларды өстүрүшкөн. Алар буудай, арпа, таруу, күрүч, май чыгаруучу өсүмдүктөрдү – сары кычы, мак жана зыгыр өстүрүшкөн.

Уйгурлар бакчачылык менен дагы алектенишкен: баклажандарды, түрптү, кызыл калемпирди, төө буурчакты, сабизди, капустаны, картошканы, арбузду жана коонду өстүрүшкөн. Уйгур элинде көп кылымдык түрдүү маданият калыптанган. Ал XIX кылымда татыктуу уланган. Мусса бен Айса Сайрами создал труд, в котором он попытался обобщить духовный опыт своего народа. Его книга под названием «Двенадцать Мукамов" вышла в 1905 г. в Казани.



Дунгандар сүт менен сүт азыктарын пайдаланышкан эмес. Уйгурларда жана дунгандарда майда мал болгон эмес. Дунган үй бүлөлөрүнүн көпчүлүгү бакчачылык менен алектенишкен – шабдаалы Жетисуу үчүн жаңы сорттогу алмаларды, алмуруттарды, кара өрүктөрдү, жүзүмдү өстүрүшкөн. Замандаштарын мыкты каралган дунган короолру таң калтырган. Байыртан дыйканчылык менен алектенген, эмгекчил дунгандар жаз келери менен талааларын айдап алышчу. Дунгандардын тамагы ар түрдүү болгон, анда ундан жана эттен жасалган тамактар жашылчалар менен айкашкан. Дунган улуттук кийими Жетисуунун жергиликтүү калыкынын кийиминен айырмаланып турган.

Көчмөндөрдүн эл менен күн сайын тыгыз байланышы жана кыргыздар, казактар, орустар, украиндер, өзбектер менен коңшу турушу алардын руханий жана материалдык маданиятына өз ара таасир эткен.

*Пишпектеги дунгандар. 1897-ж. (Пол А. Лаббенин сүрөтү, Француз Географиялык коомунун мүчөсү)*

**Материалды бышыктоо**

*2-ИШ. Топтордо иштөө*

**1-топ.** Сарт-калмактар.

**2-топ.** Дунгандар.

**3-топ.** Уйгурлар.

*Ар бир топ өз тексти боюнча төмөнкү суроолорго жооп беришет:*

- Кыргызстандын тарыхый көп түрдүүлүгү кандай калыптанган?
- Кыргыздардын жер которгондор менен кайсы өз ара мамилелери Кыргызстандагы этностук көп түрдүүлүктү сактоого жана өнүгүүгө түрткү берген?
- Түрдүү этностордун тамак-аш, тил, коомдогу үрп-адат жана салт-санаа маданиятынын таасири кандай чагылдырылган?

Дунгандар/уйгурлар/калмыктар Кыргызстан элинин бөлүгү болуп калганына далил келтиргиле.

## ТОПТОР ҮЧҮН ТАРКАТМА МАТЕРИАЛ

### 1-топ. Сарт-калмыктар

Сарт-калмыктар негизинен Ысык-Көл облусунун чыгышында жашашат. Кыргыздардын арасында көп убакыт жашагандыгынан улам, алардын кыргыз элинин курамына инкорпорациялануу (кошулуу, сиңип кетүү) процесси башталган. Кыргыздар аларды өз урууларынын бири катары санашат. Бүгүнкү күнү калмактардын көпчүлүгү өздөрүн кыргыздар деп айтышат. Бирок, өдөрүн калмак элинин бөлүгү катары саноо менен, өздөрүнүн этностук аң сезимин сактоону улантып жүргөндөр да бар. Сарт-калмактар туткан дини боюнча мусулмандар.

1934-жылы сарт-калмактар калмак тилиндеги латын жазуусун киргизишкен. Калмактар мурда ойрот тилинин диалектсинде сүйлөшкөн, бирок азыр дээрлик бардыгы  орус жана кыргыз тилдеринде сүйлөшөт. Азыркы учурда улуу жаштагы адамдар гана жне тилин билишет. Дал ошолор жоголуп кеткен салт-санаасын сагынып, өз ара калмак тилинде сүйлөшүүгө аракеттенишет.

Сарт-калмактардын алектенген аслттуу иши — малчылык жана дыйканчылык.

### 2-топ. Дунгандар

Дунгандардын негизги жумушу дыйканчылык. Коңшу элдер (казактар, кыргыздар ж.б.) менен узак убакыт бою өз ара алака-катышта болгон дунган ашканасы алардын жлементтерин өздөштүрүп алган. Мисалы, сүт менен сүт азыктары бүгүнкү күнү күн сайын баалуу азык катары колдонулат. Дунгандар этти, жашылчаларды, буурчактарды көп пколдонушат.

Кыргыз Республикасында Кыргызстандын дунгандар ассоциациясы түзүлгөн.

В Кыргызской Республике создана Ассоциация дунган Кыргызстана. «Хуэйминьбо» гезити жана  «Дунгане»журналы чыгып турат. Аларда  дунган элинин жашоосу, маданияты жана тирчилиги тууралуу макалалар жарыкка чыгып турат. КР Улуттук илимдер академиясында Дунган таануу бөлүмү бар, ага 60 жылдан ашык убакыт болду.

Дунгандардын тарыхында алар дүйнө жүзүнүн ар түрдүү өлкөлөрүнө көчүп барып, жайгашкандыгы жазылган. Ошеентсе да алар өз салттарын, тилин, маданиятын, үрп-адаттарын, динин сактап калышкан жана бул баалуу мурастарын муундан муунга өткөрүп келе жатат. Рынок экономикасынын шартында айрым дунгандар ишкер жана бизнесмен  болушту, Кыргызстандын бакубатчылыгы үчүн талыкпай иштеп келе жатышат.



Манзус Ванахун (1907-1943)  Улуу ата мекендик согуштун катышуучусу Советтер Союзунун Баатыры (1943, каза болгондо).



Хайтахун Таширов (1902-1963) Ош облусунун «Кызыл-Шарк»  колхозунун төрагасы,  Социалисттик Эмгектин эки жолку баатыры



Ясыр Джумазович Шиваза (1906 - 1988), жазуучу



Юнусов Абдужалил Мажитович самбо боюнча ССРдин спорт чебери, Кыргыз Республикасынын дзюдо боюнча улуттук  курама командасынын башкы машыктыруучусу

### 3-топ. Уйгурлар


Кыргызстанда уйгурлар Ысык-Көл, Чүй, Ош облустарында, Бишкек, Ош шаарларында  ж.б.  жашашат.  Уйгурлар  дыйканчылык,  малчылык,  жашылча-жемиш өстүрүү, коомдук тамактануу, билим берүү жана илим, саламаттыкты сактоо, искусство ж.б. жаатында алектенишет. Уйгур этносунун Кыргызстандагы белгилүү өкүлдөрү: КР УИАнын мүчө-корр. А. И. Нарынбаев (1924 -2015); профессор И.М. Ибрагимов – жазуучу,  КР жазуучулар жана  кинематографисттер союзунун мүчөсү (1933- 2015); Эл артисти Айтурган Темирова (1958); КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, сүрөтчү Сабиджан Бабаджанов (1941); КР Эл артисти Султан Каримов (1959) ж.б.



Айтурган Темирова, КР Эл артисти



Султан Каримов, КР Эл артисти



Исраил Ибрагимов,
жазуучу, КР жазуучулар жана кинематографисттер союзунун мүчөсү



Юсуп Мусаев, футбол боюнча спорт чебериу, КР Эмгек сиңирген машыктыруучусу

Спорт чөйрөсүндө – өлкөбүздөгү XX кылымдагы мыкты футболчуларыбыздын бири Юсуп Иминович Мусаев (1936) 1960-жылдары фрунзенин «Алга» командасынын алтын курамынын лидери болгон, СССРдин спорт чебери, КРдын Эмгек сиңирген машыктыруучусу, КР дене тарбия жана спорттун Эмгек сиңирген ишмери. Ата мекендик футболдо өтөгөн кызматы үчүн «Даңк» медалы жана FIFA нын президенти Йозефа Блаттердин ардак грамотасы менен сыйланган.

**Жыйынтыктар**

XIX кылымдын аягы Кыргызстандын тарыхы үчүн көптөгөн элдердин көчүп келүүсүнүн мезгили болуп калды. Алардын арасында Цинь империясынан качып чыккан уйгурлар, дунгандар, калмактар болгон. Бул процесс коомдун жашоосуна көптөгөн өзгөртүүлөрдү алып келген. Жер которуп келгендердин жергиликтүү калк менен өз ара карым-катышы, баарлашуусу, коңшу мамиледе болушу Кыргызстандын руханий жана материалдык маданиятын байыткан.

1. Калмактардын, уйгурлардын жана дунгандардын бир бөлүгүнүн Жетисууга жана Кыргызстанга көчүп келүү себебин атагыла.
2. Уйгурлардын жана дунгандардын чарбасын мүнөздөп бергиле.
3. Кыргызстанга XIX кылымда көчүп келген калктардын маданиятында кандай өзгөрүүлөр болгон?

**Рефлексия**

- Сабакта мага … белгилүү болду.
- Мага … кызыктуу болду.
- Мага … түшүнүктүү болду.

**Үй тапшырма жөнүндө маалымат**

- Калмактардын, уйгурлардын жана дунгандардын маданий салт-санаалары, үрп-адаттары туралуу изилдөө жүргүзгүлө.

Суроолорго жооп бергиле:

- Кыргызстандын өнүгүүсүнө түрдүү этностордун өкүлдөрү кандай салым кошкон?
- Этностук иденттүүлүктү жана түрдүү этностордун маданиятын сактоо үчүн Кыргызстанда кандай шарттар түзүлгөн?
- Презентация даярдагыла.

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

1-тиркеме.

XIX кылымдын биринчи чейрегинде түштүк Кыргызстанды Кокон хандыгы каратып алган. 20 – 30-жылдары түндүк Кыргызстанды каратуу башталган. Жаңы аймактарда өз таасирин чыңдоо, чек араларын, кербен жолдорун кайтаруу жана туруктуу контроль орнотуу үчүн кокон хандары бекем чептерди сала баштаган.

Убакыттын өтүшү менен түндүк Кыргызтанга өзбек соодагерлери жана кол өнөрчүлөр көчүп келе баштаган. Алар бекем чептердин аймактарында жашаган, бирок кийин кыштактарды негиздешкен, анда дыйканчылык жана бакчачылык менен алектенишкен.

Кыргыздар Кокон хандыгында жашаган башка элдердей эле түрдүү салыктарды жана жыйымдарды төлөгөн. Салыктардын саны ар жылы көбөйө берген да, XIX кылымдын 50-60-жылдарында алар 20 түргө жетишкен. Эл ичинде «абага эле жалгыз салык салына элек» деген сөз жүргөн. Кокон хандыгынын аймагында түрдүү этностук топтордун өкүлдөрү жашаган. Бул элдердин ак сөөктөрү мамлекеттин саясий турмушуна активдүү катышкан, сарайда маанилүү кызмат ордун ээлөөгө умтулган.  Кыргыз эли кокон башчыларына карата бир нече жолу көтөрүлүшкө чыккан. XIX кылымдын биринчи чейрегинде түндү кыргыз урууларынын  айрым жол башчылары өз элчиликтерин Россия империясына жибере баштаган. Алар кокон агрессиясынан гана эмес, Цинь империясынан да коргонууну издешкен.

XIX кылымдын экинчи жарымында Түндүк Кыргызстанда кыргыз урууларынын саясий биригүүсүнүн тенденциясы байкалган. 1842-жылдын жайында Ысык-Көлдүн батыш жээгинде курултай болуп өткөн, анда Ормон Ниязбек уулу хан деп жарыяланган. Бирок уруулар орттосундагы токтобогон араздашуулар бугулуктарды 1855-жылы Россия империясынын жарандыгын алууга аргасыз кылган. XIX кылымдын 60-жылдарынын аягында Россия Империясы Түндүк Кыргызстанды кошуу процессин аяктаган.

1873 – 1876-жылдары Кококн хандыгында эң ири көтөрүлүштүн бири болгон, салыктардын жана жыйымдардын өлчөмүнүн жана санынын көбөйүшү, мыйзамсыздык, калкты ачыктан-ачык талап-тоноо, кыргыз дыйкандарынын жерлерин тартып алуу – бул көтөрүлүштүн себеби болгон. Көтөрүлүштү эки этапка бөлүүгө болот: антифеодалдык жана элдик-боштондук көтөрүлүшү. Аны басып коюнун жана Кокон хандыгын жок кылуунун натыйжасында Түштүк Кыргызстан Россия империясынын курамына кошулган.

2-тиркеме.

XIX кылымдын ортосунда Цинь империясынын түндүк-батыш провинциясына жайгашкан дунгандардын, уйгурлардын жана башка элдердин жашоосу өтө оор кырдаалга кабылган. Жердин жетишсиздиги элдин жакырлануусунун биринчи себеби болгон. Иштетүүгө ыңгайлуу жерлер цинь чаначылары тарабынан тартылып алынган. Айдоо жерлеринин көпчүлүк бөлүгү жергиликтүү феодалдарга тиешелүү болгон. Эмгекчи эл алардан кичине жерлерди өтө оор шарттар менен ижарага алууга аргасыз болушкан. Кургакчылык жана жаратылыштын дагы башка кырсыктары ачарчылыкка алып келген. Цинь бийлгинин шовинисттик улуттук саясаты, элди бири-бирине кагыштыруу, улуттук чыдагыс бөлүп-жаруулар, чакан этносторду мажбурлап ассимиляциялоо карапайым калктын абалын ого бетер начарлаткан. Салыктардын жана жыйымдардын өлчөмү менен саны жыл сайын өсө берген, бийлик болсо эзүүнүн жаңы түрлөрүң ойлоп таба беришкен, цинь бийликтегилеринин өзүм билемдиги калктын чыдамын кетирип, жинин кайната баштаган. XIX кылымдын биринчи жарымында дунгандар менен уйгурдар өкмөткө каршы бир нече жолу көтөрүлүш чыгарган, улуттук көз карандысыздыкка жетүү үчүн күрөшкөн.

1862-жылы Кытайдын түндүк-батыш аймагында Цинь империясына каршы эң кубаттуу бүткүл элдик кыймыл башталган. Ага дунгандар жигердүү катышып, аларга Кашгардан жана Борбордук Тянь-Шандын ага коңшу райондорунун уйгурлары, казактары, кыргыздары да кошулган.

1865 – 1867-жылдары Якуб-бек башында турган тарыхта «Жети-шаар» («Семиградье) катары белгилүү болгонмамлекет түзүлгөн. Ал өз курамына Россия империясына кошулууну каалабаган кыргыз манаптарын (Үмөталы, Осмон) тартууга умтулуп, аларга колдоо көрсөткөн. Якуб-бектин кыргыздарга мындай мамилеси орус бийлигине такыр эле жаккан эмес.

1868-жылы Якуб-бектин мамлекетин Улуу Британия тааныган, анан Түркия таанып, Россия менен дипломатиялык байланыштар да орногон.

Бирок Якуб-бек каза болгондон кийин 1877-жылы анын уулдарынын ортосунда так үчүн чыр чыгып, мамлекеттин ыдырашына алып келген. 1877-жылы декабрда кытай баскынчылары Кашгарды ээлеп алып, өз бийлигин орноткон.

15 жылга созулган жалпы элдик кыймыл жеңилип калган. Көтөрүлгөн эл жазалоочулардан качууга жана кыргыздар менен казактардын жеринде баш калкалоо издөөгө аргасыз болгон.

*З. А. Дубанаев*

# 10 Байыркы кыргыздар

*11 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Кыргыздар жашаган байыркы жерлер жөнүндө айтып беришет.
2. «Кыргыз» termininin маанисин түшүндүрүшөт.
3. Фактыларды салыштырышат, маалыматты талдоого алышат жана сынчыл баалашат.

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү.

**Сабактын формасы:** чакан топтордо иштөө (2/2), талкуулоо, талдоо, презентация.

**Сабактын жабдылышы:** карта, бор, китеп, таркатма материал, флипчарттар, скотч, маркерлер.

**План**

1. Теманы актуалдаштыруу.
2. Кыргыздардын байыркы мекени.
3. «Кыргыз» этноними
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

**Мугалимге сунуштама**

- Байыркы кыргыздардын кыйынчылыктардан чыгып жашап кетүү шарттарына жана башка этностук топтордун байыркы кыргыздарга кошулууга түрткү кылган себептерге көңүл буруу.
- Байыркы кыргыздар туш келген ар түрдүү кыйынчылыктарга карабай, алар эрдик менен бардыгына туруштук беришип, «кыргыз» этнонимин сактап калышканына жыйынтык чыгаруу.
- «Кыргыз жараны» идеясы менен Кыргызстандагы жарандык биримдиктин азыркы учурдагы зарылдыгын байланыштырып, сабактын жыйынтыгын чыгаруу.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу

- «Кыргыз» этнониминин мааниси тууралуу силерге эмне белгилүү?
- Кыргыздар жашаган байыркы жерлер жөнүндө эмне айта аласынар?

### Жаңы теманы окуп үйрөнүү

*Мугалимдин презентациясы*

Орус окумуштуусу Бартольд: «Кыргыздар – Орто Азияда жашаган байыркы элдердин бири» деп жазган. Кыргыздар тууралуу эң алгачкы маалымат байыркы кытай тарыхчылары Сыма Цянь менен Бан Гунун маалыматтарында б.д.ч. 201-жыл менен белгиленген.

*1-ИШ. Чакан топтордо иштөө. Үч топ түзгүлө.*

Окуучуларга тапшырманы түшүндүргүлө: текстке талдоо жүргүзүү, «кыргыз» этноniминин манисин интерпретациялоо, жана кыргыздардын байыркы мекени.

### 1-топ. Кыргыздардын байыркы мекени

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыккыла, талдоо жүргүзгүлө, өз пикириңерди баяндагыла.

*Кыргыздар жашаган байыркы жерлер*

Тарыхый жазма эстеликтерде б.д.ч. III кылымдан баштап эскертилген кыргыздардын байыркы мекени жөнүндө карама-каршылыктуу пикирлер бар. Айрым авторлор кыргыздардын байыркы мекени катары Эне-Сай өрөөнүн эсептешсе (орус адабиятында Енисей, байрыкы доордо «Кем»), башкалары кыргыздардын жашаган байркы жерлери Монголиянын түндүк-чыгышындагы азыркы Хыргыс-Нур («Кыргыз көлү) көлүнүн аймагы деп санашат.

Кытай тарыхчысы Бань Гу (б.д.ч. I к.) өзүнүн «Хань шу» – «Хань династиясынын тарыхы» деген эмгегинде: «Кыргыздардан ары 7 ли чыгыш тарапта тенир-куттун (т.а. хунндардын башчысы) ордосу жайгашкан» деп жазат.

Новосибирдик археолог, профессор Ю. С. Худяков, синолог Л. А. Боровкова жана азыокы кыргыз тарыхчылары ушул маалыматтарга таянып, кыргыздардын б.д.ч. I кылымда жайгашкан орду Чыгыш Теңир-Тоо (т.а., азыркы Чыгыш Тянь-Шанга кирген тоо этектери) деген далилдерин улантып келе жатышат. Бул байыркы калк Чыгыш Түркстандын аймагында, негизинен, Боро-Хоронун (Теңир-Тоо кыркасы) түндүк этегинде, т.а., азыркы КЭР СУАРдын Манас, Кара-Шаар шаарларынын тегерегинде жашаган. Бул аймакта Манас (Манасыхэ) дарыясы жайгашкан, ал Манас (Ихэ-Хак) көлүнө куят.

**2-тапшрыма**

- Кыргыздардын байыркы мекени жөнүндө негизги үч пикирди бөлүп алгыла;
- кыргыздардын байыркы доордо жашаган жерлерин картадан көрсөткүлө;
- өз пикирлеринерди баяндагыла;
- презентация даярдагыла жана класска өз оюнарды айткыла

### 2-топ. «Кыргыз» этноними: элдик этимология

**Тапшырма.** Текстти окуп чыккыла, талдоо жүргүзгүлө, өз пикиринери баяндагыла.

*Элдик этимологиянын варианттары*

1) «Кыргыз» «жеңилбес» же саякаттоочу калк» дегенди туюндурат.

2) «Кыргыз» деген түрктөрдүн атасы менен уулу кыргыз болгон дегенди туюндурат.

3) «Кыргыз» кырк жана Жүз уруунун биримдигин туюнтат.

4) «Кыргыз» аталышы «кырк» жана «кыз» деген сөздөрдүн биригишинен чыккан деп түшүндүрүшөт. Тактап айтканда, кыргыздар – 40 кыздан келип чыккан калк.

Кыргыздар[21] академик В.В. Бартольд жазгандай, байыркы түрк элдеринин бири болуп саналат. Бацыркы убактан бери карай кыргыздардын бөлүгү «кыргыз» этнонимин алып жүрүшөт. Ошондой эле Евразиянын түрдүү элдеринин курамына кирген кыргыздардын көптөгөн топтору болгон, алар акырындап жүрүп ал элдерге аралашып, синип кетишкен.

Бул этнонимдин интерпретациясы бири-биринен өтө айырмаланат – элдик вариант (элдик этимология) жана илимий варианты бар.

«Кыргыз» этноними элдик интерпретацияда сөздөгү муундарга көңүл бурулат: «кырк» санына, жана «кыз» сөзүнө көңүл бурат, андыктан бул кырк уруудан турган калк деп айтылат. Көптөгөн варианттарда кыргыздардын генеологиялык түп тамырын кырк кызга байланыштырышат.

«Кырк» саны жана «огуз» (40 огуз уруусунун биригиши) этноними жөнүндө айтылган варианттар да бар. Айрым варианттарда «кыр» («тоонун кыры») сөзүнө жана «огуз» этнонимине байланыштырышат, бул кыргыздар – тоо эли, т.а., тоолордо жашаган огуздар дегенди туюндурган деп болжолдошот. Көптөгөн легендаларда «кыргыз» сөзү Огуз-хандын небересинин (түрк элдеринин мифологиялык ата-бабаларынын бири) аты катары интерпретацияланат.

- Бул туюнтмалар жөнүндө эмне ойлойсунар?
- өз пикриңерди айткыла.

Презентация даярдагыла да, класска көрсөткүлө.

### 3-топ. «Кыргыз этноними»: илимий этимология

**Тапшырма.** Текстти окуп чыккыла, талдоого алгыла, пикирлеринерди баяндагыла.

Кыргыздар байыркы түрк элдеринин бири – деп жазат академик В.В. Бартольд. Байыркы доордон тартып, кыргыздардын бөлүгү «кыргыз» деген этнонимди алып жүрүшөт. Ошондой эле Евразиянын түрдүү элдеринин курамына кирген жана алардын арасына кийин сиңип кеткен кыргыздардын бир нече тобу болгон.

Бул этнонимдин интерпретациясында элдик вариант (элдик этимология) менен илимий вариант бири-биринен кескин айырмаланат.

21 Чоротегин Т. Кыргызы в древности (часть 1). Жеткиликтүү: https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:1655

*«Кыргыз» этониминин келип чыгышынын илимий интерпретациясынын варианттары:*[22]

1. «Кырк» жана «йус», т.а. «кырк жүздүк» (В.В. Радлов 1837-ж.-1918-ж., сыгыш таануучу - түркolog);

2. «Кырк» жана «эр», т.а. «кырк эркек» (Ахмед Зеки Велиди Тоган, башкыр жана түрк окумуштуусу, профессор);

3. «Кыра» жана «гыз», т.а. «Кара чачтуу калк» (Д. Айтмуратов, каракалпак түркологу);

4. «Кыргу» – «кырыг» жана аларга «ыз» мүчөсүнүн уланышы көптүк санды билдирет («Кызылдар» – «красные». К. Петров);

5. «Кырыг» жана «огуз» («кызыл огуз», башкача айтканда, түштүк огуздар жана батыш огуздар, Н.Баскаков);

6. «Кыргын» – кыргыт» – «кыргыз» «албырган бет», т.а. генотиби боюнча ачык түстөгү чачтуу, көгүш көздүү, албырган беттүү көрүнүшү менен айырмаланган өкүлдөрдөн турган калк (Андрей Кононов);

7. «Кыркыз» - «кырк» («сорок») сөзүнөн жана аны бириктирип турган, кырк урууну биримдигин туюндурган «ыз» мүчөсүнөн турат  (Гулзура Жумакунова, Анкара Университетинин упрофессо) ж.б.

- Бул чечмелөөлөр жөнүндө эмне ойлойсунар? Өз пикирлеринерди баяндагыла.
- Презентация даярдагыла жана класска көрсөткүлө.

*Класста жалпы талкуулоо*

- Кыргыздардын жанында жашаган айрым этностук топтордун этноними эмне себептен жоголуп кеткен?
- Кыргыздар өз этнонимин эмне себептен сактап калган? Ар бир суроо боюнча негизги үч көрсөткүчтү аныктагыла.
- Элдик этимологиянын илимий этимологиядан окшоштугу жана айырмачылыгы эмнеде?

## Жыйынтыктар

*Окуучуларга жыйынтык чыгарууну сунуштагыла:*

1. Кыргыздардын тарыхый эс тутуму «Манас» эпосу аркылуу муундан муунга өтүп турган.

2.  Кыргыз эли Борбордук Азияда жашаган көпчүлүк этносторду өзүнө сиңирип келген.

Кулалы таптап куш кылган
Курама жыйып журт кылган
Тели куш таптап куш кылган
Тентиген жыйып журт кылган

---

[22] Чоротегин Т. Кыргыздар байыркы доордо (1-бөлүк 1). Жеткиликтүү: https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:1655

Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өткүр Манас тукуму
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Тектүү Манас тукуму

*Улут эмненин эсебинен өөрчүп жана түптөлүп турган? Албетте, жаңы кошулган уруулардын эсебинен.*

3) «Манас» эпосу кыргыздардын тарыхый эс-тутумун сактап келген, ал эми санжырасы жана жети атаны билүү салты ар бир уруу менен уруктун тарыхый эс-тутуму болуп калган. Кыргыздарга кошулган ар бир уруу же үй-бүлө аталган тутумдун шарапаты менен өз жүзүн (бөтөнчөлүгүн) жоготкон эмес.

4) Кайсы бир тарыхый учурда өз алдынча мамлекет курган элдердин аталыштары бүгүн да кыргыз санжыраларында сакталган. Мисалы, кыпчак, калмак, найман, ж.б.у.с. Бул көз караштан алганда «кыргыз» аталышы көптөгөн этникалык тайпаларды бириктирген саясий мааниге ээ болгон. Кыргыздардын жашоо мүнөзү, ошондой эле аман калуу зарылдыгы ар түрдүү уруулар менен элдерди кыргыздарга биригүүгө аргасыз кылган.

5) Бүгүн биз дагы «Кыргыз жараны» түшүнүгүн Кыргызстандын элинин ынтымагы, улутуна, динине жана башка айырмачылыктарына карабай өлкөбүздүн баардык жарандарынын биригип, жаратман коомду куруунун зарыл шарты катары кабыл алууга тийишпиз.

### Рефлексия

- Сабактан силер кызыктуу жана жаңы эмнени ала алдынар?
- Байыркы кыргыздардын тарыхы калктын калыптануусунун коп кырдуу процессин кандай көрсөтөт? Кайсы топтор кыргыздарга этап-этабы менен бириккен?
- Калктын калыптануу тарыхында биримдик менен ынтымак кандай роль ойногон?
- Азыркы Кыргызстанда жарандык биримдик менен ынтымак кандай мааниге ээ?

### Үй тапшырма

Венн диаграммасын түзгүлө: «кыргыз» этнониминин элдик жана илимий этимологиясы: окшоштуктары жана айырмачылыктары.

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАР

https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:1655

(1-бөлүк)

Автор: **Тынчтыкбек Чоротегин**

Академик В.В. Бартольд кыргыздар эң байыркы түрк элдеринен экендигин белгилеген. Байыркы замандардан тартып кыргыздардын бир бөлүгү «кыргыз» этноними менен аталган. Кыргыздардын Евразиянын башка элдеринин курамына кирип, бара-бара аларга сиңип кеткен көптөгөн бөлөк тайпалары да болгон. Казактардын, өзбектердин, тувалыктар менен башкырлардын көптөгөн өкүлдөрү алиге чейин өздөрүнүн ата-теги кыргыздар болгон деп айтып келишет. (Башкыр кыргыздары тууралуу даректүү тасманы кар.)

Чыгыш тайпалардын ичинен алиге чейин өздөрүн кыргыздарга окшоштургандар – булар Маньчжуриядагы (Кытайдын түндүгүндөгү Хэйлунцзянь провинциясы) фүйү кыргыздары.

### Кыргыз этноними

Бул термин түрк тилдеринин негизинде гана чечмеленет. Анын чечмеленишинде элдик вариант (элдик этимология) жана илимий вариант бири-биринен кескин айырмаланат.

### Элдик чечмелөө

Кыргыз этнонимин элдик чечмелөөдө адатта үндөш «кырк» деген санга жана «кыз» деген сөзгө (кырк кыздан таралган урпактар) назар бурушат. Көпчүлүк варианттарда кыргыздардын түпкү тегин кырк кыз менен байланыштырышат; «кырк» саны жана «огуз» этнонимине (кырк огуз бирикмеси), айрым учурда «кыр» сөзү жана огуз этнонимине (кырдагы, б.а. тоолуу аймактардагы огуздар) басым жасап, түшүндүргөндөр да бар.

Көптөгөн санжыраларда (Абу-л-Гази Бахадур хан, XVIIкылым; Осмоналы Сыдык уулу, 1875-1942 ж.б.) «кыргыз» сөзү түрк элдеринин мифтик ата-бабалардын бири Огуз хандын небересинин аты катары чечмеленет.

Элдик чечмелөө үлгүлөрү кытайлык «Юань ши» («Юань сулалеси тарыхы» эмгегинде; 14-к.) булагында да байкалат. Анда кыргыздар кытайлык кырк кыз менен Түштүк Сибирдеги Ус өрөөнүнүн калкынын (ус – угус – огуз?) урпагы деп жазылган. Ал эми ферганалык Сайф ад-Дин Ахсыкендинин (16-к.) эмгегинде болсо 12-кылымда Султан Санжар Чыгыш Ферганага кол салганда өзгөндүк кырк огуз Кожентке (Түндүк Тажикстанга) качып барып баш калкалап, алардан кыргыздар келип чыккан деген маалымат бар.

### Илимий чечмелениши

«Кыргыз» этнонимин чечмелөөнүн илимий ыкмасы элдик ыкмадан кайсы бир максаттагы (бийликти ыйык тутуу, кандайдыр бир башкаруучу же этни-

калык топту көтөрмөлөө ж.б.) белгилүү бир чөйрөдө пайда болгон оозеки уламыштарга муктаж эместиги менен айырмаланат. Анын өзгөчөлүгү кыргыз этнонимин ар кыл бөлүктөргө (компоненттерге) лингвистикалык жана ономастикалык усулдарга таянуу менен ажыратып түшүндүрүүдө болуп саналат.

*«Кыргыз» этнонимин илимий чечмелөөнүн айрым варианттарын эске түшүрөлү:*

1. «Кырк» жана «йүс» («кырк жүз», В.В. Радловдун пикири боюнча);
2. «Кырк» жана «эр» («кырк киши», башкыр жана түрк окумуштуусу, профессор Ахмед Зеки Велиди Тогандын пикири боюнча);
3. «Кыра» жана «гыз» («кара чачтуу эл» каракалпак түркологу Давлен Айтмуратовдун пикири боюнча);
4. «Кыргу» – «кырыг» жана ага көпчүлүк санды туюнтуучу – «ыз» мүчөсүнүн жалгаштырылышы («кызылдар», Константин Петровдун пикири боюнча);
5. «Кырыг» жана «огуз» («кызыл огуз», б.а., түштүк огуздар же батыш огуздар, Николай Баскаковдун пикири боюнча);
6. «Кыргын» – «кыргыт» – «кыргыз» («албырган жүздүүлөр», б.а. теги боюнча сары чач, албырган жүз, көк көздүү эл, Андрей Кононовдун пикири боюнча);
7. «Кыркыз» «кырк» деген сөздөн жана сөз жасоочу «-ыз» мүчөсүнөн турат. Кырк уруунун биримдигин билдирет (Анкара университетинин профессору Гулзура Жумакунованын пикири боюнча).

Кыргыз этнонимин чечмелөөдө боордош түрк элдеринин башка ысымдары да «гыз», «гуз», «гун», «гур», «-ык», «-ак», «гар», «газ», «ар», «аш», «ас» и др. (огуз, гагогуз/гагауз, кун, уйгур, оногур, булгар, сувар, хазар, татар, башкыр/башкорт, карлук, кынык, кумык, черик, казак, хоорай, чуваш, алаш, алач, калач, төөлөс, дөөлөс) ж.б. сыяктуу бири-бирине үндөш компоненттерден куралганын эске алуу керек.

Демек, кыргыз этноними нукура түркчө сөздөрдөн пайда болгон энчилүү аталыш болуп саналат. Кыргыздар өз этноними боюнча гана эмес, теги боюнча да байыркы жана андан кийинки бөлөк этностордун түрктөшкөн компоненттерин өзүнө сиңирген түрк дүйнөсүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Б.з.ч. II миң жылдыктан тартып прототүрк дүйнөсү расалык белгиси боюнча европа сымак жана монгол сымак калктардан куралган.

Байыркы доордо кыргыздар түрк калктарынын ичинен европа сымак расалык белгилери көбүрөөк байкалган уруулардын биринен болгон.

Байыркы кыргыздар Борбордук Азиядагы байыркы түрк элдеринин бири болгон, аларда европа сымак расалык белгилер жана европа сымак жана монгол сымак айкашкан расанын белгилери басымдуулук кылган. Буга бири-биринен көз каранды болбогон эрте орто кылымдардагы кытай жана фарсы жазма булактары күбө.

**Кыргыздардын байыркы ата журту**

Б.з.ч. 3-кылымдын соңунан тартып жазма тарыхый булакта эске алынган кыргыздардын байыркы Ата журту тууралуу ар кыл пикирлер айтылып келген. Айрымдары алгачкы кыргыз журту Эне-Сайда (орус адабиятында «Енисей», көөнө булактарда «Кем» деп жазылган) болгон дешсе, башкалары азыркы түндүк-чыгыш Монголиядагы Хыргыс-Нур («Кыргыз көл») аттуу көлдүн аймагында болгон деп жоромолдошкон.

Кытайлык байыркы тарыхчы Бань Гу (б.з. ч. I к.) өзүнүн «Хань шу» – «Хань сулалесинин тарыхы» эмгегинде: «Кыргыздардан чыгышта 7 миң ли узактыкта теңир куттун (хунндардын өкүмдарынын) ордосу жайгашкан», – деп жазат.

Новосибирдик археолог, профессор Ю.С.Худяков, синолог Л.А. Боровкова жана учурдагы айрым кыргыз тарыхчылары бул маалыматка таянып, кыргыздардын б.з.ч. I кылымындагы журту Чыгыш Теңир-Тоо аймагында (б.а. Тянь-Шанга караштуу азыркы чыгыш тоо этектериндеги аймак) болгондугун далилдешүүдө.

Аталган журт азыркы Чыгыш Түркстандагы КЭРдин СУАРына караштуу Манас, Кара-Шаар сыяктуу шаарлардын түндүк тарабында, Боро-Хоро (Болохолошань) тоо кыркасынын түндүгүндө жашаган. Бул аймакта Манас (Ихэ-Хак) көлүнө куйчу Манас (Манасыхэ) дарыясы жайгашкан.

**Адабияттар:**


1. Бартольд В.В. Избр.труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Бишкек, 1996 г.
2. Бартольд В.В. Тюрки. Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии. Алматы. ТОО «Жалын». 1998.
3. Бартольд В.В. Очерки истории Семиречья. А., 2005.
4. Бартольд В.В. Киргизы: Исторический очерк. Соч. Т. II. Ч. 2. М., 1963.
5. Бутанаев В.Я., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. Абакан, 2000.
6. Караев О. История караханидского каганата. Фрунзе, 1983.
7. Караев О. Формирование кыргызского народа//Кыргызстан – наше Отечество: История взаимосвязей и упрочения единства народа Кыргызстана в условиях становления независимого Кыргызстана. Бишкек, «Мурас», 1997.
8. Киселев С.В. Краткий очерк древней истории хакасов. Абакан, 1951.
9. Киселев С.В. Древняя история Южной Сибири. М., 1951.
10. Кызласов Л.Р. История Тувы в средние века. М., 1969.
11. Козодой В.И. Сибирь кыргыздарынын беги Эренек. Бишкек, 2023.
12. Плоских В.М., Джунушалиев Д.Д., Абдырахманов Т.А. История кыргызов и Кыргызстана. Учебник для вузов. Б., 2015.
13. Плоских В.М. «Биздин Кыргызстан». Популярдуу тарыхый энциклопедия (байыркы мезгилден XIX кылымдын аягына чейин). Бишкек, Илим, 2004.
14. Савинов Д.Г. Этническое окружение страны енисейских кыргызов. Историческая этнография. Вып. 3: Малые этнические и этнографические группы. СПб., 2008.
15. Супруненко Г.П. Документы об отношениях Китая с енисейскими кыргызами в источнике IX века «Ли Вэй-гун хойчан ипинь цзи»(«Собрание сочинений Ли Вэй-гуна периода правления Хойчан, 841-846 гг.»). Известия Академии наук Киргизской ССР, серия Общественных наук. Т. V. Вып. 1. (История). Ф., Изд-во АН Кирг. ССР, 1963.
16. Табышалиев С.Т. Происхождение кыргызского народа. Бишкек. «Кыргызстан», 1993 г.
17. Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах Азии. Бишкек. 1995.
18. Чоротегин Т. «Кыргызы в древности» (часть 1): https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:1655
19. Чоротегин Т. «Великий шелковый путь» через государство хуннов: https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:1514/?from=mnenie&place=authors

# КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ



*Д. А. Акматов*

# 1 Эч ким, эч нерсе унутулбайт!

*5-класс. III чейрек. 2 саат.*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Ата-бабаларыбыздын элибиз жана жерибиз үчүн эриктерин, көп элдердин достугу жөнүндө айтып беришет;
2. берилген маалыматтарды талдоо, сынчыл ой жүгүртүү жана өз ой-пикирлерин эркин туюнтуу жөндөмүн көрсөтүшөт;
3. улуттар аралык макулдашуунун жана биримдиктин маанилүүлүгүн түшүндүрөт, улуу муундарга сый-урматын көрсөтүшөт, окуучулар мекенчил чезимдерин өстүрүшөт;
4. Ата Мекен, эрдик, достук, толеранттуулук,көп түрдүүлүк жана жарандык биримдик түшүнүгүнүн маанилерин чечмелеп беришет;
5. түс гаммасынын жардамы менен түрдүү маанайларды чагылдырып, маанилерин чечмелешет;
6. маалымат алмашышат, аларды талкуулап, кагазга түшүрүшөт;
7. мекенчил сезимдерин туюндурушат.

**Сабактын тиби:** билимди системалаштыруу жана жалпылаштыруу.

**Сабак өтүү методу:** интерактивдүү, көрсөтмө, маектешүү.

**Сабакта пайдалануу ыкмалары жана методдору:** суроо-жооп, көрсөтмө мисалдар, практикалык иш.

**Сабактын жабдылышы**

**Мугалим үчүн:** Улуу Жеңиш майрамына карата көп улуттуу Кыргызстандын ардактуу, баатырларынын сүрөттөрү. А. Дейнектин «Севастополду коргоо» сүрөтү; Түгөлбай Казаков «Эстелик» («Памятник»). Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө китептер, альбомдор, ачык каттар, слайддар, чыгармачыл предметтер.

**Окуучулар үчүн:** (кагаз, ар түстүү акварель боёктору, гуашь).

**Негизги түшүнүктөр:** баталдык жанр, баталист.

**Сабактын планы**

1. Сабактын темасын актуалдаштыруу (2 мүн.);

2. Сабактын максатын талкуулоо жана окутуунун күтүлүүчү натыйжалары (3 мүн.);

3. сабактын темасы боюнча маалымат (5 мүн.);

4. көнүгүү оюн (3 мүн.);

5. интерактивдик көнүгүүлөр – сабактын негизги бөлүгү (25 мүн);

6. сабактын жыйынтыгын чыгаруу; жыйынтыктарды баалоо (5 мүн.);

7. жумушчу орунду тазалоо (2 мүн.).

Предметтер аралык байланыштар: тарых, адабият, музыка.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:

### 1-сабак: Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө материалдарды окуп үйрөнүү

### Сабактын темасын актуалдаштыруу

*1-ИШ. Мээге чабуул:*

- Класстын бүгүнкү жасалгаласы эмне тууралуу айтып турат?
- Бүгүн эмне жөнүндө сүйлөшөрүбүздү билесиңерби?

Биз биздин тынч жашообуз үүчн жандарын кыйган Улуу Ата Мекендик согуштун ветерандарына жана баатырларына чексиз ыраазыбыз. 9-май – фашисттик баскынчыларды Жеңген күн! Бул кубанычтуу майрам! Биз элибиздеги тылдагы эмгек баатырларын да унутууга акыбыз жок. Эч качан согуш болбосун!

*2-ИШ. Жаңы теманы жана сабактын максаттарын талкууло*

*Окуучуларга суроолор:*

- Кандай ойлойсуңар, бүгүнкү сабактын темасы кандай болот?
- сабак эмнеге арналат? Эмне себептен бул сабак маанилүү?
- Сабактын жыйынтыгы боюнча биз кандай натыйжа алабыз?

Мугалим баарлашуунун жыйынтыгын чыгарат жана сабактын максатын тактайт.

*3-ИШ. Улуу Ата Мекендик согуш жана Жеңиш жөнүндө материалдарды окуу.*

Мугалим окуучуларды акындардын, сүрөтчүлөрдүн, музыкантардын согуш темасына арналган айрым чыгармалары менен тааныштырат. Чыгармачыл адамдардын согуш жөнүндөгү чыгармаларын талдоо менен окуучуларда мекенчилдик сезим жана жарандык милдет калыптанат

9-май – Улуу Жеңиш күнү! Бул күнү биз согуштун ардагерлерине сый-урматыбызды көрсөтүп, алардын эрликтери тууралуу эскеребиз. Кыргызстандын көптөгөн жарандары – эркектер менен аялдар фашисттер менен баатырларча күрөшкөн. Курман болгон жоокерлерге эстеликтер өлкөбүздүн шаарларында жана айылдарында тургузулган.

Ар жылы 9-майда Кыргызстанда, Казакстанда, Россияда, Өзбекстанда, Тажикстанда жана башка көптөгөн өлкөлөрдө Жеңиш күнү белгиленет.

Дайыма тынчык болсун!

*4-ИШ. Жеңиш күнүнө аналган кандай ырларды, аңгемелерди билесиңер?*

Согушка арналган чыгармалар абдан көп. Келгиле, Түгөлбай Казаковдун “Эстелик” деген ырын окуп чыгып, талдап көрөлү. Ырды музакынан коштоосунда угалы.

«Эстелик»
Биз турмушта аталардан кеч келип,
Тээ батыштан согуш отун кечпедик.
А аталар төрөлө элек биз үчүн,
Кала берди танк алдында тепселип.
Биз турмушта агалардан кеч келип,
Тээ алыстан адам канын кечпедик.
А агалар жаңы баскан биз үчүн,
Кала берди танк алдында тепселип.
Өткөн согуш кан майдандан сес берип,
Турат бүгүн бардык жерде эстелик.
Гүл ордуна койдум ушул ырымды,
Аталарды, агаларды эскерип.

*Ырдын текстин талкуулоо:*

- Ырда автор эмне жөнүндө айткан?
- Эмне себептен ыр «Эстелик» деп аталат?

5-ИШ. *А. Дейнеканын «Севастополду коргоо» сүрөтүн карайлы.*

*Сүрөттү талкуулоо:*

- Сүрөттөн душманды аныктагыла. (Сол тарапта коргоочулар, оңдо - душмандар).
- Биринчи планда турган жоокердин жүзүнөн эмнени байкоого болот?

*(Коргоочулардын жүзүнөн коркууну көрбөйбүз, алардын душман алдындагы эрдигин гана байкоого болот).*

- Жоокерлердин кийими кандай? Эмнелер менен куралданган?

*(Алар ар түрдүүчө кийинген – моряктар көк жакалуу ак формачан, фашисттер жашыл формачан, баштарында каска, мылтыктары учтуу сайгычтары менен, гранаталар, танкалар, кол пулеметтору ж.б.).*

- Арткы пландан эмнени көрүүгө болот?

*(талкаланган шаар, шаарды аткылап жаткан учак).*

- Эми терезеден асманга карагыла да, сүрөттөгү асманга карагыла. Терезеден көргөн асман менен сүрөттөгү асман бири-биринен өтө айырмаланып турат.

*(Сүрөттө түтүн каптаган, өрттөнүп жаткан үйлөрдөн кызара чагылган асман).*

- Сүрөттүн сюжетин ачып берүүдө сүрөтчү кайсы түстөрдү пайдаланган?

*(Бул сүрөттө күңүрт түстөр, кара, күрөң, көгүш кызыл, күңүрт-жашыл, боз түстөр басымдуулук кылат. Сүрөт жеңиш күнүнө чейин үч жыл мурун, 1942-*

*жылы тартылган. Совет жоокерлери фашисттерди сөзсүз жеңерине сүрөтчү ишенген.*

Негизги түшүнүктөр: баталдык жанр, баталист. Согуш темасын чагылдыруу, жана согуш турмушун чагылдыруу баталдык жанрдагы чыгарма деп аталат. Бул темага сүрөт тарткан адамды баталист-сүрөтчү деп аташат.

*6-ИШ. Сабактын практикалык бөлүгү*

**Тапшырма:**

- Жеңиш күнүнө арналган композиция түзгүлө.
- Идеяларыбызды чагылдырган эскиздерди түзөбүз.

**2-сабак: Композиция: майрамдык маанай**

Баштап койгон графикалык иштерди бүтүрөбүз, түстүү боёкор менен боёйбуз да, өз чыгармабызды бүтүрөбүз.

*Мугалимге эскертме:* Окуучулардын эскиздеринин көрсөтмөсүн жана пикир алмашууну уюштургула. Аткарылган ар бир эскиз боюнча талкуу жүргүзгүлө, эскертүүлө эске алынат, оңдоо жана толуктоо боюнча иштер жүргүзүлөт.

**Сабакты бышыктоо.** *Суроо-жооп:*

*1. Гапар Айтиев кайсы жанр менен белгилүү болгон?*

а) Пейзаж;

б) анималистик жанр;

в) тарыхый жанр;

г) натюрморт.

*2. Силуэт деген эмне?*

а) Күзгүдөн чагылуу;

б) шилтеп тартуу (бүтө элек);

в) көлөкө;

г) түс.

*3. Көркөм чыгармачылыктын кайсы жанрында солдат башкы каарман болуп саналат?*

а) Баталдык;

б) пейзаж;

в) натюрморттук;

г) анималистик.

*Жыйынтыктарды чыгаруу*

**Композиция түзүүдө кайсы билимди пайдаландыңар?**

- Окуучулар өздөрүнүн жана классташтарынын сүрөттөрүн карашат, комментарий беришет, эмне жөнүндө ойлошкондорун жана эмнени тартышкандарын айтып беришет.
- Берилген темага сүрөттүн шайкештик деңгээлин өз алдынча баалашат.

**Улуу Жеңишке эмне себеп болду?**

- адилеттүүлүк;
- эрдик;
- ишеним;
- достук (бардык жоптор туура).

**Үй тапшырмасы:** мындай жанрларга эскиз түзгүлө. Темага ылайык түстөрдү тандагыла, чыгармачыл ишти бүтүргүлө.

**Баалоо:** формативдик, сумативдик.

**Сабактын жыйынтыгын чыгаруу:** сабакка бардыгыңар жигердүү катыштыңар, азаматсыңар! Кийинки сабактан көрүшкөнчө аман болгула!

*Д. А. Акматов*

## 2 Нооруз – жазгы майрам

*6-класс. III чейрек. 9 –10-урок.*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1. Майрамдык маанайды чагылдыруучу композицияны түзүшөт;
2. Көркөм сүрөт исскусствосунун мыйзамдарын жана эрежелерин; искусствонун эрежелерин жана чыгармачыл көндүмдөрдү сактоо; майрамдык маанайды чагылдыруу; достук жана биримдик жөнүндө өз ойлорун чыгармачыл чагылдыруу менен, иштөө жөндөмүн көрсөтүшөт;
3. композицияны туура аткарышат;
4. майрамдык түстөр аркылу өз ойлорун чагылдырышат;
5. достук дана тилектештик мамилелерин көрсөтүшөт;
6. салттардын көп түрдүүлүгүнө, түрдүү этностордун маданиятына сый-урматын көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** комбинирленген.

**сабакты өтүү методу:** интерактивдүү, көрсөтмөлүү.

**Сабакта колдонулуучу ыкмалар жана методдор:** аңгемелер, көрсөтмөлүүлүк, суроо-жооп, практикалык иш.

**Сабактын жабдылышы. мугалим үчүн:** интернет булактарынан алынган маалымат, майрамдык маанайды чагылдырган сүрөттөр, окуучулардын мурдагы иштери; окуучулар үчүн: альбом, түстүү кагаз, акварель, гуашь, кисточкалар, клей, кайчы.

**Негизги түшүнүктөр:** нооруз, майрамдык маанай, композиция, живопись.

**Сабактын планы**

1. Сабактын максаттары жөнүндө жана сабактын күтүлүүчү натыйжалары тууралуу маалымат берүү (4 мүн.);
2. сабактын темасы боюнча маалымат (4 мүн.);
3. көнүгүү оюн (2 мүн.);
4. сабактын борбордук бөлүгү (28 мүн.);
5. сабактын жыйынтыгын чыгаруу; жыйынтыктарды баалоо (3 мүн.);
6. жумушчу орунду тазалоо (2 мүн.).

Предметтик өз ара байланыш: адабият, музыка, технология.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:

| Сабактын этаптары | Мугалимдин иш-аракеттери | Окуучулардын иш-аракеттери |
|---|---|---|
| Мотивация Уюштуруу Сыйлоо | Сабакты уюштуруу жана мыкты маанай Сыйлоо | Жакшы маанай түзүүгө мугалим менен бирге катышат |
| Темага жана күтүлүүчү наыйжаларга түшүнүк берүү | Сабактын темасы жана максаты менен таанышуу. Тактага илинген сүрөттөр жөнүндө түшүнүк берилет | Искусство чыгармалары менен таанышуу. Суроолорго жооп берет |
| Сабактын темасы боюнча маалымат | Жаңы тема боюнча аргументтелген фактыларды берет. Бүгүнкү сабакта бизге кагаз, түстүү карандаштар, боёктор керектелет | Окуучулар жаңы маалыматты кабыл алышат. Окуучулар идеяларын чогуу талкуулашат. |
| Оюн-көнүгүү | Окуучулар тандап алган оюнда мугалим дагы катышышы керек | Окуучулардын тандоосу боюнча оюн тандалат |
| сабактын негизги бөлүгү – интерактивдүү көнүгүүлөр | Мугалим топтолгон материалдарды окуучулар менен биргеликте талдоого алышат, кайсы композиция натыйжалуу болорун көрсөтүшөт. чыгармачыл иштин жүрүшүн контролдойт, зарылдыкта жардам берет | Майрамдык маанай түзүүдө эскиздерди аткаруу этабында талдоо жүргүзүү. Тандалган эскиз боюнча композиция түзүү. Чыгармачыл ишти шайкеш келген түрдүү түстөр менен аткарышат. |

| | | |
|---|---|---|
| Сабактын жыйынтыгын чыгаруу, натыйжаларды баалоо | Сүрттөтөрдүн көрсөтмөсүн уюштурат.<br>Теманы бышыктоо үчүн суроолорду берет.<br>Талкуулоо<br>Баалоо<br>Үй тапшырма | Тактага чыккан окуучулар сүрөттөрү жөнүндө айтып беришет. |

## 1-сабак. НООРУЗ – ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨГҮ АР КАНДАЙ ЭЛДЕРДИН САЛТ-САНААСЫ

Сабак дүйнө жүзүндөгү түрдүү элдердин Ноорузду салттуу майрамдоону окуп үйрөнүүгө арналган.

*Мугалимдин маалыматы*

**«Нооруз»** – Навруз» фарс тилинен кыргыз тилине которгондо “жаңы күн” дегенди туюнтат. Иран жана түрк элдеринин календары боюнча 21-март астрономиялык жаңы жыл. Нооруз ислам салттарына түздөн түз тиешеси жок, ал көптөгөн элдердин улуттук салттуу майрамы катары эсетелет, аны Азербайжанда, Кыргызстанда, Казахстанда, Өзбекстанда, Тажикистанда жана башка өлкөлөрдө белгилешет. Ноорузду үч миң жыл мурун эле майрамдашкан.

Чыгыш календары боюнча 20-22-мартта күн менен түн теңелет. Бул күндү чыгыштын жана Борбордук Азиянын дыйкандарынын майрамы катары белгилешет. Майрам өзү Ирандан келип чыккан. Кыргызстанда дагы бул күн майрамдалат – майрамдык белектер даярдалып, анда Кыргызстанда жашаган ар бир этностун көркөм баалуулуктары чагылдырылат. Ноорузда кыргыздар, өзбектер тажиктер чоң казан алдына от жагып, өнгөн буудайдан азык жасашат. Майрамдык дасторконго улуттук тамак-аштарды коюшат.

Майрамдык маанайды чагылдырган композицияларды түзүүдө өлкөбүздүн полимаданий коомунун жарандарынын биримдигин көңүлгө алуу керек. Биздин өлкөдө 80ден ашык түрдүү этностун өкүлү жашап келет. Ар бир элдин маданий өзгөчөлүктөрүн: маданиятын, оймо-чиймелерин, кийимдерин эске алуу да маанилүү. Живопись, фантазия жана чыгармачыл ой жүгүртүү аркылуу окуучулар өз кыялдарын өөрчүтүшөт. Ойду кагазга түшүрүү – бул чоң эмгекти талап кылат. Чыгармачыл ой жүгүртүү адамдын аң-сезиминин мүмкүнчүлүгүнө ылайык өнүгөт. Сүрөт тартууда бул озгөчө мааниге ээ.

## 2-сабак. КОМПОЗИЦИЯ: МАЙРАМДЫК МААНАЙ

(живопись, фантазия жана чыгармачыл ой жүгүртүү)

### САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Киришүү бөлүгү

1. Уюштуруу. Окуучулардын сабакка даярдыгын текшерүү. Окуучуларды эки топко бөлүү.

2. Өткөн теманы кайталоо. Сабактын башталышында эки топ ар бир өткөн тема боюнча суроолорду даярдашат, бири-бирине суроолорду беришет, талкуулашат.

Тактага аткарылган иштин кыскача сүрөттөлүшүн илишет, чогуу талкуулашат жана баалашат.

3. Билимди баалоо: индивидуалдуу жана топ менен.

*Негизги бөлүк*

1. «Нооруз – жаңы жаздын майрамы».

2. Майрамдык маанайды чагылдыруучу композиция.

3. Живопись, фантазия жана чыгармачыл ой жүгүртүү.

4. Практикалык иш.

*1-ИШ. Практикалык иш*

*Окуучу сабактын максатына ылайык тапшырманы түшүндүрөт.*

Ар бир окуучу мугалимдин маалыматынан эс тутуму боюнча Нооруз жөнүндө ой жүгүртөт жана аны кагазга чагылдырып түшүрөт. Мында окуучулар кайсы бир окуяны майрамдоону, улуттук буюмдарды, кийимдерди, архитектураны жана образдарды көрсөтө алышат. Адамдардын, жаныбарлардын образдары, ошондой эле декоративдик чыгармачылык эрежелерге шайкеш келүүсү керек.

Мурдагы сабактарда окуучулар сүрөт тартуунун түрүнө жана жанрларына үйрөнүшкөн, тиешелүү маалымат алышкан. Алынган жөндөмдөрдүн жардамы менен композиция түзүлөт.

Биринчи сабакта аткарылган графикалык композиция экинчи сабакта боёктор менен толукталат жана жыйынтык чыгарылат. Бул тема жыйынтык иш болуп саналат, ал окуучулар чейрек ичинде алган билимдерин бышыктайт.

**Рефлексия**

*Сабактын темасын бышыктоо үчүн суроолорду талкуулагыла:*

- Көркөм чеберчиликтин түрлөрүнүн бирин атагыла.
- 21-мартта белгиленүүчү майрам кандай аталат?
- Боёктор менен иштөө кандай аталат?
- Сүрөт тартуудагы эң маанилүү эреже кайсы?

Билимдерди баалоо: жекече жана топто.

**Үй тапшырмасы:** Нооруз майрамын пейзаж жанрында тартуу.

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ



https://img.labirint.ru/images/comments_pic/1748/7_91059a8c643b9e198aff7d16db743bc0_1512016794.jpg

*Н. Б. Алибаева, А. Б. Батыркулова*

# 1 Чыngыз Айтматов «Бугу-эне» жомогу

*Класс: 5*

| № | Негизги компетенттүүлүктөр | № | Предметтик компетенттүүлүктөр |
|---|---|---|---|
| 1 | Маалыматтык НК1 | 1 | Окурмандык ПК1 |
| 2 | Социалдык-коммуникативдик НК2 | 2 | Эмоционалдык баалуулук ПК2 |
| 3 | Өз-өзү таануу жана көйгөй-лөрдү чече билүүчүлүк НК3 | 3 | Адабий чыгармачылык ПК3 |

*Сабактын максаттары:*

| Максаттар:<br>Окуучулар… | Көрсөткүчтөр (индикатор) |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк:** Чыгарманын мазмунун түшүнөт, каармандарга мүнөздөмө бере алат | Эгерде окуучулар:<br>• Чыгарманын мазмунун түшүнсө;<br>• каармандарга мүнөздөмө бере алса;<br>• жакшылыкка жакшылык гана кылуу керек экендигин түшүнсө; |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** өз оюн эркин, далилдүү айта билүүгө машыгат; сынчыл ой жүгүртө алат; алган билимин чыгармачылык менен практикада колдоно алат | • чыгарманы талдай алса;<br>• өз оюн далилдүү айта алса;<br>• текст менен иштөөдө чыгармадан Бугу эненин адамга кылган жакшылыгы, тескерисинче, адам баласынын ага кылган кыянаттыгы тууралуу таап, көркөм окуп бере алса |
| **Тарбия берүүчүлүк:** Бири-бирин уга бил-генге, сыйлоого, жак-шылык кылууга, табий-гатка, жаныбарларга аяр мамиле жасоого, Кыргыз жараны катары улуттук баалуулуктар-дын көп түрдүүлүгүн сыйлоого үйрөнөт | • Топто иштеген тапшырманы мазмуну боюнча иреттеп кое алса;<br>• топто бири-бирин сыйлап, уга билип, сылык мамиледе болушса, убакытка туура мамиле жасашса;<br>• ар дайым жакшы иштерди жасоого умтулуу керектиги тууралуу ой бөлүшө алса;<br>• улуттук баалуулуктардын көп түрдүүлүгүн баалоо, сыйлоо боюнча көз карашын билдире алса;<br>• улуттук баалуулуктарды сактоо, кам көрүү менен кийинки муунга өткөрүп берүүнүн маанисин түшүнүшсө |

**Сабактын тиби:** Аралаш.

**Сабактын формасы:** Топто иштөө.

**Колдонулган ыкма:** Тыным жасап окуу, топто иштөө, чаташкан логикалык чынжырлар, «Галерея тур».

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, сүрөттөр, карточкалар, слайддар.

Сабактын жүрүшү (Мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт).

Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын билимдерин текшерет, бышыктайт.

Жаңы теманы түшүндүрүүгө өтөт.

Сабакта жаңы өтүлүүчү чыгарманын аталышы «Бугу эне», Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинен.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

| Мугалимдин иш-аракети<br>Сабактын этаптары | Окуучунун иш-аракети |
|---|---|
| **Уюштуруу/Мотивация**<br>Саламатсыңарбы, балдар! Бири-бирибизди карап, ар кандай жест, мимика менен белек тартуулап, учурашып коелу. Бири бирибизге гүл, китеп ж.б. нерселерди тартууладык окшойт. Маанайыңар ар дайым жакшы болсун. Анда эмесе, сабагыбызды баштайлы.<br>• Балдар, сүрөттөн эмнени көрүп турасыңар?<br>• Бугу, кыз, бала, жез кемпир | **Жагымдуу маанай**<br>Окуучулар жанында окуучуга бурулуп, мимика, жест менен белек тартуулайт. |
| **Окуучулардын билимин актуалдаштыруу**<br>Бугулар жөнүндө эмнени билесиңер? Бугулар Кызыл китепке киргенби? Кызыл китеп дегенди кандай түшүнөсүңөр? Кызыл китепке кирген кандай жаныбарларды билесиңер? Бугу, кыз, бала, жез кемпир катышкан жомокторду, мультфильмдерди билесиңерби? Орус, өзбек ж.б. элдердин жомокторунан, кинофильмдеринен, мультфильмдеринен кездештиргениңер барбы?<br>Анда эмесе, балдар, бүгүн Ч.Айтматовдун “Бугу Эне” жомогун окуйбуз. Ч.Айтматовдун дагы кандай чыгармаларын билесиңер? | Суроолор боюнча окуучулар ойлорун айтышат. |
| **Сабактын темасы, максаты, индикаторлору**<br>Эми бүгүн сабакта бугу-эне, анын адамга кылган жакшылыгы, ошондой эле, тескерисинче, адам баласынын бугу тукумуна кылган кыянатчылыгы тууралуу жомокту окуйбуз. Сабактын максаты, көрсөткүчтөрүн көрсөтүп, кыскача түшүндүрүп өтөт | Сабактын темасын, максаттарын угушат |

| | |
|---|---|
| **Жаңы материалды түшүндүрүү**<br>Балдар, биз жомокту бир нече бөлүктөргө бөлүп, улам тыным жасап, суроолорду берүү менен окуп отурабыз. Ошондуктан, жакшылап, көңүл коюп угалы. Ар бир бөлүктү тыным менен окуган соң, мугалим тарабынан суроолор берилип турат.<br>**1-бөлүккө суроо:**<br>1. Энесай өзөнү каякта жайгашкан?<br>2. Энесайдын боюнда жашаган уруулардын өз ара мамилеси кандай болуптур? Ага кандай баа берет элеңер?<br>3. Тайга чер токоюнда пайда болгон сыйкырдуу куш: «Алаамат болор! Алаамат болор!» деп адамча сүйлөп сайраганы эмне себептен деп ойлойсуңар?<br>**2-бөлүккө суроо:**<br>1. Күлчө баатырдын сөөгүн жерге берерде эл кандай ата-салтын карманышты? Ирети менен айтып бергиле.<br>2. Эмне үчүн Энесай тууралуу ыр ырдалчу экен?<br>**3-бөлүккө суроо:**<br>1. Энесайлык кырк урууда ата-бабадан келаткан кандай салт бузулду? Салт-наркты бузуу туурабы?<br>2. Эмне үчүн кыргыз эли душмандын колунан кырылып калды?<br>**4 - бөлүккө суроо:**<br>1. Бала менен кыз кантип аман калышты?<br>2. Аларды көргөн душмандын ханы эмне үчүн жинденди? Эч кимге зыян-залалы жок бала менен кызды жок кылуу үчүн кимге, кандай буйрук берди?<br>**5 - бөлүккө суроо:**<br>1. Бугу эненин балдарды өлүмдөн сактап калышы силерге кандай таасир калтырды? Бугу энени сыпаттап айтып көргүлөчү.<br>2. Майрык-Чаар-Жезкемпир минтет: «Жылдыздар адам болсо, көккө батмак эмес. Балыктар адам болсо, сууга батмак эмес». Бул сөздү ал эмне себептен айтып жатат? Же чын эле ошондойбу?<br>**6- бөлүккө суроо:**<br>1. Кыргыздын балдарын Бугу эне кандай кыйынчылыктар менен касиеттүү Ысык-Көлгө алып келди?<br>2. Бугу эне асырап алган балдарына кандай жакшы тилектерди айтты?<br>**7- бөлүккө суроо:**<br>1. Жаш ата-эненин тун наристесине Бугу эне кандай бешик алып келип берди?<br>2. Бугу уруусунун эли Мүйүздүү Бугу эненин урматына анын атын-салтын кантип ыйык тутуп келишет? | 5 топко бөлүнүп отурушат. Берилген тапшырмалары боюнча себеп, фактыларды таап, жыйынтык чыгарышат. |

| | |
|---|---|
| **8- бөлүккө суроо:**<br>1. Кыргыз уруусун тукум курут болуудан сактап калып, куттуу мекен таап берип, балдарына жылаажындуу бешик тартуулаган Бугу энеге ошол бешиктен чоңойгондор кандайча кол салды? Себеби эмнеде деп ойлойсуңар?<br>2. Жакшылыкка жамандык кылуу туурабы? Бул мансап, даңк, байлыктын күчүнө эсирип кетүү эмеспи? Же бул салтпы? Бул өз энесине кол салуу менен барабар эмеспи? Оюңарды ортого салгыла.<br>**9- бөлүккө суроо:**<br>1. Бугу эне эмне үчүн адамдарга нааразы болду?<br>2.Мээримдүү Бугу эненин балбылдаган көзүнөн жаш төгүлүп, арамдыкты каргап, адалдыкты зарлап кеткени силерге кандай таасир калтырды? Адалдык жана арамдык дегенди кандай түшүндүңөр? Жомоктун мисалында оюңарды айтып бергиле.<br>3. «Жакшылап ойлондуңбу, Бугу эне? Булар деген адам баласы. Чоңоюп алып, өзүңдүн бугуларыңа ок атат, ошону ойлондуңбу?» - деп айткан Майрык-Чаар-Жезкемпирге Бугу эне кандай жооп берген эле? Анын ишеничи акталдыбы? Оюңарды билдиргиле | |
| **Бышыктоо**<br>Анда эмесе, 1, 2, 3, 4, 5 деп санап топторго бөлүнөбүз. 5 топко тогуз баракка жазылган тогузга бөлүнгөн жомоктун окуяларын **ар бир топко таркатат. Бул окуяларды ирети менен жайгаштырып, катар номерлерин коюу тапшырмасы берилет.**<br>Анда эмесе, балдар, ар бир топтун ишин көрөлү, угалы. Ар бир презентатор 1-топтуку 2 –чиге, 2-3, 3-4, 4-5, 5-1 дикине жылып, презентациялап, кандай аткарылгандыгын баалагаңар болот. Б.а. “Галерея тур” ыкмасы менен топтордун иши презентацияланат.<br>1. Кыргыз журту Энесай деген өзөндү жайлап жашап турган заман тууралуу баяндалат.<br>2. Кыргыздын эл атасы, журт эгеси, кол башчысы Күлчө баатырдын каза табышы, элдин аза күтүп, баатырдын сөөгүн жерге берүүгө камынышы баяндалат.<br>3. Улуу салтты бузуп, наркснсыз жоонун аза күткөн кыргыз элине кол салышы баяндалат.<br>4. Ойноо бала менен секелек кыздын душмандардын артынан барышы, хандын жинденип Майрык-Чаар-Жезкемпирге балдарды жок кылууга буйрук кылышы баяндалат.<br>5. Майрык-Чаар-Жезкемпирден адамча кубулуп сүйлөгөн Бугу эненин балдарды арачалап, өмүрүн сактап калышы айтылат. | 5 топ берилген окуяларды ирети менен жайгаштырып, ар бир презентатор өзүнөн кийинки топтун презентациясын. презентациялап беришет. |

| | |
|---|---|
| 6. Мээримдүү Бугу эненин балдарды Ысык-Көлгө аман-эсен алып келиши.<br>7. Бала менен кыздын бой жетип үйлөнүп, балалуу болушу, Бугу эненин аларга туткасында күмүш жылаажын шыңгыраган бешик алып келиши баяндалат.<br>8. Адам баласынын байлык-мансабына, атак-даңкына эсирип, Бугу эненин тукумуна кол салат.<br>9. Бугу-маралдардын тукумунун кырылышы, Бугу эненин адамдардын арамдыгына наразы болушу жана Ысык-Көл менен коштошуп, тирүү калган тукумдары менен кулак укпас, көз көрбөс алыс жерлерге кетип калышы баяндалат | |
| **Сабакты жыйынтыктоо жана баалоо**<br>Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:<br>– эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын (9 шарт көрсөтүлгөн) 8-9- шартына бала жетише алса, анда «5» деген баа коюлат;<br>– көрсөткүчтөгү шарттардын 6-7 шарты гана аткарылса «4»;<br>– көрсөткүчтөгү шарттар жарым-жартылай аткарылса «3» | Көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат. |
| **Кайтарым байланыш**<br>Мугалим сүйлөмдүн башын флипчартка же доскага жазат, катышуучулар анын аягын өз ойлоруна таянып, бүтүрүшү керек:<br>*Мурун мен ... деп ойлочумун;*<br>*Эми мен бул ... экенин билем;*<br>*Мен ... каалайм.*<br>Өздөрүнүн бүтүргөн сүйлөмдөрүн окууну суранат жана жалпы жыйынтык чыгарат | Окуучулар сүйлөмдүн аягын бүтүрүп, окуп беришет, жалпы жыйынтык чыгарышат. |
| **Жыйынтыктоо**<br>Биз бүгүнкү сабакта чыгарманын сабагы - ата-бабаңарды ким, кандайча сактап калганын, жаратылыш адамдарды сактаган, эми адамдар жаратылышты сактагыла деген ойду айткандыгында. Ошондуктан бул чыгарманын максаты - адам абийири, адеп-ахлак темасын көрсөтүү болуп саналат. Ар бир Кыргыз жараны мекенибиздин өнүгүшүнө салым кошуу милдетибизди унутпоо. Каада-салтыбыз, тилибиз сыяктуу баалуулуктарыбыз менен биргеликте Кыргыз жарандарынын тилине, каада-салтына жана башка баалуулуктарына сый мамиле жасоо, ынтымактуу жашоо, адеп-ахлактуу болуу. | Сабакка жалпы кайтарым байланышты угуу менен, үйгө тапшырма алышат |

| | |
|---|---|
| Кыргызстан – кыргыз элинин тарыхый Мекени болуп саналат. Ал эми ар кандай шарттарда Кыргызстандын аймагында жашап калган башка улуттун өкүлдөрү үчүн киндик кан тамган Мекени болуп саналат. Кыргызстандыктар тилинин, дининин жана улутунун башка экендигине карабастан 80ден ашуун улут Ата Мекени катары Кыргыз Республикасын эсептешет. Демек, Кыргызстанда жашаган кыргызстандыктар – биз бир Мекенди байырлаган, бир мамлекеттин жарандарыбыз. | |
| **Үйгө тапшырма:**<br>1. Кыргыздардын уруу, урук, этнос деген түшүнүктөрү тууралуу билип келгиле жана Бугу уруусунун тарыхы ж.б. улуттардын, этностордун жаралышы боюнча санжыраларды окуп келгиле.<br>2. «Мүйүздүү Бугу эне» деген темада эссе жазгыла.<br>**Чыгыш акылманы:**<br>“Билим алуу - эр жүрөктүүлүк, билимди тереңдетип алуу –акылмандуулук, аны туура колдонуу искусствонун жеткен чеги” деп айтмакчы, чыгармадан алган таасириңерди, сезимиңерди, эмоцияңарды, ой толгооңорду эссе аркылуу мыкты чагылдырып берет деген ишеничтемин. “Билим кай жерде болсо, бийиктик ошол жерде” демекчи, билимиңер менен бийиктиктерди багындыра беришиңерге тилектешмин. Сабагыбыз ушуну менен аяктады. Сак-саламатта болгула | |

*Н.Б. Алибаева, А.Б. Батыркулова*

# 2 Жоомарт Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы

*6 класс*

**Сабактын максаттары:**

| Максаттар: Окуучулар… | Көрсөткүчтөр (индикатор) |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар «Чептен эрдин күчү бек» поэмасынын мазмунун түшүнөт. | **Эгерде окуучулар:**<br>• Баланын эрдиги, эненин мүнөзүндөгү балага жана Мекенге болгон мамилесин, карыянын акылман бүтүмүн айтып бере алышса<br>• Каармандарга мүнөздөмө бере алса<br>• Суроолорго жооп бере алыщса |

| | |
|---|---|
| **Өнүктүрүүчүлүк:** өз оюн эркин, далилдүү айта билүүгө машыгат; сынчыл ой жүгүртө алат; | • Чыгарманы талдай алса;<br>• Өз оюн далилдүү айта алса;<br>• Текст менен иштөөдө суроолорго чыгармадан таап далилдүү жооп бере алышса:<br>• Чыгарма боюнча өз ойлорун, көз караштарын билдире алышса |
| Тарбия берүүчүлүк: Поэманын темасынын чечмелениши, андагы идея аркылуу Ата Журттун бейпилдиги үчүн ар бир жаран кам көрүүсү керектиги жөнүндө түшүнүк алышат.<br>Кыргыз жараны катары өлкөбүздөгү этностордун улуттук баалуулуктардын көп түрдүүлүгүн сыйлоого, ынтымактуулукка, эр жүрөктүүлүккө үйрөнөт | Топто бири-бирин сыйлап, уга билип, сылык мамиледе болушса, убакытка туура мамиле жасашса;<br>Мекенди коргоо ар бир кыргыз жаранынын милдети экендигин билишсе;<br>Улуттук баалуулуктардын көп түрдүүлүгүн баалоо, сыйлоо боюнча көз карашын билдире алса;<br>Улуттук баалуулуктарды сактоо, кам көрүү менен кийинки муунга өткөрүп берүүнүн маанисин түшүнүшсө |

**Сабактын тиби:** Аралаш.

**Колдонулган ыкма:** 5 мүнөттүк эссе, зиг-заг, аңгемелешүү, окуу, текст менен иштөө, топтордо иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, Ж.Бөкөнбаевдин портрети илинет, Таш-Рабаттын, Кокон хандыгынын коргондорунун сүрөттөрү, тарыхый китептер.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

| Сабактын этаптары | Окуучунун иш-аракети |
|---|---|
| **Уюштуруу/ Мотивация**<br><br>*Саламатсыңарбы, балдар!*<br>• Сүрөттөгү адам ким?<br>• Кандай адам деп ойлойсуңар?<br>Бул адам кыргыздын көрүнүктүү акыны – Жоомарт Бөкөнбаев.<br>Мугалим акын жөнүндө кыскача маалымат берет | Окуучулар ордунан туруп саламдашышат.<br><br>Бул адам акын, жазуучу болуш керек. Мен бул адамды акылдуу, ыймандуу, ойчул адам деп ойлойм. Анткени…. |

| | |
|---|---|
| **Окуучулардын билимин актуалдаштыруу**<br>Чеп, он үч жашар бала, эне, акылман карыя, душмандар деген түшүнүктөр катышкан кандай чыгармаларды билесиңер? Эстеп көргүлөчү. (Окуучулар чыгармаларды аташат. Ар бир ой баалуу деген эреженин алкагында жооптун баары кабыл алынат).<br><br>Балдар,<br>• Чеп дегенди кандай түшүнөсүңөр?<br>• Улуу Кытай дубалы тууралуу эмнелерди айта аласыңар? Кандай чептерди билесиңер?<br>• Чепти эмне үчүн курушат деп ойлойсуңар?<br>• Чеп күчтүүбү же адам күчтүүбү?<br>Рахмат, жообуңарга. Бүгүн биздин өтө турган сабагыбыздан суроолорго толук жооп алабыз деп ойлойм | Окуучулар суроого жооп беришет. “Чеп, он үч жашар бала, эне, акылман карыя, душмандар” деген түшүнүктөрдү катыштырып 5 мүнөттүк эссе жазышат. Суроолорго жооп беришет, өз көз караштарын, ойлорун айтышат. |
| **Сабактын темасы, максаты, индикаторлору**<br>Биздин бүгүнкү өтө турган темабыз балдар, жогоруда айтып өткөн көрүнүктүү акыныбыз Ж.Бөкөнбаевдин “Чептен эрдин күчү бек” поэмасы болмокчу. Сабактын максаты, көрсөткүчтөрүн айтып, кыскача түшүндүрүп өтөт. Бүгүнкү сабагыбыздын көрсөткүчтөрүнө жетишкен болсок, сабак максатына жетти деп эсептейбиз. Көрсөткүчтөр аркылуу бүгүнкү билимибиз бааланат | Сабактын темасын, максаттарын угушат |
| **Жаңы материалды түшүндүрүү**<br>Анда эмесе, балдар, 1, 2, 3 деп санап, топторго бөлүнөбүз. Бул 1, 2, 3 - кооперативдик топ деп аталат. Андан кийин 1лер өзүнчө, 2лер өзүнчө, 3төр өзүнчө топ болуп отурабыз.<br>Ар бир топко чыгармадан үзүндүлөр берилет:<br>**1-топко** чыгарманын башталышы;<br>**2-топко** анын уландысы;<br>**3-топко** чыгарманын аягы берилет.<br>Белгиленген убакыттын ичинде окуп чыгып (5 мүнөт), топто талкуулап, убакыт бүтөр менен өзүбүздүн кооперативдик топко барабыз.<br>Ар бир топтогу окуучулар эми өздөрүнүн кооперативдик тобуна чогулушат да, биринчилер чыгарманын башталышын, экинчилер аны улантат, үчүнчүлөр чыгарманын аякталышын айтып, ар бир кооперативдик топ чыгарма менен толук таанышат.<br>Мугалим фасилитатордук милдетти аткарат.<br>• Ар бир топтогу окуучунун сүйлөп жатканын байкайт.<br>• Суроолору болсо жооп берет.<br>**Ар бир топко берилген чыгарманын бөлүктөрү тиркемеде берилди.** | 1, 2, 3 деп санап, топторго бөлүнүшөт. Ар бир 1, 2, 3төр кооперативдик топ болуп саналат. Кооперативдик топтор кайра 1лер өзүнчө, 2лер өзүнчө, 3төр өзүнчө болуп топторго ажырайт, булар эксперттер болушат, булардын милдети берилген тексттерди окуп, белгиленген убактысы аяктагандан кийин өзүнүн кооперативдик тобуна келип, окуп, түшүнүп келген тексттерин айтып беришет. Чыгарма 3 кө бөлүнүп берилген. 1лерге чыгарманын башталышы, 2лерге анын уландысы, 3төргө чыгарманын аягы берилет |

| | |
|---|---|
| **Бышыктоо**<br>*Кана эмесе, балдар, силер чыгарманы канчалык деңгээлде түшүнө алганыңарды бышыктоо максатында суроолорго жооп берип көрөлү.*<br>1. Эне менен баланын кайраты өзгөчө кайсы учурларда күчтүү берилген? Ошол саптарды таап, көрктүү окугула.<br>2. Карыя эмне максат менен «тирүүлөй бири кишини көмгүлө…» деп айтты экен? Силер кандай ойлойсуңар?<br>3. «…Киришсе, ким да болсо чеп тургузат, Чеп – ылай, каптап кирсе душман бузат.<br>Балдарың баары ушундай өсүп турса,<br>Багынтып бул жүрөктү ким коркутат?!.» - деп акылман карыя айтты.<br>• Мунун маанисин кандай түшүндүңөр? Чечмелеп айтып бергиле. | 3 топ суроолорго жооп беришет |
| 4. Чындыгында, эр жигит күчтүүбү, же чеп күчтүүбү? Оюңарды далилдүү айтып бергиле. Сабагыбыздын башталышында да ушул суроо берилген эле айрымдарыбыз чеп күчтүү деп ойлогонбуз.<br>• Бул оюбуз өзгөрдүбү?<br>• Өзгөрсө эмне себептен?<br>5. Эмне үчүн акылмандыкты эл карыяларга ыйгарышкан? Анын сырын кандайча түшүнөсүңөр?<br>6. Бул чыгарманы окугандан соң, кандай таасир алдыңар?<br>Силер Кыргыз жараны катары өз эли-жериңерге кандай кызмат өтөгүңөр келет?<br>7. Кыргыз жараны дегенди кандай түшүнөсүңөр? | |
| **Сабакты жыйынтыктоо жана баалоо:**<br>Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:<br>– эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын (10 шарт көрсөтүлгөн) 9-10- шартына бала жетише алса, анда «5» деген баа коюлат;<br>– көрсөткүчтөгү шарттардын 7-8 шарты гана аткарылса «4»;<br>– көрсөткүчтөгү шарттар жарым-жартылай аткарылса «3» | Көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат |
| **Кайтарым байланыш:**<br>1. Бул сабактан кандай жаңы маалымат ала алдыңар?<br>2. Кайсы маалымат силер үчүн маанилүү болду?<br>3. Кыргыз жараны дегенди кандай түшүнөбүз? Кыргыз жараны кандай болуш керек? | Окуучулар суроолорго жооп беришип, жалпы жыйынтык чыгарышат |

| | |
|---|---|
| **Жыйынтыктоо:**<br>Биз бүгүнкү сабакта ар бир Кыргыз жараны мекенибиздин өнүгүшүнө салым кошуу милдетибизди унутпоо. “Эр жигит эл четинде, жоо бетинде”, эр жүрөктүүлүк, Мекенди сүйүү, эрдик сабагыбыздын идеясы. Кыргыз жараны - бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны.<br>**«Кыргыз жараны»** – «Кыргыз Республикасы» деген аталыштан келип чыгып, өзүнүн этномаданий таандыктыгын сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейлик түшүнүгү. | Сабакка жалпы кайтарым байланышты угуу менен, үйгө тапшырма алышат |
| Кыргызстан – кыргыз элинин тарыхый Мекени болуп саналат. Ал эми ар кандай шарттарда Кыргызстандын аймагында жашап калган башка улуттун өкүлдөрү үчүн киндик кан тамган Мекени болуп саналат. Кыргызстандыктар тилинин, дининин жана улутунун башка экендигине карабастан 80 улут Ата Мекени катары Кыргыз Республикасын эсептешет.<br>Демек, Кыргызстанда жашаган кыргызстандыктар – биз бир Мекенди байырлаган, бир мамлекеттин жарандарыбыз.<br>**Үйгө тапшырма:**<br>«Мен келечекте элиме кандай кызмат кылам?» деген темада эссе жазып келгиле.<br>*Сабагыбыз ушуну менен аяктады. Сак-саламатта болгула* | |

## ТИРКЕМЕ

*1-бөлүм*

Байыркы бир заманда эл бар экен,
Өзүнчө эркин ээн жашап турган.
Багында булбул сайрап гүл жадырап,
Башкача сонун жерди мекен кылган.

Ар жылы күчтүү жоолор каптап кирип,
Талоонго салат экен мүлкүн, малын.
Ойрондоп эчен кымбат ордолорду,
Олжолоп алып кетип сулууларын.

Кордугу душмандардын жанга батып,
Бир күнү кеңешүүгө эл чогулду.
Бардык күч, бардык мүлкүн сарп кылып,
Жоо өткүс бекем чепти курмак болду.

Айлантып кең өлкөсүн дубал куруп,
Кириштити эмгегине күн өткөрбөй.
Көтөрүп пайдубалын келген кезде,
Кайрадан кулап түштү жар көчкөндөй.

Калың журт кайгыланды, кансырады…
Катарлап көтөрө албай падубалды.
«Себебин бул укмуштун ким табат?» – деп,
Ырчылар жар чакырды, күүгө салды.

Бири айтты: «Асыл таштан койгун» – деди,
Бири айтты: «Ак боз бээни сойгун» – деди.
Асыл таш, алтын менен койсо дагы,
Токтобой дубал көчүп кулай берди…

Тартышты капаланып калк убара.
Ойлонуп таба албады көп улама.
«Мен чечем бул түйүндү» – деп сүйлөдү
Жылаң баш, ак сакалдуу бир карыя.

*2-бөлүм*

Карыя токсон жашка келген экен,
Кыдырып бүт дүйнөнү көргөн экен.
Акылы алмаз менен болоттон курч,
Алыскы бир ажайып жерден экен.

Качанкы чечилбеген сырды угууга,
Калайык жабылыша кулак түрдү.
Сакалын оң кол менен сылап алып,
Салмактуу коргошундай сөзгө кирди.

– Калп болбойт карыянын айткан кеби,
Калайык, акылыма көнсөң, – деди.
– Түк көчпөйт бул дубалың кылым бою
Тирүүлөй бир кишини көмсөн деди.

Башка сөз айткан жок басып кетти,
Карыя кайырлашып колун булгап.
– Кандай? – деп эки жолу сурабастан
Баштарын жерге салды эл тунжурап…

«Кайсы эр бул кызматка чыгар экен,
Бул дубал эр канына кумар экен», -
Деп ырдап бир топ ырчы элди айланып,
Күн бою жар чакырды эчен-эчен.

Бирөө да «мен чыгам» деп сөз катпастан,
Мостоюп карап турду дудуктанып.
Обдулуп он үч жашар бир жетимче
Сүйлөдү жаман тонун чечип салып.

«Уктум да, шашкан бойдон келдим, – деди,
Мен даяр, тезден гана көмгүн, – деди.
Арманым бу дүйнөдө эч калбайт го,
Жарасам керегине элдин!» – деди.

*3-бөлүм*

Жаш бала пайдубалга барып турду,
Көпчүлүк күрөк менен чачты кумду.
Аңгыча алсыраган, жалбарыңкы
Боздогон муң, кайгылуу үн угулду.

Бир караан шашып чуркап келет экен,
Ал краан жаш баланын энеси экен.
Атадан жетим калган жалгыз уулун,
Алпештеп, айнегим деп эркелеткен.

«… Кулулунум, кучактайын, мындай келчи,
Кууратпа карыганда апакеңди…
Көмбөгүн… жалгызымды көмбөгүн» – деп,
Көзүнөн жаш куюлуп ыйлап келди.

«… Ыйлабай көз жашыңды тыйгын, эне!
Ырайым жетимиңе кылгын, эне!
Жаныңдан артык көргөн тууган элдин
Жалгызың жарап кетти керегине…

Уулуңдун убайын көрөм деп тиленип,
Ушундай ишке арнап бакпадыңбы.
«Эркетай, элиң үчүн курман бол!» - деп
Эч качан унутпайм айтканыңды».

Энеси элге карап сөз баштады.
Маанисин байкап туруп айткан кептин.
«Ата Журт кызматына жанды берип,
Айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң!..»

Жалбарды жалгызына, беттен өптү,
Аарчыды жашка толгон эки көздү.
Колуна күрөк алып кайрат менен,
Көмүүгө баласына кумду септи.

«Энеке, бул кылганың адамчылык
Жүрөгүң ак, бермет таштан тунук.
Өтөбөй калайыктын бир кызматын
Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып…»

Коштошуп өбүшүштү эне-бала,
Кайраты бул экөөнүн ташкын дайра.
Кум толуп алкымына келген кезде,
Шып этип жетип келди да, карыя:
«Көмбөгүн, бул баланы ачкын, - деди.
Чеп курбай, үй-үйүңө кайткын, - деди.
Көтөрбө чеп, коргондун кереги жок,
Кордукка мындай балдар бербейт элди.

Киришсе ким болсо да чеп тургузат,
Чеп – ылай, каптап кирсе душман бузат.
Балдарың баары ушундай өсүп турса,
Багынтып бул жүрөктү ким коркутат?!

Черди жаз. Тепкин шапар. Кургын сайран.
«Чеп жок» – деп кайгы тартып, кам санаба.
Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек,
Турганда мындай эне, мындай бала!..»

*Н. Б. Алибаева, А. Б. Батыркулова*

# 3 “Курманжан датка” романы

*11 класс*

**Сабактын максаты**

1. Окуучулар Курманжан датканын кыраакылыгын, акылмандыгын, элинин тынчтыгын, Ата Журттун жыргалчылыгын көздөгөн даанышман аял экендигин, өзгөчө чечкиндүүлүгүн, адилеттүүлүгүн, үй-бүлөлүк баалуулуктарын, басып өткөн жолун, саясий ишмердүүлүгүн талдай билишет;
2. Эркин баарлашууга, сөз байлыгын, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, жекече, жупта, топтордо иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүшөт;
3. Мекенин сүйүүгө, намыскөйлүккө, боорукердикке, толеранттуулукка, үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактай билүүгө тарбияланышат.

**Сабактын тиби:**

**Сабактын формасы:** Стандарттык чыгармачылык сабак.

**Сабактын жабдылышы:** Курманжан датканын портрети, сүрөттөр, слайд-шоу, окуу китеби, буклеттер, доска, бор.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу.

**1. Теманы жаңылоо:**

Окуучулар үчүн суроо: Кыргызстандын тарыхында көрүнүктүү кыргыз аялдарынан кимдерди билесиңер?

**2. Жаңы теманы изилдөө**

Сабактын темасы боюнча мугалимдин маалыматы.

Мугалим Кыргызстандын тарыхындагы көрүнүктүү аял-Курманжан даткага арналган романдын автору Сооронбай Жусуев тууралуу маалымат берет.

**1-тапшырма.** “Курманжан” кластерин түзгүлө, жупта талкуулагыла.




*Жалпы талкуулашат:*

– Курманжан датканын инсандык сапаттарын атап өткүлө.

– Датканын чечкиндүүлүгү жөнүндө айтып бергиле.

– Курманжан “датка” деген наамды кантип алып калды?

**1-тапшырманы жыйынтыктоо:**

- Курманжан датканын инсандык сапаттары-адилеттүү, акылдуу, көрөгөч, намыстуу, кайраттуу, кадырлуу, толеранттуу, мээримдүү, чечкиндүү.
- Чечкиндүүлүк-бул кандайдыр бир маселени, абалды туура багытта, анализдеп, өз оюна ынанып, чечим чыгаруу.

- Курманжандын чечкиндүүлүгү өз турмушун өзү чечип, кудалап койгон жолдошун тандабай, жүрөгү тандаган инсанга турмушка чыккандыгында байкалат.

**2-тапшырма:**

“Качып келдим, качып келдим энеке,
Канча дабан ашып келдим, энеке.
Шойкоң кызың чанып күйөө баланды,
Шордун баарын тартып келдим, энеке.
Сен бар дедиң, бардым сени кыя албай,
Кайгы жутуп, жашып келдим, энеке”– дейт.
Бул үзүндүнү талкуулашат.

*Суроо:*

Бул жерде ата-энесинин сөзүн кыя албай, өзү каалабаган куйөөгө бараткандыгы айтылат.

– Эмне үчүн макул болду деп ойлойсуңар?

– Бул фразада тарбия эмне жөнүндө айтылат?

*Жооп:* Ата-энеге болгон урмат-сый, аларды уга билүү. Бул кыргыз үй-бүлөсүнүн салтындагы тарбиялуулук деп эсептелинет. Балдар, эске сала кетсек КРдин Конституциясынын беренесинде улууларга урмат көрсөтүү, кыргыздын үрп-адатында бар экендиги бышыктап жазылган.

– Романда Курманжан ата-энесинин кабыл алган чечимине макул болгондугу кайсы жеринде айтылат? Же үзүндүдөн цитата келтиргиле.

– Кызын күйөөгө узаткандан кийин кайтып ата-энесинин үйүнө келип алса элдерде кандай пикир болгон?

– Азыркы учурда кызын зордоп күйөөгө узатуу же болбосо ала качуу боюнча окуяларды уктуңар беле?

– Кыз ала качуу кылмыш деп эсептелинеби?

– Курманжан туура кадам жасады деп ойлойсуңарбы? Ага апасы тараптан зордук-зомбулук көрсөтүлдүбү? (талкуулашат)

*Жооп:* Кызын зордоп берген үчүн энеси Айкан: “Ар күн сайын көзүм шишип ыйладым, Бир кыйнадым эми келбейт кыйнагым”– деп айтат.

Кызды кандай гана учур болбосун ата-энеси, бир туугандары (төркүнү) колдоо көрсөтүп келишкен. Үй-бүлөдө кызды ар дайым конок дешет. Мындай салт, адат ата-бабаларыбыздан бери, ушул күнгө чейин баркын жоготпой сакталып келет.

Демек Курманжандын энеси да кызынын чечимин колдоп, эми кыйнабаймын деп ага колдоо көрсөткөнү баяндалат.

**3-тапшырма:**

Күйөөсүн чанып келген кыздын тарыхын Алымбек даткага Курманжандын ага-

сы Аалы баяндап берет. Кыздын кайратына кызыккан датка атайын Анжияндан Ошко Маматбайдын үйүнө конокко келет.

Кокон хандыгынын атактуу баш вазири Алымбек датка Курманжанды көргөнү келгенде кыз ага бой салып, жагынууга аракет жасабайт.

Алымбек датка дароо сөз баштай албай, сүрдөп:

“Өйдө-ылдыйда, ысык-суукка тең чыдап,

Бербейсизби мага өмүрлүк жар болуп...

Издеп жүрөм бир түгөйгө зар болуп”– дейт Алымбек датка.

Курманжан Алымбектин бийлигине, байлыгына, кадыр-баркына бети менен түшпөйт. Ал эркиндикти, адамгерчиликти, ар-намысты жогору баалаганын, ички бугун билдирет:

> “Көңүл кошуп, кыш чилдеде муз окшоп,
> Жүргөн кезим мен тооруккан куш окшоп,
> Жүрөкзаада болуп түгөй жубайдан, деп айтуу менен,
> Менде да айтар шарт бар, талап бар, ал талапка даткам кантип чыдайсыз?”
> Эркиндикти аял да эңсейт эмеспи...
> Жалаң гана болбой сиздин жарыңыз,
> Болсом кантет, масилетчи, кеңешчи?
> Ысык отту, муздак сууну бир кечсек,..

Түйдөктөшкөн түйүндөрдү бир чечсек” – деген алысты көрө билген көрөгөчтүгү менен өз пикирин айтат.

– Мына ушул учурда Курманжандын баркы кандай айтылууда? (талкуулашат).

– Курманжан болочок жары менен кандай мамиле кургусу келет? (талкуулашат).

*Жооп:* Курманжан үй-бүлөдө өз ара түшүнүшүү, бири-бирин сыйлоо маанилүү экендигин айтат.

**4-тапшырма:**

Алымбек датка: ”Кадырыңыз жам болсун” деп макулдугун билдирет.

Ал экөө өмүр бою үй-бүлөлүк да, мамлекеттик да, коомдук иштерде да дайыма кеңешип, даткага Курманжан туура жол көрсөтүп да жүрөт.

Алымбек датка баш кесерлердин колунан каза табат. Алай эли Курманжандын башкаруусуна өтөт.

*Талкуулоо үчүн суроолор:*

– Алымбек датка аялына кандай мамиле жасаган? (сый мамиле, ишеним көрсөткөн, ишеним арткан).

– Эмне үчүн Алымбек датка жубайы менен үй-бүлөлүк гана эмес, саясий масе-

лелерди да чечкен? (даанышмандык)

– Курманжан үй-бүлөлүк, саясий чечимдерди кабыл алууда эмнесине таянган? (тажрыйбасына).

– Романдан балдарына апа, жолдошуна чыныгы жан шерик экендигин баяндаган цитата тапкыла.

**5-тапшырма** http://youtu.be/pXoYOCnbiPU шилтеме аркылуу "Курманжан датка" кино тасмасынан үзүндү коюлат. (топтордо иштешет).

**1-топ.** Кино тасмадан Курманжан датканын сапаттарын аныктагыла.

**2-топ.** Эне катары кандай сезимдер болот?

**3-топ.** Эл башкарган, журт башкарган улуу кыргыз аялдарынын ишмердүүлүгүн атагыла.

**4-топ.** Мамлекеттик чечимдердеги Курманжан датканын орду, ролу?

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

- Курманжандын "Эл башчы" болуп калыптанышына эмнелер таасир берген?
- Курманжан датка –эне, эл башчы деген сөздүн маанисин айтып бергиле.
- Жолдошу Алымбек датка менен бирге мамлекеттик көйгөйлөрдү талкуулоого катышып, чечимдерди кабыл алууда кандай роль ойногон?

**Жыйынтыктоо**

Романдын тарыхый өзөгүн Курманжан датка, Алымбек датка, Абдылдабек, Камчыбек, Мусулманкул, Алымкул аталыктар, Полотхан (Исхак), Кудаяр хан, Скобелев, Ионов, Кауфман, Куропаткин, генерал Черняев ж.б тарыхый инсандар ушул учурга илимий такталып, изилденип, илимий-тарыхый образдары жеткиликтүү ыр саптарында ар кимисинин өзүнө ылайык кебете-кешпир, өңтүс берип баяндап берген.

Курманжан каза болгон жолдошу Алымбек датканын жолун жолдоп, ишин улантып, Алай элин башкаруу жоопкерчилигин мойнуна алат. Бухара эмири Саид Музафар Ошто Курманжанга жолугуп, жалпы эл урмат көрсөтүп сыйлашаарын билип, "датка" деген наамды ыйгарат.

**Үй тапшырма**

"Курманжан датка-эне, эл башчысы" деген темада эссе жазуу.



## ДОЛБООРДУН КАТЫШУУЧУЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

1. Алишева Атыркуль Ракишевна, тарых илимдеринин кандидаты
2. Абдулкасимова Гульнара Махаматжановна, Ош шаарындагы № 4 мектеп-гимназиясынын мугалими
3. Азимова Матлюба Латыповна, педагогика психология социалдык-гуманитардык билим берүү кафедрасынын улук окутуучусу, КЖРИ
4. Акматов Дамирбек Абыласанович, КБАнын эстетикалык билим берүү лабораториясынын улук илимий кызматкери
5. Алибаева Нуржамал Базарбаевна, Ош шаарындагы № 4 мектеп-гимназиясынын мугалими
6. Батыркулова Айгүл Бекмурзаевна, педагогика илимдеринин кандидаты, КБАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы
7. Доталиев Асылбек Кобогонович, «Сапат» МББнын тарых кафедрасынын башчысы, КЖРИ
8. Дубанаев Зайналабидин Абдыбакиевич, Карасу районунун Бөкөнбаев атындагы №45 мектептин мугалими, АИУ лектору
9. Козубаева Бурул Увайдуллаевна, социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын улук илимий кызматкери, КБА
10. Марченко Лариса Юрьевна, Кыргыз-Россия славян университети, улук окутуучу, методист
11. Иманкулов Муратбек Калманович, педагогика илимдеринин кандидаты, КБАнын социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын башчысы
12. Исакулов Эркин Рустамович, БУУ АУЖКБ, басылып чыгышына жооптуу.

**Кыскартуулар:**

| | |
|---|---|
| **УЖЖ** | Улуу Жибек жолу |
| **КБА** | Кыргыз Билим берүү академиясы |
| **РИПК** | КР Билим берүү жана илим министрлигинин педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо Республикалык институту |
| **ЭБМ** | Эл аралык билим берүү мекемеси |
| **ОБИ** | Ош билим берүү институту |
| **БУУ АУЖКБ** | Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын Башкармалыгы |

Окуу басылмасы

**Алишева Атыркуль Ракишевна, Козубаева Бурул Увайдуллаевна**
**Азимова Матлюба Латыповна, Доталиев Асылбек Кобогонович ж.б.**

**МЕКТЕПТЕ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ ДЕП ЖАРАНДАРДЫН ӨЗҮН ТААНУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУ**

**Сабактар топтому**

Эки бөлүмдөн турат
II бөлүгү
5–11-класстар

«M-MAXIMA» ЖЧК тарабынан калыпка
салынган жана басылып чыгарылган
Бишкек ш., Тыныстанов көч.,197/1

Колдонмонун сайттагы электрондук нускасы: